**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

**КЫРГЫЗ БИЛИМ БЕРҮҮ АКАДЕМИЯСЫ**

# АДЕПТИК АҢ-СЕЗИМДҮҮЛҮККӨ ТАРБИЯЛООНУН ПЕДАГОГИКАЛЫК ЖАНА ПСИХОЛОГИЯЛЫК АСПЕКТИЛЕРИ

Мугалимдер үчүн методикалык колдонмо

**Бишкек 2015**

## I бөлүм Адептик аң-сезимдүүлүккө тарбиялоонун ыкмалары

### Адептик аң-сезим деген эмне?

Адеп дегенибиз − адамдын жүрүм-турум нормасын аныктоочу моралдык эреже жөнүндөгү этикалык түшүнүк. Сылыктык, сыпайыкерчилик, кичипейилдик, уяттуулук сыяктуу түшүнүктөр адептүүлүккө жакын. Алар адептүүлүккө кирип, бири-бирин толуктайт, бирок алар маанилеш эмес. Алардын ар биринин өзүнүн мааниси, өзгөчөлүктөрү бар. Адептүүлүк − маданияттуу жүрүш-туруштун тышкы көрүнүшү, ал коомдук жана жекече турмуштагы өз ара мамилени сактоого багытталат. Кыргызда улууну сыйлоо, кичүүнү ызаттоо жогору бааланат. Адептик тарбия деп − максатка ылайык аң-сезимдүүлүктү, адептик сезимди, (адептүү) жүрум-турум көндүмдөрүн калыптандырууну жана адептик ыкмаларды өнүктүрүүнү айтабыз. Адептүүлүккө тарбиялоо деп − коомдогу адамдардын моралдык аң-сезиминин максатка жараша калыптанышын, ызааттуулук жактан өсүшүн, жүрүм-турум менен көндүмдөрүнүн иштелип чыгышын, о.э. эзелтеден келе жаткан өз элинин үрп-адаттарын, адептин прогрессивдүү үлгүлөрүн сактоону, байытууну, башка улуттардын маданиятын үйрөнүүнү, салтын урматтоону, аларга сезгичтик менен мамиле кылууга тарбиялоону түшүнөбүз. Адептүүлүк түшүнүгү − гуманизм, достук, чынчылдык, адилеттүүлүк, коллективизм, альтруизм, ар ким өз жүрүм-турумун сын көз караш менен кароо, башкалардын кемчилигин адилет сындоо, патриотизм, интернационализм, эмгекти сүйүү ж.б. түшүнүктөрдү ичине камтыйт. Адептүүлүк − адамдын эрки менен рухий байлыктарынын шайкеш келиши, коомдук аң-сезимдин эң маанилүү формасы. Адам өмүр бою тарбияланып такшалат. Ошентсе да, тарбиянын башаты, аң-сезимдин калыптануусу, жүрүш-туруштун тигил же бул адептик эрежелерин үйрөнүүсү, негизинен балалык кезден башталат. Мезгил өткөн сайын адат өрчүй берет. Ар бир коомдун өзүнүн социалдык түзүлүшүнө жараша адептик эрежелери бар [31]. Совет доорунда марксистик-лениндик мораль жөнүндөгү окуу коммунисттик адептүүлүктүн идеялык негизи болуп эсептелген.

Адамдын дүйнөгө, коомго, адамга, эмгекке жана өзүнө жасаган мамилелерине карата анын адеби, мүнөзү аныкталат. Адептик сапаттарды калыптандырууда зарыл болгон мазмундуу планды адептик тарбиянын программасы деп аташат.

Адептик аң-сезим деп − адептик принциптердин адамдын аң-сезиминдеги чагылдырышын б.а. элдин бири-бирине, коомго, үй-бүлөгө ж.б. мамилени жөнгө салуучу жүрүм-турум нормаларынын аң-сезимде чагылдырылышын түшүнөбүз (Педагогическая энциклопедия М.1966). Адамдын аң-сезиминдеги нерсе түшүнүк, ой,

пикир формасында айтылат. Адептик аң-сезим жана адептик ынаным окуу-тарбия процессинде, ошондой эле жашоо процессинде адептик сезим, адептик адат, түшүнүк катары калыптанат. Адептик аң-сезим этика жана психология илимдеринде изилденет жана моралда каралат. Педагогдор аларды кенен пайдаланышат. Адептик аң-сезимдүүлүккө тарбиялоо интеллектти өнүктүрүүдөн жогору, бирок интеллектти өнүктүрүүдөн башталат [16]. Адептик аң-сезимдүүлүккө жетишүү үчүн инсандын өзү адептүү, аң-сезимдүү адам болууга умтулушу керек. Адептүү окуучу деп моралдык талаптарды, эрежелерди өзүнүн көз карашы, ынанымы катары сүйлөгөн, этикалык нормалар жөнүндө терең ойлонуп, түшүнүп, маани берген, ошого ылайык аракет кылган жүрүм- туруму бар баланы түшүнөбүз.

Адептүү жүрүм-турум деп турмушта, иште, адам менен мамиле түзүүдө адептүү аракет кылууну, ага көнүгүүнү, аны адатка айландырууну түшүнөбүз. Адептик сезим деп − эрктүүлүк, эмоция, бирөөнүн кайгысын, сүйүнүчүн бөлүшүү, туура эмес кылыгынан уялуу, өзүнөн чабал адамга кам көрүүнү каалоо ж.б. сезимдерди түшүнөбүз. Педагогика илими аң-сезимди тарбиялоонун так, өзгөрүлбөс жолдорун көрсөтө албайт. Биз адабияттагы каарманды үлгү катары көрсөтөбүз, анын сезимдерин бала суктануу менен өз башынан өткөрүш керек. . Адептик сезимге таасир этүүнүн жолдору көп, мисалы, адамдын башына келүүчү кайгылуу, кубанычтуу окуяларга балдарды аралаштыруу, ага кызмат кылуу, жакшылык менен жамандыкта адептик үлгүлөрдү көрүп, аны өздөштүрүү. Сезимдер дайыма эле адептүү боло бербейт. Мисалы, көрө албастык, ичи тардык, ач көздүк ж.б. Адептик сезимдин калыптанышына өзгөчө кырдаал, шарт түзүү керек. Мисалы, Ала-Тоо жергесинин кооздугун канчалык сөз менен кооздоп сүрөттөсөк да балада суктануу сезимин козгош кыйын. Ал эми аларды экскурсияга алып чыгып, сүрөткердин сөзүн козгоо менен түшүндүрсөк, табийгаттын сулуулугуна суктануу сезими козголот. Сезимди козгоп гана тим болбостон, тарбиялык иш-аракет системалуу жүрүүгө тийиш.

Адептик аң-сезим коомдогу, мектептеги ж.б. социумдагы тарбиялык таасирдин комплексинин натыйжасында калыптанат. Окуучунун адептик түшүнүктөрдү өздөштүрүүсү, анын адептик аң-сезиминин өнүгүүсү үчүн маанилүү ролду ойнойт, бирок адептүү жүрүм-турумун камсыз кыла албайт. Окуучулардын адептик нормаларды жакшы өздөштүрүүсү алардын жүрүм-турумундагы адептүүлүктү камсыз кыла албастыгы жөнүндө психологдор ырасташууда, ал эми педогогдор практика жүзүндө ынанышууда.

Адептик аң-сезимдүүлүк практикалык турмушта адамдардын бири-бирине, коомго, эмгекке мамилесинде, акыйкаттыкты же акыйкатсыздыкты баалоодо байкалат.

Адептик аң-сезим моралдык түшүнүккө негизделет б.а. жакшылык, камкордук, эрдик, түшүнүктүүлүк ж.б. түшүнүктөрдү билүү адамдын аң-сезимдүүлүгүнүн күбөсү боло албайт, бирок адептик аң-сезим боюнча ой жүгүртүүгө түрткү болот [39]. Ошол түшүнүктөрдү билүү, жагдайга жараша ой жүгүртүү, кырдаалды туура түшүнүү, баалоо, оптималдуу (эң туура) аракет кылуу адептик аң-сезимдүүлүктүн күбөсү болот. Адептик аң-сезим адамдын рухий дүйнөсү менен бирдикте өзгөрүп, аны менен бирдикте өнүгөт. Адептик аң-сезимди өнүктүрүүгө эч кандай кам көрүлбөсө, ал өзү эле деградацияга (төмөндөөгө, начарлоого) учурап, бала регресс (артка кетүү) жолуна түшөт. Адептик аң-сезимди өнүктүрүү үчүн ар түрдүү иш-аракет, маданий мамиле түзүү, адептүү жүрүм-турум көндүмдөрүн үйрөнүү, окуу, изденүү ж.б. аракет керек. Аракет кылуу үчүн оң же терс мотив-себеп болушу мүмкүн. Адамга жардамдашуу гумандуу сезимге негизделсе, бул − оң мотив. Бирөөгө атаандашып, жасаган аракет, өзүн башкалардан жогору сезүүгө, жеке кызыкчылыгын көздөөгө же атакка жетүүгө умтулса, терс мотив деп аташат. Бирөө керт башынын камын көрүп аракеттенет, бирөө жакындарынын камын көрүп аракеттенет, эл камын көргөн адам да болот. Ички мотив (ниет) оңолбой, эл (коом) оңолбойт. Тарбиялык институттардын (КАОнун) милдети − өнөкөт терс мотивди, ниетти, тажрыйбаны жоюу боюнча теориялык материал, усул, ыкма сунуштоо. Адамдар ниетин, мотивин оңдосо, адептик тарбиянын, аң-сезимдүүлүктүн жеңиши болор эле.

Адептик тарбия үй-бүлөдө, мектепте, коомдун ар кайсы саясый чөйрөлөрүндө, эмгекте, тиричиликте эл аралык мамиледе, илимде мамилени жөнгө салуу аркылуу ишке ашат. Адептүүлүктү айрым учурда адамдын ички маданияты деп аташат. Адамдын адептик түшүнүгү, адептик сапаты да адамдын жаралышына удаа жаралган. Адам тиричилик кылуу үчүн мамиле түзүү керек болгон. Мында жүрүм-турумду жөнгө салуучу эреже зарылчылыгы келип чыккан. Ал эрежелерди улуулар кандай аткарса, кийинки муун алардан үйрөнүп, өздөштүрүшкөн. Адамдын адептик жактан калыптанышы төрөлгөндөн башталат, бирок курсактагы мөөнөттө үй-бүлөнүн адебинин да мааниси бар. Тарыхтагы бардык эле тарбия, тажрыйбаларды изилдеп, сындап, четке кагып, шектене берүү туура эмес, жакшылап ойлонуп, керектүүлөрүн пайдалануу максатка ылайык.

“Адептик билимди адептик ынанымга айландыруу үчүн балдардын жүрүм-турумунун, мотивинин, адаттарынын системасын бышыктоо керек”,-деп жазган А.С.Макаренко. Анын ырастоолору боюнча “окуучулардын аң-сезиминде өзүн кандай алып жүрүү керек деген ынанымы менен жүрүм-турум адаттарынын ортосунда боштук болот, аны тажрыйба менен алмаштыруу (толуктоо) керек”.

Окуучулардын адептик аң-сезиминин өнүгүшү жана адептик ынанымдарынын калыптанышы, алардын адептик билимди өздөштүрүү процессинде ички дүйнөсүнүн толкундоосунан, канааттануусунан көз каранды. Адептүү аракеттин натыйжасында бир жолу бала канааттанса, ал ошол сезимди кайрадан сезгиси келет. Адептүү аракеттин башка формасын кайталап дагы канааттанат. Ошентип анын аракети адатка айланат. Ошондуктан акылман энелер баланын ар бир жакшы аракетин кыраакылык менен өз убагында баалап, пайдаланып, кубаттап турат. Ал баланын аракети акырындык менен адептик адатка айлануусуна өбөлгө болот. Адептүүлүк ─ адамдын көркү, билимдүү болуш оңой, адам болуш кыйын.

Д.И.Фельдштейндин пикири боюнча өспүрүмдүн аң-сезимдүүлүгү төмөнкүчө калыптанат. Башталгыч жана орто звенодо балдар чөйрөнүн адептик талаптарын кээде ыктыярдуу кабыл алышат, кээде балдарга таңуулагандыктан аргасыз өздөштүрүшөт. Ошентип кандайдыр бир дэңгээлде билимге ээ болушат, балдардын адептик аң-сезиминин өнүгүшүнө бул түрткү болот. Жогорку класста өспүрүмдөр өзүнүн идеалына жакын образды өздөштүрүшөт, өзүндөгү кээ бир сапаттарды идеал образдагы сапаттар менен салыштырышат, анан аң-сезимдүү түрдө андагы сапаттарды туурашат. Өзү үчүн үлгүлүү образды, коомдогу адептик талаптарды өздөштүрүшөт да, өзүнүн адептик талабын иштеп чыгат. Бул анын жүрүм-турумундагы адептик булакка айланат.

Өспүрүмдөр адептик нормаларды, эрежелерди, талаптарды түшүнүшөт, өздөштүрүшөт, жакшы-жаманын талдашат, анан ар бир окуучу өзүнүн адептик идеалын иштеп чыгат же ойлоп табат, анан адептик тажрыйбага ээ болот. Өзүнүн тажрыйбасын жыйынтыктап, өзү жетишкен позицияны (бир маселеде кармаган жолду) корутундулайт. Адептик баалуулуктарды системалаштырат, ага маани берет, адептик адаттарга көнөт. Мындай аракеттердин баары өспүрүм куракка мүнөздүү. Булар жүрүм-турум мотивине (себебине, жүйөсүнө, жөнүнө), ынанымына айланат. Баланын адептик аракетин мугалим жактырса, ага дем берсе, анын жаңы аракетине түрткү болот. Аны өз убагында байкаш керек. Ошондо ал өзүн өркүндөтүүгө умтулат [8].

Окуучулардын адептик аң-сезими өнүкпөй калуусунун себеби: мугалимдер, ата-энелер окуучулардын окуудагы ийгилигине көңүл бөлүшүп, адептик аң-сезимин өнүктүрүүгө жеткиликтүү көңүл бөлүнбөй, системалуу көмүскөдө калат. Адептик аң-сезимди өнүктүрүү багытында баланын өзүнүн аракетсиздигинин натыйжасында да проблемалуу болуп калышы мүмкүн. Мектеп турмушунда бул − маанилүү проблема.

В.Г.Белинский:“Адам билимдүүлүгү, билгичтиги аркылуу, аң-сезимине жараша аз же көп пайда келтирет”,-деген, ошондуктан инсандын адеп-аклагынын тарбияланышын маанилүү (негизги) милдет катары караган. Адамдын адептик аң-сезиминин өнүгүшү анын эмгектенүүсүндө, же бир нерсе жаратуусунда ролу чоң. “Адептик аң-сезими өнүккөн инсан коомдун мүчөлөрүнө жакшылык кылып, алардын эмгектенүүсүнө, кубанычынын көбөйүшүнө, рухий дүйнөсүнүн байышына, жарандык сезиминин жаралышына, кадыр-баркынын жогорулашына, чыныгы альтруизмди өнүктүрүүгө оң таасир этип турат”-деген В.А.Сухомлинский (Рождение гражданина. М.1971 76б). “Адептүүлүк адамдын жан дүйнөсүнө жагыш керек, ошондо гана адам жакшылык кылуучу, идеяларды жаратуучу генераторго айланат”.

Өткөн классик педагогдордун ичинен К.Д.Ушинский инсандын өсүшүндө адептик тарбиянын ролуна өзгөчө маани берген. Ал мындай деген: “Албетте акылдын билим менен байышынын пайдасы көп, бирок адепсиз билимдүүлөр коомго зыяндуу айлакер, куу инсандар болуп калышат. Акылы, билими өнүккөн инсан адептик аң-сезими өнүкпөсө, карама-каршылыктары көп болуп турган коомду акылдын жардамы менен ынтымактуу, ак ниеттүү коомго (цемент сыяктуу) байланыштыра (бириктире) албайт”-деп жазган.

Адептик тарбияга маани бербеген адам жашоосунда көптөгөн кыйынчылыктарга туш болуп, жүрүм-турумунун кесепетинен башка адамдарга караганда артта калат. Адептик, рухий тарбиясыздык жеке эле адамга змес, мамлекетине да залакасын тийгизет. Тарбияга маани бербеген мамлекет башка мамлекеттерден көп сферада артта калат, ар тараптан кыйынчылыкка дуушар болуп турат. Тарыхта билимге жана тарбияга маани берип, окуу-тарбия процессин комплекстүү система катары уюштура билген мамлекеттер маданияттын өнүгүүсүндө унутулгус из калтырып келген. Бүгүн дүйнө жүзүндө келечек муундун билимине, тарбиясына жеткиликтүү көңүл бөлгөн өлкөлөр алдыңкы өнүккөн мамлекеттер болуп саналышат. Ошондуктан билимди тарбия менен айкалыштырып, өркүндөтүп туруу зарыл.

## Тарбия деген эмне?

Тарбия деп − инсандын адебин, аң-сезимдүүлүгүн, ыймандуулугун максатка ылайык системалуу калыптандыруу процессин түшүнөбүз. “Тарбия дегенибиз - адамзаттын социадык тажрыйбасын өздөштүрүү” –деген Г.Нойцер. (Педагогика 1984). Биздин доорго чейинки III кылымда Байыркы Римде Квинтилианда окутуу, тарбиялоо маселеси мамлекеттин маанилүү тармагы катарында каралган. Тарбия адамды коомдук жана маданий турмушка даярдоого багытталат. Ал үй-бүлөнүн жана мектептин,

мектепке чейинки жана мектептен тышкаркы мекемелердин, балдар жана жаштар уюмдарынын, коомчулуктун бирдиктүү ишмердиги аркылуу жүзөгө ашат. Инсандын калыптанышына коомдук турмуштун, илим менен техниканын өнүгүшү, адабият, искусство, массалык маалымат каражаттары таасир берет. Ошондой эле адам өзүн өзү тарбиялайт. Коомдун жашашы үчүн материалдык жана рухий дөөлөттөрдү өндүрүү жана өнүктүрүү зарыл. Аны үчүн жаш муундардын мурункулардын тажрыйбасын өздөштүрүүсү, маданияттын өнүгүшүнө өз салымын кошуусу талап кылынат. Адептик тарбия мурунку муундан кийинки муунга түшүндүрүү, көнүгүү аркылуу берилет да, көпчүлүк элдин пикири аркылуу бекемделет. Ар бир бала коомдогу адептүүлүктү өздөштүрүү менен башкалардын адебине баа берет. Коомдун өзгөчөлүктөрүнө жараша тарбиянын максаты, мазмуну, уюштурулушу жана методдору өзгөрүп келген. Тарбиянын өзөгү − инсандын өзүн өзү таанып билүүсү. Өзүн өзү таанып билүү жөнөкөй нерсе эмес, ал өтө терең маселе. Өзүн өзү таануу деп − адам өзүнүн жөндөмүн, шыгын, мүдөөсүн ж.б. ички дүйнөсүн аңдап билүүсүн түшүнөбүз. Тарбиялоонун принциптери: эмгекке жана коллективизмге тарбиялоо, демилгени өнүктүрүүнү белсемдүү педагогикалык жетекчилик менен айкалыштыруу, ырааттуулук жана системалуулук ж.б. . Тарбия көрбөй чоңойгон адам кыйшайып өскөн дарак сыяктуу. Тарбия жөнүндө улуу ойчулдардын көз карашы тууралуу кыскача айта кетели. Тарбия деп- жалпы улуттук маданиятты улуу муундан кийинки муунга өткөрүү процессин түшүнөбүз [16]. Аристотель: ***“Кыздарына тарбия бере албаган коомдун келечеги жок, анткени келечектин ээлери алардын колунда***” –деген.

Педагогдун: “окуучуларга сөз аркылуу ( адеп, этика жөнүндө аңгеме куруп) таасир этүүсү жетиштүү” деген ишеними өзүн өзү актабайт Адептик нормаларды жакшы билген балдардын баардыгынын жүрүм-туруму жакшы боло бербейт. Ошондой болсо да алар адептик нормаларды, түшүнүктөрдү, идеяларды, образдарды өздөштүрүү аркылуу адептик тажрыйбага ээ болушат. Бирок окуучулардын адептүү тарбияланышы балдардын өзүнүн аракетине, ынанымына жараша болот. (Д.И.Фельдштейн. Психологические основы формирования нравственной сферы подростков. М.Знание. 1978).

Айрым мектептерде (азыркы мезгилде) өспүрүмдөрдүн кийиминин акыркы модага ылайыксыздыгы, чачынын таралыш формасы, мектептик формадан башка кийим кийип келгендиги үчүн жазалашат. Бул туура эмес. Азыркы учурда окшош ой жүгүрткөн балдардан оригиналдуу, чыгармачыл, жаңыча, масштабдуу, терең ой жүгүрткөн балдарды чыгаруу, алардын катарын көбөйтүү талап кылынууда. “Ар түрдүү ойлонгон балдардын сырткы формасы чачынын таралышы ж.б. ар башка

болушу мүмкүн. Аны жазалоо менен ойлоо эркиндигин чектеп коюшубуз мүмкүн” – дейт Д.И.Фельдштейн [8]. Айрымдары акылмандардын өмүр жолун окуп алышып, ошолордой ыйык адам болууну эңсеп, алар сыяктуу кийинген учурлар бар. “Жакшы ниет жарым ырыс”-дейт. Бала жаңыдан ниетин оңдоп аракеттене баштаганда эле, мугалим мектеп формасына өт деп талап кылат да, жаңыча ой, тилектерин суу сепкендей басат. Өспүрүмдөр өз идеалдарын аныктап, мүдөөсүн баамдаган сайын адептик ой толгоолору жөнүндө башкалар менен ой бөлүшөт, жолдошторунун пикирин угат [8].

Өспүрүмдөрдүн адептик сапаттарын калыптандыруу үчүн класста жана класстан тышкаркы иштердин ар кандай формаларын иштеп чыгуу (иш-чараларды уюштуруу) маанилүү, б.а. А.С.Макаренконун сөзү менен айтсак: “Өспүрүмдүн жүрүм-турумун көнүктүрүүчү практикалык аракеттерди камсыз кылуучу иш-чаралардын системасын иштеп чыгуу керек”(Педагогикалык поэма. М.1971).

Адептүүлүктү калыптандыруунун маанилүүлүгү жөнүндөгү ой Сократка таандык. XIX кылымдын педагогдору инсандын адептик тарбиясы боюнча байыркы доордогу педагогдордун эмгектерине өтө жогору маани беришкен. Алар жалаң билим берүү менен (акылын өстүрүү аркылуу) тарбиялоого мүмкүн эместигин түшүнүшүп, ак ниеттүүлүк, боорукердик ж.б. инсандын адептик сапаттарын, аң-сезимин өстүрүүнү биринчи планга коюшкан. Мисалы: Я.А. Коменский (Чехия) “Адептик акыл-насыят” деген китебинде байыркы римдик философ Сенеканын төмөнкү сөзүн жазган: “Биринчи ак ниеттүүлүккө, кайрымдуулукка, адептүүлүккө үйрөн, андан соң акылмандуулукка үйрөнөсүң, биринчисиз акыркыга үйрөнүү кыйын”. Я.А.Коменский: “Илимде жетишкен, бирок ак ниеттүүлүктөн, кайрымдуулуктан, адептүүлүктөн артта калган, ийгилигине караганда артта калуусу көбүрөөк ”-деген белгилүү элдик санат сөздү жазган.

Адептик тарбиянын ролун көрүнүктүү швецариялык педагог-демократ Песталоцци да жогору баалаган. “Балдарды окутуучу мекемелердин негизги, эң маанилүү милдети − адептик тарбиялоо”- деп эсептеген.

Л.Н.Толстой адамзатка (бир караганда жөнөкөй көрүнгөнү менен) өтө татаал суроо койгон. Адамга эмне болду? Эмне үчүн анын жашоосундагы негизги нерселер ( эмгек, жакындарына камкордук көрүү, жаратылышка аяр мамиле, адамдын кайгысын бөлүшүү ж.у.с. нерселер) ага эч кандай мааниси жок нерсе болуп калды? Эгерде цивилизациянын “шарапатынан”(б.а. кесепетинен) адам адептик аң-сезимин, бүтүндүүлүгүн жоготсо, адам өзүн өзү бүлдүрүүнүн одоно формаларына умтулса, анда цивилизация деген эмне? Улуу жазуучу XX кылымдын башында эле

эмансипацияланган (эркектин жүрүм-турумун туураган) аялдарды жактырган эмес. Адамдардын айбан сыяктуу (баш аламан) жүрүм-туруму, аң-сезимдүүлүктүн төмөндөшү, адепсиздиктин шумдуктуу, массалуу формаларына алып келерин ал сезген экен. “Адамдын адепсиздигинин себеби анын рухий баалуулуктардын табийгатын туура эмес түшүнүүсү, сокур эгоизми, ишенимди (динди) жоготуусу жана адам өзүнүн жашоосунун нукура маңызын түшүнбөгөндүгү менен байланыштуу”-деп ырастаган улуу акылман. Ал акыл-эсти өнүктүрүү аркылуу адамдын аң-сезимдүүлүгүн жогорулатууга болбосун түшүнгөн. “Тескерисинче адамдын турмушун өтө рационалдаштыруу анын жашоосунун маңызын түшүнүүгө жакындатпайт”- деген ал. “Адамдын жашосундагы негизги максат − адамзатка жакшылык алып келүү” (Л.Н.Толстой).

Психологиялык адабияттарда: “Адамдын жакшы сапаттарын абсолютташтырууга болбойт ”-деп ырасталат, эң жакшы сапат деп ага карама-каршы сапатты тең салмактап турган сапат –деп айтылат. Адептик аң-сезимди тарбиялоонун өзөктүү маселелеринин бири − балага гуманисттик (адамгерчиликке) багыт берүү, б.а. керектөө талабы эгоисттик (өзүмчүлдүк) мотивге караганда альтруисттик (башкалар үчүн жан-дили менен кам көрүү) болуп, жакындары, достору ж.б. үчүн кам көргөн, жеке пайдасын ойлобой, башкаларга жакшылык кылуу мотиви басымдуу болушу керек. Аны үчүн “Эртеңки куйруктан бүгүнкү өпкө”- дебей, б.а. бүгүнкү күндүн кызыкчылыгы менен чектелбей эртеңкини ойлоно жүрүү абзел. Балдардын мотивациясынын, рухий муктаждыктарынын өлчөмүнүн өсүшү анын инсандык сапаттарынын (конкреттүү өзгөчөлүктөрүнүн) калыптанышын аныктайт, анын оң мотивациясы жакшы аракетке умтулуусуна түрткү болот.

Айрым окумуштуулар окуучулардын акылынын өнүгүүсүнүн натыйжасында адептик аң-сезимдүүлүгү да камсыз болот - деп ойлошот. Баланын мээсин табигый-математикалык, гуманитардык билим менен толтуруп, акылын (логикасын) өнүктүүрүнүн өзү адептик аң-сезимдүүлүктү камсыз кыла албайт [16]. Баланын келечеги кең болуш үчүн дүйнө таануу кызыкчылыгы предметтик мазмундун ичинде камалбай, адептик аң-сезимди жогорулатуунун мааниси жөнүндө, ыймандык, этикалык маселелерди үйрөнүүгө кызыгыш керек.

**Тартиптүүлүк** деген эмне? Окуучунун тартиптүүлүгү − анын аң-сезимдүүлүгүнүн белгиси. Окуучу кандайдыр бир иш-аракет жасап жатат дейли. Ошол маалда анын оюна бир нерсени каалоосу эсине түшөт. Тартиптүүлүк дегенибиз − ошол каалоону максаттуу (пландуу) ишинен жогору койбостон, өз убагында аны бүтүрө билүүсүн түшүнөбүз. Ал эми коллектив ичиндеги тартип деп − белгилүү жүрүм-турум

эрежелерине, иретке коллективдин бардык мүчөлөрүнүн моюн сунушун түшүнөбүз. Тартипти сактай билген окуучунун артыкчылыгы − анын эркинин күчтүүлүгү.

Адептик аң-сезимди өнүктүрүү боюнча педагогикалык жана психологиялык изилдөөлөрдө жогорку класстын окуучуларынын моралдык түшүнүктөрдү так билбегендиги аныкталган. Адептик аң-сезимдүүлүккө тарбиялоодо теория жүзүндө түшүндүрүү маанилүүбү же адептик жүрүм-турум тажрыйбасын уюштуруу маанилүүбү? Педагогикалык, психологиялык изилдөөлөргө караганда [32,33,34,35] бир тараптуу жооп берүү туура эмес. Балдарга мораль жөнүндө адептик билим берип, практика жүзүндө бекемделбесе, ал кол коюлбаган документ сыяктуу, тескерисинче теориялык билим бербестен практика жүзүндө адептик жүрүм-турумга көнүктүрүлгөн балдар анда-санда адептүү болушуп, кээде тескери жорук башташат. “Кылмыш иштеринин көпчүлүгү адептик аң-сезимдүүлүккө тарбияланбагандыктын, билимсиздиктин, маданиятсыздыктын натыйжасында, жамандык менен жакшылык жөнүндө түшүнүгү болбогондуктан, туура ой жүгүртө албагандыктан жасалат”- деп жазган Н.А.Добролюбов (Избранные философские соч.1т.146б).

К.Д.Ушинский да адептик адатты тарбиялоого чоң маани берген. “Адептик адатка көнүккөн адамдын жүрүм-туруму адептүү болот. Адептик адатты калыптандыруу өтө узак жол ”-дейт ал. “Бир эле мезгилде бир нече адатка көнүгүү мүмкүн эмес. Ар бир бала ар башка мөөнөттө адептик адатка көнөт. Ал эми адепсиз адаттан кутулуу үчүн андан көп убакыт талап кылынат. Мисалы, оройлук, калп айтуу ж.б. адепсиз адаттардан кутулуу үчүн анын зыяндуулугун түшүнүү, ага көзү жетүү керек. Адептик адатка көнүш үчүн: “Акыл-эстүү иш-аракетти башында тез кайталоо, кийин эске туткан сайын кайталоо; жаман адаттын зыяндуулугун, жакшы адаттын пайдалуулугун түшүндүрүү, жаман адаттан кутулуу жөнүндө ойлоо; башкаларга кам көрүүнү адатка айландыруу, бирөөнүн кубанычына кубанып, кайгысын бөлүшүүгө көнүгүү керек,”-деген К.Д.Ушинский. Адамдын адаттары анын аң-сезиминин программалангандыгын күбөлөндүрөт. Адат − психикалык жактан аң-сезимдүү программалоонун натыйжасы. Адамдын адаты менен сезими айкалышпаган учурлар көп кездешет. Адептүүлүктү сезип турса да, аны аткарбай коюшат же адептүү мамиле түзүп, аны сезим менен бекемдебей калышат. Мунун натыйжасында сезим менен жүрүм-турумдун ортосунда, сөзү менен ишинин ортосунда ажырым болот. Бүгүнкү күндө эки жүздүү (двойная )мораль өтө тереңдеп кетти.

**Адептик аң-сезимди тарбиялоого кыргыз элинин мамилеси**

Кыргыз эли өзүнүн көп кылымдык тарыхында тажрыйба гана топтоп чектелбестен, жаш муундардын акыл-эсин, адептик аң-сезимин өнүктүрүүнүн (комплекстүү) ыкмаларын, жол-жоболорун иштеп чыгышкан жана тарбия, тартип, ыймандык маселелерге көңүл бөлүшкөн. Балдардын акыл-эсин өстүрүү үчүн билим көрөңгөсүн байытуу керек деген элдик педагогикалык жоболор, ой-корутундулары азыркы илимий көз караштарга жакын. Эл акыл-эсти (аң-сезимдүүлүктү) адамзатка таандык касиет катары баалап, бир четинен акыл-эс адамга табиятынан мүнөздүү экендигин түшүнсө, экинчиден адептик аң-сезимин өнүктүрүү керектигин сезишкен. Кыргыздар табигый акыл жөндөмүн дээр же дээринен бүткөн акыл дешет [18].

Акыл-эс жөнүндө көптөгөн макал-лакаптар бар: “Адамдын өзүнө баа бербе, акылына баа бер”. “Акыл айга, өнөр көккө жеткирет”. “Акыл байлыгы − азбас байлык”. “Акыл −деңизден терең, билим тоодон бийик”. “Акылмандын өзү өлсө да, сөзү өлбөйт”. “Акылсыз достон акылдуу душман артык”. “Акыл тозбогон тон, билим түгөнбөгөн кен”. “Акылы бар билимди самайт, акылы жок кийимди самайт”. Демек, эл адамдын тубаса акыл-эсин билим алуу, окуу аркылуу өркүндөтөрүн өзгөчө белгилейт. Тубаса зирек, зээндүү адам өзүнүн акыл көрөңгөсүн ар тараптан адептик билим аркылуу өркүндөтсө, кол жеткис бийик дөөлөттөргө жетише тургандыгын түшүнүшкөн. Элдин пикиринде баланын билимге, өнөргө жетишүүсү үчүн ал кунт коюп кызыгуусу, ынтызар, ыкластуу болуусу зарыл, анткени кызыкпаган балага билим жукпайт -дешкен. “Окусаң озоорсуң, окубасаң тозоорсуң”. “Окуу билим азыгы, билим ырыс азыгы”, “Окуган жарык, окубаган - чарык” “Издесең − табасың, көздөсөң – аласың” – деп ырасташкан. “Адептик аң-сезими тарбияланбагандыктын, билимсиздиктин, маданиятсыздыктын натыйжасында жамандык менен жакшылык жөнүнүдөгү түшүнүктү толук ажырата албагандар бар. Аны кийин өздөштүргөндөр бала чакта өздөштүргөндөй туруктуу болбойт-деген. “Жаш кезекте билгениң ташка тамга баскандай, карыганда билгениң, карга тамга баскандай”. “Билимдүү болсоң озоорсуң, билимсиз болсоң осолсуң”. “Билек жирей албаганды, билим жирейт”. Бул элдик эзелки көз караштар улуу ойчулдар А.С.Макаренко, К.Д.Ушинскийдин ой-пикирине үндөш. Мисалы, К.Д. Ушинский “Адамдын мүнөзү өмүрүнүн алгачкы жылдарында өктөм калыптанат, кийин өздөштүргөндөр бала чакта өздөштүргөндөй туруктуу болбойт”,-деген. Элдик педагогика билим алуу − угуу, көрүү, сезүү, туюм, аракет аркылуу ишке ашарын нускайт. Элдин пикиринде бала кезде көргөнү эсте калат. “Уядан эмнени көрсө, учканда ошону алат”. Эл билимди сөз жүзүндө аң-сезимге уютуп сиңирүүгө маани беришкен. “Сөз атасы кулак”. Балдардын билим сиңириши ынтызарлыгына, ыкласына жараша-деп ойлогондуктан, балдарды “акма кулак”, “куйма

кулак”  деп бөлүшкөн. “Акма кулакка айтса болбойт, куйма кулакка куйса болот, б.а. айтылган сөздү тыңшап, угат, эсинде калат”. “Мындай балага айтылган сөз жерде калбайт. Ал сөздү элден үйрөнөт, угат, үйрөнгөнүн элге берет.” Канчалык көп билген сайын өзү байыйт. Акылмандар куйма кулак балдардан чыгат [18].

Эл ата-бабалардан мурас калган асыл-нарк, акылман ойлорду аң-сезимдүү түрдө балдарынын өздөштүрүүсүн талап кылышкан. “Эс-акылың бербесең эңсегениңе жете албайсың” дешкен. “Уккан сөздүн баары эле акыл эмес, өзүң баамдап ой жүгүрт, акыл калча”. “Тиши чыккан балага, чайнап берген аш болбойт”-деп өз алдынчалыкка үйрөтүшкөн. Элдик педагогикалык акылмандар баланын акылын, билимин, шыгын, жөндөмүн анын өзүнө эмес кылган аракетине, ишине карап баалашкан. “Оозу менен орок орот”. “Колунан кокон тыйын келбейт” .“Сая албаган ийне тандайт”. Бул элдик дидактикалык жобо.

Элдик педагогдордун баланы баалашында адамга мүнөздүү негативдүү касиеттер да көрсөтүлгөн: “Тили тайгактын оозу айгак”, “Уялбаган ырчы болот”, “Аңдабаган төө көрбөйт”, “Башы иштебесе, бутуна күч келет”, “Жаман өзү билбейт, билгендин тилине кирбейт”.

Кыргыздар бабалардын билимин, өнөрүн, акыл тажрыйбасын өз боюна сиңирип, дээр, зээнин асылдандырып, билгенин кийинки муунга мурастоону адамдын атуулдук парзы катары эсептешкен. Алардын устаттыгын этнопедагогикалык өңүттө иликтөө бир топ баалууу дидактикалык ой, тыянактарга алып келет. Адамдын адептик аң-сезими анын жан дүйнөсүнүн (рухий) байлыгы менен байланыштуу. “Адептүү алкыш алат, адепсиз каргыш алат”. “Адепсиз бала −таманга жабышкан чыла”. “Жакшы болуу аста-аста, жаман болуу бир паста”. Жакшылыкка баланы жашынан тынымсыз үйрөтүү зарыл экендигин эл жакшы түшүнүшкөн.

Кыргыздар адептик аң-сезимдин калыптанышында ойдун тазалыгынын ролун жогору баалашкан. “Ойноп сүйлөсөң да, ойлоп сүйлө”. “Ой сөздүн сандыгы”. “Ойлобой сүйлөгөн онтобогон ооруга жоолугат”. “Ой −сезим булагы”. Сүйлөш үчүн ойлоно билиш керек.  Адам сүйгөн кишиси менен сүйлөшүп, ой бөлүшкүсү келет. Кыз жигит жолугушуп жүрсө, аларды “сүйлөшүп” жүрөт дешет. Устат менен шакирт да сүйлөшүп ой бөлүшөт, пикир алышат. Ой позитивдүү (ырас), рационалдуу болсо экөө тең сүйлөшүүдөн канаатанышат. “Сөз билүүчү адамдын ар сөзүндө бир тузак”. “Эрден эрдин неси артык? Сөзү артык, сөз акыл-эстен чыгат, акылмандын акылы сөз аркылуу билинет”.Сөздүн кубаты чоң. “Жагымсыз сөз чыр баштайт, ырайымсыз сөз жашоого бүлүк салат, жаман сөз жаман ой туудурат, орой сөз көңүл калтырат, кубанычтуу сөз көңүл көтөрөт, керектүү сөз оор жүгүңдү жеңилдедет, мээримдүү сөз жүрөккө даары,

сүйүктүү сөз маанайыңды көтөрөт”. Адамдардын тайыз же терең экенин алардын сүйлөп турган сөзүнөн билсе болот. “Жаман менен сүйлөшсөң, жан кейитип кеп салат, жакшы менен сүйлөшсөң, жан эргитип кеп салат”, “Кесирдүүнүн оозунан кесепеттүү сөз чыгат”, “ Сөз доодон да, жоодон да куткарат”, “Сөз сөөктөн өтөт, таяк эттен өтөт”, “Ак сөз − акыл сөз”, “Айтылган сөз − атылган ок”-деп сөзгө маани беришкен.. Сүйлөшүү аркылуу эл сөз чеберчилигине үйрөнүшкөн.

Сөздү таап сүйлөгөн тил. “Адамды адам менен тууган кылган да, душман кылган да тил”. “Акылдын жарчысы тил, жүрөктүн ачкычы – тил”. “Тил азары тилге кирбейт, тилинен өлөрүн билбейт”. “Эң таттуу да тил, эң ачуу да тил”. “Тил ойдун сандыгы”. Эл ичинен чукугандай сөз тапкан, акыл таба билген, тууганына жан тартпай, туура сөздү айта билген ак таңдай ырчылар чыккан. Акылы тунук акындар элдин аң-сезиминде болуп жаткан өзгөрүүлөрдүн табиятын калктын калың катмарына жеткирип, көөдөндөрүн агартуучу тарбия, насыят сөз айтышкан. Мисалы: Молдокылыч, Арстанбек, Калыгул, Токтогул ж.б. Алардын адам таануу, коом таануу циклиндеги ырларында бул даана байкалат. Акындар акылман ойду, конкреттүү билимди, этикалык эрежелерди санат-насыят, нуска формада ырдап туюнтушкан. Адамдардын жалпы турмуштук акылын ар түрдүү маалыматтар менен байытып, өз алдынча ой жүгүртүүгө акындардын санат-насият салты өзгөчө маниге ээ болгон. Адатта айтыштар аш-тойлордун көркүн чыгарган. Табышмактуу санат-айтыш, акындын тапкыч ою менен бирге, аалам сырлары, адам тажрыйбасынан жаралган рухий байлыктар жөнүндө канчалык деңгээлде акын кабардар экендигин эл сынап, баалоолорунун критерийи болгон. Таамай айтылган сөз, ой, корутунду, нуска нукура педагогикалык функция аткарган, б.а. карапайым калктын аң- сезимдерин, ой жүгүртүү маданиятын өстүргөн, акыл көрөңгөсүн байыткан [18]. Белгилүү төкмө акын Элмирбек агалардын өнөрүн улантып, А.Новаинин ырын мындай деп ырдайт:

Баарынан бул дүйнөдө эмне жакшы?
Акыл-эс мөмө сымал өнгөн жакшы.
Акыл-эс өнө албаса эмне жакшы?
Адептүү адам болуп көнгөн жакшы.
Адепке көнө албаса эмне жакшы?
Бай болуп ырахатын көргөн жакшы.
Байлык да буйрубаса эмне жакшы?
Булгабай бу дүйнөнү өлгөн жакшы.

Даанышман бабалардын осуятын урматтаган ата-бабаларыбыз адамдын беделин көтөрүп: “Баланын көөнү – пашаанын көөнү”- деп мамиле кылган. “Адам

болор кишинин адам менен иши бар”- дейт кыргыз эл макалы. Мында чыныгы адам тарбиялоодо, мамиленин ролу жогору бааланат. Чыныгы тарбия узтат-шакирттин жан дүйнөлөрүнүн карым-катыш мамилелеринин натыйжасы экендигин баамдап, туура түшүнүшкөндүктөн байыркы чоң эне, таенелерибиз балдары менен неберелерин жылуу жумшак тарбиялап, жан-дили менен мээрим төгүп, айланып-үйрүлүп баланын жүрөгүн жылытышкан. Эне сүтүнө тоюнган, мээримин көргөн бала ата-энесин жан-дили менен жакшы көрөт. Мээримге тоюнган бала ата-энеге, бир туугандарга, жакындарга күйүмдүү, боорукер болот. Энелер элдик оозеки чыгармаларды эмоциялуу, элестүү, көркөмдүү кылып айтып беришип, балдардын аң-сезимин, акыл ой чабытын өркүндөтүшкөн. Саякбай, Барпы, Калыгул ж.б. сөз өнөрүнүн чеберлери мээримдүү энелердин акылман кебин угуп чоңоюшкан. Баланы жакшы тарбиялаш үчүн көп сүйлөштүн зарылчылыгы жок. “Аз сүйлө, аз сүйлөсөң да саз (маанилүү) сүйлө” дешчү. Чебер тарбиячы мээримдүү энелер баланын жаманын жаап, жакшысын таап атасына, сыртка чыгарышкан. Анткени баланын терс сапаттарын көргөн ата сабырсыз болсо, ачууга жеңдирип койгон. “Ата каргышы −ок”. Анда ата назарынан калат. Ата назарынан калган, эл назарынан калат. Элдин назарынан калган Кудайдын назарынан калат деген ишеним бар элде[26].

Борукер, момун, мээримдүү пендени айрымдар жоош адамга теңеп, “жамандын бир аты−жоош” деген тыянак чыгарышкан. Айрымдары аны “кемчонтой” (кем акыл) катары баалашкан. Бул туура эмес. Боорукердик, мээримдүүлүк, момундук же мыкаачылык, зулумдук жөнөкөй мүнөз же сапат эмес. Бул − адамдын турмушта аң-сезимдүү түрдө тутунган жолу, анын журум-турум багытын аныктаган ынаным [26]. Адептүүлүк −адамдын жан дүйнөсүнүн байлыгы. “Жакшы болуу − аста-аста, жаман болу−бир паста”, “Элдин өткөн тарыхын билбегендин келечеги жок”-деп ырасташчу акылмандар. Ошондуктан балдарына санжыра, дастан, баян, элдик оозеки чыгармаларды айтып беришчү.

Бир мезгилде кыргыздар уурулукту, калпычылыкты катуу жазалашып, адептүү коом түзүшкөн. Азербажан акыны Низами кыргыздарды идеалдуу коом катары даңазалаган. Даанышман бабаларыбыз: “Баланы бактысыз кыламын десең, анын бүт каалаганын аткара бер”-деген осуят калтырышкан. Анткени баланын каалаганы дайыма ишке ашса, ал ойлонуп бир нерсеге жетүүгө умтулуп, аракет этпейт. Ойлонуп аракет этпеген бала тетири (регресс) жолго түшөрүн кыргыздар түшүнүшкөн.

Тарбиянын көп жагы болгон. Мисалы, ыйман тарбиясы, дене тарбиясы, акыл тарбиясы, руханий тарбия, коомчулуктун тарбиясы, улуттук каада-салтка үйрөтүү, эмгекке тарбия ж.б.

**Тарбия мекемелери:** үй-бүлө, коом, боз үй мектеби, медресе, мечит, атайын уюштурулган жыйындар ж.б. болушкан.

**Тарбиянын ыкмалары:** азан чакырып, жакшы ат коюу, баланын жакшы болуусун тилеп күндө дуба кылуу, баланын адептик аракетин алкап бата берүү, адал тамак менен оозандыруу жана азыктандыруу, сүннөткө отургузуу, зыяндуу эмес чөйрөгө аралаштыруу, байкоо, эскертүү, күнөө-кылмыштар жөнүндө айтып, жүрүм-турум эрежелерин үйрөтүү, колунан келген билимин берүү, акыл-насыяттарын айтуу, жомок, дастан, аңгеме, баян айтуу, куран окуу ж.б.

**Кемчиликтери:** ата-эненин берген тарбиясы натыйжалуу болбосо “балам начар чыгып калды, баланы төрөйт экенсиң, мүнөзүн кошо төрөбөйт экенсиң”- деп капа болушкан; атанын баласынын тарбиясына башкаларды кийлигиштирбөөсү, жакшы балдар менен мамиле түзүүгө уруксат бербей, эркиндигин чектөө; сөөгү меники, эти сеники - деп бөтөн өлкөгө окууга жиберүү; баланын оюн дайым четке кагуу, адамдар арасында “тынч бол” деп басынтуу; баланын көзүнчө энесине орой мамиле кылуу; баланын бардык жаңылыштыгы, билбестиги үчүн уруп жазалоо; баланын жаман сапаттарын “таякелерин тартып калды”-деп айыптоо; баланын досторун сыйлабоо; оңолууга бала аракет кылса да сыртын салуу; балдарын сооротуш үчүн жалган сүйлөө; балдар менен чырдашып кетсе, чын төгүнүн билбей, болушуу мунун баары туура эмес болгон.

**Адептик аң-сезимдүүлүккө тарбиялоодо эмгектин ролу**

Баланы аң-сезимдүүлүккө тарбиялаш үчүн көп сүйлөөнүн зарылчылыгы деле жок. Кыска, так айтуу жетиштүү. Негизгиси аларды өндүрүмдүү эмгек кылууга жашынан тартуу зарыл. Эмгектин тарбиялык кудурети чексиз. Эмгектин түрлөрү болот: аргасыздан же кысымдын күчү менен бирөөгө иштеп берген эмгек, ыктыярдуу аракет. Биринчиси – адамды чүнчүтүп жан дүйнөсүн жарды кылчу эмгек, экинчиси – үзүрүн көрүп, андан ырахат алчу эмгек. Мындан адамдын көңүлү көтөрүлүп, золобосу жогорулайт. Мына ушудай кубанычты сезген бала аң-сезимдүү түрдө адам болууну эңсеп, эмгектенүүнү максат кылып алат. Адамдын инсандык деңгээлге өсүп жетилүүсүнүн шарты, анын жан-дили эмгектенүүгө ыкластанып, эмгекке берилгендигинде. Чыныгы инсан эмгек аркылуу калыптанат.

Адамды жогорку жеңиштерге жеткирген да, акылын, талантын, шыгын, жөндөмүн өстүрүүгө мүмкүндүк берген (себепкери) да эмгек. Жакшы ниет менен алдыга максат коюп, аны ишке ашырууга чын ыкласы менен киришкен инсандын келечеги кең болот. Социолог, психолог, педагог изилдөөчүлөрдүн маалыматтрына

караганда адам акыл потенциалынын 4% ин гана пайдаланат. Эгерде ар бир адамдын акыл күчүн 100% пайдаланууга мүмкүндүк берүүчү усул табылса, адамзаттын акыл дарамети 25 эсе көбөймөк. Белгилүү математик жана кибернетик Роберт Неймандын эсептөөсү боюнча адамдын мээси 10 $^{20}$ даражасындагы маалымат бирдиктерин өзүнө сыйдырууга жөндөмдүү. Акыркы изилдөөлөрдүн билдирүүлөрүнө караганда адамдын мээсинин 17 миллиард клеткасында түрдүү маалыматтар жазылат. Ал эми бир клетканын миллиондогон молекулаларынын ар бири жүздөгөн биллион маалымат бөлүкчөлөрүн чагылдырып жазууга жөндөмдүү. Демек адамдын мээсинин өсүп жетилүүсүнүн чеги жок сыяктуу.

Инсандын акыл эмгегине, өзүн өзү тарбиялоосуна үлгүлүү мисал катары О.Ю.Шмидттин жашоо жолун айта кетели. Адамзаттын кылымдап өнүккөн акыл ою менен өз жан дүйнөсүн, аң-сезимин байытууну максат кылган Отто Юльевич өз алдынча иштөөнүн так программасын түзүп, мындай деп жазат: “Мен − математикмин, өзүм эсептеп чыктым. Програмада берилген ишимди (компьютердин жардамысыз) аткаруу үчүн миң жыл талап кылынмак экен. Өтө кызыктуу, бирок ансыз деле иштей бере турган нерселерди программадан чыгарып таштаганда жаным аябай кейиди. Илим жолунда ансыз такыр болбой турган нерселерди гана калтырдым. Ошондо 250 жылда аткарыла турган иш калды”. Отто Юльевич көрүнүктүү мамлекеттик ишмер, математика боюнча чоң фундаменталдуу ачылыштардын автору, чоң советтик энциклопедиясынын башкы редактору, программист, теориялык геофизика (академиялык) институтунун түзүүчүсү болгон. Жер шарынын жана планетанын келип чыгышы жөнүндөгү теориянын автору, советтик полярдык энциклопедиянын (түзүүдө) жетекчиси, Москвадагы (Ломоносов атындагы) университеттин окутуучусу болгон.

“Азаматтын даңкын чыгарган эмгек, арамзанын жанын чыгарган эрмек”. “Адал эмгек абийир таптырат, арам эмгек азабын тарттырат” демекчи, эмгекке көнбөгөн өспүрүмгө да жашоо үчүн каражат керек. Эмгекке көңүлү келбеген менен ал каражатка муктаж. Эгерде ата-энеси каражат менен камсыз кыла алса, эмгектен ырахат албаган неме эрке, текебер, кесир болуп, курсагы тойгонуна каниеттенип өз ыктыяры менен ашка-жүк, башка-жүк балага айланат, андай бала тескери (регресс) жолго түшөт. Ата-энеси каражат менен камсыз кыла албаган өспүрүм турмуштан жеңил жол табууга аракеттенип отуруп криминалдык жолго чыгат. Ал эми криминалдык иш, аракет менен аралашкандар психологиялык проблемаларга дуушар болушат. Алар качандыр бир мезгилде чөйрөгө, коомго, өзүнө нааразы болуп, көңүлү чөгүп, сары-санаага батышат. Бул эки жолдун тең келечеги жок − туюк жолдор.

Адеп, ыйман жагынан жетилүүсүнө зарыл нерсе − анын коом алдында, үй-бүлө алдында милдетин, жоопкерчилигин сезүү, башка адамдар жөнүндө кам көрүү, андагы бир туугандык сезимдеринин болуусу. Бирөөлөр жөнүндө ойлонуп, кам көргөн бала эмгекке жакын болот. Жамаат ичиндеги ынтымак анын мүчөлөрүнүн достук, бир туугандык сезимдеринен, бири-бири жөнүндө кам көрүп ойлонуусунан жаралат. Ырыс алды − ынтымак. Жамаат менен бирдикте ынтымакта эмгектенүү ар бир баланын шыгынын, жөндөмүнүн өркүндөөсүнө өбөлгө болот. Балдар бири-бирин толуктап, жамааттын жашоосунда романтика жаралып, көпчүлүктүн ойлонуусу тереңдейт, күлкүсү шаңдуу чыгып, эмгеги үзүрлүү, иши ийгиликтүү болот. Жамаат ичинде айтылган пикир, кеңеш, ой анын ар бир мүчөсүнө таасир тийгизет, ал ой жамааттын баарын ойлондурат. Көпчүлүк менен кыйынчылыкты жеңүү оңоюраак. Иш ийгиликтүү болсо, кубаныч бөлүшүү шаңдуу, шөкөттүү болот.

“Балага талапты канчалык көп койсоң, аны ошончолук урматта”- деп жазат А.С.Макаренко. Коюлган талап менен анын адамдык беделин урматтоо адекваттуу (толук бирдей) болбосо, баланын ишке кызыгуусу төмөндөйт. Психологдордун ырастоолоруна караганда, жалпы ишке өспүрүмдүн туура мамиле жасоо моделин иштеп чыгуусу, анда иштеген адамдар менен мамиле түзүүгө караганда кыйыныраак б.а. өспүрүм үчүн туура мамиле жасоону моделдештирүү оор маселе. Мындай шартта алардын жүрүм-турум нормалары кандай болуш керек? Ишке мамилеси жакшы адамдын адатын туураганы дурус, бул − маанилүү психологиялык механизм. Болбосо атайын жүрүм-турум эрежелерин жамаат менен бирдикте иштеп чыгып, өспүрүмдүн өзүнүн иш аракетин өзү көзөмөлдөө − андан маанилүүрөөк психологиялык механизм. Мында адептик эрежелер катары формасына караганда маанисине көп көңүл бөлүнгөн, ишти уюштурууга, иштин башынан аягына чейинки байланыштарына баланы катыштырууга, баланын адептик аң-сезиминин өнүгүшүнө түрткү болуучу эрежелерди түшүнөбүз.

Иш баштаарда баланын иши ийгиликтүү болуш үчүн жакшы ниет, тилек тилеп, ойлонуп максат кылыш керек. “Жаштын тилегин Кудай берет”- деп айтылат элибизде. Ага жан-дили менен умтулса, жакшы тилек ишке ашат. Ак тилеги, таза ою бар бала элдин пикирин жогору баалаганы дурус. Элден алкыш, бата алууга бел байлаган, жоопкерчиликти сезген адам, элдин оор түйшүгүн көтөрө алат. Андай адам элге бакыт алып келүүчү ишти аткарууга күч кубатын, акыл дараметин, билимин аябайт. Андайларга эл ыраазы болуп, алкыш айтып, ак пейилден бата беришет. Элдин купулуна толгон адам келечектүү. Адам ар кандай иш баштоодо ой жүгүртөт, оюна жараша аракет этип колун иштете билүүсү ылазым, ой аркылуу билим ишенимге

айланат. Ар кандай эмгек акыл аракетин талап кылат. Акыл операциясы аркылуу бүткөн эмгек аң-сезимде терең орун алат. Аң-сезимде калган ушундай маалыматтар адамдын жүрүм-турумун аныктайт, б.а. туура сүйлөп, адептүү болушуна күчтүү себеп болот.

Кишини адам кылуучу (себеп) эмгек экендигин (б.а. Ф.Энгельстин сөзүн) ар ким билет. Эмгек бардык жыргалчылыктын булагы экендиги белгилүү, бирок баары эле эпкиндүү иштей бербейт. Көпчүлүк жаштар иш жок деп шылтоо кылышат. Чындыгында иштен көп неме жок. Жаштар иштин көзүн таап кете албай жатышат. Адам үзүрлүү эмгектенүү үчүн анын аң-сезимин ойготуучу максаты, мотиви жана аны ишке ашырууга ишеними болуш керек. Мына ушуну табуу кыйын. Аны табуу үчүн ойлонууга үйрөтүү керек.

Мугалим бардык балдардын келечектеги максатын, перспективасын аныктай албайт. Аны балдар өздөрү аныкташы керек. Балдарды ойлондуруу үчүн мугалим адабий булактардан, журналдардан эмгек менен байланышкан каармандар жөнүндө маалымат менен камсыз кылып турат. Алардын ичинен балдар өзүнө ылайыктуусун тандап, практика жүзүндө бекемдебесе эмгек жөнүндө идея максатка, мотивге, ишенимге айланбайт. Ишеним баланын жеке тажрыйбасына айлануу тийиш. “Эмгекке тарбиялоо боюнча адабияттардын аз эместигине карабастан, биз азыркы күндө деле эмгекке тарбиялай албай жаткандыгыбыздын себеби, балдардын ишенимдүү болуусуна, иш жүзүндө тажрыйба жыйнай турган кырдаал түзө албай жаткандыгыбызда. Мындай шартта ишеним баланын аң-сезимине сиңбейт, максат коюлбай, мотиви жок калат”- дейт Бекембай Апыш. (Тарбия назарияты. Ош. 1996).

Эмгектенүүнүн натыйжасында тапкан байлыкты башка бирөөгө мураска калтырса, сатып жиберсе болот. Ал эми эмгектин натыйжасында өнүккөн чыгармачылыкты, аң- сезимдин калыптанышын, акылын өстүрүүсүн жана ойлонтуу касиетин башка бирөөгө мураска калтырууга болбойт. Аны кудуреттүү күч менен башка бирөөдөн тартып алууга да мүмкүн эмес. Адамдын чыгармачылык, түзүүчүлүк касиетин, ойломун сатып ала албайсың. Андай касиет эмгектенген адамда гана калыптанат.

Эмгек аркылуу турмуштан ордун аныктай албаган адам өзүн татыктуу сезип, өзүнө канааттана албайт. Эмгексиз адамдын максаты, конкреттүү жолу аныкталбайт. Андай адамда гармониялуу өсүү кайдан болсун? Адам эмгек аркылуу тажрыйбанын негизинде ойлонот. Ойлонбогон адамда өсүү болбойт. Өсүү болбогон адам өзүн бактылуу сезбейт. Ал коомго, адамга эч нерсе сунуш кыла албайт. Иштеген адамдын жөндөмү өркүндөйт. “Мээнеттин түбү кенч болот, сооданын түбү борч болот”- деп

айтылат. Мээнет, акыл аркылуу “ачылбаган сандыкта бычылбаган кундуз” ачылат б.а. таланты, шыгы, жөндөмү ачылат, өркүндөйт.

“Мектепте бир нерсеге кызыкпаган, кайдыгер окуучу болбош керек. Табийгатка суктанбаган, поэзияга кайдыгер, бак отургузбаган, станокту кармабаган, эмгектен бакыт таппаган, эч бир ишке кызыкпаган отличниктин тагдыры коркунучтуу”-дейт Бекембай Апыш. Аны жөндөмүнө ылайык бир ишке кызыктыруу мектептин, үй бүлөнүн парзы. Ар бир окуучунун сүйүктүү иши мектеп курагында аныкталыш керек. Чоңдордун ага үлгү көрсөтө турган иши болуш керек. Окуучулардын көбү өздөрү бирдемелерди бирөөлөрдөн үйрөнүп чектелбестен, өздөрүнүн билимин, өнөр-чебердигин, машыгууларын бирөөлөргө үйрөтүшөт. Башка бирөө менен адептик мамиледе болуп, кам көрө баштаган адам өзүнүн чыгармачыл дараметин баамдайт. Ошентип адамдын шыгы ачылып, рухий дүйнөсү байыйт, өзүн өзү тарбиялайт.

Эмгектин адамдагы чыгармачыл кудуретин көрүп, эмгек тарбиясынын усулдарын илимий негиздерин акыл калчап, туура түшүнгөн эл: “Көрө-көрө көсөм болот, сүйлөй-сүйлөй чечен болот”, “Энени көрүп, кыз өсөт”, “Устаттан шакирти өтөт”- деген макалалар аркылуу эл эмгек жөнүндө оюн чагылдырышкан. “Жаш кезде берсин мээнетти, карыганда берсин дөөлөттү”, “Кары келсе ашка, жаш келсе ишке”, булар балдарды эмгекке психологиялык жактан даярдоого болгон элдин мүдөөсүн чагылдырган макалдар. “Кылганың мен үчүн болсо үйрөнгөнүң өзүң үчүн”- деп балдарды улуулар эмгекке чекпестен иш аркылуу ар бир адам элдин кызыкчылыгы үчүн эмгектенүүсү инсандык парз экендигин түшүндүрүү максатын ишке ашырган. Инсандын өнүгүүсүнүн бардык этабында аң-сезимдин өнүгүүсү анын эмгекке мамилесинен көз каранды.

Эмгекти сүйүүгө үйрөтүүдөгү зарыл шарттар:

—эмгектин маанилүүлүгүн түшүндүрүү;

— коом эмгектенүүнү талап кылуусу;

—эмгектенүүгө баланын кудуретинин жетүүсү;

—иштин көлөмүн аткарууга баланын курактык мүмкүнчүлүгү, билгичтиги, көндүмү мүмкүндүк берүүсү;

—эмгек процессинде баланын керектүү билиминин, тапкычтыгынын болушу;

—иш боюнча ойлоно билүүсү;

—баланын өз алдынчалыгы, уюшкандык, иштин жөнгө салынгандыгы керек.

Өспүрүмдөрдүн эмгекке даярдыгынын психологиялык көрсөткүчү болуп, алардын келечектеги кесипти ишенимдүү тандашы саналат.

**Адептик аң-сезимдин өнүгүшүндө илимдин ролу**

Илим − болмуш жөнүндөгү объективдүү билимдерди теориялык жактан системалаштырып турат. Илимдин табылгалары коомдук аң-сезимди өнүктүрүүнүн формасы боло алат. Тарыхый өнүгүүнүн жүрүшүндө илим өндүргүч күчкө айланат. Илим − дүйнөнүн мыйзамдарын өздөштүрүүнүн теориялык амалы, ал практикалык амал менен ажырагыс байланышта болсо да, акыл эмгегиндеги башка жумуштардан кескин айрымаланып турат. Илим билимдерди өздөштүрүү максатын көздөйт, б.а. жаңы билим табуу аракетинде жүрөт. Илимдин коомдук аң-сезим менен башка формалары (искусство, мораль) менен байланышта да, алардан принциптүү айырмасы да бар. Совет доорунда илим, философия, коомдук илимдердин жалпы теориясы аркылуу идеология жана саясат менен байланышкан. Илимдин максаты − жаратылыш, коом жана ой жүгүртүүнүн өз ара карым-катышын жана мыйзамдарын таанып билүү. Илимий аң-сезим, диний аң-сезим деген түшүнүк бар. Илим менен дин бири-бирине каршы деп ырастайт материалисттик (марксисттик-лениндик) окуу. Илим менен дин бири-бирине кайчылаш эмес, о.э. карама-каршы да эмес, алар кээде тогошуп, кээде бири-бирин толукташат (Ю.Н.Кружковский). Аң-сезим, ой, дух, идея, дүйнөнүн, реалдуу чындыктын негизин түзөт, келип чыгышын шарттайт. Бул − классикалык (идеалисттик философия) багыт.

Билим − колуңдагы шам чырак сыяктуу. Билимсиз адам Күндүн тутулуусунун себебин билбесе, тынчсызданат, анын чыныгы себебин билген адам өзүн токтоо алып жүрөт. Жамандыктын себебин билген адам менен билбеген адамдын айырмасы бар. Мисалы, киши колдуу болгон өлүктү көргөндө көпчүлүгүбүз жаман абалга келебиз. Ал эми тажрыйбалуу криминалист (тергөөчү) муну ким кылды, эмне үчүн, кандай шартта ж.б. суроо коюп, кылмыштын бетин ачуу аракетин улантат. Билим адамга багыт берет.

Илимде этика деген түшүнүк бар. Этика деген термин байыркы грекче “этос” деген сөздөн келген. Ал ар кайсы мезгилде ар кандай мааниде которулган. Байыркы мезгилде этика элдин турак жайы деген мааниде колдонулган. Кийин “туруктуу адеп”, “мамиле түзүүнүн натыйжасында мүнөздүн калыптанышы” деген мааниге ээ болгон. Байыркы ойчул Аристотель ушул сөздөн илимге “этикалык” деген терминди киргизген. Ал адамдын мүнөзүндөгү жакшылык кылуучу сапаттардын тобу: марттыгы, токтоолугу, кайраттуулугу, эрдиги деген мааниде колдонулган. Коомдун адептик маданиятына этиканын таасири анча күчтүү эмес, бирок ар бир ой жүгүрткөн адамдын этикалык билими болгондо коомдун адептүүлүгү, маданияты артмак.

Гректердин “этос”деген сөзүнө аналогиялуу “mos” деген сөзү бар . Ал “мода”, “бычылышы” , “үрп адат”, “адеп” деген мааниде которулат. Байыркы римдик философ (сөздүн чебери) Цицерон Аристотелдин тажрыйбасына таянып, “moralis” (моралдык) деген сөздү

пайдаланган. Бул да адамдын адеби жөнүндөгү термин катары илимге кирген. Башында “этика” жана “мораль” деген сөздөр маанилеш (синоним) болушкан. Илимдин жана (коомдук) аң-сезимдин өнүгүүсү менен эки сөз эки башка маанига ээ болгон. “Мораль”деп коомдун адебин, элдин жүрүм-турумунун нормаларын, жакшылык менен жамандык жөнүндөгү элестетүүлөрүн ж.б. түшүнүшөт. “Адептүүлүк” деген термин да ушундай эле мааниде колдонулат. “Этика” деп моралдык нормаларды, (адептүүлүк жөнүндөгү) түшүнүктөрдү ж.б. изилдөөчү илимди түшүнөбүз. “Этика адамдын − адам жана коом менен мамилеси жөнүндөгү окуу”(А.Швейцер).

Айрым учурда “журналисттин этикасы”, “врачтын этикасы” деген терминди колдонушат. Мында алардын профессионалдык-моралдык нормалары сөз болуп жатат деп түшүнөбүз. “Моралдык философия” деген терминди уксак, этикалык теория жөнүндө сөз болуп жатат деп түшүнөбүз. Мораль коомдук аң-сезимге стихиялуу кирбейт. Биринчи илимий чөйрөдө талкууланат, традицияга айланат, анан жалпы элдик маданий турмушка, тажрыйбага сиңет, б.а. этикалык билим массалык аң-сезимге сиңет. Этика бир окууга (философияга) таянат (негизделет). Этика адептик нормаларды баяндайт, түшүндүрөт, баалайт, адепсиздикти сындайт. Бирөөлөр айрым жүрүм-турум нормаларын туура деп ырасташат, башкалар аны сындашат. Жакшысы иргелип элдик катмарга маданий норма катары кирет. Мораль жана этика − бир бүтүн нерсенин эки бөлүгү. “Этика өткөн доордогулар үчүн асемдүүлүктүн, молчулуктун сонун белгиси болгон, бүгүнкү күндө − зарылчылык, келечекте адамзаттын жашап кетүүсүнүн зарыл шарты”-дейт С.Н.Лазарев[37].

Элдин жашоо образы менен адеби, баалуулуктары, жашоонун мааниси жана иш-аракетинин мотиви менен байланыштуу. Элдин моралдык жаңы деңгээлге өтүүсү жана өнүгүүсү үчүн, терс көрүнүштөрдү түшүнүү, аны жеңүү, оң баалуулуктарды топтоо аркылуу ишке ашат. Моралдын ар бир сапаттык деңгээлинин өзүнүн оң жана терс жагы, жакшылыгы жана жамандыгы болот.

Адамгерчиликтүү иш жасабаган адамгерчиликтин ырахатын сезбейт. Моралдык жактан жакшылыктуу аракет кылбаган адам моралды таанып биле албайт. Кичине жамандык кылган адам, чоң жакшылык кылып абийирин актай албайт. Адам таанып билүү менен өзү өркүндөсө, өркүндөп жатып таанып билет. Адептүү жашагысы келгендин өз моралдык чындыгы болот. Мораль адамдардын ынтымакта бири-бирине жакшылык кылып, жашоосуна негизделген. Билимдүү эки жамандыктын ичинен кичинесин тандайт. Аны тандоо критерийи жөнөкөй: коллективдин кызыкчылыгы адамдын кызыкчылыгынан жогору, улуттун кызыкчылыгы коллективдикинен жогору, ата-мекендин кызыкчылыгы улуттун, партиянын, коллективдин кызыкчылыгынан жогору, адамзаттын кызыкчылыгы ата-мекендин кызыкчылыгынан жогору.

Альберт Швейцер (1875-1965) этиканын өнүгүү тарыхын изилдеген адис, философ, теолог, Старсбург университетинин окутуучусу, профессор болгон. Европалык этиканын

негизги жетишкендиктерин анализдеп, ал мындай ойго келген: Этиканын негизги кемчилиги − жалпы маданияттын абалына терс таасирин тийгизгендигинде. Этиканын кемчилигинин себеби аны нормалдуу жолго коюлушуна шарт болбогондугунда. “Этика таанымдын рационалисттик теориясынан (гносеологиядан) көз каранды эмес. Ал − мистиканын кыртышында өскөн гүл, демек этика илимий эмес, ал мистикалык, иррационалдуу, диний, бул биринчиден. Экинчиден адамдын табигый өнүгүү процессинин уландысын этикадан көрүүгө болбойт. Ал ойдон чыгуучу чексиз энтузиазм (жигер, кайрат), аны логикалык жол менен түшүндүрүүгө мүмкүн эмес”. “Этика эч качан коомдук боло албайт ал инсандык гана болот”- дейт . [1].

А.Швейцердин пикири боюнча этиканын табийгаты − космостук. Анын жогорку принциби − жашоону кадырлоо, б.а. жашоону сактап калууга жардам берүү − жакшылык, жашоону жок кылуу − жамандык. Ар бир адептүү адам үчүн курт, кумурскадан баштап адамга чейин ар бир жашоо кымбаттуу. Адам башка формада жашагандардын алдында күнөлүү. Анткени эч бир жандыкка, өсүмдүккө зыян тийгизбестен адам чөөткө да бара албайт. “Абийирдин тазалыгы − шайтандын ойлоп тапканы”- дейт автор. Анын ою боюнча жашоонун эмне экендигин бир да илим толук айта алган эмес, анын жашыруун сыры көп. А.Швейцер Европалык цивилизациянын күнөөсүн өзүнө алып, Габондо (Африкада) өз каражатына госпиталь куруп, колония элдерин коргоо үчүн кеткен. Ал − гуманисттик идеяны пропагандалоонун сейрек кездешүүчү үлгүсү болгон. Түн ичинде лампанын жарыгына барбана (көпөлөк) канатын күйгүзүп албасын деп, абага муктаж болсо да, ал терезени ачпай эмгектенген.

Этиканын тарыхында жаныбарларга гумандуу мамиле жасоону, адамдардын өз ара гумандуу мамилеге көнүгүүсүнүн зарыл шарты катары айтылат. Элдин аң-сезиминде жаныбарга ырайымсыздык айыпталат, анткени жаныбарга ырайымсыз адамдын жүрөгү мерес болуп калат. Бүгүн ал жаныбарга ырайымсыз болсо, эртең адамга ырайымсыз болот. Ал эми жаныбарга кайдыгер адам, адамга мээримдүү болушу мүмкүн. Этика илими жаныбарга аяр мамиле кылууга чакырып келген. Ошого карабастан биздин доордун 1800-жылынын ар бир 55жылында жаныбарлардын бир түрү жок болуп отуруп, XX кылымдын ар бир жылында бир түрү жоголгон. б.а. табигый чөйрө жардыланууда. Табийгаттын байлыгынын сапаты (абалы) менен адамдын ден-соолугунун ортосунда ажырагыс байланыш бар. Табийгаттын жардыланышынын бир этабында адам (бөтөнчөлүгү) деградацияга дуушар болот [1]. Адам кийинки муундар жөнүндө кам көрүп жашаш керек. Өнөр жайдын таштандыларын тазалоо үчүн атайын ишканаларды куруш керек. Анда ал рентабелдүү болбой (өзүн өзү актабай) калат. Мунун кесепетинен экологиялык проблемалар жылдан жылга көбөйүүдө. Булар жалаң эле экологиялык проблема эмес, этикалык проблема болуп эсептелет. Адамдын диалектикалык, материалдык кызыкчылыгы бар болгон жердеги проблеманын адептик да мааниси бар.

Адамдын адептик аң-сезими ойгонбосо, табийгатка бүлүк сала берет. Адамзат табигый ресурстарды аянбастан пайдалана берсе, алар бир мезгилде түгөнөт. Кийинкилер жаратылыш байлыктарын, энергия булактарын кайдан алышат? Илим менен техниканын, өнөр жайдын өнүгүшү, индустриялык чоң шаарлардын турмушу табийгатты коркунучтуу абалга жеткирүүдө. Экологиянын мындай абалга жетишине илимпоздордун абийиринин тиешеси бар. Цивилизациянын өнүгүшүнө жеткирген илимий, технологиялык жетишкендиктер адамдын жан дүйнөсүнүн азыгы болуп бере албастыгын, рухий муктаждыктарды канааттандырууга күчү жетпестигин, тескерисинче адамды диний көз караштан алыстатып коёрун Батыш ойчулдары моюнга алышууда.

Эң мыкты илимпоз адамдар акты кара деп, чынды жалган деп жашагандан көрө татыктуу өлүмдү артык көрүшкөн. Мисалы, Сократка уу берилип, Дж.Бруно отко өрттөлүп, К.Тыныстанов репрессияга дуушар болгон. Булар акыйкаттык үчүн курман болгондор. Илимдин адептик аң-сезимди өнүктүрүүсү боюнча артыкчылыгы “Адептик аң-сезимди, акыл ой аракетин өнүктүрүүдө илимий жана көркөм адабияттардын ролу” деген бөлүмдө кенен баяндалды, азыр айрым мүчүлүштүктөрү жөнүндө айта кетели.

Илимдин коомдук моралга, үй-бүлөгө, адамдын ыймандуу тарбияланышына, адебине тиешеси бар сыяктанган. СССРда үй-бүлөлөрдүн ажырашуусу 1970жылдан баштап жыл сайын өсүп отурган (1989жылы 35,5% түзгөн), бирок бул проблемага жеткиликтүү көңүл бөлүнгөн эмес. Ошондуктан үй-бүлөнү бекемдөө маселеси үстүртөдөн айтылып келген. Ал эми инсандык мамилелердин көп грандуулугу терең изилденбеген. Эгерде ажырашуу проблемасын кимдир бирөө изилдесе анда үй-бүлөнүн ажырашуусу туура эмес деген жыйынтык чыгармак. Эгерде ажырашуу жакшы деген тыянакка келишсе, анын изилдөөсү терең эмес, бул чыныгы изилдөө эмес деп айрым ойчулдар айтып чыгышы мүмкүн эле. Үй-бүлө жана аял-эркектин мамилелерине, ар башка доордо, ар кайсы элдерде, ар кандай карашчу. Өзүн урматтаган эл маданияттуу жол тандаган. Мисалы 5-6-кылымдарда тартылган индиялык бутканадагы (храмдагы) сүрөттөрдө, азыркы мезгилдерде тартылган айрым кино тасмаларда жөнөкөй Платон мээрими менен беттен өөп коюуга жол бербейт, бирок адамдын адамга чыныгы сүйүүсүн индустардай ким даңазалай алат.

Үй-бүлөнүн тагдыры коомдук пикирден көз каранды. Мисалы, араб элдери ажырашкан үй- бүлөнүн мүчөлөрүнө айыптуу адамча мамиле жасашат, анткени исламий окуу үй-бүлөнүн мүчөлөрүнө кечиримдүү болуп, мээримдүү мамиле кылуу соопчулук катары, ал эми үй бүлөдөн баш тартуу, Алладан баш тартууга тете деп үйрөтөт. Ошондуктан үй-бүлөнү араб өлкөлөрүндө эки (үч-төрт) аялы болгонуна карабастан сактап калууга аракеттенишет.

Библияда үй-бүлөнүн үлгүсү катары Адам ата менен Ово эненин ынтымактуу жашашын көрсөтүлөт. Европа өлкөлөрүндө үй-бүлөнүн туруктуулугуна библиянын таасири

алда качан жоголгон. Ошондуктан ал жакта толук эмес үй-бүлөлөр көп. Көптөгөн трагедиядан кийин европалыктар эсине келишти. XX кылымдын аягында гана үй-бүлөнү сактап калуунун баасын түшүнүштү, себеби адамга камкордук, мээрим ж.б. назик сезимдерди адам үй-бүлөдөн гана көрөт. Ошондуктан үй-бүлөнүн биримдигин баалап, аны сактап калууга умтулушууда. Бекем үй-бүлө − коомдогу идеал, маанилүү баалуулуктардын бири.

Үй-бүлөнүн маанисин өспүрүмдөргө жетиштүү түшүндүрбөгөндүгүбүздүн себебинин илимге да тиешеси бар. Натыйжада азыркы мезгилде (КМШда) айрым жаштарыбыз жогорку аң-сезимдүүлүгү менен өзгөчөлөнбөйт. Ыймандуулук, уят-сыйытты ойлонбостон жыныстык байланышууну жүрүм-турумдун нормасы сыяктуу көрө баштаган жаштар жок эмес. Мунун натыйжасында никесиз төрөлгөн балдар көбөйүүдө. (Күнүгө КМШда 1500дөн ашык никесиз бала төрөлөт). Бул − цивилизациянын берген “жемиши”. Коомдун никесиз төрөгөн жаштарды айыптоосу токтогондон баштап, толук эмес үй- бүлө, никесиз төрөлгөн балдар көбөйүүдө. Никесиз төрөлгөн балдардын көпчүлүгү психикалык жактан проблемалуу балдар болоору белгилүү. “Аял, эркектин − максаты тукум улоо” деген көз караштан “көңүл ачууга” алмашылгандан баштап ыймансыздыкка жол ачылды. 1989-жылкы статистика боюнча 14-44жаштагы 1000аялга планета боюнча 5-6 аборт (боюнан алдырып салуу) туура келген. Германияда-7,3, Англияда-12,8, Францияда-14,9, АКШда- 27,4, Кытайда-61,5, СССРда-181 аборт туура келген. б.а. ыймансыздык боюнча дүйнө элинде СССР “чемпион” болгон.

Балага ата-эненин ажырашуусу алардын өлүмүнөн да жаман психикалык, соматикалык (ден-соолугуна) сокку болору жөнүндө В.С.Кукушин (Общие основы педагогики. Ростов-на-Дону.2002.) кенен баяндайт. Ал эми атасынан ажырашкан балдарга караганда никесиз төрөлгөн балдар психикалык жактан көбүрөөк жабыр тартыша тургандыгы жөнүндө психологдор ырасташат.

Биз коомдун маданиятсыз, чеки болуп кетүүсүн каалабасак, мындай патологиялуу көрүнүштү азайтууга, өспүрүмдөрдү жакшы аял, эркек болууга, туруктуу, ынтымактуу үй- бүлө күтүүгө тарбиялашыбыз (умтулушубуз) керек. Балдар башканы сыйлоону үй-бүлөдөн көрөт. Башкалардын астында жоопкерчиликке, өзүн өзү көзөмөлдөөгө үй-бүлөдөн үйрөнөт. М.С.Горбачевдун саясатындагы “кайра куруу, ачык айкын айтуу” көп эркиндик алып келди, бирок ал эркиндик менен укук бузган жүрүм-турум кошо келди.. Порнография (уятсыз, адепсиз сүрөт) кенен таркатылды. Демек мурдагы коомдогу элдин тартиптүүлүгү элдин аң-сезимдүүлүгүнүн жогору болгондугунан эмес, сырткы күч аркылуу кармалып тургандыгынан экен. Эгерде өлкөбүздөгү атуулдардын ички ынанымы, аң-сезими, жүрүм-туруму ыймандуулука негизделген болсо, коомдогу адеп-аклак мынчалык төмөн түшмөк эмес.

Адамдын өзүнүн жеке проблемалары, үй-бүлөдөгү проблемалары жөнүндө илимдин иши жок сыяктуу деген ой келет. Мисалы: 1945-жылы конслагерден бошотулган туткундарды

аман-эсен сактап калууга болобу?-деген суроо туулган. Илим ага жооп берүүгө даяр эмес экен. Сыноо, жаңылуу методу менен дистрофик (арык, чабал, алы кеткен) адамды сактап калуу үчүн, биринчи айрандын сары суусун, андан кийин нан, май берүүгө болорун түшүнүшкөн. Эмне үчүн илимде бул проблема белгисиз эле? Ачка, арык, чабал оорулуу адамдар дайыма эле болушкан да. Анткени илимде конкреттүү маселе боюнча изилдөө иштерин жүргүзүү үчүн, ага социалдык заказ болуш керек. Демек XX-кылымга чейин чабал, арык оорулуу адамдарды сактап калуунун жолдорун изилдөө боюнча илимдин алдында милдет коюлган эмес.

СССРде жана АКШда атомдук, суутектик, термоядролук бомбанын ойлоп табылышы өкмөт тарабынан жакшы иш катары каралган, себеби аны ата-мекенди коргоо максатында керек деп түшүндүрүшкөн. Ата-мекенди коргоо үчүн планетаны талкалап салууга жетишерлик курал керекпи? Хиросима менен Нагасакини бомбалаган мезгилде 102 миң адам өлүп, 385 миңден ашык адамдар оор жарадар болушкан, ал эми миллиондогон адамдар радиациалык нурдан жабыр тартышкан. Ушул фактылар адамзаттын аң-сезимин гуманизмге, ыймандуулукка, позитивдүү ой жүргүзүүнү карай өзгөртө алдыбы?

Чернобыль АЭСинде өркүндөтүлбөгөн, ишенимдүү эмес ядролук реактордун коюлушу аң-сезимдүү кишинин кылар ишиби? Миллион эли бар шаардын жанында ядролук куралды изилдөө (Волгоград, Волжск. Челябинск, Семипалатинск, ) аң-сезимдүү адамдардын кылаар ишиби? Россиялык биофизиктер кылмыштуу сенсордук (сезүү органы менен байланышкан) коммуникация боюнча Новосибирск радиотехника жана электроника институту менен СССРдин МКК (КГБ) бирдикте изилдөө ишин жүргүзүшкөн. Академик В.Казначевдин сөзү боюнча миңдеген адамдарга ал эксперименттин залалы тийген. Мунун физиктердин абийирине тиешеси бар. Аталган фактылар илимий чөйрөлөрдүн “адептик аң-сезиминин” бир аспектиси катары кароого болот. Физиканын тиешелүү бөлүмүн окутууда балдарга ушу фактылар жөнүндө айта кетүү керек.

Азыркы мезгилде физиктердин, астрономдордун тааныла элек учуучу объектке карата мамилеси этиканын эрежелерине туура келбейт. БУУда (ООН) тааныла элек учуучу объект (НЛО) менен байланышкан 70 миңден ашык сүрөт, 120 документалдык кино тасма сакталууда. Акыркы 30 жылда жерге жакын мейкиндикте мындай объектилердин 80миңге жакыны байланышкан. 1967-2000-жылдардын ичинде прессада 160 билдирүү жарык көргөн Ал эми илимдер академиясы мындай проблема жок сыяктуу түр көрсөтүүдө.

Өнүккөн өлкөлөрдө илимдин өзүнө эмес, ошол илимди кыймылдаткан адамга, өзгөчө жаштарга маани беришет. Мисалы, АКШда мектепте окутулуучу программа түзүүдө социумдун талабы эске алынат. Бизде КМШнын билим берүү мейкиндигинин талабы эске алынат. Программа өтө оор болгондуктан, акыл эмгегинен балдар чарчагандыктан, жаңы кылым алдыга койгон көйгөйлөрдүн көптүгүнөн балдарыбыз стресс, депрессия, нерв, ж.б. ооруларга дуушар

болушууда. Нерви бузулган балдар бешиктен бели чыга электе эле агрессияга, ачууга алдырып зулумдукка барууда. Азыр балдардын киши өлтүргөн фактылары бар. Илимдин ушундай тенденциянын өкүм сүргөндүгүнө кайдыгер мамиле жасап, жаңы технологияны өнүктүрүүгө багытталган кандидаттык, доктордук диссертациялар жакталууда. Профессор И.Бекбоевдин ырастоолоруна караганда азыркы мектеп окуучуларынын 95% оорукчал. КМШ дагы окуучулардын абалы ушул эле сыяктуу. Балдардын ушундай абалга жеткендигине карабастан алардын акылын, логикасын, билимин, билгичтигин б.а. интеллектуалдык жактан өнүгүүсүнө камкордук көрүп (программаны кеңейтип, тереңдетип), ал эми балдарды депрессиядан, стресстен коргоого, аң-сезимди негативдүү ойлордон тазалоого жеткиликтүү көңүл бөлүнбөгөндүгү ойлондурат. Ушунун өзүн аң-сезимдүүлүктүн белгиси катары кароого болбойт. “Илим интеллектти өстүрөт. Интеллектуалдуу адам тарбиялап, адептүү адам тарбиялабай коюу коом үчүн коркунучтуу” (Ф.Д.Рузвелт).

Республиканын биринчи президенти А.Акаев – илимпоз адам. Ал кабыл алган Кыргызстан космосту багындырган союздун курамындагы республика болгон. Илими, техникасы, адабияты, маданияты, экономикасы кыйла деңгээлде өнүккөн, айыл чарбалары, өнөр жайы, башкаруунун калыптанган системасы бар республиканы кабыл алган. 14 жылдан кийин айыл чарбасы соко менен жер айдаган абалга жетти, өндүрүштөр токтоду, колхоз, совхоздор таратылды, коррупцияланган жогорку бийлик катмары топтолгон, 2млрд доллар карызы бар республиканы (эл көтөрүлгөндө) таштап качышы аң-сезимдүүлүктүн үлгүсү катары айтууга арзыбайт.

Кыргыз Совет Энциклопедиясында адамдын дили, насили, аурасы, аңы (подсознание), жогороку аң-сезими, акылмандыгы, даанышманыгы, руху ж.у.с. түшүнүктөр киргизилбеген. Демек бул түшүнүктөр илимде анча маанилүү нерсе катары каралган эмес. Адамдын дили, насили, руху, ж.б. терең изилденбеген. Акылмандыкка, даанышмандыкка адам кантип жетишет? Ушул сыяктуу маселелер илимпоздорду толкундандырбаган сыяктуу.

Кыргыз Республикасынын гимнинде “Досторуна даяр дилин берүүгө”- деген текст бар. Адамдын дилин (аны эмоционалдык денеси же астралдык денечеси деп аташат), жанын, денесин психологдор ат чегилген арабага, арабакечке салыштырышат. Ат − жаны, (кыймылдатат, сүйрөйт), араба −денеси (сүйрөлөт), арабакеч−дили (башкарат). Адамдын дили оюна жараша өзгөрөт (А.Свияш). Досуна дилин берген адам, арабакечи жок ат, араба сыяктуу, б.а. башкаруусуз жаны, денеси калат. Досуна дилин берген адам −зомби, ал − максатсыз, келечексиз, үмүтсүз, ишенимсиз, өз алдынча ой жүгүртө албаган бечара, маңкурт. Досуна дилин берген адам − пулту башка адамдын колунда болгон биоробот, ал поталогиянын укмуштуу формасына келген шордуу. Дилибизди улуу державанын өкүлүнө берүүгө даяр болуп жатканыбыз кокусунан эмес, анткени гимн аркылуу адам өзүн программалайт. Республиканын

гимнинде сабатсыздыктын элементи болбош керек. Кыргыз Республикасында педагогика, психология илими боюнча диссертация коргогон (кыргыз) окумуштуулардын абийирине мунун тиешеси бар. Бизде 27 педагогикалык ЖОЖ, УИА, КАО бар. Ушу проблемалуу гимн жөнүндө айтуу эч кимдин оюна келбегендиги таң калтырат. Досуна дилин берүү адамгерчиликин, гумандуулуктун үлгүсү эмес. “Адамзат адамгерчиликтин, гумандуулуктун мыйзамы менен жашаганды үйрөнбөсө, жашап кете албайт”-дейт А.Гусейнов.

“***Илим бир проблеманы чечет да, он проблеманы жаратат”-дейт Бернард Шоу***. Азыркы күндө адептик аң-сезимди өнүктүрүү, ыймандуулукту калыптандыруу боюнча чечилбес сыяктанган проблемага келгенбиз. XX кылымдын аягында профессионалдуу педагогика кризиске келген. Бул кризистен чыгуу үчүн педагог илимпоздордун, практик мугалимдердин, коомчулуктун, мамлекеттин биргелешкен аракети керек. Биз тансформацияланган (бир түрдөн экинчи түргө өткөн) билим берүү системасын түздүк, б.а. терең жана кенен билим берүүгө өзгөчө көңүл бөлүнгөн, тарбия маселелерине жеткиликтүү көңүл бөлүнбөгөн системаны түздүк. Мектептеги балдардын адептик аң-сезиминин төмөндөшүнө, ыймандык кризиске келишине ким жоопкерчиликтүү? Педагогикалык жактан кароосуз калган балдардын көбөйүшүнө, балдар кылмыштуулугунун жыл сайын өсүп жатышына (азыр 42% түзөт), өспүрүмдөр арасындагы бангиликке, аракечтикке, токсикоманиеге (уулуу зат жыттап мас болуу), балдар ичинде сойкулуктун чыгышына, мектепеги чөйрөдө каракчылык (рекет) пайда болушуна, окуучулардын жүрүм-турумунда агрессивдүүлүктүн өсүп бара жатышына, окуучулар арасында ар түрдүү ассоциалдык багыттагы аутсайдердин (проблемалуу уюм) пайда болушуна, балдардын психикалык, соматикалык проблемалары жыл сайын өсүп жатышына ким жоопкерчиликтүү? Мындай абалга жетишибиздин себеби эмнеде? Мамлекеттеги (обьективдүү себеп) социалдык, экономикалык кризис, коомдун адептик, ыймандык кризиске келиши, билим берүү саясатына эч кандай профессионалдык даярдыгы жок саясый лидерлердин кийлигиши (коммунисттик, теңирчилик), илимдин өз алдынча көз каранды эмес боло албай жаткандыгы, алдыңкы лидер илимпоздорубуз адамзаттын окутуучусунун милдетин толук кандуу аткара албай жатышы, акылмандыктын, даанышмандыктын жетишсиздиги, билим берүү министрлигине ж.б. кызматка айрым учурда иштин кызыкчылыгын карабай, бийликтин кызыкчылыгын карап дайындалышы, билим берүү системасына коррупция терең кирип жатышы ж.у.с. себептер бар. Коомдо жогоруда көрсөтүлгөн патология болсо, коррупция билим берүү системасына кирсе, балдар ал чөйрөгө көнүгөт, натыйжада жаңы патологиялуу, коррупцияланган коом түзүүчү инсандар өсүп чыгат. Мындай абалга жетишибиздин дагы бир орчундуу себеби биздин педагогика илими таянган методология менен байланыштуу. Методология деп –тигил же бул илимде колдонуучу изилдөө ыктарынын жыйындысын, илимде таанымдын жана дүйнөнү өзгөртүүнүн методу жөнүндөгү окууну түшүнөбүз [31]. Илимдин

өнүгүшү илимий таанымдын ыктарын теориялык жактан негиздөө зарылдыгын жараткан. Илим бир философиялык окуу аркылуу багытын теориялык жактан негиздейт. Биздин педагогикабыздын методологиялык негизи − марксисттик-лениндик окуу болгон. Марксистик – лениндик окуу жер шарында өзүн философиялык окуу катары практика жүзүндө ырастай алган жок. (В.Канке. Философия. М.2000).

Кыргызстанда 51 ЖОЖдо профессордук окутуучулардын курамын 13,2 миң адам түзөт. Алардын ичинен 849 доктор, 3749 илимдин кандидаты эмгектенет. 2102 мектепте 74миңден ашык мугалим эмгектенүүдө. Алардын баарында негизинен жогорку билимдүү адистер иштешет. Эмне үчүн ушунча профессионал адистер эмгектенген элдин балдарынын адеби проблемалуу? Анткени биздин педагогика таянган методология проблемалуу (автор).

Кыргызстандын жогорку окуу жайларынын бүтүрүүчүлөрүнүн 25% гана жумушка орношо алат. Бир жылда илимди өнүктүрүүгө 74316,6 миң сом (2006) бөлүнөт. Дипломдуу кадлардын 75% жумушсуз жүрсө, орто мектептерде математика, физика, орус тили мугалимине 4399 вакансия бар, анткени мамлекеттин бүтүрүүчүлөргө көзөмөлү жетишсиз. КАОнун жогорку үзгүлтүксүз билим берүү борборунун кызматкери К.Добаевдин социологиялык суроолорунун жыйынтыгына караганда педагогикалык окуу жайлардын студенттеринин 70% мугалим болуп иштөөнү каалашпайт. Демек каржаттын төрттөн бир бөлүгү гана республикабызга керектүү адистерди даярдоого жумшалат. Ал эми каражаттын 75% пайдасыз сарптагандыгын эске алсак, б.а. ансыз да жарды мамлекеттин, ата-энелердин кашыктап чогулткан байлыгын чөмүчтөп чачылгандыгын эске алсак, илимпоздордун чыныгы максаты өлкөнүн экономикасын көтөрүүбү же абалын начарлатуубу деген суроого келип такаласың. Жогорку аң-сезимдүүлүктүн белгиси ушубу? Адептүүлүк деп ушуну атайбызбы? Эмне үчүн бүтүрүүчүлөр көзөмөлдөнбөйт? Эмне үчүн жумушсуздуктан чыгуу маселелери изилденбейт? Эмне үчүн конкретүү чара колдонулбайт? Эмне үчүн жөнөкөй үтүк оңдой албаган физиктер, дил баянын жаза албаган тилчилер бар? “Мугалимди разводить этиш керек”(пара берип, баа алуу)-деген сөз кайсы чөйрөдөн чыкты? Бизде илим өнүгүү жолундабы? Эгер андай болсо, эмне үчүн жаңы муундагы компьютерлер, жаңы сапаттагы техникалар, жаны технологиялык жетишкендиктерди пайдаланып, жеңил өнөр жай товарлары ж.б. бизден чыкпайт? Элге илимдин кандидаттарынын, докторлорунун санынын өсүшү эле керекпи? Эгерде элдин интеллектуалдык потенциалы өсүп жатса, эмне үчүн дүйнө элине профессионал адистерди даярдап, кризистен чыгуу боюнча сунуштар айтылбайт? Эмне үчүн биринчи президентибиз аң-сезимдүүлүгүнүн жогорулугу менен өзгөчөлөнбөй тарыхта калды? Азыр бизде илимпоздорубуз көп, коомубуз паталогиялуу, экономисттерибиз көп, экономикабыз өнүкпөгөн, юристерибиз көп, криминал гүлдөп жатат, жазуучуларыбыз көп, элибиздин адептик-рухий дүйнөсү проблемалуу.

Доктор Ж.Назаралиевдин пикири боюнча: “Окумуштуулар ыбыздын 90% предметти терең изилдебестен, илимдин өнүгүүсүнө конкретүү салым кошпостон, акча, кошомат, бешбармак аркылуу диссертация коргошот, наам, кызмат алышат. Ошондуктан алардын көпчүлүгү эмоцияга жендиришет. Алардын билими, интеллектуалдык потенциалы, профессионализми төмөн, амбициясы жогору, сезими агрессивдүү”.

Белгилүү философ Н.Бердяев: “Техникалык цивилизация маңызы боюнча импрессиониздүү (XIX кылымдын ортосунда адабиятта пайда болгон, реализмди четке каккан, айрым кишинин элесин чындык катары берүүгө аракет кылган, коомдук маселелерден четтеген, формага көп көңүл бөлгөн, мазмунга зыян келтирген багыт). Ал коом инсанды таанып билгиси келбейт, адамдын активдүүлүгүн талап кылат, бирок анын инсан бойдон калышын каалабайт”-деген. “Адам чөйрөнүн продукту” (Маркс). XX кылымда илимий-техникалык прогресстин продукту катары жаңы адамдын тиби пайда болду. Бул типтеги адам сезимин, эмоциясын көрсөтпөйт. Педагогикалык адабияттарда мындай типтеги адамдарды −“адам-робот”, “адам-машина”, “баалуулугу жок адам”-деп атайт. Мындай балдар мектептерде бар. “Андай өспүрүмдөр кыйратууга, бүлдүрүүгө, сындырууга, кулатууга буйрук берсе, ойлонбостон, эмне кылып жатканын түшүнбөстөн бүлдүрүүгө даяр болушат”-деп ырастайт Н.И.Дереклеева. “Анын коомго керектелген киши болушу эле манилүү, ал катаал, кара мүртөз, бетпактык иш жасоодо активдүүлүккө даяр” [40]. Мындай каармандар телекөрсөтүүдө негизги каармандар болушту. Алар дүйнө жүзүндө саякат кылып жүрүшөт.

XXI кылымынын башында интернет доору жаңы типтеги адам алып келди. Булар − маалымат талапкерлери, техникадан көз каранды, укумдан тукумга келе жаткан асыл-нарк, тартип, традиция ж.б. менен иши жок, өзү азыркы каалоосунун кулу болгон адамдар. Интернетке берилген бала жашоого катышканы менен ага кайдигер, өзүн кайталангыс инсан катары сезген, өзүн жоготуу коркунучу бар болот. Компьютердик оюндарда коркунучтуу жандык шаарды талкалап, адамдарды кумурскадай тепсеп, бүлгүн салган, агрессиясы жогору пргораммалар да бар. Мисалы Роланд Эммерих тарткан “Годзилла” тасмасы. Анда системалуу ойногон бала: “Эң жакшысы ал жакта бири-бириңди аткылап өлтүрөсүң. Куралга код жазаса да болот. Мина койсоң үй жарылат. Анан террорлор же коптор болуп ойносоң жакшы”-дейт. Бир канча жылдан бери айрым тармактык оюндардын ээлери отуз-кырк миң сомдон байге коюп, мелдеш уюштурууда. Мунун айынан балдар үйүнө, мектепке келбей калышат. Мындай балдар азыр миңдеп саналат. Бул проблема кимдин абийирине тиешелүү? Компьтердик оюндардын баланын психикасына таасири бар. Компьютердик оюндардын натыйжасында тапкан психикалык проблемалардан чыгуу ыкмалары педагогикада толук изилдене элек.

Илимде, искусстводо, адабий чөйрөдө көп адамдар алдына улуу максат коюп, рухий ишмердүүлүгү аркылуу ийгилик жаратышкан. Алар ийгиликке жетсем бакытка жетем деген

үмүт менен аракеттенишкен, бирок ийгиликке жеткен соң жөнөкөй момун, карапайым, оор басырыктуу, токтоо, сабырдуу, уяттуу адамдарга суктанган учурлар болгон. Мисалы, В.Шукшин бир аңгемесинде казына башчысы жөнөкөй балыкчыга суктангандыгы жөнүндө жазат: “Кичинекей тосмо менен балык кармады, ырахаттанып жашады, азап, түйшүк тартпады, бирок кубанганды билет, а менчи? Кубанганды унутуп калдым. Ийгилик, байлык адамга бакыт гарантиялай албайт. Адамдын өмүрү бактысыз болсо ийгиликтин, байлыктын баалуулугу кайсы?”

Прогресстин алдыңкы көчүндө кетип бара жаткан элдер (Европа) индивидуализмди тандап алышкан. Анын арты − эгоизм, рухий кризис. Эгерде коомдун ишин алдыга жылдырган, прогресстин булагы жамандык болсо, шаарлар адам сөөгү аркылуу курулса, прогресс жолундагылар кара ниеттүү эгоист болушса, адамдын кубанычы кайсы? Жамандык менен чаташкан прогресс – жамандыктын булагы болот. Эгерде адамзат (материалдык жактан) кыйналып-кысталып жашаса да, адептик аң-сезимдүүлүгү өнүгүү жолунда болсо, адамдардын бири-бирине ниети ак, альтруист болсо, мындай жолдун эмнеси жаман? Ушул эки багыттын туурасын тандай албаганыбызга биздин адептик билимибиздин жетишсиздиги менен байланыштуу болушу мүмкүн. Билим адамга багыт берет. “Биздин коомдун адептик маданиятына этиканын таасири өтө чектелүү, бирок ар бир ой жүгүрткөн адамдын этикалык билими болгондо коомдун адептик маданияттуулугу жогоруламак”[37].

Белгилүү ойчул Сократ “Мен эч нерсе билбесимди билем” деген, б.а. парадоксалдуу формулировка (кыскаа айтылган ой) айткан. Бул парадокс токтоо, билимдүү, сабырдуу, акылман, ойчулдун айткан сөзү. Эгерде адам дүйнөнүн түбөлүктүүлүгүн билсе, ал парадоксалдуу жолдо. Бул билимине сыймыктанган адамдын парадоксу. Биз көбүнчө бир нерсени “билем” деп ырастаганга көнгөнбүз. Бир нерсени “билем” деп ырастоо терең билимдүүлүктүн белгиси эмес, чындыгында аны толук билүү мүмкүн эмес. Билимдер илим өнүккөн сайын толукталып туруучу нерсе экен. “Билем” деп айтуу кучагыбызга батпас ааламды “батырдым” деген сыяктуу.

Адам өзүнүн теориялык билимине, тажрыйбасына, акылына таянат, жыйынтык чыгарат. Чыгышта Бируни, Батышта Коперник дүйнө гелиоборбордуу система экендигин ачкандан кийин геоборбордуу система жөнүндөгү идея актуалдуулугун жоготподу беле. Ньютондун заманынан баштап Эйнштейндин ачылышына (салыштырмалуулук теориясына) чейин адамзат ишенип келген илимий ырастоолор, толук эмес түшүнүктөр системасына айланбады беле. Илимде жаңы ачылыш мурункуну төгүндөйт же толуктайт же ырастайт. Илимдин өнүгүү тарыхында ушул сыяктуу көп фактыларды адам билсе да, өзүнүн акылына таяна берүүсүн улантууда. Чындыгында дүйнө тааным, билим алуу маселесине келгенде адамдын акыл дарамети чектелүү. Биз акылга таянуу туура эместигин, өзүбүздүн алсыз экенибизди

мойнубузга алганыбыз оң. Алган билимибизди бүлдүрүүчү курал жаратууга жумшап, адамзат өзүн-өзү жок кылып жиберүү коркунучуна келип калса да, адам акыл-эсине таянуусун үзгүлтүксүз улантууда. “Биз азыр ичүүгө жарактуу эмес, адамды өлтүрө турган суу чыгуучу кудук казып жатабыз”-деп жазат А.Гусейнов (Золотая правило нравственности. М. 1988).

Азыркы цивилизация гуманитардык туюкка кептелди. Эмне кылыш керек? Демек туура эмес ойлонгонбуз. Жаңыча ойлонууга үйрөнүү керек. Биздин көз карашыбыз туюк жолго алып келсе, аны өзгөртүү керек. Адамдын адамгерчилиги, ыйык сезимдер, түбөлүктүү баалуулуктар бар да. Адамгерчиликтүү иш жасабаган адамгерчиликтин ырахатын сезбейт. Моралдык жактан жакшылыктуу аракет кылбаган адам, моралды толук кандуу таанып биле албайт. Адам таанып билүү менен өзү өркүндөсө өркүндөп жатып таанып билет. Моралдык принциптердин негизинде жашагысы келген адамдын өз чындыгы, өз ырахаты болот.

“Цивилизациянын чыныгы көрсөткүчү − байлыктын, билимдин деңгээли эмес, шаарлардын чоңдугу эмес, түшүмдүн молдугу эмес, өлкө тарбиялаган адамдардын жүзү болуп саналат”-дейт Р.Эмерсон.

**Адептик аң-сезимдин калыптануусунда чөйрөнүн ролу.**

Сабизди туздалган сууга салып койсо кычкыл, кумшекерге салып кайнатып койсо, таттуу болуп калат. Ошол сыяктуу эле баланын адептик аң-сезиминин калыптанышына ал жашап жаткан балдар коллективинин, социалдык чөйрөнүн таасири чоң. Өнүккөн балдар коллективи баланын өнүгүшүнө өбөлгө болот, анткени коллектив ичиндеги балдар, өз ара мамиле түзүү аркылуу бири-бирине адептик аң-сезимди өнүктүрүүчү иш-аракетке тартып турушат. Коллективдеги ар бир окуучу өз алдынча ойлонуп, чечим чыгарып, аракет кыла билсе, аны өнүккөн коллектив деп аташат. Балдар коллектив ичинде төмөнкүдөй аракеттерди жасашат:

−моралдын турмуштагы маанисин түшүнүүгө;

−адептик аң-сезимди өнүктүрүү боюнча аракеттин багытын аныктоого;

−моралдык туруктуулукка үйрөнүүгө;

−азгырыкка, жамандыкка каршы турууга;

−адамга карата мээримдүүлүккө, ырайымдуулукка, кайрымдуулукка үйрөнүүгө;

−кичи пейилдүүлүккө ж.б. үйрөнүүгө.

Коллектив ичинде адепсиз жүрүм-турум айыпталат. Андан баш тартууга көндүрөт. Балдар адабий, тарыхий, саясый, эстетикалык, этикалык, укуктук маселелерди камтыган материалдарды окушат, бири-бирине үйрөтүшөт.

Баланы чөйрө ичиндеги моралдык нормаларга үйрөтүү кыйын. Анткени алар жашаган микрочөйрөдө, көчөдө, улуу муундагылардын арасында жүрүм-туруму нормадан четтеген адамдар бар. Баланын адептик тажрыйба топтошуна алар терс таасирин тийгизишет. Алардын бейгамдыгы, ишке көңүл коштугу, оройлугу, карасантайлыгы, уятсыздыгы,

(кыргыздын канына сиңген) жалкоолугу ж.б. адаты балага терс таасир тийгизет. “Сыныктан башканын баары жугуштуу” демекчи, балага терс сапат тез жугат. А.С.Макаренконун сөзү менен айтсак: “Бул областта баланы тарбиялаш эмес, кайрадан тарбиялаш керек болот, ал кыйын процесс”. Проблеманын татаалдыгы баланын коомго, элге, адамга мамилеси, алардын балага мамилесинен көз каранды. Бала жамандыкка жамандык кылса, жаман адатка көнөт, жамандыкка жакшылык кылганы (уятсызды урматто, ууруну колдоо ж.б.) туура эмес. Мамиледеги көз карандылыктын бузулушу адептик сапаттын бузулушуна, мүнөздүн бузулушуна, дисгармонияга алып келет. Дисгармониянын натыйжасында бала эмгек кылганы менен, адамдын кайгысына кайдигер болуп, үй-бүлө мүчөлөрүнө кайрымдуу болгону менен, өзгөлөргө пайдасыз болуп чоңоёт. Көчөнүн терс таасирин нейтралдаштыруу татаал тарбиялык процесс. Адептик аң-сезимдүүлүк дегенибиздин өзү − жаманды жакшыдан, акты карадан, калпты чындан ажырата билүү (сезүү), ошондой эле шовинистти (улутчулду) интернационалисттик мамилеге үндөө, коркокту патриотизмге үйрөтүү, өзүмчүлдү альтруизмге үндөө, жалкоону демилгелүүлүккө үндөө, жек көрүүнүн “сазына ” баткан бечарага гумандуу мамиле жасоо. Буга жогорку аң-сезимдүүлүк керек.

Балдардын адептик аң-сезиминин калыптанышына өлкөдөгү саясый, мыйзамдык, идеологиялык ж.б. туруктуулуктун (туруксуздуктун) мааниси аз эмес. “ Эгерде мамлекеттик саясат, жаман ой, жеке кызыкчылык, туура эмес идея менен куралданса, коомдун ой соолугу бузулат. Коом, улут, мамлекет жетекчиликке алган фашизм, рассизм, империялык үстөмдүк, шовинизм, ашынган улутчул апортоид, терроризм дүйнөгө, элге, жамандыкты, кыйроолорду алып келээрин тарых далилдеп келет”-деп жазат С.Байгазиев. Коомдун ой соолугу бузулса, анда жашаган бала ой соолукту (тазалыкты) кимден үйрөнөт? Азыркы шартта ой соолуктун бузулушуна карата (себепке) мисал келтирели. “Алас”№10.15.03.07. “Кыргыз жайма базары” деген макаласында Y.Касымбеков мындай дейт: Кыргызстанда баары сатылат. Тапанчадан танкага чейин, килкадан китке чейин сатылат. Аны уялбай, этпей эле сатышат. Саясый базар кайнап турган кези. Жогорку кеңештин биржасында кызмат орундар, сот, министирлик, директорлук, банкирлик, өндүрүш обьектилери, алтын, атүгүл мыйзам да сатылат. Бир депутаттык мандат 100 миң доллар, 20миң дүңү менен базарга чыгыптыр, сатылып кетсе парламент шал болуп иштебей калмак. Түрмөгө түшкөн кылмышкерди азат кылуунун наркы оңой эмес, Саясый партиялар сатылат, эл оозуна алынып калган партиялар жакшы өтөт. Ак үйдө жайгашкан жабык элитардуу базар бар. Ал башка базарлардан кымбатыраак. Буга окшогон маалыматтар гезитте күнүгө чыгат. Биз жогоркуларды туура деп ырастаган жерибиз жок, төгүндөбөйбүз да. Маалымат адамга ой салат. Айрым балдар буга ишенет. Балдардын ой соолугуна ким кам көрүшү керек? Жогоркулардын адебин ушундай элестеткен балдардын адеби кандай болот?-демекчибиз.

Хирург операция жасап жаткан мезгилде жаңылса, адам ошол замат өлөт. Педагогдун ишиндеги жаңылыштык адамдын өмүрүнө ошондой эле коркунучтуу, анткени өз убагында байкалбай калган педагогикалык, психологиялык проблемалар (түбөлүктүү баалуулуктардын түшүндүрүлбөй калышы, керектүү маалда берилбей калган маалымат, бала муктаж болуп турганда көргөзүлбөгөн жардам, билиминдеги жана жүрүм-турумундагы коррекцияланбаган иштер), көз карашынын калыптануу багытындагы проблемалар акырындык менен топтоло берет. Баланын өсүү жолуна түшүүсүнө шарт түзүлбөсө, кырдаал аны регресс жолуна салат. Регресс жолун акырындык менен ишке ашчу өлүм –деп аташат психологдор. Хирург адамдын денесиндеги патология менен күрөшсө, педагог адамдын жаны, руху, дили, насили, б.а. ички дүйнөсүндөгү патология (аң-сезимдеги, көз карашындагы, сезимдериндеги ж.б. проблема) менен күрөшөт. Педагогдун иши да − операция сыяктуу кылдат иш. Биздин коомдун оорулуу болуп жатканынын себеби, жарандарыбыздын көпчүлүгү бир мезгилде педагогикалык жактан жеткиликтүү каралбай чоңоюшкан. Хирург операция жасап жатканда, дарылоо процессинде анын аракетине эч ким кийлигишпейт. Педогогдун ишине кийлигишкендер жетишээрлик көп. Бул туура эмес. Мисалы, президентти, депутаты, сотту шайлоо, ички иштер бөлүмү, шаардык, областтык, республикалык саясый иш-чараларды (референдум) уюштурууда мектепти милдеттендирүү, жергиликтүү бийликтин кийлигишүүсү, саясый идеологиялык жактан багыт (коммунисттик, теңирчилик,) таңулоо. Президентти, депутатты шайлоого агитациялоо үчүн саясый “кухняга” кирүү керек, ал таза эмес, анын абийиринде күндө бир чындык өлөт. Бирөөлөрдү пир тутуш керек болот. “Пири көп элдин кири көп болот” (кытай макалы). Абийиринде күнүгө бир чындык өлгөн педагогдун өзүнүн аң-сезими проблемалуу болот. Бул биринчи аспекти. Мугалимдин ансыз да жетпей жаткан убактысына алардын залалы тийет, алагды кылат, чарчатат, психологиялык жактан басынтат. Бийликтегилер кызмат абалынан пайдаланып өз ишин бүтүрүү үчүн мугалимди милдеттендирип, анын чыныгы милдетин аткарууга жолтоо болот. Өзү чарчаган, басынган мугалим өзүнүн педагогикалык чеберчилигин өркүндөтүүгө убактысы жетпей, изденбей, чыгармачыл аракети жок калат. Педагогдун ишин уюштурууда да хирург сыяктуу толук эркиндик берилиш керек. Биздеги реалдуулук мектепке терс таасирин тийгизүүдө.

СССРдин тушунда окуучулардын адептик аң-сезимин жогорулатууга жеткиликтүү шарт болгон эмес деп ырасташат көрүнүктүү адистер, анткени коом регресс жолунда болчу-дейт. Мисалы профессор А.И.Кургановдун эсептөөлөрү боюнча социализмди куруу үчүн Россияда 26,2 млн. адамдын өмүрү курмандыкка чалынган. Кыргызстанда 0,5 млн. адам репрессиядан курман болгон. Советтер Союзунда 1989жылкы 16 жашка чейинки өспүрүмдөрдүн кылмыштуулугуна көңүл бөлөлү: (Положение детей в СССР. Состовитель Е.М.Рыбникова. М.1990).

| Кылмыштуулуктун түрү | Саны |
|---|---|
| Ар кандай майда кылмыштар | 214378 |
| Адам өлтүрүү, өлтүрүү үчүн кол салуу | 718 |
| Аң-сезимдүү оор майып кылуу | 1462 |
| Токойго зыян кылуу | 4156 |
| Зордуктоо же зордуктоо үчүн кол салуу | 3296 |
| Талоончулук | 16164 |
| Мамлекеттик мүлктү уурдоо | 29519 |
| Жеке мүлктү уурдоо | 101197 |
| Зөөкүрлүк, кисапирлик | 17082 |
| Баңгизат менен кармалуу (наркобизнес) | 1494 |
| Автомашина айдап качуу | 23489 |
| Башка кылмыштар | 6855 |
| Бардыгы | 223908 |

Күнүгө (орто эсеп менен) 1507 никесиз бала төрөлгөн (1989). Кылмыш кылгандыгы үчүн күнүгө 2625 бала ички иштер бөлүмүнө жеткирилген. 611 ар кандай майда кылмыш катталып, 245бала элдик сот менен соттолгон. 207 бала үйдөн качып кетчү, 1411бала ИДНге учетко алынган, 2 адамды өлтүрүү, 11автомобиль уурдоо, 64 үй тоноо, 358 мамлекеттик же жеке буюм уурдоо катталган. Күнүгө 7323 никеге туруу, 2602 ажырашуу катталган. Күнүгө 2124 бала толук эмес үй-бүлөдө калган, 53 бала балдар үйүнө өткөрүлгөн, 27 ата-эне укугунан ажыратылган. Күнүгө 842 (14чейинки) баланын өлүмү катталган.

СССРда бир жылда төрөлгөн 5238810 баланын 584096 бу дүйнөгө оорулуу келишкен, бир жылга чейин анын 132978 чарчап (өлүп) калышкан, 18ге чейинки 219730 бала каза болгон. СССР беш жашка чейинки балдардын өлүмүнүн коэффициенти боюнча дүйнөдө 40чы орунда турган (б.а. ар бир 1000 баланын СССР-32, АКШ-13, ФРГ-10, Япония-8 ж.б. чарчаган). 2673056 түгөй никеге турса, 949796 ажырашуу катталган (б.а. 100никеге 35,5 ажырашуу туура келет). 1988 жылы 6,8млн. адамга алимент төлөөгө чечим иштеген жерине жөнөтүлгөн. Бул − регресс жолундагы коом. Мындай шартта жогорку аң-сезимдүүлүктү өнүктүрүү кыйын, ыймандын ыйыктыгы жөнүндө сөз болушу мүмкүн эмес. “Коом регресс жолунда болсо, адамдын аң-сезими дегредацияга кетет, регресске бара жаткан адамдар адептик, рухий

жактан пас боло баштайт б.а. бири-биринен көз каранды”- деп ырастайт О.Т.Торсунов [25].

Жумушсуздук жөнүндө кыскача айта кетели. Жумушсуздук коомдук аң-сезимдин төмөндөшүнө себеп болот, анткени жумушсуз адам бекерпоздукка көнөт, ал эми иштеп жаткандардын эртеңки күнгө ишеними жок болгондуктан эптеп ордуна кармалып туруу үчүн жетекчиге кошомат кылат, айрым жетекчи өзүн өзгөчө, тандалган адам сыяктуу сезет, текеберленет, манчыркайт.

Статистикалык маалыматка караганда бизде 2005 жылкы ишке жарамдуу жаштар −1111,1миң адам, ишке орношкону − 985миң, жумушсузу − 125,8миң. Эл аралык миграция боюнча чет өлкөгө жумуш издеп чыккан 14601 адамдын 47% жаштар. 28501 адам жыныстык катнаштан оорулуу болсо, анын 20752 жаштар. 2006-жылдын биринчи чейрегинде 14 жаштан 34 жашка чейинки жаштар 2195 кылмыш кылгандыгы катталган.

Түрдүү тарыхый кырдаалга ылайык адеп-ахлак нормалары өзгөрүүгө учурап турат. Ошондой эле адептүүлүк таптык мүнөзгө ээ. “Бардык мезгил үчүн, бардык элдер үчүн бирдей, өзгөрүлбөгөн адептик нормалар болбойт. Жакшылык менен жамандык жөнүндөгү түшүнүк элден элге, кылымдан кылымга ушунчалык өзгөрүүгө учурап турат дейсиң, көп учурда алар бири-бирине тике карама-каршы мүнөзгө өткөн”- деген ойго келет Ф.Энгельс (Спингер С.т “Левый мозг, правый мозг. М. 1983). Африкадагы канибал (киши жегич) адамдын этин жеш адептүү көрүнүш деп эсептейт. Байыркы гректер менен римдиктер кулчулукту нормалдуу көрүнүш деп эсептешкен. Адептүүлүк жөнүндөгү түшүнүк элдин социалдык абалына жараша болот. Революциядан мурда бизде кыз-келиндин себепсиз үйдөн чыгуусу адепсиз көрүнүш деп эсептелген. Совет доорунда алар социализмдин активдүү куруучулары болушту. Демократиялык шартта дүйнө жүзүнөн товар ташып келип жатышат. Демек коом өзгөрсө, адамдын коомдогу мамилелери, социалдык абалы, адептүүлүк нормалары өзгөрүүгө дуушар болуп турат б.а. коомдук аң-сезим да, адамдын аң-сезими да өзгөрөт.

Адептик аң-сезимдүүлүккө тарбиялоо өтө татаал көп кырдуу, карама-каршылыкка бай процесс. Чөйрө менен тарбиячынын талаптарынын ортосундагы карама-каршылыктар кездешет. Кээде баланын талабына тыюу салынат. Катуу жазадан корккон бала каалоосун тыят. Тыюунун себеби түшүндүрүлбөй калса, жаза коркунучу жоголору менен ал каалоосун канааттандырууга умтулат. Мындай кылык чоңдорго жакпасын билип, түрдүү куулук, шумдуктарды ойлоп таап айтып, ата-энесин, чоңдорду алдай баштайт.

Эркин таалим тарбия көрбөгөн кыз-уландар чөйрөнүн таасиринен шаарга келгенде терс жолго түшүп кетип жатышат. Мындай коркунучтуу жолдун себебинин бири − баланын бүт каалаган талабын аткарууга умтулуусу. “Балаңды бактысыз кылам десең, бүт каалаганын аткар”-делет. Адамды тескери жолго салчу себептердин бири − анын каалоосу. Кытайлыктар жаман көргөн кишисин “Каалаганың ишке ашсын”-деп каргашат. Кыргыздар нааразы болгон адамга: “жолуң болсун”-дешет. “Кудай каалаганымдын ишке ашуусунан сакта”-дешет арабдар, анткени каалаганы ишке ашкан бала ойлонбой калат, ойлонбогон бала өнүкпөйт. Өнүкпөгөн бала регресс жолуна түшөт. Муну балдарга түшүндүрүү керек.

Кыргызтанда жашаган жарандардын өнүгүп-өспөй жатышынын негизги себептери кайсылар?

1)Өлкөдөгү саясый-экономикалык проблемалар (өндүрүштөрдүн токтошу, айыл чарбасында жер, мүлк бөлүштүрүүдө теңсиздик, чарбасыздык, мыйзамдардын иштебей жатышы, каражат камсыз кылуунун кескин төмөндөшү);

2)Адептик-рухий проблемалар (кайдыгерлик, намыссыздык, аң-сезимдүүлүктүн төмөндөшү ж.б.);

3)Социалдык проблемалар (үй-жай маселеси, жумушсуздук, үй-бүлөдөгү ашынган көрүнүштөр, аш-тойлордогу ашыкча чыгымдар, ыксыз атаандашуу, куру намыс ж.б.);

4)Тил маселеси (өз тилди өгөйлөө, өңгө тилди өз тутуу, эне тилде илимий-популярдуу колдонмолордун жетишсиздиги ж.б.);

5)Конфеденциялдуу кризис (бир элдин көп сектага, динге бөлүнүшү, карама-каршы пикирлердин көбөйүшү, ыймансыздык);

6)Илимдин кризиси (илимий чөйрөгө протекция, коррупция кириши, ар кандай кризистердин табийгаты, себеби изилденбей, анализденбей, кризистен чыгуу жолдору аныкталбай жатышы, бирөөлөргө “заказ берип” диссертация жаздыруу, “жең ичинен тил табышуу”, изилдөөнү сынактан өткөрүүгө, китеп чыгарууга каражат бөлүнбөй жатышы, мыкты кадрладын башка тармакка айлыктын аздыгынан кетүүгө аргасыз болушу ж.б.).

Кризистин натыйжасы:

─деградацияга кетип бара жаткандар бар (аракечтер, баңгилер ж.б. )

─регресс жолуна түшкөндөр бар (кылмыш ишине катышкандар, девиантуу б.а. нормадан четтеген жүрүм-турумдагылар);

─психологиялык-соматикалык проблемалар бар (стресс, депрессия, невроз, СПИД, сифилис, ж.б.)

─моралдык жактан бузулуу (сойкулук, бачабасарлык, лесбиян) ж.б.

**Адептик аң-сезимдин калыптанышында мектептин ролу.**

Эмне үчүн бирдей шартта, бир эле мазмун сунуш этилген, бирдей тарбия-таалим көргөн, бирдей талап коюлган балдардын жүрүм-турумдары ар башкача? Тышкы таасирдин натыйжасында баланын адептик аң-сезиминин өнүгүүсүн аныктоочу формула жокпу? Окуучу айтылган нерсенин барын өзүнө сиңирген зат сыяктуу эмес. Адептик аң-сезимдин маңызын түшүнүп, баамдабаса педагог окуу-тарбия процессин туура уюштура албайт. Белгилүү психолог, бихевиорист (жүрүм-турум жөнүндөгү окуу) Локк: "Реалдуу педагогикалык процессте мугалимдин ар кандай формадагы тарбиялык демилгесине баланын реакциясы оң, кайдыгер же терс болушу мүмкүн"- деп ырастайт. Мисалы, окуучу мугалимди угат, анын айткандарына макул болот. Бирок аңгемеден кийин мугалим айткан эрежени бузуп, өз билгенин кылышы мүмкүн. Эмне үчүн бир эле тарбиялык мазмунга балдардын реакциясы ар башкача? Анткени алар сырткы таасирдин пассивдүү продукту эмес, сырткы таасирди өздөштүрүү деңгээлине жараша баланын аракети болот. Баланын адептик аң-сезиминин өсүшү сырткы таасирден ички ынанымга өтүшүнө чейин кабыл алуу, түшүнүү, өз демилгеси менен аракет кылуу, андан ырахат алуу процессинен өтүш керек.

Белгилүү орус философу Г.С.Батишевдин ою боюнча: "Адамды буюм өндүргөн сыяктуу "калыптандырууга", аспап жасаган сыяктуу жасоого мүмкүн эмес, анткени ал сырткы таасирдин пассивдүү продукту эмес, аны өздүк иш аракетке кызыктыруу, түрткү болуу керек б.а. анын өзүнүн арекети керек. Биолог С.Л.Рубинштейндин ою боюнча; "Сырткы таасирди ар түрдүү балдар ар башкача кабыл алышат, себеби ички генезиси (чыгышы, өнүгүүсү), детерминизми (адамдын эрки, жүрүм- туруму, себеп-натыйжага байланышы боюнча мыйзам ченемдүүлүктү таануу жөндөмү) негизинде өнүгөт. Сырткы шартка, таасирге балдардын субьективдүү позициясы ар башка, анткени алардын түшүнүүсү, өздөштүрүү темпи, кызыгуу чөйрөлөрү бирдей эмес.

Эгерде адамдар өткөн муундун адептик эрежелерин өздөштүрүү менен гана чектелсе, адамдын аң-сезиминде эч кандай өнүгүү болмок эмес. Коом өзгөрсө кыйынчылыкка карабастан адамдын жүрүм-турум эрежелерине өзгөрүүлөрдү киргизет. Азыр советтик доордогу тарбиялоо тематикаларынын, жүрүм-турум эрежелеринин айрымдары актуалдуулугун жоготуп койбодубу. Мисалы, социалисттик патриотизм, коммунистик саясий аң-сезимдүүлүк, коммунисттик идеаларга берилүү, Лениндин үлгүсүндө тарбиялоо, капиталисттик (буржуазиялык) жүрүм-турум эрежелерин сынга

алуу, коммунисттик мораль, пионердик уюмдун иши аркылуу адептик аң-сезимдүүлүккө үндөө, пионер дворецин менен байланыш, комсомолдор уюмунун ж.б. актуалдуулугу жоголду.

Эч качан актуалдуулугу жоголбой турган нерселер да бар. Мисалы, ыймандуулук, ак ниеттүүлүк, абийирдүүлүк, адилеттик ж.б. Мектептеги (класстагы) санитардык абалга кам көрүү, имаратын (кабинетин) эстетикалуу жабдуу, окуучулардын өздүк гигиенасы, балдардын коомдук буюм-теримге этияттык мамилеге үйрөтүү, тартип, ж.у.с. да керек. Залдагы, коридордогу, окуу кабинетиндеги симметриалуу же ассиетриалуу илинген дубал газеталар, плакаттар, класстык бурч, кулактандыруулар ж.б. эстетикалуу жасалгаланышы, анда чагылдырылган мазмундуу материалдардын тарбиялык мааниси бар. Танапис маалында дежурлар коюлуп тартиптин көзөмөлдөнүшү, кышында кийим чечкич жайда дежур көзөмөлдөшү, коомдук жерде өзүн өзү алып жүрүү адебине үйрөтөт . Расписание оптималдуу түзүлсө ар кайсы класста ар башка мезгилде сабак бүтөт, демек кийимдерин түртүшпөй алып, маданияттуулукка көнүшөт.

Педагогикалык коллективдин мүчөлөрү мектепте өз ара бири-бирин толуктап, чыгармачыл биримдикте эмгектенишет, бири-биринин ишин ийгиликтүү болушуна көмөктөшөт. Ансыз окуу-тарбия процесси ийгиликтүү жүрбөйт. А.С.Макаренко: “Бир да мугалим, тарбиячы мектепте жалгыздап аракет этүүгө укугу жок, алар бирдиктүү коллективге бирикпесе, коллективдин бирдиктүү планы, жүрүм-турум адеби, балага мамиле кылуусу бирдиктүү болбосо, ал жерде тарбиялык процесс максаттуу болушу мүмкүн эмес”-деген. Ынтымактуу педагогикалык коллектив түзүү администрациянын милдети. Тарбия процессинин ийгиликтүүлүгү ар бир мугалимдин аң-сезимдүүлүгүнөн, ар кимисинин шыгына жараша чыгармачыл коллективге өз үлүшүн кошуу менен биригүүсүнөн көз каранды. Бир мугалим көркөм өнөр чыгармачылыгын жакшы уюштурганды билсе, бири сүрөт өнөрүн, башка бирөө колу чебер болгондуктан моделдештирүүгө балдарды кызыктыра алат, төртүнчүсүнүн педагогикалык такт сезими, сылыктыгы өнүккөн, ал балдар менен жакшы мамиле түзгөнгө чебер, ойлоп табуу жөндөмү өнүккөн мугалим иштин чыгармачыл формасына өз салымын кошуп, байытып, балдарды ойлоп табуучулук чебердигин өстүрөт ж.у.с. бирдиктүү аракет керек.

Ар бир мугалимдин чыныгы максаты жалпы коллективдин ишинин ийгиликтүү болушуна, жолдоштук мамилеге, кызматташтыкка, шериктештикке. өнөктөштүккө умтулуу болуу керек. Мугалимдердин өз ара атаандаштыгы, тең тайлашуу, эрегишүү, тартышуу, балдардын астында беделин төмөндөтөт. Педагогикалык коллективде өз ара

тилектештик болбосо, адептик аң-сезимди, өнүктүрүү жөнүндө сөз болушу мүмкүн эмес. Мугалимдердин өз ара мамилесин балдар сезишет, мугалимдердеги (мамилесиндеги) дисгармония баланы иренжитет. Ачык айтпаганы менен, балдар өз ара пикир бөлүшүп, мугалимдерди айыпташат. Ошондуктан коллегалар менен өз ара мамиле түзүүдө майдачыл болбой, айкөлүрөөк, кечиримдүү болуп, жогорку адептүүлүктүн, маданияттуулуктун үлгүсүн көргөзүп, бири-биринин кишилик кадырын урматтап, артыкчылыктарын баалай билиши керек. К.Д.Ушинскийдин пикири боюнча "Эч кандай устав, программа, китеп ж.б. адептик аң-сезимди өнүктүрүүдө инсанды алмаштыра албайт. Тарбиячынын инсандык сапаты окуучунун инсандык сапатына өтөт. Инсан гана гана аракеттенип инсанды өнүктүрөт, мүнөз гана мүнөз түзөт". Анткени жүрөктөн чыккан сөз гана жүрөккө жетет.

Мектептин адептик соо климатынын дагы бир компоненти − бири-бирине көмөктөшүп, толуктап, рухий жактан байытып турган окуучулар коллективи. Бирөөнү түшүнүш үчүн өзү ошол этаптан өтүш керек, ал сезген күчтүү эмоцияны сезип, ойлогон оюн ойлош керек, бул өсүүгө пайда. Бирөөнүн адептик тажрыйбасын өз тажрыйбасы менен салыштыруу да баланын өсүшүнө пайда. Коллектив ичиндеги иш боюнча мамиле түзүп, бири-бирин көзөмөлдөө, өз ара жардам, жолдоштук сын айтуу да өсүүгө пайда.

СССР бөлүнгөндөн бери Кыргыз Республикасында мектептин иштөө режимине бир топ өзгөрүүлөр кирди. Аскердик даярдык окуу пландан алып ташталып, кайра киргизилди. Мектептик, региондук компоненттерге орун берилди. Окуу планга ыйман сабагы киргизилип, ал адеп сабагына алмашылды. Жаңы типтеги мектептер жаралды. Жаңы программалар, концепциялар, түзүлүп, жаңы окуу китептери, окуу колдонмолор жарык көрүүдө. Окутуунун жаңы технолгиялары пайдаланып, ж.б. аракеттер ишке ашууда, бирок окуучулардын адептик аң-сезими жогорулап, ыйманы тазарды деген ойдон алыспыз. Окуучулардын аң-сезимдүүлүгүн жогорулатуу, ойломун өнүктүрүү − адеп сабагынын, класстык сааттын өзөктүү маселеси бойдон калууда. Адеп сабагын уюштурууда мугалимдер азыр окуу колдонмолорго, өндүрүштөн чыккан көргөзмө куралдарга муктаж.

Мектептеги эстетикалык көрүнүштү жакшыртуунун да балдардын ойломуна оң таасири бар. Мисалы, АКШда балдарды табигый кырсыктардан коргоо максатында (жер алдында жертөлөсү бар) атайын долбоор боюнча курулган мектепке көчүрүшкөн. Ошол балдардын окуу материалды өздөштүрүүсү башталгыч класста 34%ке, жогорку класста 9%ке жогорулаган. 58% окуучулар мектептин көрүнүшүнүн эстетикалуулугу, кабинеттердин ачык түстө болушу, жарыктыгы алардын сабакка мамилесинин

өзгөрүшүнө, аракетинин артышына түрткү болду деп ырасташат. Кабинеттин сары, кызгылт-сары түстө боёлушу балдардын акыл аракетин жакшыртары, көк түскө караганда сары түстөгү кабинет балдардын кунт коюсуна түрткү болору далилденген. Бирок балдар такай отурган кабинетти сары түскө боёгонго болбойт. Кызгылт-сары түс окуучулардын маанайын жакшыртат, оптимизмин арттыртат жагымдуу сезим жаратат, бирок балдарды тез чарчатат. Системалуу ошол кабинетте окута берсе, балдардын жүрөгү айланып, башын оорутушу мүмкүн. Ошондуктан саргыч-кызыл түс менен балдар анча узак убакытка отурбаган бөлмөлөрдү жогору көтөрүлө турган, тепкич жайгашкан жерди, ашкана же буфетти кызгыл-сары түскө боёгон жакшы. Класстык кабинет толук ак фондо болгону дурус. Күрөң алифтин түсү балдарга негативдүү ойлорду сала бергендиктен эмоциясына терс таасир этип, депрессияга алып келет. Күн жарык тийген бөлмөлөр ачык көгүлтүр, ачык жашыл түстө болгону, ал эми жарык нуру жетишерлик тийбеген саргыч-боз (бежевый) агыш болгону дурус. Азыркы модага пластика менен чапталган бөлмө кирген, ал электр зарядын, чаң чогултат, жаркырагандан көз уялат. Ал эми ар кандай түстү пайдаланып жарашыксыз жасалгаланган бөлмө балдарды чарчатат. Жогорку эстетикалуу, сапаттуу жабдылган мектепте окуган окуучулардын буюм теримдерин ырайымсыздык менен бүлдүрүүчүлүк, кыйратуучулук адаты аз болушат [16].

**Адептик аң-сезимди өнүктүрүүдө сабактын мааниси.**

Өспүрүмдөрдүн жан дүйнөсүнө таасир этүүчү куралдардын бири − көркөм адабият. Сөздөгү сулуулукту таанып билүү көркөм адабияттан башталат. Эң жеткиликтүү, эң таасирдүү өнөр − көркөм адабият. Көркөм дүйнөгө карата эң биринчи кадам − сөздүн сулуулугун таанып билүү. Назик сезимди ойготуп, ойлонууга мажбур кылуучу кудуреттүү ыкманын бири − сөз өстүрүү. Адеп башы ─тил. Адабият сабагында эне тилиндеги сөз чеберлеринин чыгармаларын окуунун мааниси баа жеткис. Сөздөгү сулуулукту жана эмоцияналдык боёкторду таанып билүү аркылуу бала ой жүгүртөт. Ой жүгүртүү − кубаттуу энергия. Көркөм образдын оюн, мүдөөсүн, чыгармалардын маани-маңызын, түшүнүп, бала үргүлөп жаткан сезимин, акылын ойгото алат. Сөздүн касиетин баамдаган бала көркөм адабиятты окуйт. Окуу анын руханий талабына айланат. Окуу аркылуу сөз байлыгы, чыгармачыл жөндөмү, элестетүүсү өсөт, билими тереңдейт, адамгерчиликтин мыйзамдарын түшүнөт.

Гуманитардык предметтерде элдин, ата-журттун өткөн тарыхын окушат да, акылман бабалардын осуяттары менен таанышат. Элдин жүгүн көтөргөн баатырлардын, акылмандардын, окумуштуу генийлердин өмүр баяны менен таанышат.

Элдик оозеки чыгармачылыкты үйрөнөт. Элине, жерине болгон сүйүү, өткөнүн баалоо, учурунан уялуу же сыймыктануу сезимдери ойгонот. Өз элинин маданий байлыктарынын океанын сүзүп өтүп, инсаният кенчине нарк болбогон окуучуда чыныгы инсандык касиет, адептүүлүк калыптанбайт [26]. Акыйкаттыкты таануу табигый, гуманитардык илимдерди таануу аркылуу ишке ашат. Илимдерди тааныбаган баланын жан дүйнөсү жарды, жашоодо туткан жолу куник, кызыгуусу осол, адеби жапайы, мүнөзү жагымсыз болот.

Мугалим сабактын билим берүү функциясы менен чектелип калса, балага нааразы болуп (бул негативдүү сезим), мүмкүнчүлүгүнө жараша ага каршылык көрсөтүүгө умтулат. Мугалимдин окуучуга мамилесинин чын ыкластуулугунун да мааниси бар. Эгерде мугалимдин оюнун чын ыкластан айтылганына жана акыйкат-чындыгына бала ынанбаса, ал тарбия процессинин активдүү катышуучусу болбойт. В.А.Сухомилинскийдин айтуусу боюнча: “Өзүн бактысыз, бешенесин сабырдуу сезген окуучунун жүрүм-туруму пассивдүү болот”. Мугалимдин ою баланы кызыктырса, ал жакшы маанайда ыктыярдуу түрдө аракет жасайт. Баланын аракети аны кубанычка алып келүүсү максатка ылайык. Оң эмоциясыз баланын акылы менен сезими адептүүлүктүн сулуулугуна суктанууга жөндөмсүз. Фантастикалык чыгармалар − илимий негизи бар, адам кыялынын, акыл ой чабытынын продукту. Аң-сезимдин өсүшүнө фантастикага караганда акыйкат, чындык айтылган чыгармалар пайдалууракак.

Окуучуларга гуманитардык сабактарды окутуунун максаты − адамзаттын өнүгүү тарыхын түшүндүрүү, ой жүгүртүүсүн өстүрүү, акыл калчоого үйрөтүү. Көз карашын калыптандыруу, аң-сезимдүүлүгүн жогорулатуу. Ата-мекенди сүйгөн, ак ниет атуулду тарбиялоодо гуманитардык сабактардын ролу зор. Адамзаттын тарыхый өнүгүүсүнүн мыйзамченемдүүлүктөрүн бала аңдап түшүнүп, адамзат түзгөн рухий байлыкты, иликтеп таанып билүүгө умтулат. Бул баланын жан-дилинде, аң-сезиминде орун алат. Адамзаттын, элдин, инсандын рухий дүйнөсү, алардын умтулуусу, талабы, мүдөөсү, коркунучу жана жаңылыштыгы − таанып билүүнүн көп кырдуу тармактары. Тарыхтагы таасирдүү окуяларды окуу менен баланын жан дүйнөсү толкунданат, ойлонот. Окуучу коомдун өнүгүүсү жөнүндө илимий билимдерди байкоочу катары кайдыгер кабыл албастан, өз элинин, планетанын, гүлдөп өсүшүнө жан-дили менен берилген кишидей бардык элдердин ынтымагын, тынчтыгын, достугун каалап, адилетсиздикти, наадандыкты, каалабай адамдардын мамилесинде адамгерчиликти орнотуу керектигин түшүнүүсү максатка ылайык. Өз элинин өткөнү, азыркы учуру жана келечектеги тагдыры баланын жан дүйнөсүн козгоп толкундандырууга тийиш. Мисалы: Монголдордун жортуулу, зордук-зомбулугу, ырайымсыздыгы, кор болгон Орто Азия

элдеринин көргөн азабы, элдин аң-сезиминин пастыгы, ойлонбогон элдин көргөн күнү ж.б. аспектилер окуучуларды ойлондурууга тийиш. Табигый-математикалык предметтер окуучуларды илимий көз карашын калыптандырууга дүйнөнү бириктирүү элестетүүгө, интеллектуалдык потенциялын жогорулатууга, кругозорун кеңейтүүгө керек.

Азыр ой соолукка арналган бир сабактын үлгүсүн көрсөтөлү (11класс). Доскага төмөнкү учкул сөздөрдү жазып коюңуз. “Эч ким айыга албас үч нерсе бар: башкалар жөнүндө жаман ойлоо, коркуу, ичи тардык. Эгер бирөө жөнүндө жаман ойлосоң аны аткарба, корксоң Аллага ишенип жолуңду улант, ичи тардыкты сезсең аны аткарба” Мухаммед (салляллаху алейхи ва саллям). “Ойлобой берген убада адамды азапка салат, аракет этээриңден мурда ойлон” (Махабхаратта). “Адам бирөө жөнүндө берилип тымызын жаман ойлосо, анын көрө албас, ичи тар, кызганычтуу ойлору адамдын өзүнө күчөп кайрылып келет, нервин бузат, кыжаалат кылат. Ошентип көзөмөлдөнбөгөн ойлордун зыяны адамдын өзүнө тиет. Жакшы ойлор өзүнө жакшы ойлорду тартат, жаман ойлор өзүнө зыяндуу ойлорду тартат”. Вильям Фолькер.

Жаңы тема: ***Ой соолук маданиятынын мааниси***.

Ой − психикалык энергия. Ой аркылуу адам сезимин башкарат. Ой сезимдин алдында жүрөт. Адамга биринчи ой келет, аны сезим ээрчип жүрөт. Адам эмнени ойлосо, ошону кылат. Адам китепканага барып, китеп окуйм деп ойлосо, китепканага барат, дискотекага барам десе, ошол жакка барат. (б.а. адамдын жүрүм-турум багытын ой аныктайт). Архитектор курулуштун долбоорун даярдайт (ал ой аркылуу ишке ашат), анан үй курулат. Ой −эң күчтүү курал. Ким өз оюн башкара билсе, каалаган максатына жетет. Улуу акылмандар, жазуучулар, окумуштуулар оюн башкара билишет. Жазуучулардын чыгармачыл ойлому, элестетүүсү, фантазиясы күчтүү болсо, окумуштуулардын логикасы, акыл ой чабыты өтө күчтүү болот. Алар максаттарына жетишерин алдын ала көрүп турушат. Инсандын ой жүгүртүүсү (аң-сезимдүүлүгү) анын жүрүм-турум адебин аныктайт. Адамга жакшылык кылууну максат кылган адам, аны ишке ашырууга аракеттенет, жамандык кылуу жөнүндө ойлонгон адам аны ишке ашырууга аракеттенбесе да ниети бузулуп турат.

Адам кыялында эмнени ойлоп, элестетсе, ал ойлор кайра-кайра кайталана берсе, ошол ойлор ишке ашат (материзацияланат). Ойдон этият болуш керек. Эгер жакшы эмес ойлор ниетиңе келсе, ал ойдон баш тартуу керек. Эгер ал ойду ишке ашырам деп ниет кылса, качандыр бир мезгилде (өзү эле) ишке ашып кетиши мүмкүн. Адамдын ниетинде тазалыкка, адилеттүүлүккө, боорукердүүлүккө, сүйүүгө, жумшактыкка умтулса анын ою ак болуп тазарып, аракети жакшылыкка багыт алат.

Ак ой , туура ой, оң ой, таза ой, адал ой, ырас ой, өрүштүү ой ж.б. ойлорду позитивдүү ой дешет. б.а. тажрыйбага жана фактыга негизделген, оң, туура, таза, ак ж.б ойлорду позитивдүү ой деп аташат. Позитивдүү ойлор адамды аракетке салат, ийгиликке жеткирет, бактылуу кылат.

Эгерде адам ниетинде жамандыкка, арамдыкка, сараңдыкка, көрө албастыкка жол берсе, ою булганып (негативдүү болуп), аркети (бирдемени) бүлдүрүүгө, талкалоого, жамандыкка багытталат. Негативдүү ой деп − арам ой, жаман ой, кара ой, терс ой, бузуку ой, туура эмес ж.б. ойлорду аташат. Негативдүү ойлор адамды уурулукка, чыр-чатакка, каракчылыкка, баңгиликке, аракечтикке, бейбаштыкка (хулигандык), сойкулукка ж.б. терс адаттарга чейин жеткирет, адамды санаага салат, өкүнүчкө алып келет. Негативдүү ойлордон кутулуп, позитивдүү ойлорду ойлогон дурус, анткени адамдын ою сөзгө айланат, жан кейитээр сөз айтылбай, жакшы сөз айтылганы дурус, анткени ал башканын да, өзүнүн да маанайына, жүрүм-турумуна таасири тиет, жүрүм-турумдун адептүү болгону дурус, анткени ал адатка айланат, жаман адаттан кутулуп, жакшы адатка көнүккөн дурус, анткен ал сиздин адамдык сыпатыңызды аныктайт, адамдык сыпатыңыз тагдырыңыздын бактылуу же бактысыз болушуна таасир этет.

Балдар силерге ой соолугу боюнча адабияттардан тезистер, учкул сөздөр, фрагменттер ж.б. таап келүүгө тапшырма берилген эле, ким кандай материал таап келди? (*аларды угат*).

1.Абу Халид аль-Газали (1058-1111) “Билим алуудан алыстаткан бардык байланыштарды үзүү керек. Себеби ойлор чачкын болсо адам өзүн курчаган чындыкты түшүнүү жөндөмүн жоготот.”

2.Барыдан мурда илим издөөгө бел байлаган адам көрүнгөндүн оюн уга берүүдөн кармануу зарыл, бу анын акыл-эсин чаташтырып, алсыздандырышы мүмкүн.

3.Акыл-эс ээлери түшүнүшөт, адамдын ички тазалыгы эң маанилүү. Ойдун тазалыгы − жарым ыйман. Адамдын ою кир болсо анын шору.

4.Адамдын ойлогон ою, ишеними жана жасаган ишинин ортосунда ажырым болбош керек. Бирди ойлоп башканы сүйлөгөн адам эки жүздүү. Эки жүздүүлүк элибизде катуу айыпталат. Анда инсандык касиет өлөт (аль-Газали).

5.(Эл жөнүндө) бузуку ойдон сактангыла, чындыгында бузуку ойлор – жалган пикир. (Бузуку ой адамды бузат. Бир адамдын бузулушу ─ шаардын бузулушу. Бир үй-бүлөнүн бузулушу ─коомун бузулушу.) Мухаммед (сав).

6.Жер эненин флорасы менен фаунасынан адамды айырмалап турган нерсе − бул ой, аң-сезим, идея. Адам ой менен жашап, ой менен азыктанат. С.О.Байгазиев.

7.Ой байлыктын, ийгиликтин, бардарлыктын, улуу ачылыштардын жана жетишкендиктердин булагы. М.Клод.

Суроо: Акыркы мезгилде прессада, радио, телеберүүдө, эл арасында ушак кептер, жаман прогноздор (илимий маалыматтарга таянып алдын ала айтуу), негативдүү ойлор көбөйүп бараткансыйт. Мындай кептин баарына ишене бериш керекпи? (балдардын жообун угуп, мугалим кошумчалайт).

─Жок. Дүйнөнү жаман линза менен кароого болбойт. Дүйнө чоң, масштабдуу, жамандыгы жок эмес, ансыз жакшылыктын баркын толук түшүнө алмак эмеспиз, бирок толугунан караганда дүйнө жакшы, татынакай.

─Ойдун тазалыгы жөнүндө кандай макал-лакаптарды билесиңер? “Жакшы ой − туу, жаман ой − уу”. “Өз камын ойлогон өспөйт, эл камын ойлогон көктөйт” (балдарды угат, мугалим өзү кошумчалайт).

−Позитивдүү (негативдүү) ой формалары жөнүндө эмне билесиңер? (Окуучуларды угат). Ой формасы дегенибиз − адамдын тынымсыз ойлорунун натыйжасында пайда болгон энергия камтыган, маалыматтуу программа, багыт (А.Свияш). Ой формасы дегенибиз − аңдын (подсознание) тупкүрүндө, сезимде терең бекем орногон образ. Ал (ой формасы) адамдын журүм-турумуна, ден-соолугуна таасир этүүгө жөндөмдүү (б.а. жакшы ой пайдалуу, жаман ой зыяндуу). Адамдын тагдырына, ден-соолугуна позитивдүү ойлордун оң таасири тиет, (мисалы, буйруса ишим ийгиликтүү болот). Негативдүү ойдун балага терс таасири тиет (мени эч ким жакшы көрбөйт, мен жөндөмсүзмүн). “Адам терс (жаман) ой формасын, оң (жакшы) ой формасына которсо (алмаштырса), б.а. ойго келген негативдүү ойдун ордуна аң-сезимдүү түрдө жакшы ой ойлоп тапса, адамдын турмушунда оң (жакшы) өзгөрүүлөр болот”- деп ырасташат психологдор. Ошондуктан психологиялык адабияттарда аффирмация (позитивдүү ойду кыскача, так айтуу) колдонулат. Керектүү аффирмацияны кайталай берген окуучу өзүнүн чече албай жүргөн проблемасын чечип кетет. Муну бир дагы предмет силерге үйрөтпөйт. Эгерде бала көпкө чейин жаман окуяны көз алдына элестетип, корко берсе, эртедир-кечтир ошол окуя ишке ашат. Так ошондой эле жакшы окуяны тилеп, көз алдына элестете берсе, ошол элестеткен окуя ишке ашат. Өзүңөр максат кылган жыйынтыкты, окуяны элестетип машыгуу оюңарга келбейт. Силердин проблемаңардын көпчүлүгү ушуну менен байланыштуу (Р.Стоун). Мисалы, окуучунун өзүн баалаган баасынан мугалимдин койгон баасы төмөн болгон учурда бала негативдүү ойго келет. Мугалим обьективдүү баалабай койгон сыятуу “баамдап” капа болот. Чындыгында кеп мугалимде эмес, окуучу материалды толук түшүнүп турганы менен баяндап бере албагандыгында же өзү каалаган натыйжаны

элестете албагандыгында. Окуучуга негативдүү (жаман) ой кылт этип кирсе, ал ой кийинки проблеманын себепкери болот. Ошентип окуучу негативдүү ойлордун айлампасынан (тегерегинен) позитивдүү ойго чыга албай калат да, кыйналып өсө берет. Негативдүү ойлордун жыйындысы адамдын ден- соолугуна, жүрүм -турумуна, психикасына терс таасир этип, дарттын, психикалык проблеманын жаралышына себепкер болот. Ой соолук маселесине жеткиликтүү көңүл бөлбөгөндүктүн натыйжасында адамдын ден-соолугунда, психикасында проблема көбөйүшү мүмкүн . Ошондуктан ой соолукка көңүл бөлгөнүбүз оң. Балдар, “Ою соонун бою соо” деген макалды кандай түшүнөсүңөр?

1. Ою тазаланбагандын дили таза эмес, дили таза эместин ден-соолугу проблемалуу.

2. Ою соонун бою( дени-карды) соо.

3. Дени соонун руху соо болот (в здоровом теле здоровый дух).

4. Ою соо адамдын аурасы (биологиялык талаасы) таза болот.

5. Ою соо адам сүйкүмдүү болот.

6. Адам аруу болуш үчүн ою таза болуш керек. Ниетиң оңолбой ишиң оңолбойт.

─Мугалим: “Ой түбүндө алтын бар, ойлой ойлой табасың”-деген макалды чечмелегилечи.

─Жазуучулардын чыгармасы, окумуштуулардын илимий жаңылыгы акылмандын таамай сөзү −ой продукту. Ойлогон адам жаңы нерсе жаратат, жазат, ачат.

─Адамды кандай ой туура эмес жолго салат?

─Материалдык байлык топтосом, бийликке жетсем, элден мен артык болсом, ашып кетсем, жеке өзүм пайда тапсам ж.у.с. эгоисттик кызыкчылык менен чектелген ойлор адаштырат.

─Эл оюн кандайча өзгөртсө туура жолго түшөт?

─Элдин акыл-эси кандай жол менен материалдык баалуулуктарды топтосом, деген ойго кошумча, кантип маныздуу жашасам, акыйкаттыкты таанысам, туура жол тапсам, артыман соо урпактарды калтырсам, оюм терен, акылым тунук, адамдык сапатын бийик, ыйманын ыйык, ички дүйнөм бай, өзүм сүйкүмдүү болсом деген ойго өзгөртсө туура болот.

Япониялык окумуштуу доктор Масару Эмото төмөнкүдөй эксперимент жүргүзгөн. Бир эле сууну бир нече жүздөгөн чөйчөктөргө куйган. Ар бир чөйчөккө динамиктен ар башка сөз, фраза, сыйынуу, ыр, музыка ж.б. угузган. Бир нече убакыттан кийин ар бир чөйчөктөгү сууларды микроскоптон караганда, татынакай, кооз формалардан баштап, өтө серт формага, массага, кристаллга чейин өзгөргөн. Сүйүү темасындагы

жагымдуу сөздөрдү, рахмат деген сөздү уккан чөйчөктөн жакшынакай сүрөт көрүнгөн. “Сен келесоосун, мен сени өлтүрөм” ж.у.с. жагымсыз сөздөрдү уккан чөйчөктөн түрү суук формадагы сүрөт көрүнгөн. “Сен дүлөйсүң” деп деп жазылган бөтөлкөгө караганда “рахмат” деген сөз жазылган бөтөлкөдө татынакай форма пайда болгон. Өтүнүч жазылган бөтөлкөгө караганда буйрук жазылган бөтөлкөдөгү сүрөттүн формасы жаман болуп чыккан. Оор рок музыка уккан чөйчөктөгү суудан чети үзүлгөн жара сыяктуу сүрөт көрүнгөн, б.а. оор рок музыка агрессияны күчөтөт, ден-соолукка зыяндуу. Сыйынуу, (жакшы) дуба уккан чөйчөктөн татынакай формадагы сүрөт чыккан. Адамдын денесинин 70-80% суудан турат. Жердин 70-80%ин суу түзөт. Бири-бирибиз жөнүндө жакшы ойлоп, жагымдуу сөз айтып, Кудайдан элге ыйман, насип, жакшылык тилеп, эл ичинде өзүнө жакшылык тилеп дуба кылган пайдалуу экен.

**Эсиңерге туткула!**

Ой соолук маданиятына көнүгүү үчүн:

- кыска сүйлө, кыска сүйлөгөн таланттуулуктун белгиси, оюңду так баянда;
- аз сүйлө, аз сүйлөсөң да саз (маанилүү) сүйлө;
- жогорку максатка умтул;
- башкалардын сага кандай мамиле кылышын кааласаң, аларга так ошондой мамиле кыл;
- башкалар жөнүндө жаман ойлобо;
- аң-сезимге келген негативдүү ойду позитивдүү ойго айландырып, системалуу көнүк;
- бош убактыңда өзүң жөнүндө ойлонуп, адептик аң-сезимдүүлүгүңдү өркүндөт;
- жаман сүйлөбө, жаман сөз жаман ой жаратат, ал жүрөккө бүлүк салат, аң-сезимди караңгылык каптаган сыяктуу жагымсыз ойлор, сезимдер каптайт;
- көп сүйлөбө, көп сүйлөгөн адамды маңыз дейт;
- маанисиз сөздөрдү сүйлөбө, алар сенин өзүңдүн аң-сезимиңе да, башкалардын аң-сезимине да керексиз ой салат;
- көзүң жетпеген, далилсиз сөздөрдү айтпа, кийин уят болушуң мүмкүн;
- бар болсо көппө, жок болсо чөкпө, алардын экөө тең адамды жаман ойго салат;
- адамды бактысыз кылган нерсе – анын жаман ойлору, бактысыздын чөйрөгө терс таасири бар, системалуу жаман ойлогон адам жамандыктын үрөнүн себет;
- күнүгө оюңду тазалоого көнүк, мээрим, жакшы көрүү сезими менен ниетиңди оңдо;
- өзүңдү жакшы көр, өзүн жакшы көргөн өзгөгө мээрим тартуулашы мүмкүн, өзүн жакшы көрбөгөн өзгөнү жакшы көрө алабы? Мээрим төгө алабы?

- акыйкаттыкты түшүнүүгө умтул, адамдын аң-сезимдүү түрдөгү акыл-ой аракети өнүгүүгө алып келет;

- материалдык баалуу нерселер эскирет, бүлүнөт, жок болот, рухий баалуулуктар эскирбейт жана жоголбойт. Адамдын рухий баалуулукка умтулганы туура жол таап кетет.

Эми мугалимдерге (ой соолукка карата) методикалык сунушка көңүл буралы.

1. Окуучулардын ар кимисинин ой жүгүртүү багыты ар башкача болот. Мугалим окуучуну түшүнсө кубаттап, түшүнбөсө кагып койгону туура эмес. Талкуу мезгилинде баланын жаңылыштыгын көрө коюп, түз эле (балдардын көзүнчө) бетке айткан мугалимде такт (адептүүлүк) сезими же сылыктык жетишпейт. Талкууда мугалим окуучуну жеңип койсо, бала талкууга катышпай коёт, б.а. андан ары ойлонбой калат. Мугалимдин милдети − баланы ойлондуруу. Аны ойлондуруучу суроолорду коё билүү −чеберчиликтин белгиси. Бала акыйкаттыкты өзү ойлонуп, түшүнгөнү оң. Өспүрүмдөр сөздүн, суроонун жардамы аркылуу ойлонушат, алардын лексикону канчалык бай болсо, ойлонуусу ошончолук кенен (терең) продуктивдүү болот. Кеби (речи) өнүккөн бала сезимдегилерин, оюндагыларын ачык, даана, толук айта алат. Айрым окуучулар аз сүйлөшөт, бирок ойлонуу масштабы кенен, муну дил баянын жаздырып аныктаса болот. Айрым окуучулар сөзгө жарды, бул акыл аракетинин аздыгынан, аларга көркөм адабиятты көп окуш керек.

2. Мугалимдер көпчүлүк учурда окуучунун акылга сыйбаган аракетин анын акылынын токтоло электиги катары кабыл алышат. Ошондуктан биз көнгөн жүрүм-турум нормаларына ылайык нормага келтирүү керек деп эсептешет. Чындыгында бала акылсыз эмес. Анын ойлому биз элестеткенден башкача. Анын көз карашы боюнча мугалимдин ою, аракети маанисиз нерсе сыяктуу. Башканын ою, аракети мугалим үчүн акылга сыйбаган нерсе сыяктуу көрүнөт. Жаштардын акылга сыйбаган аракети дайыма жаңы нерсе. Ал эми акылмандуулук кылымдар бою өзгөрбөйт. Мына ошол акылга сыйбаган аракетин мугалим кыраакылык менен байкаса акыл камтылган, логикага сыйган эле аракет экендиги аныкталган учурлар аз эмес. Ошентип адамзат, дүйнө, эл өнүгөт.

3. Англиялык физик жана жазуучу Чарлз Сноу табигый жана гуманитардык илимдерди өздөштүргөн адамдардын ойломдорунун ортосундагы айырма жөнүндө жазган. Алардын биринчиси келечек жөнүндө, экинчиси өткөндөр жөнүндө ойлонуп, алектенип жашашат. Биринчинин билгичтиги бар болсо, экинчиси каалайт, кыялданат, эргийт. Ч. Сноунун ою боюнча ойломдогу ажырым акыйкатты түшүнүп тереңдей берген сайын цивилизациянын келечеги үчүн коркунуч алып келиши мүмкүн. Ошондуктан бардык предметтерге көңүл бөлүш керек.

4. Дүйнөнү туура түшүнүп билүү жөнүндөгү аныктама аз. Ар бир адамдын ан-сезиминде дүйнөнү кабылдоосуна жараша башкалардын ан-сезиминен айырмалуу

дүйнөнүн өзүнчө картинасы, планы, көз карашы болот. Алар окумуштуулар түзгөн дүйнөнүн образы деп аталган картинасынан айырмалуу. Көпчүлүк түзгөн дүйнөнүн картинасы, көз карашы адамзаттын тажрыйбасын окуп, үйрөнүп ошого негизделгендиктен акыйкаттыкка жакын болот. Адамдын көз карашы канчалык акыйкаттыкка жакын болсо, келечектеги ойлому ошончолук туура, оптималдуу болот. Ошондуктан адамзаттын өнүгүү тажрыйбасын өздөштүрүү керек.

5.Таланттуу тарбия-таалим берүүнүн чебери, акылман педагогдор балдардын жүрөгүнүн мээримдүүлүгүнө, ниетинин тазалыгына, оюнун позитивдүүлүгүнө көңүл бөлүп, кылдаттык менен мамиле жасашат. Чыныгы акылман педагогдор сыртынан жөнөкөй көрүнүшөт, ал эми ички рухий дүйнөсү чексиз океан сыяктуу. Ой соолук маданиятын калыптандыруу боюнча мурунку мугалимдерге караганда азыркы педагогдордун милдети оор, жумушу түйшүктүү болуп калган кез. Цивилизация ушунчалык көп маалымат берүү менен өспүрүмдөрдүн мээсине чабуул жасап жатат. Мурдагы замандын акылман педагогдоруна караганда азыркы замандын акылман педагогдору көбүрөөк билип, көбүрөөк түшүндүрүүгө аргасыз болууда. Мурда чебер сөз менен жеткирүү жетиштүү болсо, азыр миң ой, идея, форма, накыл сөз, элдик педагогиканын берметтерин жана башка ыкма-каражаттарды комбинациялап отуруп жеткирүүгө аргасыз болууда. Канчалык маалымат көп болсо, ошончолук чаташуулар, ашыкча ойлор, керексиз сөздөр көп болуп кетет. Чаташкан ойлордун ичинен оптималдуу жол табуу кыйын. Көпчүлүк окуучулар дененин тазалыгы жөнүндө эле кам көрсө эле жетиштүү деп ойлошот. Ой соолукка б.а. ниетиндеги тазалыкка, мээримдүүлүккө кам көрүү керек. Адамга тартипсиз ойлор келе берет. Аларды кантип токтотууга болот? Ойду токтотуунун көптөгөн ыкмалары, техникасы бар. Мисалы, ойду сүрүп чыгаруу методу (бир ойду кайталай берүү), бир обьектке ойду буруу (концентрация), аң-сезимдүү түрдө ойду басуу, токтотуу, сыйынуу, (мусулмандар үчүн намазга жагылуу) ж.б.(А.Свияш).

Мектепте бардык предметтерди өздөштүрүүнү жетиштүү деп ойлогон, ал эми, ыйман, адеби жөнүндө ойлобогон окуучулар кездешет. Инсандык даярдыгы болбогон окуучунун (б.а. адам болоюн деп ойлобогон) окуучулук позициясы ойгонбойт. Натыйжада алар сабакта митайымданып, ала көөдөндөнүп, башкалардын жообуна кийлигишип же айткандарын угузбай, өзүн көрсөтүп, үнүн бийик чыгарып, өзүн жогору баалап эркин сезишет. Мугалимдин, башкалардын эскерүүлөрүнө капаланат. Мугалимден, мектептен кынтык табышат. Мына ушундай окуучуга ой соолук маданиятын калыптандырууга, адам болоюн деп ойлондурууга карата жетектөөчү суроолорду берип турган дурус.

Бир мугалим: “Мен “А” жөнүндө көп жаман нерселерди айта алам, бирок жакшы эч нерсе айта албайм”- дейт. Эмне үчүн мугалим “А”нын жакшы жактарын унутуп койгон? Жакшы сапаты жок бала болбойт да, анткени иш-чара уюштургандан кийин ал негативдүү фактыларды талкуулайт да, баланын жетишкен ийгиликтерин “байкабайт”. Негативдүү фактыларды гана көрүү аркылуу, насаат айтуу менен баланын жакшы сапатын өнүктүрүүгө мүмкүн эмес. Бул − профессионализми өтө төмөн мугалим. Өзү жакшыны байкабаган мугалим балага жакшыны көргөзүүгө чамасы, билими жетпейт. Өзү бактысыз болгон мугалим баланын бактылуу болушуна көмөктөшө албайт. Өзү жакшы ой ойлобогон, баланы жакшы ойго алып келүүчү сөз айтпайт, ниетин оңдоочу, таза сезимдерин козгоочу, маанайын көтөрүүчү сөз таппайт, өзү жакшы ойлобогон, баланы жакшы ойлоого үйрөтө албайт, жакшылык кылуу жөнүндө ойлобогон, жакшылык кылууга умтулбайт.

Класста жана класстан тышкаркы иштерде баланын өзүн жана башкаларды урматтоо сезимин ойготуу керек. Баланын аракетин колдоп, көңүлүн көтөрүп, кабагы ачык учурларын байкап, баалап турган мугалимдин аракети эффективдүү. Баланын жаман сезимин козгоочу, жаман ойго салуучу, маанайын пас абалга жеткирүүчү, ниетин бузуучу, жан дүйнөсүнө бүлүк салуучу иш-чараларды өткөрбөй, сөз айтпай эле койгон дурус.

**Окуучунун ой жүгүртүүсүнүн калыптанышына оюндун таасири**

Мектепке чейинки курактагы балдар көпчүлүк убактысын ойноп өткөрүшөт. Бала оюн аркылуу ойлонууга үйрөнө баштайт. Балдарды ойлондурууга түрткү болуучу оюндар көп. Оюнчук да баланы ойлондурууга себепкер болот. Ойноп жаткан балдар үчүн убакыт тез өтөт. Кичине балдар чүкө, топ, куурчак ж.б. оюнчуктар менен ойношот. Эси кире баштаганда шахмат, шашки ж.б.оюнун ойношот. Жогорку класста кроссворд, чайнворд ж.б. баш катырма оюндарды чечмелешет. “Укмуштуу математикалык талаа”, “мен чилистен”, “ойлон, тап”, викторина, эстафета, турнир ж.б. оюндар да балдарды ойлондурат. Ошондуктан көпчүлүк предмет боюнча мугалимдер оюн сабагын кенен колдонушат. Оюн сабактарынын максаты − балдардын көңүлүн ачуу эмес, кыйынчылыкты оюн аркылуу жеңүүгө умтулуусун камсыз кылуу. Оюндун мотивин окуу мотиви менен бириктирүү, оюндун мотивинен окуу мотивине өтүү, таанып билүү кызыгуусун козгоо, эмоциясына таасир этүү. Мугалимдин максаты − аларды эмгектенүүгө тарбиялоо. Оюн сабактары, дидактикалык оюндар балдардын билимине белгилүү талаптарды коёт. Мисалы математикалык оюндар окуучулардын

математикалык операцияларды, амалдарды аткарууга б.а. ойлонууга, аракет жасашына түрткү болот.

Дидактикалык оюндар балдардын кызыкчылыгы эске алынып түзүлөт. Таланттуу, активдүү, пассивдүү (күчтүү, чабал) балдардын мүмкүнчүлүктөрү, курак өзгөчүлүгү, жөндөмү, деңгээли эске алынат. Акылы гуманитардык же математикалык ойломдо болгондугу, келечекте тандоочу жолу эске алынат. Балдардын ар бир категориясы үчүн ойноо шарты түзүлөт. Алардын өз алдынчалыгын, тапкычтыгын, зээндүүлүгүн өнүктүрүү үчүн аракет жасалат. Оюнда предмет боюнча материалдын өзгөчүлүгү эске алынат. Оюндун көп түрдүүлүгү ойлонуп чыккан системаны түзөт. Булар сабактын жана класстан тышкаркы иштердин эффективдүүлүгүн жогорулатат. Системалуу билим алуунун кошумча булагы болот. Ар бир предмет боюнча оюндардын системасы бар, мисалы, математикада “функция”, “математикалык домино”, “конвеер” ж.б. оюндар бар.

Дүкөндө сатылган оюнчуктарды алып, ойноп да балдар ойлонушат. Компьютер, калькулятор менен ойноп да ойлонуучу оюндар бар. Мындай оюндар баланын акылын логикасын, ой жүгүртүүсүн өнүктүрөт. Дүйнө элдеринин баары оюнду тарбия практикасында кылымдап сынактан өткөн каражат катары колдонуп келе жатышат. Педагогикалык процесстеги оюндун универсалдуу маанисин К.Д.Ушинский төмөнкүчө белгилеген: “Оюн − баланын келечегин жазбай аныктоочу өзгөчө каражат, анткени оюн аркылуу баланын шыгы, жөндөмү, эрки, жан дүйнөсү өнүгүп калыптанат. Демек баланын тагдырына оюндун тийгизген таасирин эч нерсе менен салыштырууга болбойт”.

Кыргыз элдик оюндары да ойлоо маданиятын өстүрүүгө негизделген. Буларга “тогуз коргоол”, “уй туудурмай”, “тап-тап кара куш, таба албасаң отко түш”, “чатыраш”, табышмак айтышуу, акыл таймашуу ж.б. кирет.

Айрым балдарга кең дүйнөнүн өзү оюн ойноо үчүн жаралган сыяктуу сезилет. Оюндан баланын моокуму эч качан канбайт. Ойноп жүрүп балалык “учуп” кетет. Анткени кээде мугалимдер артык кылабыз деп тыртык кылып коёбуз. Предметти оңой түшүндүрүү аракети менен алек болуп жүрүп, оюндардын пайдалуу жагын көрүп, ал эми алардын балдардын ойломуна терс таасири барбы? деген суроо коюуну унутуп коёбуз. (Дозадан ашык даары− уулуу зат). Натыйжада “турмуштун өзү оюндардын жыйындысы тура”-деген иллюзиялуу ойго келген балдар чыгат. Ойногон маалда алар эринбеген эле. Чоңойгондо да эринүүгө жол бербес үчүн карта, домино, нард ж.б. оюндарды ойношот. Казино ачышат. Футбол, баскетбол ж.б. спорт оюндары боюнча дүйнөлүк матч уюштурушат. Театрлаштырган музыкалуу оюндарды уюштуруп, көркөм

фильмдерди тартышат.  Телевидение, радиодо ар кандай оюндарды ойлоп табышат. Ар бир оюндун эрежесин билип, жеңишке ойлонуп умтулушат.

Чоңдордун оюну −башкача оюн. Жашоону, турмушту оюн сыяктуу элестетип чонойгондор көп. Булар жөнүндө балдар билгени дурус. Алар оюнга канаатануу үчүн эмес, өзүнүн “милдетин сезип”, “парз ишти аткаруу” үчүн ойноп жаткан сыяктуу көрүшөт. Башкача болушу мүмкүн эмес, себеби оюнсуз өзүн элестете албагандар көп. Алар турмуштан оюнсуз ээринишет. Чоңдор турмушта кээде ачык, кээде жашыруун ойношот. Кээде достошуу, кээде таймашуу оюнун ойношот. Кээде жеңип, кээде жеңилет. Бирде активдүү чабуулга өтүп, бирде коргонушат, оюн аларды кээде алагды кылса, кээде азгырат. Оюнда кээде “акыйкат” эрежелердин негизинде ойнолгон оюн бааланса, кээде бузукулардын аракети бааланат. “Турмушту биздин сүйүктүү оюнубузга айландырганбыз, анткени ойногон адам эринбейт”-дейт Р.Цюрер (Путь в глубь себя. М.2000). Бардык оюндардын эрежеси же планы болот. Анын негизинде ойнош керек. Турмуштук оюндар жетишээрлик татаал, анын күтүлбөгөн айла-амалдары көп. Турмуштук оюнда ойноп ойлобостон чындап ойлонууга туура келет. Бала оюнда ойноп сүйлөп машыгат. Турмушта ойлоп гана сүйлөш керек. Машыкпаган мээ ойлоп сүйлөй албайт.

Турмуштук оюнда жеңилгендер жеңгендерди куттукташат. Жеңишке караганда жеңилүү көбүрөөк болгонуна карабастан көпчүлүк эл ойной беришет. Оюндун кызыгына кирип кетишкендиктен, алардын акылын турмуштук оюндар ээлеп алышат. Дайыма турмуштук оюнга катышууну каалоо, “максатка” (кызыкчылыкка) умтулуу, кандай гана баа төлөнсө да утуп алууга умтулуу оюнду  коркунучтуу нерсеге айландырат. Кээ бир адам оюнга башын саят, элдин тагдырын саят. Турмуштук оюндардын баасынын жогорку чеги ушундай. Жеңишке үмүттөнүп, тагдырдын жазмышын (болгонун болгондой) кабыл алгысы келбей, аны өзгөртүүгө умтулат. Турмуштук оюнда жеңилгендин эсебинен “максатка умтулган” адам жеңишке ээ болот. Жеңгендер жеңилендерге өз шартын таңуулайт. Оюнга сайылган нерсе чоңойгон сайын оюндун ар бир кадамында атаандашын алдап, аны бурчка такайт, “шах коёт”, “мат кылат”, “накаут урат”.  Кээде атаандаштын ишенимине ээ болуш үчүн адилет эреженин негизинде оюн ойнолот. Ишенимге ээ болгондон соң, “карта алмаштырып” эки жүздүү оюн ойнолот. Карта катылат, белгиленет, алдашат. Чындыгында “турмуштук оюнга” бөлүнгөн мезгил чектелүү экендигин ойногон адамдар унутуп коюшат. Турмушта кубанычтуу оюндар бар, комедия, фестиваль бар. Ошондой эле кайгылуу трагедия, драма сыяктуу оюндар бар. Ал эми саясый оюндар кээде адилет мыйзамга таянат, кээде коркунучтуу, кээде жийиркеничтүү, кээде каргышка татыктуу. Чоңдордун эң

оригиналдуу оюндары − ролго кирип алган оюндар. Адамдар ар бир доордо өзүнө ылайык ролду таап алышкан. Адамга таңууланган ролду эч ким ойногусу келбейт. Чоңдор кээде оптимисттин, кээде пессимисттин, кээде акылмандын, кээде күнөөкөрдүн, кээде акылсыздын ролун ойношот. Турмуштук оюнда адам өзүнө жаккан ролду таба албаса, макоонун, жиндинин, кылмышкердин ролун ойной беришет. Көбүнчө биз башкы каармандын ролун ойногонду жакшы көрөбүз. Баатырдын, бактылуунун, сүйүктүү адамдын ролун ойноо бизге жагат. Бирок биздин аң-сезимибиз мындай ролду ойношко маданий, илимий, интеллектуалдык деңгээлибиз, акыл дараметибиз жетишпей калат. Биринчи скрипкада ойнош оңой эмес. Аны каалагандар көп, ага даярдыгы бар адамдар аз. Бул роль тийбей калса, калп эле башкы каармандын ролун ойноп жаткансып, кыр көрсөткөндөр табылат. (Бөрү арыгын билгизбей, итке жонун компойтот). Андан кийин оюндун эрежесин бузуучунун ролун ойнойт, анткени жыгылган күрөшкө тойбойт, ал каалаган роль башкага тийип калды. Бузукунун өзү бактысыз. Бактылууну көрө албагандыктан башка ролго кирет. Бактылууну бактысыз кылса, мөөрөй алчудай болот.

Турмуш оюнга толгон. Биз сөз менен ойнойбуз, ой менен ойнойбуз. Адамдын тагдыры менен ойночулар табылат. Кээде жеке адамдын оюну көптөгөн адамдардын тагдырына балта чапса, анда ал күнөөсүз адамдын ролун ойнойт, анткени күнөөнү моюнга алып, оюндан чыккысы келбейт. Оюндун кызыгына батканды эч ким токтото албайт. Андай шартта тагдырдын эскертүүлөрүнө адам көңүл бөлбөй калат. Бул оюнга сайган баа чоң эмеспи дебейт. Мезгил өтө берет. Турмуш оюну ойноло берет, анткени мурдагы коюлуп келген пластинка коюлушу көңүлсүз. Оюн мезгили кыскара берет. Качандыр (жылдардын бир жылдарында, айлардын бир айларында) күндөрдүн бир күндөрүндө оюндар адамдын жаштыгын, жетилген курагын, чачына ак түшкөн курагын алып кеткенде оюн бүтөт. Адам акыркы ролду ойнойт. Адамдардын баары иллюзияга толгон турмуштук оюнда уттурушат. Ошондуктан турмуштук сахнадагы оюндан чыгыш керек болот. Адамдын чыныгы жүзү ачылат. Койдун терисин кийип жүргөн карышкырдын чыныгы маңызы аныкталат, бирок анын жеңишке жетүүдөн үмүтү үзүлбөйт. Турмуштук оюнда эч ким ута албайт, анткени адамдын чыныгы милдети оюн ойноо эмес, аң-сезимдүү түрдө акыйкаттыкты издөө, адамзаттын өнүгүүсүнө өз салымын кошуу. Эгерде адам акыйкаттыкты издесе, ал ойлонот. Аң-сезимдүү түрдө өзүнө максат коёт. Аны кантип, кандайча издөө керек? 11класстын окуучуларынын арасында илимий адабияттарга кызыккандар бар. Алар ушу сыяктуу суроо коюп, жооп табууга кызыгышат, бирок мындай суроого жооп берүүгө даяр эмес айрым мугалимдер табылат. Аларга кантип жооп бериш керек?

Жер шарында жашаган түрдүү улуттагы элдер бар. Алардын бири-биринен айырмаланган укумдан тукумга өтүүчү үрп-адаттары, асыл-нарктары, жүрүм-турум эрежелери, философиялары, дини, традициялары бар. Алар − чон акыйкаттын кичинекей бөлүкчөлөрү. Ар түрдүү традициялардан бирдей акыйкатты табууга болбойт. Акыйкаттык ар кандай мезгилде, дүйнөнүн ар башка жеринде ачылат. Бардык традициялардын акыйкаттык менен байланышы бар. Жер шарында жашаган элдердин баарын бир толук организм катары элестетүүгө болот. Организмде түрдүү органдар болот. Көзгө көрүнгөндү кулак укпайт. Кулак укканды мурун сезбейт. Демек, ал үн чындык эмес деп төгүндөш керекпи? Ушул эле сыяктуу Жер шарында бири-биринен айырмаланган көз караштар, философиялык окуулар, диний теософиялык ишенимдер, традициялар бар. Ошол көз караштарда, диний окууларда карама-каршылыктар болгонуна карабастан “мында акыйкаттык жок” деп төгүндөөнүн кереги жок. Ар бир элде маданий, саясый, диний чөйрөдө ролго кирип алгандар бар. Бул акыйкаттыкты табууну оор кылат. Кыргыз эли − жер шарындагы толук организмдин бир бөлүкчөсү. Демек биздин да жер шарында аткарган функциябыз, философиябыз, диний ишенимибиз, планетардык милдетибиз бар. Ошол эле мезгилде айрым ролго кирип ойноп жүргөн кыргыздар (кыргызстандыктар) бар. Алар акыйкаттыкты тапканга жолтоо болот. Кыргыз элинин акыйкаты элдик философияда, диний окуусунда, элдик традицияларда, асыл-нарктарында. Башка элдин традицияларын туурап, өз традициябыздан айрылышыбыз мүмкүн, башка динге кирип, өз динибизден ажырашыбыз мүмкүн. Ар бир традицияда үйрөнчү нерселер табылат, бирок өз элинин традициясынан, философиясынан, ишениминен кол үзүү туура эмес (кулак болуп жаралып, мурундун милдетин аткарууну каалоо сыяктуу). Бул элдин өз фунциясынан, планетардык милдетинен баш тартууга тете. Акылың акыйкаттыкты тапкысы келсе, ойлон, изден, чыдамкай, сабырдуу бол. Чыныгы жашоону оюнга айландырба. “Оюндан от чыгат”. Ойноп сүйлөсөң да ойлоп сүйлө.

### Өспүрүмдүн адептик аң-сезимине музыканын тийгизген таасири

Пифагорчулар мектебинин да, Байыркы Грециянын да философтору эстетикалык тарбиянын негизги каражаты катары музыканын ролун жогору баалашкан.

Байыркы ойчулдардын ичинен Аристотель эстетикалык тарбиянын маанисин кеңири түшүнүп, адабият менен театрдын эстетикалык, адептик таасирин иликтеп үйрөнгөн. Адамдагы адептүүлүк касиетти калыптандырууда музыканын, обондордун, ал турмак музыкалык аспаптардын ролун изилдөөгө багыттаган.

Кайра жаралуу доорундагы педагогдор гумандуулукка тарбиялоонун маанилүү каражаты катары көркөм өнөрдү эсептешкен. Көркөм өнөрдүн негизин өздөштүрүү үчүн универсалдык билими бар адамды тарбиялоо системасынын зарыл элементине музыка кирген. Ф.Рабленин «Гаргантюа и Пантагрюэль» деген чыгармасынын персонажынын бири да калбастан окуй, жаза, ырдай, музыкалык аспапта ойной билишкен.

Агартуучулар да көркөм өнөрдүн тарбиялык мааниси өтө чоң деп эсептешкен. Дидро менен Лессинг көркөм өнөрдү адептүүлүктүн мектеби деп, социалдык үгүт, насыяттын трибуну (коомдун мүдөөлөрүн жактоочу нерсе) деп эсептешкен. Анын үстүнө агартуучулар көркөм табитти калыптандыруудагы эң негизги ролду сүрөтчүлүк өнөргө, театрга ыйгаштырышкан.

“Музыка инсандын рухий өсүшүндөгү лирикалык поэзиядан кийинки этап болуп эсептелет. Анын адамдын ойломуна, адеп-ахлагына, эмоцияналдык жана эстетикалык тарбия берүүчү таасири бар. Музыка – сезимдин тили. Адамдын жан дүйнөсүндөгү сөз жете албаган эң терең, эң назик жерине музыка жетет. Ошондуктан тарбия музыкасыз болсо, кемчил болуп калат”-деп ырастайт педагогика илими. Музыка менен ыр окуу предмети эле эмес. Эгерде музыканы сезимдин тилиндеги окуу китеби деп эсептесек, анда бул предметтин алиппеси табияттын музыкасын угуудан башталат. Табийгаттын музыкасы – али музыка эмес, ал тамга, аны үйрөнүп алган адам гана сезимдин тилиндеги китепти окууга кирише алат (Бекембай Апыш. Тарбия назарияты. Ош 1996).

Ч.Дарвин: «Эгерде мен жарык дүйнөгө кайрадан дагы бир жолу жашап калсам, эң жок дегенде аптасында бир жолу бир нече ыр окушту, жана музыка угушту эреже кылып алат элем. Ушундай үзгүлтүксүз көнүгүүнүн натыйжасында азыркы мээмдеги шал болуп калган бөлүктөрүндөгү активдүүлүктү мүмкүн сактап калаар белем. Бул табитти жоготуу бакытты жоготуу менен барабар, мүмкүн акыл жөндөмүмө, андан көбүрөөк адеп-ахлагыма мунун зыяны тийип жаткандыр»- деген ойду айткан.

Окуу планда каралган предметтердин ичинен эки эле предмет: музыка жана сүрөт мээнин оң жарым шарын өнүктүрөт (Р.Стоун. Как обращаться к правому полушарию. Спб 2000). Баланын жалпы өнүгүүсү үчүн музыка керек деп ырастайт советтик педагогика. Ошондуктан окуу планга музыка сабагы киргизилген. Музыка адамдын чыгармачыл ойломун өнүктүрүүгө жардам берет. Адамдардын рухий дүйнөсүнө анын таасири бар. Жеңил музыканы уккан маалда аң-сезим олуттуу ойлордон бошонуп, эс алат. Өспүрүмдүн жан дүйнөсүнө музыка таасир этип, сүйүү, атуулдук ж.б. сезимдерин козгойт, толкундандырат. Музыкалык маалыматтар адамга ар кандай ой формаларын эске салат. «Дүйнөдөгү жаңырып жаткан музыкаларда сулуулук да, жагымсыздык да, жогорку сезимдер да, уятсыздык да, философиялык терең ойлор да, адамдын көөдөнүндөгү боштугу

да чагылдырылат. Мунун баарын музыкалык жактан сабаттуу, маданияттуу, атайын даярдыгы бар адам гана түшүнө алат» дейт Ф.Я.Розинер (Сиздин балдарыңыз, сиз жана музыка. М., 1973).

«Ким жан дүйнөсүнө музыканы алып жүрбөсө, татына гармонияга муздак мамиледе болсо, ал жалганчы боло алат»-деген В.Шекспир.

В.А.Сухомлинскийдин ырастоолоруна караганда: «Китеп окууга жана музыкага кызыкпаган, аларга такыр көңүл бөлбөгөн балдардын рухий деңгээли төмөн болот, андай балдар арасында кылмыштуулуктун жогору болушунун ортосунда байланыш бар». Ал 460 кылмыш ишине аралашкан, адамдын коргоо укугун бузган өспүрүмдөрдүн үй-бүлөсүн байкап, текшерип көргөн. Кылмыш канчалык оор, мыкаачы, адамгерчиликсиз, ырайымсыз болсо, андай үй-бүлөдө жашаган өспүрүмдөрдүн интеллектуалдык, эстетикалык, моралдык кызыгуу талаптары төмөн, жарды болгондугу, ошол үй-бүлөлөрдө китепканалардын жоктугу, ошондой эле музыкага кызыкпагандыгы аныкталган. Биздин оюбузча рухий талаптары да төмөн болуш керек.

Байыркы акылмандар «Дарынын баары уу, кеп анын дозасында» дешчү экен. Мунун музыкага да тиешеси бар. Таланттуу Бомарше атасына «Севильский цирюльник» деген чыгармасын аткарып берсе, ал өтө толкунануудан өлүптүр. Француз психотерапевти Альфред Томатис «Музыка атом энергиясы сыяктуу, анын потенциалын акыл эстүү пайдаланса, өспүрүмдөрдүн денесин жана рухун айыктыруучу таасир тийгизет»- деген. Мисалы, белгилүү актёр Жерар Депардье өспүрүм чагында кекечтенип, бир сүйлөмдү да аягына чейин айта алчу эмес. Текстти эске тута албай, кыймылы олдоксон болгон. Альфред Томатис ага күнүгө 2 саат Моцарттын жазган музыкасын угууну сунуш кылган, ал эки жумада айыккан. Композитор Моцарттын музыкасы – дүйнө жүзүндөгү мелодиялардын ичинде адамдын ден-соолугун, психикасын айыктыруучу эффекти боюнча «чемпион»-деп ырасташат психотерапевт врачтар. Анын мелодияларын медиктер «жашоонун ыргагы» дешет, анткени “Моцарттын чыгармаларынын ритми адамдын организмин табигый нукка салып, иммунитетин жогорулатып, уйкусун, табитин нормалдаштырып, эс алдырып, дартка даба болуучу касиети бар”.

Бардык психотерапевттер оорулуу адамдардын аң-сезимин гипноздук абалга жеткирип Моцарттын мелодияларын угузушат. Японияда, Кытайда дары чөптөрдүн таасирин музыка менен эффективдүү комбинациялап айыктыруу ыкмалары иштелип чыккан. Адистердин (психотерапевттердин) ырастоолоруна караганда Шуберт, Шуман, Шопен, Лист, Чайковскийдин мелодиялары адамдын аң-сезиминин стресс абалынан чыгарууга жардам берет. Депрессиялык абалдан чыгарууга медиктер классикалык музыканы угууну сунуш кылып жүрүшөт. Кайгыга батып, убайым тарткан адамга Беллини

ж.б. италиялык бельканто өкүлдөрүнүн, Бахтын «Страсти по Матфею», «Аве, Мария» ж.б. диний музыкалардын жагымдуу таасири бар.

Ар бир таяктын эки учу болот. Биз музыканын аң-сезимге пайдалуу гана жагын айтып, зыяндуу жагы жок деген ырастоочу ойдон алыспыз. Мындай ой кайдан жаралды?

Ибрахим Маликтин «Параллель дүйнө» (Казань 2004) деген китебине көңүл бөлөлү. «Жин деп аталган акыл эстүү энергия адамдын оюна мелодиянын ноталарын салат, б.а. музыка жазганга жардам берет. Адам таланттуу, уникалдуу, гений сыяктанып көрүнөт. Мындай генийлердин ишинин арты көбүнчө жакшылык менен бүтпөйт. Ийгиликке жетишүү үчүн жин, шайтанга кайрылып жардам сурап, келишим түзгөн музыкант, композитор, гений бактысыз»- дейт.

Гётенин чыгармасындагы Фауст жанын шайтанга саткан. «Арфанын мелодиясына, ырларды угууга кызыккан окумуштуулардын жүрөгүндө эки жүздүү ойлор жаралат»- дейт Амр бин Абдуазиз (исламий аалым).

«Музыка Иблистин жибергендери, шайтандын азаны, алар адамдын жүрөгүн толкундандырып, дененин бардык бөлүктөрүн козгойт»-деп ырастайт исламий окуу (Ибрахим Малик)

Көптөгөн ойчулдар кээ бир ырларды, музыканы аномалдуу (нормалдуу эмес) көрүнүш деп эсептешет. Мындай ырлар негативдүү (терс) маалымат камтыйт. Мисалы:

Мен шар түрүндө чагылганмын.

Мен жаан төгөмүн.

Сен али жашсың, бирок өлөсүң.

Барымтага адам албаймын,

Бөлүшпөйм өмүрүн,

Коңгуроо мени чакырат,

Сени тозокко ала кетемин.

Жогорудагы англис тилинде угуп эле жүргөн рок музыканын коштоосундагы ырды жактырган өспүрүмдөргө мелодиясы жок кыргызча же орусча окуп берип, «бул эмне болгон чыгарма?» деп сурасаңыз 10 фанат окуучунун тогузу ийнин куушуруп, «билбейм» деп коюшат. Мектепте англис тилин окуганы менен рок музыканы жакшы көргөндөр популярдуу АС/ДС–Hell’s Bells тобунунун ыры экенин биле алышпайт. Бул ырдын аты англис тилинен «Тозоктун коңгуроосу» деп которулат. Музыканын оор ритми дүйнө жүзүнө белгилүү африкалык Вуду сыйкырынын (магиянын) ритминен алынган. Бул жөнүндө аны угуп жүргөн өспүрүмдөр гана эмес, алардын ата-энелери да билишпейт. Башкача айтканда, кылымдар бою терс функция аткарып келген ритмди, сөздөрдү

өспүрүмдөр түшүнбөстөн кабыл алышат. Демек алардын мээсине, тактап айтканда аңына (подсознание) маалымат кирет. Мээге (аңга) маалымат кайсы тилде кирсе да анын мааниси гана сакталат (Ибрахим Малик). Мээде (аңда) камтылган маалыматар азыркы психотерапиянын башкы (негизги) сырдуу кутучасы. Муну убагында «ген аркылуу берилген эс» деп аташчу. Азыркы мезгилде өспүрүмдөрдүн арасында рок, поп музыка популярдуу болууда. Бул музыканттар кандай ыкма менен өспүрүмдөрдү өзүнө тартып жатат болду экен? деген суроо туулат. Буга жооп издеп мындан бир нече жыл мурда америкалык доктор Девид Элкиндин жетекчилиги астында эмгектенген окумуштуу медиктер эксперимент жүргүзүшкөн. Анда катуу чыңылдаган үндөн жумуртканын ирип калаары далилденген. Концертте катуу сүйлөгүчтүн алдына коюлган чийки жумуртка «бышып» калган. Кийин Д.Элкин «Шашкан бала» деген китебинде өзүнүн эксперименти жөнүндө жазат. Китепте оор рок музыканын үнү өсүмдүктүн өсүшүнө тоскоол болоору, атүгүл соолуп калышына себеп болоору жөнүндө жазылат. Рок менен ирмеп жарыктанган нурдун таасири астына коюлган аквариумда сүзүп жүргөн балыктар өлүп, суунун бетине калкып калышкан. Рок музыканын үнүн өтө бийик чыгарып койгон үйдөн чычкан, келемиш коркуп, качып кетишет экен.

Жетинчи класстын окуучуларынын аң-сезими үч сааттык рок концерттен кийин көбөйтүүнүн жадыбалын эстей албаган абалга келээри аныкталган (Д.Элкин). Ал эми Токионун эң ири рок залында журналисттер угармандарга «сенин атың ким, сен каерде отурасың, азыр канчанчы жылда жашап жатабыз?» деген сыяктуу жөнөкөй суроолорго жооп бере албай калган абалга окуучулардын аң-сезими жеткендигин аныкташкан.

Рок залда өспүрүмдөрдүн аң-сезими эмне үчүн мындай абалга жетет? Немец окумуштуусу профессор Б.Раух бул суроого мындайча жооп берет: «Жаалдуу катуу чыңылдаган үн жаңырган чөйрөдө адамдын организми өзгөчө стресс гормондорун бөлүп чыгарат, ал мээдеги маалыматтарды «тазалап» салат. Бул процесс кайра калыбына келбейт».

Азыркы рок топтор 20 миңден 30 миңге чейинки герц же андан төмөн диапазондо иштээри белгилүү. Дүйнө жүзүндө рок музыкадан адамдын эске тутуусу, музыкалык угуму (слух) жоготуу фактылары белгиленүүдө. Үндөн контузия (денеге доо кетип) алып, «күйгөндүгү» аныкталган. Рок музыканын адамдын денесине, психикасына мындай бүлдүрүүчү күчү бар экендиги 1979-жылдан бери эле белгилүү. Венецияда рок концерт маалында жыгач көпүрө кулап түшкөн. Ал эми «Пинк Флойд» тобу Шотландияда концерт берип жаткан маалда да көпүрө кулап түшкөн. Ошол мезгилден бери батыштагы медициналык окумуштуулар фанат өспүрүмдөргө төмөнкүчө түшүндүрүшөт: «Мындай жыштыктагы ыгы жок үн, жарыктын бүлбүлдөп караңгыга алмашуусу байыркы

сыйкырчылардын (магиянын) коомунан алынган, аны аягынан башына тескери иретте ойношот. Мунун адамдын психикасына бүлдүрүүчү таасири бар. Бул өзүн өзү сактоо инстинктин, түптөлгөн адеп-ахлактык сапаттарын, өзүн коргоо механизмин бүлдүрүүгө багытталган деп айткан медиктердин сөздөрүн уккандар аз. Рок өспүрүмдөрдүн көз карашына, ойломуна терс таасирин тийгизип жатат. Ошол таасирдин нугунда ойгонуп, кийинип, машина айдап, көңүл ачып, кайрадан уктап жашоого алар көнүгүп калышты.

Америкалык медициналык окумуштуулар 500-600 ватт кубаттуулук деңгээлинде ойногон «Битлз» тобунун чыгармачылыгын изилдешкен. Азыркы көпчүлүк аткаруучулардын оюну 70000 ватт деңгээлден 100000 ватт деңгээлге чейин жакындайт. Адамдын мээсине 120 децибел үн менен тынымсыз (системалуу түрдө) чабуул кылса мээ практика жүзүндө кайра калыбына келбес процесске дуушар болот. Адамдын мээси максимум (жогорку чеги) 55 децибелди араң көтөрө алат (Ибрахим Малик). Жарым сааттык дискотекага катышкан өспүрүмдөр гипнабелдүү (башка бирөөнүн таасири астында аң-сезимдин уйку, ойго ортодогу) абалга өтүшөт жана сыйкырдын арбоосунун таасирине тез кабылдоочулар болуп калышат да өзүн өзү көзөмөлдөө жөндөмүн толук жоготот. Андан ары агрессивдүү сөздөрдү айтууга, терс аракеттерге жөндөмдүү болуп калышат. Өспүрүмдөр рок залда психоэмоцияналдык травмага (сынуу, бүлүнүү) дуушар болушат. Мындан кийин табигый өзүн өзү сактоо механизми, инстинкти, рефлекси автоматтуу түрдө жоголот. Алар өспүрүмдөрдө ансыз деле жеткиликтүү эмес, б.а. дефицит.

Рок музыканттар өспүрүмдөргө жамандык кылып жаткандыгын өздөрү түшүнөт болду бекен? Джим Хендрикстин жообу: «Музыканын жардамы менен биз элди гипноздоп, чабал, алсыз жактарын таап, эң жөнөкөй (б.а. жаныбардын) дегээлине чейин түшүрөбүз. Аң-сезимдин мындай абалында алардын башына болбогон нерселерди «тыкса» болот» («Лайф» журналынан).

Питер Трунсшенд «Who» тобунун солистинин жообу: «Мен кандайча түшүндүрөөрүмдү билбейм, бирок сахнада өзүмдү көзөмөлдөй албай калам. Рок музыканттардын эч кимиси өзүн көзөмөлдөй албайт деп ойлойм. Мен бирөөнү өлтүрүп да коё алам го, мага ушундай сезилет» («Лайф» журналынан).

Гитара чертүүчүү Джон Маклафлин: «Биз кечинде концертте гитара чертип жаткан болчубуз, күтпөгөн жерден мага жинби, арбакпы (дух) бирдеме кирди. Гитараны мен ойнобой эле ал ойноп жатканын түшүндүм» («Лайф» журналынан).

Аң-сезимдин мындай абалын христиан дониндегилер «жиндер» (бесы) акылын оопай кылып коюшту дешет.

Виктор Цойдун автоавариядан кийинки, өмүрүнүн акырындагы сөзү: «Мен жаман болоорун билчүмүн, бирок мынча тез болоорун билген эмесмин» («Маяк» радиосуна берген интервью).

Рок музыка гүлдөгөн кылымда өспүрүмдөр арасында кылмыштуулуктун деңгээли жогорулап кетишинде байланыш жокпу? Концерт залда жаштардын мүнөзүн психикалык дарттын эпидемиясы каптагандай зордук, зомбулук, агрессиянын өсүшүн кандайча түшүндүрсө болот? Рок "жылдыздарынын" биринин артынан экинчисинин трагедиялуу өлүмдөрүн кандайча түшүндүрүүгө болот? Өспүрүмдөрдүн психикасына рок музыканын таасирин физиологиялык жактан түшүнүдүрүүгө болобу же мистикалык күчтөрдүн таасириби? Азыркы мезгилде дүйнө жүзүн «шайтанчылар» (сатанизм) коомдору каптоодо. Кыргызстанды да алар унутушкан жок. Байыркы сыйкыр (магия) ритми жин- шайтанды чакырат дейт Ибрахим Малик. Биринчи рок "жылдыздарынын" бири Джон Леннон Германияда гастролдо жүргөн мезгилде, жума күнү Иса (АС) пайгамбардын кайчылаш жыгачка кадалган сүрөтүн шылдыңдап, балкондун астында өтүп бара жаткан диний ынанымдагы аялдарга ичине суу куюлган презерватив ыргытып, «бул асмандан түшкөн жамгыр» деп кыйкырган. Азыркы рок музыканттар колдонгон «Шайтандын инжилинен» (чыгармадан) үзүндү жогорку ылдамдык менен тескери иретте ойноо жөнүндөгү идеяны Леннон киргизген. «Битлздин» альбому 1968 жылы чыккан. Леннон ушундан кийин трагедиялуу дүйнөдөн кайткан. Музыканттардын айрымдары моралдык нормадан четтеп, бачабасар (гомосексуалист), сойку ж.у.с. болуп кетээри белгилүү.

Рок чеберлери көптөгөн угармандарды кызыктыруу үчүн аң-сезимдүү түрдө шайтандын белгисин өзүнүн символикасына пайдаланышат. Мисалы, «KISS» ансамблинин белгиси «Kings in satan's service» кыскартылган, б.а. «шайтандын кызматындагы короолдор» деген сөздөн алынган.

Рок музыка кээ бир балдардын психикасына баңгизат сыяктуу өтө тез таасир эткендиктен өзүн өзү өлтүрүүгө жеткирет,- дейт Ибрахим Малик. Мисалы, 14 жашар металлист Томми Салиман өзү сүйүктүү «Айрон Мейди» тобунун «Эдди» деп аталган Иблистин тумарын өзүнө жасап алат, анан жакшы көргөн музыканы угуп аң-сезими транс абалга жетет. Мергенчинин бычагын алып өз энесин өлтүрөт, анын оң колун кесип салат, баш терисин чыгарат, анан өзүн мууздап салат. Бала баңги болгон эмес, спирт ичимдиктерин ичпеген, психикалык жактан проблемасы боюнча врачка эч качан кайрылган эмес.

Дагы бир (рок музыкалык) фанат өз көкүрөгүнө сүйүктүү топтун символун бычак менен кесип, баарына белгилүү тажаалдын 666 санын жазган, анан үч кишини өлтүрүп

салган. Мындай мисалдарды көп келтирүүгө болот. Рок индустриялык чарбанын жетекчилеринин көпчүлүгү «шайтанчылар» сектасында чиркөөдө официалдуу мүчө экендиги далилденген.

Поп музыка боюнча деле негативдүү, адепсиз маалыматтарды камтыган ырлар жетишерлик. Мисал келтирели: Мумий тролдун аткаруусундагы ыр:

«Чөгөсүң, чөгөсүң,

Бир мезгилде өлөсүң…»

Валериянын аткаруусундагы ыр:

«Өзүмдүн кызым деп сен мени атагын,

Анан кучакта, анан алдагын…»

Мектепте тарбиялык мааниси жогору ырлар, музыка гана сунуш этилиш керек.

Биз негативдүү мазмундагы ойлорду камтыган ырлардын, рок музыканын өспүрүмдөрдү арбоочу ритминин, азыркы мезгилде оорунун эпидемиясы сыяктуу каптап келе жаткан «искусствонун» зыяндуу таасири жөнүндө кыскача баяндоого аракеттендик. Бул педагогдорду ойлондуруп, мындан кандайча өспүрүмдөрдү коргойбуз? деген сыяктуу суроолорду акылдарына салууга тийиш, анткени азыркы мезгилде мектептерде дискотека уюштуруу адатка айланган. Ал бизге XX кылымдан эстафета сыяктуу келген. Дискотеканы кээ бир өспүрүмдөрдүн жүрөгү наркоман баңги затка муктаж болгон сыяктуу тарбия завучтан «дискотека качан болот?» деп өз мыйзамдуу укугун талап кылып жаткан сыяктуу суроо коюшат. Жогоруда айтылган проблема ата-энелерге, мугалимдерге, коомчулукка түшүнүктүү болгондур, эми акыл калчап өспүрүмдөрдү коргоо жөнүндө ойлоноор деген үмүттөбүз.

**Өзүн өзү адептик жөнгө салуу**

Өспүрүмдүн жүрүм-туруму адептик нормаларга ылайык келүүсү маанилүү. Аны чондор (ата-эне, мугалим) нормалдуу түшүнсө, бала адептик аракетинин ийгиликтүү болгонуна сүйүнүп, өзүнө мамилеси дурус, маанайы көтөрүңкү болуп, өзүн өзү адептик жөнгө салат. “Өзүн өзү адептик жөнгө салуу: өзү билгендей, аргасыз, алдын ала ниет кылуу аркылуу ишке ашат”-деп ырастайт В.А.Крутецкий. Өзү билгендей адептик жөнгө салууда өспүрүм аң-сезимдүү түрдө моралдык талаптарга ылайык чечим чыгарып, аракеттенет, өзүнүн жүрүм-турумун өзү көзөмөлдөйт, ниети каалоосуна каршы болсо да аны аткарат. Башкача кылууга оор болгон учурда бала өзүн өзү аргасыз жөнгө салат. Моралдык мотиви күчтүү болсо, көөдөнүндө арамдык, митайымдык жок болсо, же максаты жогору болгон учурда бала адептүү иш кылат. Күнүмдүк тиричиликте, турмуштук шартта токтоосуз иш аракет кылыш керек болгон учурда да

бала аргасыз адептүү жүрүм-турумду тандайт. Аргасыз өзүн өзү жөнгө салуу эки жол менен калыптанат: адептик тажрыйба чогултканда балдар адептик талаптарды үйрөнүшүп, адептик сезимдерди өнүктүрөт, ошого ылайык жүрүм-турум формаларын аныкталат. Адептик адаттарды калыптандырат. Бул адаттардын нукура маанисин кийинчерээк баамдап түшүнүшөт. Элементардык жүрүм-турум эрежелерди, нормаларды өздөштүрүп, бышыкташат. Татаал моралдык талаптарды балдар өзү билгендей жүзөгө ашырышат. Каалоосуна карабастан ак ниети менен өзүн өзү теске салышат. Ушул этапта аң-сезимдүү өздөштүрүлгөн адептик принциптерге ылайык сезимдери байып (кубанып, көңүлү көтөрүлүп ж.б.), ал сезимдер кийинки жүрүм-турум мотиви болуп, мүнөз жаралат, мотиви аркылуу өз адебин өзү көзөмөлдөйт.

**Окуучулардын адептик аң-сезимин өнүктүрүүдөгү кыйынчылыктар**

Окуучулардын адептик аң-сезимин өнүктүрүүдө объективдүү кыйынчылыктар бар[20]:

−илимий-теориялык чечилбеген маселелер көп;

−мугалимдин педагогикалык чеберчилигинин деңгээлин аныктоо тесттери иштелип чыга элек;

−педагогикалык профессионализмдин стандарты иштелип чыга элек;

−өспүрүмдөрдүн келечектеги кесибин тандоо факторлорун ачуу маселеси чечилбеген;

−мугалимдин ишиндеги типтүү стрессорлор толук ачылбаган;

−адептик билим берүүнүн дидактикалык негиздери иштелип чыга элек;

−мугалим менен окуучунун мамилесинин чыр-чатакка айланып кетишинин себеби, мотиви, табийгаты аныкталбаган, толук анализденбеген;

−өспүрүмдүн адептик билим алуу боюнча илээндилигинин себеби анализденбеген;

−электрондук окуу колдонмолор түзүлө элек;

−медицина менен педагогика илимин интеграциялоо жетишерлик ишке ашпаган. Нервди козгогон, физиологиялык, психикалык проблемалар бар, окуучуларга жардам берүү ыкмалары жетишсиз.

Эми адеп сабагын уюштуруудагы кыйынчылыктар жөнүндө айта кетели. Бардык предметтер боюнча сабактын мазмуну, дидактикалык маселелери, идеясы, багыты, технологиялары ж.б. жолу аныкталган. Окуу китептери бар. Мугалимдердин бай тажрыйбалары бар. Адеп сабагын окутуунун чыйыры жаңыдан салынууда. Методикалык колдонмолор жетишсиз. Мугалимдер обьективдүү кыйынчылыктар

менен кездешүүдө. Мектептер китеп менен толук камсыз боло элек. Мугалимдер үчүн өнөр жай тарабынан чыгарылган көргөзмө куралдар дээрлик жок. Көргөзмө курал жасаш үчүн мугалим убакыт коротуш керек. Ар бир сабакты уюштуруу үчүн мугалимдер көптөгөн адабий, илимий булактардан өз алдынча изденип, эмгектенип жатышат. Башка предметтер боюнча дептер текшерүүгө (аз болсо да) акы төлөнөт. Адеп сабагында деле дептер (дил баяны) текшерилет. Бирок аны каржылоо маселеси карала элек. Математика мугалими (бир ставка айлык акы менен иштегени) болжол менен 100 окуучу менен иш алып барат. Адеп сабагын окуткан мугалим 600-650 бала менен иш алып барат. Мугалим балдардын психологиялык өзгөчүлүгүн билбей сабак өтсө, эмгеги натыйжалуу болбойт. 100 баланын психологиялык өзгөчүлүгүн өздөштүрүү менен 600-650 баланыкын өздөштүрүүгө бирдей эмгек талап кылынбайт, б.а. 6-7эсе көп эмгек талап кылат. Эң оор эмгек адеп мугалимдеринин, класс жетекчилердин бешенесине туура келип калды. Буларга кам көрүү керек.

**Адептик билим менен жүрүм-турум ортосундагы ажырымды жеңүү**

Мектеп практикасында адептик билим берүүнүн кемчилиги: окуу китептери, теориялык материалдар жетишсиз. Мугалимдер адептик тематикага туура келген адабий, тарыхий материалдардан үзүндүлөрдү курап пайдаланышат. Алардын көпчүлүгү совет доорунда жазылган, анда “ак так” (жасалмалуулук, идеология таңуулаган мнимый б.а. “чындык”), “кара тешик” (жашырылган чындык) бар. Адеп сабагын берүүгө атайын даярдык көргөн мугалим жокко эсе. Балдар ошол куралган материалдарды өз тажрыйбасында колдонуп, аны адептик билимдин максимуму ушул деп түшүнүшөт. Азыр мектептерде адептик жүрүм-турумга көнүгүүгө жетишерлик шарт түзүлгөн эмес. Айрым нормаларга ылайык адептик билимди сапатуу өздөштүрүлүшүн аныктоо ыкмалары иштелип чыккан эмес. Адептик билим жөнүндө айтууда системалуулук жетишсиз. Алар ыңгайы келип калганда адабий же тарыхый чыгармалардан үзүндү катары айтылат. Бул кемчиликтин натыйжасында балдардын адептик билими менен жүрүм-турумунун ортосунда ажырым бар. Ушул ажырымды жоюш үчүн:

–баланын адептик билимин колдонуп, тажрыйба топтоого атайын көнүгүүчү тапшырма берүү;

–жалпы адептик мазмунду жүзөгө ашырууга ар кандай иш-аракет кылгандыгы жөнүндө айтып берүүсүн талап кылуу;

–балдарды адептик маселер боюнча суроо түздүрүп, ага өздөрүн жооп табууга көндүрүү;

−бири-бирине жардамдашуу, адептик билимди колдонууга каражаттарды табуу, окуучунун ниетин, оюн ишке ашыруусу жөнүндө сурамжылоо;

−жүрүм-туруму адептик нормага туура келиши бааланыш керек.

Окуучулардын аң-сезими бардык материалды кабыл алууга даяр эмес, алардын мүмкүнчүлүктөрүнөн жогорку абстрактуу теориялык материалдарды, принциптерди сунуш этүү пайдасыз, атүгүл зыяндуу, анткени аны балдар формалдуу өздөштүрүшөт. Мындай кемчиликтин натыйжасы жөнүндө К.Д.Ушинский: “Эгерде баланы жаман шумпай киши кылгыңыз келсе, аларды бала кезинен (курак өзгөчөлүгү эске албай) насият, макал-лакап, санат сөздөрдү кайталоосун талап кыла бериңиз, аларга эч кандай адептик билим таасирсиз болуп калат”-деген.

**Адептик аң-сезимдин өнүгүшүндө баланын окууга мамилесинин мааниси.**

Окуу процессин адептик талаптар менен байланыштыруу балдардын окууга мамилесин, аң-сезимин өзгөртөт. Мисалы: мугалим балдарга бирөөнүн эмгегин түшүнбөй, көчүрбөгүлө, дептериңерди көчүрүүгө бербегиле, шыбырап, бир ойго келүүгө түрткү болбогула, ар кимиңер өз алдыңарча аракеттенгиле, бирөөнүн оюн түшүнбөй кайталабагыла ж.у.с. үйрөтөт. Инсандын адептик калыптанышында бул эрежелер анчалык маанилүү эмес көрүнгөнү менен, мунун артында өзү аракет кылып, жашоого үйрөнүү жөнүндөгү адептик принциптер, масштабдуу проблемалар жатат. Учурду жакшылап ойлосок тапшырманы көчүрүп алууга дептерин берген окуучуну түшүнсө болот. Жолдоштук мамиле түзүп жүргөн бала жардам сурап жатса, кантип дептерин бербей коёт. Бала тургай чоңдор деле ээринчээк, компететтүү ( иш билги) эмес адамдын ишин өз мойнуна алып, аткарган учурлар азбы. Билбесе сабактан кийин түшүндүрүү керек, жалкоону уяткарыш керек, өзү аракет кылыш керек - дейт мугалим. Жогорку класстын окуучулары “коллективизм” идеяларын ойлоп, адепсиз аракетин “акташат”. Педагог абайлабаса алардын кызыкчылыктарында карама-каршылык болгон учурда, балдар бири-бирине кас мамилеге өтүп кетиши мүмкүн. Ошол эле мезгилде кастыктан качып адепсиз мамилени “өркүндөтүүгө” б.а. аракетсиз көчүрүүгө тилектештикти, жалкоолукту колдоого болбойт. Өзүнүн компетенттүү эместигин мугалимден, ата-энеден жашырган, бирөөнүн эмгегин пайдаланып жүргөн бала өнүкпөй калаары белгилүү. Мында мугалимдин милдети кайсы? Бала бирөөнүн эмгегин аракеттенбей көчүрүүсүн −кемсинүү, өнүкпөй артта калуу экендигин, анын абийиринин таза болушуна мугалим кам көргөндүгүн түшүндүрүү. Инсан өзүнүн жана башкалардын алдында окуудагы, эмгектеги аракети аркылуу канаттануусу керек. Ошондуктан балага анын интеллектуалдык потенциалына жараша дифференцирлеп

тапшырма берүү керек. Окуучу системалуу көчүрүп, шпаргалка (мурда жазып алып, мугалимден уурданып сабакта, экзаменде) колдонуусу ж.б. айла, амал, куулук кылуусу баланы пас, төмөн абалга жеткирет. Мунун өзү адепсиздикти өрчүтөт. Бир караганда өзгөчө коркунучтуу эмес көрүнгөн бекерпоздук, акылдын аракетсиздиги, жетишүү боюнча эле аны артта калтырып чектелбестен, таанып билүү чөйрөсүн жарды кылат, инсанды адептик деградацияга (аң-сезиминин төмөндөшүнө) алып келет, бала өзүн-өзү урматтоосун жоготот, намыскөй, абийирдүү болуусуна тоскоол болот. Ошондуктан "Адептүүлүк – адамдын көркү, билимдүү болуш оңой, адам болуш кыйын" – деп айтылат элибизде.

**Аң сезимдин калыптанышында моралдын ролу**

Адам миңдеген жылдардын ичинде, изденген, жаңылган иллюзия менен жашаган, тынчтыкка умтулган, жакшылыктан үмүт үзүп, айласы түгөнүп, мөгдүрөгөн, кээде жеңип, кээде жеңилген, кээде бирөөгө, кээде өзүнө ишенген. Көпчүлүгү Кудайга ишенишкен. Ошентип адамзат аң-сезимдүүлүгүн өнүктүргөн, билим издеп, тажрыйба топтогон. Моралдык аң-сезимдүүлүк да байыртадан бери өнүгүп келген. Байыркы дүйнөдө инсанды моралдык аң-сезим аркылуу коомдун кызыкчылыгына (сыртынан караганда эч кандай зордуксуз) баш ийдирген-деп ырастайт С.А.Кучинский (Человек моралный М.1987). Анткени моралдык аң-сезими калыптанган адамдар (чиркөө кызматкерлери) үстөмдүк кылган таптын мүдөөлөрүн колдогон. Натыйжада адам өзүнүн шыгы, кызыкчылыгы, ыкласы менен милдетинин ортосундагы чечилбес чырдын туткунунда калган. Этиканын тарыхы бул чырды адам өз кызыкчылыгын коомдук кызыкчылык үчүн "курмандыкка чалып" кеткендигин ырастайт. Мындай шартта үстөмдүк кылуучу таптын элестетүүсү боюнча адеби идеалдуу адам өзүн өзү чектөөгө үйрөнүшү керек. Мындай шартта турмуштун оорчулугуна адамдын психологиялык жактан туруштук берүүсү кыйын. Христиан сынчыларынын ичинен ойчул Ф.Ницше "Жашоонун философиясы" деген эмгегинде коомдун капиталисттик (империалисттик) өсүү баскычында адамдын рухий, адептик аң-сезиминин өсүшү тууралуу өтө пессимисттик көз карашын билдирген. Анын ою боюнча: "Адам жашоонун лабиринтинде адашкан, христиандык мораль адамзаттын апологиясынын (грекче apologia-коргонуу) чабалдыгы, алар элди моралдын жардамы менен жетелейт. Мораль адамды чыныгы эркиндиктен ажыратат, чектейт, аны жер жүзүндө өзүн очор-бачар болуп бекем орун алуусуна жолтоо болот. Чынында ал − адамзаттын бузулгандыгынын жогорку пределі (чеги)". (Ф.Ницше. Антихрист. Спб.1907.98б).

Революцияга чейин мораль менен динди бири-биринен бөлүп кароого мүмкүн эмес эле. Гуманистер азыр деле бирин экинчисиз элестете алышпайт. М. Ганди

“Менин өмүрүм” деген китебинде мораль жана дин − синоним сөздөр деген пикирди жазат.

Этиканын мораль жөнүндөгү бөлүмүндө эки негизги адептик категория бар, алар жакшылык жана жамандык. Анда моралдык талаптарды сактоо жакшылык менен ассоциацияланат. Моралдык норма эрежелерди бузуу же чектөө жамандык менен ассоциацияланат. Муну түшүнүү менен инсан өзүнүн жүрүм-турум адебин жөнгө салат.

Айрым учурда адептик тарбияны моралдык тарбия деп аташат. Адеп менен мораль тыгыз байланыштуу, ошол эле учурда бул эки түшүнүк эки башка. Мораль коомдук аң-сезимдин формасы болгондуктан адамдардын жүрүм-турумун жөнгө салууда жалпы социалдык функция аткарат. Субъективдүү моралдар өтө эле көп. Миграция, эмиграция бар өлкөдө субьективдүү моралдын, тажрыйбанын элге таасири болот. Мораль жөнүндөгү түшүнүктөрдү өздөштүрүү, жүрүш-турушта моралдык норманын ишке ашуусун, билимдин жана тарбиянын таасирин моралдык тажрыйба дешет. Моралдык жүрүм-турумдун башка (укуктук, эмгектик, саясый) эрежелерди сактоодон айырмасы, ар бир адам өз эрки менен үрп-адат, традицияларды сактоо аркылуу ишке ашырат. Мораль башка коомдук аң-сезим сыяктуу эле тарыхый жана таптык түшүнүк. Мораль социалдык функцияны аткарып, адамдар арасында мамилени жөнгө салууну максат кылат. Эл өз коомуна, дооруна ылайык системаны, класска керектүү эрежелерди иштеп чыгат. Туруктуу, өзгөрбөс, түбөлүктүү мораль болбойт-деп ырасташат окумуштуулар. Мораль − ар түрдүү теориялардын, коомдогу экономикалык абалдардын продукту. Жалпы адамзаттык мораль болушу мүмкүнбү? Кандай учурда болушу мүмкүн? Айрым ойчулдардын пикирине караганда эл арасында карама-каршылыктар жоголгондо, пикир келишпөөчүлүк унутулганда болушу мүмкүн.

Адептүүлүккө тарбиялоодо мазмундун тандалышы маанилүү. “Тоталитардык (фашизмдин элементи бар) системанын адеби элди бузукулукка үйрөтүп, адамды жек көрүүчүлүгүн козгойт, ал адамдын деградациялашына алып келет”-дейт С.А.Кучинский. Гумандуу коом жандын (рухий) өсүшүнө, өркүндөөгө жол берет. Коомдук мораль өзүнө көптөгөн мамилелерди камтыйт:

− мамлекеттик саясатты туура түшүнүү;

− дүйнөнүн өнүгүү жолун, перспективасын түшүнүү, өлкөдөгү, дүйнөлүк, эл аралык аренада окуяларды туура баалоо;

− моралдык, рухий баалуулуктарды түшүнүү;

– элдердин эркиндигине, демократияга умтулуу, адилет болуу;

− ата-мекенге берилгендик, сүйүү, улуттук кастыкка жол бербөө, бардык элдерге өлкөлөргө, маданий, саясый жакшы мамиледе болуу;

− эмгекти сүйүү, өзүнүн жана жалпы элдин кызыкчылыгы үчүн ак ниет эмгектенүү, тартип сактоо;

− коомдук мүлктү, материалдык баалуулуктарды сактоого, көбөйтүүгө умтулуу, табигатты коргоо, ага камкордук көрүү, сарамжалдуулук;

−элге адамгерчиликтүү мамиле кылуу, коллективизм, гумандуулук, өз ара сыйлашуу, жардамдашуу, үй-бүлөгө жана балдарга камкордук көрүү. Коомдун алдында милдетин сезүү, жогорку аң-сезимдүүлүк.

Адептүү окуучу деп- моралдык талаптарды эрежелерди өзүнүн көз-карашы, ынанымы катары сүйлөгөн, моралдык нормаларды түшүнүп, маани берип, аракет кылган, жүрүм-туруму тарбияланган баланы түшүнөбүз. Моралдык талап экономикалык талапка каршы болушу мүмкүн. Моралдык талап саясый жөнү бар, материалдык жактан пайдалуу нерсеге, тарыхый зарылчылыкка каршы болушу мүмкүн. Мораль ыңгайсыз көрүнгөнү менен айрым учурда ыңгайлуу.

**Адептик аң-сезимди калыптандырууда советтик педагогиканын өзгөчөлүктөрү, айрым мүчүлүштүктөрү**

Советтик педагогика окуучулардын адептик аң-сезимин өнүктүрүүдө марксисттик-лениндик окууга, коммунизмдин моралдык кодексине таянган. Ошондуктан КПССтин сьезддеринен, БКнын пленумдарынан, партиялык документтерден тезистер (докладдын түпкү ою) алынып, көргөзмөлөр аткарылыш керек болгон. Анда мугалимдин милдеттери жазылган. Ал эми социалисттик революцияга чейинки адептик билим берүү диний окуулар (Россия, Украина ж.б.да христиан дини, Кыргызстан, Казахстан ж.б.да ислам дини) аркылуу ишке ашкан.(Педагогическая энциклопедия. М.1964).

Советтик педагогикалык адабияттарда буржуазиялык адептик тарбия жана алардын аң-сезиминин деңгээли аёосуз сынга алынган. Социалисттик коомдо адептик аң-сезимге тарбиялоонун негизи катары марксисттик-лениндик көз караш болууга тийиш деп ырасталган. Ал гумандуу көз караш, чыныгы илимий билим, адептик ынанымдардын булагы катары ырасталчу. Окуучулардын адептик аң-сезимин өнүктүрүүгө пионердик, комсомолдук уюмдардын, ыктыярдуу элдик дружиналардын, мектептик жана үй-бүлөлүк кеңештердин, коомдук комитеттердин ролу өзгөчө бааланган. Ошондой эле мугалимдин балдарга этикалык идеалдар жөнүндө айтып берүүсүнө чоң маани берилген. Этикалык адабияттарда 200дан ашык оң сапаттар

жазылган. Алар: гумандуулук, адептүүлүк, чынчылдык, жөнөкөйлүк, толерантуулук, адилеттүүлүк, ак ниеттүүлүк ж.у.с. Буларга антипод (карама-каршы сапат) катары ушунча эле өлчөмдөгү терс сапаттар жазылган. Алар: адамгерчиликсиздик, адепсиздик, калпычылык, ырайымсыздык, уятсыздык, кара мүртөздүк ж.у.с.

Адептик аң-сезимди өнүктүрүүнүн каражаты катары класста жана класстан тышкаркы иш-чаралардын комлекси: чогулуш, көркөм адабий кече, талкуу, конференция, аңгемелешүү, спорт жана искусство менен байланышкан массалык иш-чаралар каралат. Окуу-тарбия процессинде алардын таасиринин натыйжасы дурус болуп, айрым жетишкен ийгиликтер кездешчү, айрым проблемалар да болгон. Педагогикалык адабияттарда ошол проблемаларды чечүү боюнча ыкмалар, кеңештер, сунуштар, илимий теориялык материалдар жазылган. Ал адабияттарда бала обьект катары каралып, авторитардык башкаруу стили сунушталат. Адептик аң-сезимдин калыптанышында кино, көркөм адабият, радио, телекөрсөтүү, театр, массалык маалымат каражаттары, эмгектин ж.б. таасири кенен баяндалат. Педагогикалык процесстин ишке ашуусу айрым мыйзамченемдүүлүктөрдөн, коммунизмдин моралдык принциптеринен көз каранды деп ырасталган. Бул принциптер окуучулардын адептик ан-сезимин калыптандыруу боюнча класстык тарбия сааттардын мазмунун аныктаган. Класстык тарбия сааттын мазмунунда: “Советтик ата-мекенди сүйүү”, “Советтик патриотизм”, “Ата-мекендин жаш каармандары”, “Турмушта эрдикке дайым орун бар”, “Советтик интернационализм”, “Эмгекчил элдердин биримдиги”, “Согуш каармандары”, “Илим жана техниканын алдыңкылары”, “Көркөм адабий каармандар”, “Театр инсандары”, “Искусство чеберлери”, “Улуу атабыз Лениндин өрнөгү” ж.у.с. тематикаларга көп орун берилген.

Совет доорунда чыккан окуу китептердин мазмунундагы мүчүлүштүктөрү жөнүндө С.О.Байгазиев “Империянын окуу китеби” (Кутбилим. 09.02. 07) деген макаласында мындай дейт. Окуу китептердин түзүүчүлөрү бир тууган партиянын көрсөткөн идеялык багытынын духунда ойлонууга мектептеги бала кезинен үйрөнгөн, көнгөн жаран эмес беле. Жаңыча, альтернативалуу ойлонуу эч кимдин оюна тургай түшүнө да кирчү эмес. Алар окуу китептери канчалык саясатка, идеологияга сугарылган болсо, ошончолук тарбиялык күчү жогору болот деп түшүнүшкөн. Мына ушундай установка, саясатташкан ой жүгүртүүдөгү “высокоидейный” окуу китептери жаралып, балдардын колуна тийип турган. Маселен, 1-класс үчүн “Эне тил” окуу китебинин мазмунуна көңүл бөлөлү. “Октябряттардын эрежеси”, “Биз Ленинчил жаш”, “В.И.Ленин”, “Лениндик бөлмөдө”,”Ленин жөнүндө сөз”, “Ленин”, “Улуу Ленин”, “Ленин чийген китептен”, “Май ыры”, “Советтик элдер”, “Октябряттар”, “М.В.Фрунзе”, “В.Ульяновдун үй-бүлөсү”, “22-

апрель – Лениндин туулган күнү”, “Ильичтин бала чагы”, “В.И.Ленин кандай окуган”, “Володя Ульянов” ж.б.

Автор кийинки класстардагы окуу китептердин мазмуну ушу сыяктуу болгондугун конкреттүү тематика, фактылар аркылуу көргөзөт да, “маңкуртчулук кайдан башталган?” - деген суроо коёт. Биз дайыма балдарды ой жүгүртө билүүгө, аларды өз алдынчалыкты, ички маданиятты тарбиялоо керек деп безеленип калабыз. Ойлоп көрөлүчү, жогорудагыдай жасалма “ураанга” салган, саясый пафоско, кургак даңазага, шаңдануучулукка, формализмге ж.у.с. тексттерге шыкалган официалдуулуктун жыты уруп турган окуу китептер окуучулардын аң-сезимин кантип өстүрсүн, кантип кызыгуусун туудурсун, ышкысын кантип тутантсын. Окуу китеби балдардын көркөмдүк табитин тарбиялоого тийиш. Көркөм табитти, тил маданиятын, адептик-ыймандык мазмунга нарк сөз берметтерине, кеп мончокторуна ширелген адабий тексттер, ыр, аңгеме, жомоктор тарбияласа керек.

Неликтен элибиздин тарыхында өткөндөгү каарман күрөшүнө, этнографиясына, адеп-ахлак салтына, үрп-адатына, фольклоруна, улуттук тиричилигине байланышкан жергиликтүү материалдар орун албайт? Биздин педагогикада үстөмдүк кылып турган евроцентристтик багыт, окуу китебин жаратуучулардын авторитардык ой жүгүртүүсү жана улуттун өзүн-өзү аңдап түшүнүүсүнүн өнүкпөгөндүгүндө турат. Борбор жактын стратегиялык кызыкчылыгынын идеологиялык стандарттарынын “чоорун тартып”, ырын ырдоо, биздин окуу китептерибиздин күн мурун “маңдайына жазылып” коюлар эле.

Биздин окуу китептерибиз сыртынан “Эне тил” деп аталганы менен ички мазмуну боюнча тарыхый тамырынан ажыратылган маңкурт муундарды кенедейинен саясый идеологиялык догмаларга “ууланган тоталитардык түзүлүштүн легиондорун тарбиялоого эсептелгени чындык болучу” – дейт С.О.Байгазиев.

“Элдик акылмандык - элдик билимдердин негизинде жаралат. Ал элдик накыл китептеринде орун алган. Элдик акылмандуулук барыдан мурда – адептик категория б.а. адамдын адеп маданияты, анын билиминин негизинде акыл-эс аракетинин туундусу катары каралат. Элдик акылмандуулукту балдар элдик накыл китептерден үйрөнүшөт. Элдик макал-лакаптар – элдик поэзиянын эң жеткире иштетилген түрү”-деп ырастайт Н.В.Гоголь, анда элдик акылмандуулуктун бардык касиеттери, адамдардын психологиясы чагылдырылат.

Советтик педагогикада коммунисттик духтагы саясый аң-сезимди калыптандырууну адептик аң-сезим менен чаташтырган учурлар кездешет. Азыркы позициядан (көз караштан) караганда класстык сааттардын мазмунунун тандалышында проблемалуу жагдайлар көп орун алган. Мисалы, совет доорунда жазылган коммунисттик идеология

таңууланган адабияттар кенен пайдаланылып, революциядан мурдагы жазылган чыгармаларга, өткөн классиктерге, даанышмандардын ойлоруна жетишерлик орун берилген эмес. Диний адептик эрежелер толук четке кагылган. Пайгамбарлардын, олуялардын адептик нускаларына тап-такыр орун берилген эмес. Актуалдуулугу өтүп кете турган (партия көргөзгөн) нерселерге көңүл бөлүнгөнү менен чыныгы түбөлүктүү баалуулуктарга (ыймандуулукка, дилдин тазалыгына, ой соолукка ж.б.) жетишерлик көңүл бөлүнбөй калган. Адептик аң-сезимди калыптандырууда колдонгон методдор (ынандыруу, үлгү болуу, мелдешүү, талкуу, жазалоо, өзүн өзү көзөмөлдөө ж.б.) толуктоого муктаж. Окутуунун жаңы технологияларын кенен пайдалануу керек. Көбүнчө окутуунун репродуктивдүү ыкмаларына көңүл бөлүп, педагогдун чыгармачыл чеберчилигин өркүндөтүүгө жеткиликтүү көңүл бөлүнбөгөн. Азыр чыгармачылыктын айрым формаларын пайдалануу керек. Мисалы, Чыгыш окууларынын адептик нускаларын Батыш окууларынын нускалары менен салыштыруу, айрым учурда аларды комбинациялоо, диний адептик нускаларды илимий тилде чечмелөө ж.б. материалдарды пайдаланууга болот.

Аң-сезимге таасир этүүнүн сырткы формалары советтик педагогикада кенен жазылган, бирок ички психологиялык аспектилери (дили, насили, аң-сезиминин өнүгүү мыйзамы ж.б.), жеткиликтүү көңүл бөлүнбөгөн. Мугалим муну билбесе баланын ички дүйнөсүндөгү жашоосун толук кандуу түшүнбөсө, баалабаса алардын жүрүм-турумундагы, аракетиндеги мотивин, оюн, мүдөөсүн баамдай албайт, демек керектүү маалда керектүү кеңеш бере албайт, керектүү материал тандай албайт, эффективдүү ыкмаларды, каражаттарды колдоно албайт, иш-аракеттерди оптималдуу, рационалдуу уюштура албайт. Анда мугалимдин эмгеги продуктивдүү эмес, иши чыгармачыл эмес болот.

“Болмуш (бытие, турмуш) аң-сезимди аныктайт (ойду белгилейт)”-дейт марксисттик философия. “Аң-сезимдеги ойлор материализацияланат (ишке ашат)”-дешет идеалист ойчулдар. Биздин педагогдор болмуштан сабак алганды дагы эле улантып жатышат, б.а. марксисттик-лениндик окууга таянган педагогикалык, адабий мурастардын негизинде ишин улантууда. Идеалисттик философияга таянган педагогдор адамдын акыл-ой чабытын, аң-сезимдүүлүгүн өнүктүрүүгө, идеяны ойлоп табуу аркылуу жаңы механизмдерди, (компьютерлерди, машина ж.б.) ойлоп табууга, оюн позитивдештирүү аркылуу рухий дүйнөсүн өзгөртүүгө, ниетин оңдоого, адебин жакшыртууга үйрөтүүдө. Ой аркылуу ааламдык аң-сезим (Р.Стоун боюнча), космостук аң-сезим (С.Н.Лазарев боюнча) менен гармониялуу аракет этүү адамзаттын өнүгүүсүнө жол ачат-деп ырасташат азыркы ойчулдар.

Мугалимдер советтик педагогикалык көрсөтмөлөрдөн башкача жол таба албагандыктан бүтүрүүчүлөрүбүздүн ой жүгүртүүсү стереотиптүү (чектелген) ой

жүгүртүүдөн жогору көтөрүлө албай убара болууда. Окуучуларды масштабдуу ой жүгүрүүгө үйрөтүү керек. Ой соолук маданиятына, ойду позитивдештирүүгө жеткиликтүү көңүл бөлүнбөй жатат. Сабакта айтылган материалды эсине тута албаган балдардын эске тутуму проблемалуу, аларга эске тутуп калуу техникасын үйрөтүү керек.

Биз авторитардык иштөө стилинен баш тарта баштадык, себеби системалуу кысым көрүп чоңойгон балдар "бирөө менен күрөшүү керек" деген көз карашта чоңоюп калышат экен. Г. Адорно (АКШ) "Авторитардык инсан" деген китебинде мындай стилде тарбия көрүп, өзү авторитардык инсан болуп чоңойгон адамдардын адептик өзгөчөлүктөрүн төмөнкүдөй сүрөттөйт:

–авторитардык инсан (мамлекеттик, моралдык) нормативдерге, эрежелерге, конвенцияларга, документтерге таянып, ага ишенет, ушул рамкадан башкача болушу мүмкүн эмес,- деп ырастайт;

–элди "өзгөлөр жана биздикилер"- деп бөлүшөт. Башкача ой жүгүрткөндөргө, улуттук азчылыкка негативдүү мамиледе болушат. Дайыма күчтүү лидерге муктаж, лидердин терс сапаты болбочудай сын айтууга мүмкүн эмес. Бийликке кызыгуусу өтө жогору. Өзү бирөөлөргө басынууга макул болгону менен, башкаларды басынткан адамдар болушат. Лидер бийликте турганда — идеал, бийликтен түшкөндөн кийин кемчиликтери толтура эле инсан болот. Биздин адамдарыбыз ушундай.

Совет доорунда адам тарбиялоо жөнүндөгү илимдин негизин марксисттик-лениндик философия, коммунисттик идеология түзгөн. Ыймандуулукка тарбиялоонун ордуна идеологиялык императив ишке ашкан. Бардык доордун элдеринен башкача, таптык тарбиянын принциптерин ишке ашыруу керек - деп ырасталган. И.В.Сталин: "Биз коммунисттер –өзгөчө материалдан бычылган өзгөчө ойломдогу адамдарбыз"- деген. Коллектив тарбия берүүнүн негизи да, максаты да, каражатты да, натыйжасы да болгон. Тарбиялоодо улуттук каада салттар, традициялар кенен пайдаланылган. Муундардын алмашуусунда эч кандай пикир келишпестик болбош керек деген иллюзия жаралган, ал кезде атеизм үстөмдүк кылган. Буржуазиялык дүйнө менен күрөшүүгө даяр муунду тарбиялаш керек дечүбүз. Натыйжада педагогикалык теория менен практиканын ортосунда ажырым болуп, коммунисттик духта, ар тараптуу өнүккөн инсандарды тарбиялап жатабыз деген иллюзия менен жашай бергенбиз. Эгерде чындыгында эле бүтүрүүчүлөрүбүз коммунисттик духта тарбияланган болушса, азыркы реалдуулуктагы көп партиялуулуктагы, көп диний ынанымга "ишенген" адамдарды ким тарбиялады? Ар тараптуу өнүккөн инсандарды тарбиялаган болсок, азыркы адептик, рухий кризис кайдан чыкты? Билим берүүдө гуманизмге караганда технократизмге көбүрөөк көңүл бөлүнгөн. "Билим берүүдө технократизмге караганда гуманизмге

көбүрөөк көңүл бөлүш керек”-деп ырастайт А. Эйнштейн. “Рухий дүйнөсү жарды кесип ээси, үйрөтүлгөн жаныбарга окшош” - деген ал.

Акыркы жылдарда техника адамдардын турмушунда орчундуу орунду ээлей баштады. XIX кылымга чейин адамдардын турмушунда дин маанилүү болуп эсептелсе, азыркы мезгилде техника маанилүү болду. Мунун адептик маселеге тиешеси бар. Мурда окуу тарбия процессинин негизги максаты − ар бир баланын инсандык сапаттарын жакшыртуу, асылдандыруу, адамгерчиликтештирүү, ыймандаштыруу, ата-бабалардын руханий мурастарын улантуу болсо, азыр көпчүлүк өлкөлөрдө өндүрүштө иштей алган, техниканы жакшы өздөштүргөн, профессионал керек болуп калган. Балага келечекте оокатын камсыз кылып кетсе, квалификациялуу адис чыкса эле болду, деген сыяктуу мамиле кылган педагогдор аз эмес. Азыркы күндө педагогдун негизги милдети − социумдун заказын аткаруу болуп калган. Бул туура эмес. Билим берүү институттарынын, академиялярынын негизги милдети − баланы ойлонууга үйрөтүү, ниетин, мотивин оңдоо боюнча усул, ыкма сунуштоо. Ниет, мотив өзгөрсө, адептик аң-сезим да өзгөрмөк. Бизде мугалим үчүн жакшы жыйынтык гарантиялай турган методика, технология, иштеп чыгуу жана аларды жайылтууга көбүрөөк көңүл бөлүнүүдө. Бул − педагогиканын проблемалуулугунун белгиси [36].

Советтик педогогикалык адабияттарда конкреттүү адептик сапаттардагы инсанды калыптандыруу керек деген сыяктуу ойлор көп кездешет. Бул жумушчу белгилүү формадагы, өлчөмдөгү деталды жасаш керек деген сыяктуу эле. Ушул кемчилик адатка айланган, мугалим конвеерде туруп, оңой эле ошол адабиятта көрсөтүлгөн сапаттагы адамдарды калыптандырууга мүмкүн болгон сыяктуу жазылган китептер аз эмес. Мунун өзү баланын табигый өзгөчөлүктөрүн, дээриндеги көрөңгөсүн, талантын басып, муунтуп коюуга тете. “Мугалим менен окуучунун мамилесин аспап менен материал сыяктуу кароого болбойт”-дейт В.С.Кукушин [36].

А.В. Галкин: “Билим берүүнүн максаты жана баланын билим алуу укугу”-деген китебинде “Билим берүүнүн технологиялары музейге өткөрүлмөйүнчө (б.а. ал педогогикадагы өткөн этап болбосо) билим берүүнү гумандаштыруу жөнүндө сөз болушу мүмкүн эмес”- дейт, б.а. жаңы технология керек, бирок ал педагогиканын негизги максаты эмес.

Турмушта баары эле ойдогудай боло бербейт. Балдардын эртеңки күнү боюнча, келечекте ишинин ийгиликтүү болоруна ишеними аз. Ата-энелердин, мугалимдердин авторитети балдардын астында начарлагандыктан балдар башка жактан “авторитеттүү” адам издешет. Ушундай шарттан ыймансыз ишкерлер пайдаланып жаштарыбызды материалдык кызыкчылыкка азгырып кетүүдө. Газета-журналдарыбыз Батышта билим

берүүнүн алтын доору башталган сыяктуу маалыматтарды билдирүүдө. “Чындыгында чет өлкөлөргө төмөн жүгүнүү жана космополитизм менен күрөш серт, жаман формаларга ээ боло баштады”- деп жазат В.С.Кукушин [36].

Биз элди, адамды жакшы көрүү (сүйүү) − чоң бакыт деп эсептечүбүз, балдарды да ошентип үйрөткөнбүз. Эгерде эл, адам жакшы көргөн адамдын үмүтүн актабаса, жакшы көрүү (сүйүү) жек көрүүгө айланышы мүмкүн. “Сүйүүдөн жек көрүүгө чейин бир кадам” деген макал бар оруста. Сүйүүнү абсолюттук баалуулук катары түшүнгөн адам Апокалипсистеги идеалга умтулат, бул туура эмес [37]. Чындыгында адам бакытка сүйүү аркылуу эмес, аң-сезимдин, дилдин, ички дүйнөнүн тазалыгы аркылуу жетишет экен. Советтик педогогдор коллективдик ойломду жогору баалаганбыз, ал бизге туура жол көрсөтөт деп түшүнгөнбүз. “Коллективдүү ойломду абсолютташтыруунун кемчилиги бар”- дейт С.Н.Лазарев. “Аарылар, кумурскалар индивидуумду басып койгон сыяктуу коллективдүү ойлом индивидуалдуу ойломду басып коет”-деп ырастайт ал. Коллективдүү ойлом менен адамзат социализмдин жана фашизмдин үлгүсүндө таанышкан. Коллективдүү ойлом идеяларга, принциптерге, негизделген (мээримге, сүйүүгө эмес). Андай ой жүгүрткөн адам дүйнөнү өзгөртүүгө аракеттенет, ошондуктан арты трагедиялуу болоору белгилүү. Коммунистик идеалды өзүбүз ойлоп таап, баланы ошол идеалга жетишин талап кылганбыз. “Биз бир акыйкатты түшүнгөнүбүз оң, баладан эч нерсени талап кылганга болбойт, аларга өздөрү умтулган нерсеге жетүүгө жардам бериш керек. Акылдуу мугалимдин логикасы талап кылат, акылман адамдын логикасы көмөк көрсөтөт, жардам берет. Балдардын аракетине нааразы болуп ачуулананыбыз, талап кылганыбыз, биздин дүйнөгө, балага мамилебиздин туура эместигинин белгиси б.а. аң-сезимдүүлүгүбүздүн жеткиликтүү өнүкпөй калгандыгынын белгиси”- дейт С.Н. Лазарев.

Биз калыпка түшпөс нерсени калыпка салууга аракеттенген экенбиз. Ар бир бала өзүнчө дүйнө экен. Бири-бирине окшобогон дүйнөнү окшоштурууга аракет кылган туура эмес. Хирургдун операциясына коммунистер эмне үчүн кийлигишпеген? Анткени ал жаңылса адам өлөт, адамдын анатомиясы коммунисттин көз карашына ылайык өзгөрбөйт. Баланын табияты, психологиялык өзгөчүлүктөрү да коммунисттин (мамлекеттин саясый) багытынан көз каранды эмес. Педагогика жаңылса, мугалимдерди туура эмес жолго салат. Мугалим баланы адаштырат. Биздин азыркы проблемабыздын көбү − биздин адашуубудун натыйжасы.

**Адептик аң-сезимдүүлүктү, акыл ой аракетин өнүктүрүүдө илимий жана көркөм адабияттын мааниси.**

“Китеп ойлордун кемеси, ал мезгилдин толкунунда өзүнүн кымбат жүгүн бир муундан башка муунга ташыйт”-деген Ф.Бэкон. Жаман менен жакшынын кармашы, ак менен каранын ажырашы, улуулук менен пастыктык чеги китепте айтылат. Көкүрөктү делөөрүткөн укмуш абалдар, адамды суктанткан баатырдык, айкөлдүк сапаттар, элдин биримдиги, ой менен аракеттин ажырымы, деги койчу укмуштуу ойлордун баары китепте жазылат.

Окуучулар ойду байытууга, аң-сезимдүүлүгүн өнүктүрүүгө маалыматты кайдан алышат. Көбүнчө китептен алышат. Илимий адабияттарда автордун  илимий ойлорунун тизмеги илимий тил менен жазылса, көркөм адабияттарда поэтикалык эмоцияналдык тил менен адам тагдыры, ою, мүдөөсү баяндалат. Көркөм адабияттарда автордун чыгармачыл ою, фантазиясы, философиясы баяндалса, илимий адабияттарда илимий мыйзамченемдүүлүктөр, теориялык ойлор, акыйкаттык, чындык,  канондор бар.

Окуучулар көркөм адабиятты окуп жашоого үйрөнүшсө, илимий адабияттарды окуганда акылын чыңап, ойлонуп илим үйрөнүшөт. Илимий адабиятты жазган автор өзү өткөн илимий жолду, изилдеген процессти, маселени кыска, оптималдуу баяндоо жолун издейт. Бул анын акыл аракети. Китептин мазмуну, илимий фактылардын логикалуу тизмеги автордун оюнда жаралат. Ой аркылуу автор илимий булактарга таанып илимди өркүндөтөт. Илимий жана көркөм адабияттарды окуган өспүрүм (дүйнө таануу боюнча, эстетикалык, этикалык) маалымат алып, аң-сезиминде автордун ойлору трансформацияланат (бир түрдөн башка түргө айланып өтөт). Ошол ойлор аркылуу салыштырмалуу жаңы ойлор жаралат.

Өспүрүм илимий популярдуу макалаларды окуганы менен алар терең ой жүгүртүүгө тажрыйбасы, билими, билгичтиги, көндүмү жетишпейт, бирок жаштыкка мүнөздүү эмоцияналдуу ой жүгүртүүсү, чыгармачыл акыл ой чабыты, эстетикалык кабыл алуусу өтө жогору болот. Өспүрүмдөрдүн интеллектуалдык эмоциялары: изденүү сезими, ынтызарлыгы, илимге умтулуусу артып, үстүртөн кызыгуусу, туруктуу таанып билүү кызыгууга айланат.

Көркөм адабияттагы автордун, оң каармандардын ойлорунун, иш-аракетинин, амалдарынын балдардын ойломуна оң таасири тиет, ал эми илимий адабияттар ашыкча эмоциялык баяндамасы жок билим берет-дейт Д.Гранин (Иду на грозу М.!989).

Китеп (газета, журналдагы макалалар) өспүрүмдөрдү дүйнө жана адам тааныганга, алар жөнүндө көптөгөн түшүнүктөргө ээ болгонго (б.а. конструктивдик функция), өз элестөөлөрүн жалпылаганга, системалаштырганга фактыларды иргегенге (б.а. когнитивдик функция), болгон кубулушту анын маанилүүлүк даражасына жараша бөлүштүрүүгө (б.а. аксиологиялык функция), жалпы жолунан түшүнүүгө мүмкүндүк берет.

Китепке 16-17 жаштагы өспүрүмдөр өзгөчө маани беришет. Китеп табийгат жана адам жөнүндө, адамзаттын өнүгүү тарыхын билүүгө жардам берет, илимдин өнүгүүсү менен таанышып, билимин толуктайт. Китептин таасири аркылуу оң каармандарды туурашат, өз алдынча адептик аң-сезимин өнүктүрүп, дүйнөгө башкача мамиле кылышат.

Китептин маанилүү функциясына токтололу. Чыныгы баалуулуктар боюнча багыт берет, этикалык эрежелер жөнүндө түшүнүк берет, китептин тарбиялык мааниси зор, өзүн-өзү баалоого үйрөнөт, өзүн-өзү таануу көндүмү өнүгөт, ойлонууга түрткү болчу маалымат алат, бала таанып билүү кызыгуусун канааттандырат, турмуш жолун, кесибин, максатын аныктап алууга жардам берет, адептик, рухий сапатын калыптандырууга багыт алат, аң-сезимдүүлүгү жогорулайт. (М.Д.Смородинская. “Ойдун кемесине саякат”. М. 1979).

Акыркы жылдарда 10-11-класстардын көпчүлүгү Аалам, космос, аң-сезим, адамдын жаралуу тарыхы, адамзаттын өнүгүү тарыхы, адамдын психикасынын жашыруун сырлары (түш, гипнос, экстрасенс ж.б.) бизди курчап турган дүйнө жөнүндө ойлондурууга багытталган, этикалык суроолорду камтыган адабияттарды окуй башташты.

Окуучуларга илимий-популярдуу адабияттарды пропагандалоо, илимий журналдардын, китептердин көргөзмөсүн уюштуруу изилдөө иштерин жүргүзүү, дил баянын же реферат жаздыруу ж.у.с. иш-аракеттерди уюштуруп, жетектөөнүн мүмкүнчүлүктөрү жөнүндө М.Шагинян (Жаңы дүйнө М. 1972. деген китебинде) мындай дейт: “Биз окуучунун илимий адабияттарды окуп, проблеманы ачып, ойлонуунун биринчи сабагын өтүп, өз алдынча операцияларды жүргүзгөндүгүнө б.а. мээнин укмуштуудай акыл аракетине, тапкычтыгына жетишкендигине күбө болдук”. Кошумча адабияттарды окуу аркылуу өспүрүмдөрдүн программадан тышкаркы билими тереңдейт, кургозору кеңейет, өздүк чыгармачыл ойлому өркүндөйт, интеллектуалдык потенциалы жогорулайт, кесип тандоо боюнча кеңири маалымат алышат.

Көркөм адабиятты окуу аркылуу окуучунун окуу тажрыйбасы байыйт, билим деңгээли жогорулайт, адабий көркөм формадан ырахат таап, каармандардын ою, мүдөөсү, тагдыры, максаты ж.б. аркылуу ой жүгүртөт, жашоодогу керектүү суроолорго кайрылып, акыл калчайт, өзүнүн жүрүм-турум үлгүсүн аныктайт.

15-17 жаштагы улан-кыздарга “Китеп эмнеси менен кызыктуу” деген суроо боюнча А.Алиев (Восприятие научно познавательной литературы учащимся юношеством села. М. 2001) изилдөө жүргүзгөн. Өспүрүмдөрдүн пикири боюнча китептерде пайдалуу, кызыктуу, түшүнүктүү, олуттуу, интеллектти өнүктүрүүчү маалыматтар жана акыйкат бар. Оригиналдуу, кыска, ачык, так жана талаш-тартыштуу маселелер камтылган. Илимий адабияттардын маанилүү критерийи катары улан-кыздардын 60% түшүнүктүүлүгүн, 47%

кызыктуулугун, 29% турмушта керектүүлүгүн, чындыгын, 23% практикалык маанилүүлүгүн белгилешкен.

Кыскасы, илимий адабияттарды окуу да, көркөм адабиятты окуу да – акыл эмгеги. Мында ойдун ар кандай формалары, функциясы ишке ашат. Китеп – акыл ой чабытын өнүктүрүүдө эң кубаттуу курал, билим алуунун, рухий дүйнөнү байытуунун булагы. Китеп – акылман ойлордун топтому, ошол ойлор менен таанышып окурман өзү да ой жүгүртөт. Китеп – акыл азыгы, өспүрүмдүн инсан катары калыптануусундагы кубаттуу курал, адептик багытын аныктоодо керектүү компас сыяктуу. Китептеги ар бир сөз, сүйлөм ой камтыйт, ой – акыл продукту.

Көркөм адабиятты окуу менен окуучулардын көркөм, образдуу, сынчыл ойлому өнүгөт жана сезимге таасир этет, лексикону (сөз байлыгы) байыйт, илимий адабияттар рационалдуу-логикалык (абстрактуу, теориялык, дедуктивдүү, индуктивдүү ж.б.) ойломду өнүктүрөт.

Окуучулардын адептик аң-сезиминин өнүгүүсүнө жомоктун, көркөм адабияттын оң таасири бар. Жомоктогу, көркөм адабияттагы оң каармандар жөнүндө ойлогон бала турмуштук ар кандай жагдайда “жакшы каарман минтмек эмес, мен жакшы адам болгум келет”- деп бир нече күн “идеалдуу” болууга аракеттенет. Эгерде, бала улам бир жомоктон же көркөм адабияттан жаңы оң каарман таап алса, бала ал каарманды туураса, кийин ал адептик адатка айланып кетет.

Айрым өспүрүмдөр китептеги каармандын адептик сапаттары (мисалы, М.Шолоховдун “Адамдын тагдырындагы” А.Соколовдун кайраты, эрдиги, эрки ж.б.) таң калтырат. Тагдырдын мындай азабын көтөрүү кыйын. Мындай азапка чыдаш үчүн эрк, сабырдуулук, кайрат, туруктуулук, жашоону ушунчалык сүйүү керек. Китеп окуп терс каармандын адилетсиздигине жаны ачып ыйлаган окуучу мындай дейт: “Мен адилетсиздик менен күрөшүүгө ант бердим, мен колуман келишинче калыс болом”-дейт. Китепти сүйгөн дурус. Китеп − акылдын сандыкчасы. Анда элдин рухий дүйнөсү, кулк-мүнөзү, сүйкүмдүү (сүйкүмсүз) кебете-кешпири, аң-сезимдүүлүгү (эссиз аңкоолугу), мүдөөсү, тилеги, ою, үмүтү, тарыхы ж.б. баяндалат.

Китеп – балдардын адептик аң-сезимин өнүктүрүү боюнча жакшы каражат. Көркөм адабият балдардын ой жүгүртүү багытын, жүрүм-турумун аныктап коюшу мүмкүн. Мисалы, Батыш элдеринин адабиятын көп окуган кыргыз баласынын жүрүм-туруму, кийген кийими, ою, адеби европалыктарга окшошуп калат. Индус адабияттарынын таасири аркылуу вегетариан диетасына өткөн кыргыз балдар бар. Мусулман өлкөлөрүнүн адабияттарын окушуп, ал авторлордун акылман ойлоруна суктанган, алардай такыба, илимдүү, момун, ыймандуу болууну каалаган өспүрүмдөр бар.

Тилекке каршы, мектеп окуучуларына арналган илимий, эстетикалуу, кызыктуу көркөм адабий китептер кыргыз тилинде аз чыгарылат, чыкса да кымбат. Азыркы мезгилде “китептин жетишсиздигин проблема катары кароого болбойт” деп ойлогондор кезигет. Китептер көп эле, бирок аларды кызыгып окуган балдар аз деп ойлогондор бар. Совет доорунда чыккан китептер саясатташкан, анда коммунисттик идеология таңууланган, актуалдуулугу өтүп кеткен маселелер көп, биз үчүн алар кызыктуу эмес деп ырастаган балдар бар.

**Улууну урматтай билели**

Азыркы мезгилде улууларды урматтоо, акылмандыкты, пакизалыкты баалоо төмөндөгөн. Бул туура эмес. Улууларды урматтоо этикалык жүрүм-турум эрежесинин моралдык психологиялык бирдиктүү системасына кирет. Улуу муунду урматтаган адам келечектеги муундан урмат көрөт.

“Жаш кезиңде сыйлай жүргүң, аксакалды карыны. Картайганда кайра өзүңө, сыйдын тийет жарыгы”.- деп жазган бир Чыгыш акыны. Улуу муундагыларды ашкере айыптап, сын таксак (качандыр бир мезгилде) өзүбүз айыпталабыз, сынга калабыз. Өткөндү тапанча менен атсаң, келечек сени замбирек менен атат. Аксакалдар элдик традицияларды, үрп-адат, каада-салтты билишет, өткөн доордогулардын рухий жана материалдык баалуулуктарын (жаратуу, түзүү боюнча) кийинки муунга түшүндүрүүгө тажрыйбасы, эмгектик көндүмдөрү бар. Элдин, уруунун мүдөөсүн билишет. Мезгилден сабак алган, диалектикалык мыйзамдарды өздөштүргөн, кошуна элдер менен карым катнашуу тажрыйбалары бар, элдин мүдөөлөрүн түшүнүшөт. Артында калаар урпактар жөнүндө кам көрүп ойлогон акылман аксакалдар болот. Аксакалдардын кадыр-баркы жашынын улуулугу боюнча эмес, титулунан эмес, коомдогу ролу, эл менен мамиле түзө билүүсү, акылынын тереңдиги оюнун бийиктиги, ыйманынын тазалыгы, үлгүлүүлүгү, ишмердүүлүгү ж.б. сапаты менен аныкталат. Азыркы мезгилде илимдин, техниканын, өндүрүштүн өнүгүшү, социалдык турмушубузга мурда болуп көрбөгөндөй өзгөрүүлөрдү киргизүүдө. Мезгилдин талабы биринчи орунга жаңы шартка туруштук берүүгө жөндөмдүү, кырдаалды баалоого шыктуу, жаңы маалыматты тез кабылдаган, энергиялуу, чыгармачыл, кубаттуу ж.б. сапаттарды талап кылууда. Мезгилди сезүүбүз өзгөрүүдө. Аксакалдарыбыз мындай талапка туруштук берүүсү кыйын болууда. Ага туруштук берген орто муундагылар авторитеттүү болууда. Көп кылымдан келаткан традициялар, ата салты, диний ынаным биринчи орунда турбай калууда. Коомдун адептик аң-сезими өзгөрүүдө, аксакалдардын олуялыгы, ардактуулугу, кадырлуулугу кемүүдө. Ата-энесин карылар үйүнө өткөргөн балдар чыгууда. Японияда ата-энесин карылар үйүнө өткөргөн балдарды

коомчулук айыптайт, ага салам беришпейт.“Ата-энесине жакшылык кылбаган, кимге жакшылык кылмак эле”- дегенсип, мамиле түзүшөт. Урматтабайт, иши боюнча жогорулатпайт. Ошондуктан японияда карылар үйү бар, анда багары жок карылар жашайт. Кыздары кароосуз таштаган король Лир сыяктанган трагедиялар чыгууда. Ата-энесинин жакшылыгын түшүнгөн балдар да бар. Биздин колубузда болгон материалдык байлыгыбыз, рухий маданиятыбыз, болгон ийгилигибиз улуу муундагылардын маңдай тери менен байланыштуу экендигин эсибизден чыгарбашыбыз керек. Алардын кемчилигин кечире билели, бизди да кийинкилер кечиришсин.

Илгери адамдын тагдырында эң маанилүү окуя ишке ашаарда (үйлөнөөрдө, жоопкерчиликтүү ишке чыгаарда) аксакалдардын батасын алышкан. Улууларды урматтоо − байыртадан келе жаткан салт. Азыркы муун батаны этибар албай калышкан. Бата менен эл көгөрөт, бата албаган үй-бүлөөнүн бактылуу болуу ыктымалдуулугу төмөн.

**Кыз адеби кымбат, уул адебине урмат**

Адептик нормалардын өзгөрүшү элдик баалуулуктардын өзгөрүшүнөн көз каранды. Мисалы, кыздын тазалыгын адептүүлүк катары урматтаган элдерде кыздары абийирдүү жашаганды артык көрүшөт. Азгыруулардын, алдоолордун торуна илинбей, кыз намысы менен жашайт. Айрым элдерде кыздын тазалыгы − анын айыбы (жамандыгы, аны эч ким карабай койгондугу, сүйкүмдүү эместиги) катары бааланат. Мисалы немец элинде наристе кыздарды кыздык жука чел кабыкчасын атайын (акы төлөп) операцияга берип жок кылышат.

Эгерде адамдын коомдогу турган ордунун негизги критерийи − анын материалдык абалы (байлыгы) эсептелсе, бара-бара ач көздүк, эгоисттик психология, индивидуалисттик ойлом жашоонун нормасына айланмак. Сүйүү эркиндигин баалаган элдерде (Европада, Америкада) никесиз төрөлгөн балдар, толук эмес үй-бүлөлөр көп болот. Жарандык нике нормага кирген коомдо “сойкулук кылба” –деген насаат маанисиз сөзгө айланат, анткени адам биринчи жарандык никеден бакыт таппаса, экинчи никесиз союзга кошулат... Ошентип сойкулук нормалдуу жашоого айланат. Эгерде акча кадыр-баркттын, абройдун критерийи болсо, экономиканын ырайымсыз мыйзамдары адамдарды алдоого, тымызын (былгытып) аракет кылууга, митайымчылыкка (авантюра, афера ж.б.) түрткү болмок. Ушу сыяктуу жол менен пайда табуу нормалдуу көрүнүшкө айланмак. Аялзатты урматта деген норма матриархат доорунда эч кандай маниге ээ эмес. Чабалдарга жардам бер –деген норма спартандык коомдо эч кандай маниге ээ эмес. Ал коомдо жаңы төрөлгөн чабалдар аргасыз селекцияланган (ылганган). Эмгекти сүй деген норма дайыма эле жакшы бааланбайт. Адамдын адам болушунда эмгектин ролу чоң болгонуна карабастан бактыга

эмгек аркылуу жетишет деп түшүнбөй, эмгектен бошонуу бакыт деп түшүнгөндөр жок эмес. Демек адамдын коомдогу өзгөргөн практикасына байланыштуу моралдык нормалар өзгөрөт. Кыздын, уулдун адеби өзгөргөн нормаларга ылайык калыптанат. Абсолютуу өзгөрбөс адептик нормалар да бар, ага Куранда көрсөтүлгөн нормалар кирет. Анда түбөлүк өзгөрбөс баалуулуктар жөнүндө баяндалат. Мисалы, дилдин тазалыгы, пакизалык, үй-бүлөнүн бекемдиги, достукка туруктуулук, күнөөсүздүк, абийирдүүлүк, ыймандуулук, сабырдуулук, ак ниеттүүлүк, адептүүлүк ж.б.

Кыздагы үч касиет жогору бааланууга тийиш: биринчиден, ыймандуулугу, акыл-эстүүлүгү, жигиттердин колу жеткис бийикте болуусу. Жигит өмүрлүк жубай издегенде кыздагы так ушул касиетти табууга умтулат. Кызды сулуулугу, ыймандуулугу, жогорку аң-сезимдүүлүгү, кол жеткис бийиктиги зоболосун көтөрөт. Колун сунган жигиттин колтугуна түшүп калган кыздын абийири жок, адамдык наркы, аң-сезимдүүлүгү пас. Эстүү жигитке андай кыз арзыган жубай боло албайт.

Айрым эркек ымыракайлар төрөлгөндө эле чочогу кесилип түшөт, айрым кыздар төрөлгөндө эле кыздыгы жок төрөлөт. Бул боюнча сексапотолог Күлчоро Аскаров “Эки жүрөк бир сүйүү” деген медициналык китебинде адамдын анатомиясы боюнча төмөнкүдөй маалымат берген. Сырткы жана ички түзүлүшү боюнча кыздыктын он жети түрү бар. Кээ бир кыздар төрөлгөндө эле кыз белгиси жок төрөлүшөт. Келечектеги жубайы мындай кызга түшүнүү менен мамиле кылып, күнкор кылбай, туура түшүнүү керек. Айрым кыздардын кыздыгы резинадай өтө чоюлчаак болуп жаралат. Ал тургай төрөгөндөн кийин кыздыгы айрылбастан, ордуна келип калат. Башкача айтканда, төрөгөндөн кийин да келин “кыз” бойдон калат. Ал эми кээ бир кыздар биринчи жыныстык катышта, айрылганы менен кан чыкпайт жана оорубай калышы ыктымал. Муну турмуш кура элек жаштар билип койсо ашык болбос. Бул белгиге карата ар бир элдин өз көз карашы бар. Мисалы, Японияда кыздын кыздыгын медициналык аспап менен кесип коёт. Илгери Римде кыз күйөөгө чыгаарда кыз белгисин жыгач аспап менен тешип, анан эрге тийген. Салттары ошондой.

Кыргыздарда “кыз абийири кынында” деген нуска бар. Албетте, нике жашына жетип, күйөөгө тийгенге чейин кыз өзүн сактап, таза жүргөнү туура. Салт ошону талап кылат. Антпесе алам деп коюп алдап кеткен абийирсиз жигиттер көп.

“Айрым кыздардын өң десе өңү, бийик акыл-эси, абийири бар. Нарктуу кыздар түрдүү себеп, шарт менен тагдырынан кайчы өтүп, кыркка чыгышат” деп жазат Кален Сыдыкова. “Дил бузулса, эл бузулат” деген макаласында (“Кыргыз руху”. № 41. 16.10. 2004). “Жаманга тийгенче жайдагы жакшыдыр”- деп ойлошот алар. Кыркка чыкканча кыз болуп жүрүүнүн зарылчылыгы барбы?-деген суроо коёт автор. Кыркка чыкканча бир да адамды теңсинбей жүргөн кыздардын өзүн-өзү баалоосу реалдуулуктан жогору. Андан

тышкары айтылбай калган махаббат, бактысыз сүйүү ж.б. себептер болушу мүмкүн. Айрым “кыздар” боюна бүтүп калгандыктан башына кыйынчылык көп түшүүдө. “Уялуудан”, коомдун сынынан коркуудан, врачтардан кеңеш алганды билбегендиктен улам депрессия болуп, өкүнүчтүү тагдырга туш келишүүдө. Айрым кыздарыбыз зөөкүрлөрдөн зордукталып, жыныстык кырсыкка кабылган. Айрым региондо жаш жубайлардын биринчи түнүн аңдыган жеңелердин тобу болот. Эртеси сүйүнчүлөп жолдук алышат же жогорудагы жагдайлар эске алынбай кызды күнөөлөп калышат. Ошондою жок болгону үчүн тагдырдан кордук көргөн, көңүлү жабыккан, өмүр бою шылдыңдалып, кемсинип, жашап жүргөн эстүү баштуу кыздар деле бар. Ушундай тагдырга кабылбас үчүн кыз уулдан бир нече эсе аң-сезимдүүрөөк болууга тийиш. Андан акылы бир аз эле кем болсо, алдатып коёт.

Европа стилинде модалуу кийимди баалаган кыздар курсагын, көкүрөгүн көрсөтүп, көчөдө басууну жакшы көрүшөт. Мунун зыяндуу жагы көп. Суукта ден-соолугуна зыян болот. Жигиттердин импотенцияга чалдыгышына себепкер болушат. Өздөрү тукумсуз болуп калышы мүмкүн. Азыр айрым жаш энелердин 15-20 күндөн кийин сүтү чыкпай калып жатат. Денесин көрсөтүү уятсыздыктын белгиси катары түшүнгөн элдердин кыздары денесин толук жапкан кийим кийишет. Андай кыздарды орто кылымдын адамдарындай кемсинткендер жок эмес. Чындыгында денесин толук жабуу − ыймандуулуктун белгиси.

Ата-эне мээримин, ыймандуулугун, маданиятын көрүп чоңойгон уулдун жүрөгү таза болуп, чыныгы инсандык адеби, адамдык касиети калыптанат. Үй-бүлөдө башкалар жөнүндө жаман ойлобосо, бала да жаман ойлобойт, андай баланын (кыздын) энергетикалык деңгээли (деми) дурус болот. Андай бала апасына гана эмес адамга, адамзатка карата жүрөгү мээримдүү болуп жетилет. Мындай бала (кыз) башка бирөөгө эч жамандык кылбайт. Эненин ыймандуулугун, маданиятын көрүп чоңойгон уул кызды көрсө, биринчи ал кыздагы өз энеси сыяктуу болочок энени көрөт. Аялзаттын тазалыгына, бийиктигине баш ийип, таазим этет. Кызга карата жаман ой ал жигиттин үч уктаса түшүнө кирбейт. Мындай жигиттердин кызга карата мамилеси периштедей пакиза. Кыз болобу, уул болобу тазалыкты, ыймандуулукту үй-бүлөдөн көрбөсө кыйын.

Турмушта эстүү, илериңки, ыймандуу жигиттердин, зээндүү, адептүү, жакшы кыздардын багы жок болгон учурлар кездешет. Мындай жаштарды психологдор “кармасы (өткөнү, ата-бабаларынын күнөөсү бар) кынтыктуу” деп аташат. Аракетчил адам үчүн бактысыз өмүр болбойт, бактысыз күндөр болот, сабыр кылып, ойлонуп, аракет кылса бактысыз күндөр өтүп кетет.

Ыймансыз, мээримсиз, маданиятсыз арам ойлуу ата-энеден таалим алган жигит бойго жеткен кызды көрсө, өзүнүн жапайы инстинкттик талабын кандыруу объектисин

көрүп, сөзсүз кызга кыйшаңдап тийишет. Эгерде кыз жигиттин жеңил олжосу болуп калса, буга ким күнөөлүү? “Эшегине жараша тушагы” деген нуска бар. Мүдөөсү ишке ашкан соң, андай жигит экинчи, үчүнчү кыздарга өтүп, инстинкттин талабын канааттандыруунун артынан жортуп жүрө берет. Бир жигиттин жеңил олжосу болгон кыз экинчинин, үчүнчүнүн ж.б. жеңил олжосу болушу мүмкүн. Ошентип сойкулук чыгат. Республикабызда дене сатуучу келиндердин саны 30 миңге жетти. Жылына 4000 кыз сатылат (ММК). Аягы суюк келиндер, жигиттер бири-бирине венерологиялык (жугуштуу) ооруларды жугузушат. Жугузган дартына ылайык сойку психологиялык дартка чалдыгат. Мындай адамдардын өзүн-өзү баалоосу төмөн болот. Өзүн төмөн баалаган адамды ким жогору бааламак эле? Алар өзүн өзү урматтоодон калышат. Өзүн-өзү урматтоодон калган соң, аларды ким урматтайт? Алардын көпчүлүгүнүн өзүнө да башкаларга да ишеними болбойт. өзүнө ишенбегенге ким ишенет? Ишенимден чыккан, элден чыгат.

**Девиант өспүрүмдөр менен иш жүргүзүү.**

Девианттуулук (моралдык, этикалык нормадан четтөө) − ички жана тышкы, көрүнгөн жана жашыруун кемчиликтердин натыйжасы. Ички кемчиликке окуу-тарбия процессинин өркүндөбөгөндүгү, мезгилдин талабына мектептин жооп бербей калгандыгы, коллективдеги социалдык-психологиялык климаттын (шарттын, абалдын) проблемалуулугу (чечилбеген маселелери көп болгондугу), башкаруу ыкмаларынын тандалышынын оптималдуу эместиги ж.б. кирет. Тышкы кемчиликке чөйрөдөгү кризис, мектеп менен чөйрөдө бирдиктүү тарбиянын о.э. үй-бүлө менен мектептин кызматташтыгынын жетишсиздиги, өспүрүмдөрдүн социалдык, педагогикалык жактан жеткиликтүү каралбай калгандыгы кирет. Көрүнгөн кемчиликтерге жеңил диагноздолуучу билим берүү кемчиликтери кирет. Мисалы, мониторинг, билим сапаты, ж.б. Жашыруун кемчиликке педагогикалык анализдин жетишсиздиги, күн санап өзгөргөн чөйрөгө баланын көнүү жөндөмүнүн төмөн болушу, социалдык өз ара байланышты көрө билүү жөндөмүнүн жетишсиздиги, баланын өз алдынча билим алууга жөндөмсүздүгү ж.б. кирет.

Жогоруда көрсөтүлгөн кемчиликтердин жана Батыштын таасиринин натыйжасында өспүрүмдөр арасында кылмыштуулук өсүүдө. Адептик баалуулуктардын системасы бузулганда аномия (байыркы грекче anomia-мыйзамсыз, башкарууга мүмкүн болбогон) башталат, б.а. индивиддин коомго карата сезимине бүлүк (нааразычылык, кыжырлануу ж.б.) түшкөндө аномия башталат. Инсанда уланмалуулук сезими жоголот, башкаларга карата милдетин унутат. Аномия ─ бул инсандын кризиси, элдеги девиантуу (моралдык, этикалык нормадан четтеген) жүрүм-турумдун арбышы, кылмыштуулуктун өсүшү, ажырашуулардын, никесиз жыныстык байланыштардын көбөйүшү, баңгиликтин

өсүшү, өзүн өзү өлтүрүү жана психикалык проблемалардын өсүшү. Балдардын девианттуу жүрүм-туруму социумдун тынчсызданууусуна себеп болууда.

Кылмыштуулуктун өсүшү телекөрсөтүүдөгү реклама, зордук, зомбулук, таш боордукту ж.у.с. өспүрүмдөр бейаң (аң-сезимдүү эмес) туурап жатышы менен байланыштуу деп ырастайт О.А.Минич [20]. Девиация (этикалык нормадан кыйшаюу) баланын Батыштагы айрым топтун "маданиятынын" (субкультуранын) нормаларын өздөштүргөндө жаралат-дейт А.Метрон. Андай топко башын тысырайта кырган рокерлер, металисттер, хиппи кыймылы (аристократиялык чөйрөдөгүлөрдүн кийимин, стилин, жүрүм-турумун туурагандар) ж.б. кирет. Анын пайда болуу себеби: жумушсуздук, жокчулук, аз акы төлөнгөндүгүнө жаштардын нааразы болушу, толук эмес үй-бүлөдөн чыккан балдардын проблемалуулугу, жардылык, рухий кризис ж.б. кирет. Рокерлер классикалык рок-н-ролго, техникага, ылдамдыкка кумарланышат. Галлюцинацияга (мээнин бузулгандыгынын натыйжасында жок нерсени элестетип көрүүгө) алып келүүчү бангизат пайдаланышат [38]. А.Метрондун ырастоолоруна караганда девиация социум кубаттоочу максат менен ага жетүүгө каражаттын жоктугунан, кичи коомдун (топтун) максатын көпчүлүк адамдардын тануусунан пайда болот, ал коомдун рухий кризисине туура келет. Моралдык нормадан четтеген өспүрүмдөргө бангилер, алкоголдук ичимдик ичкендер, сельсаяктар, өзүн өзү өлтүргөндөр ж.б. кирет.

Айрым өспүрүмдөр козголоң чыгаруу жөнүндө ойлонушат. Козголоңдун негизинде жаңы "идеология" (мнимый идея) өнүгөт. Мындай балдар саясый экстремисстик, формалдуу эмес жаштар тобуна, диний секталарга киришет. Девианттык жүрүм-турумдун айрым формасын "инновация" (жаңы тартип) киргизүүчүлөр деп аташат. Алар коомдун максаты менен макул, бирок ага жетүү ыкмалары менен макул эмес. Ошондуктан зөөкүрдүк, бейбаштык, каракчылык (рекет), шантаж (бир нерсени айтамын деп опузалоо), бангизат сатуу, сойкулук ж.б. экономикалык кылмышка барышат. Алардын максаты традициялуу, ага жетүү жолу моралдык нормаларга каршы. Айрым өспүрүмдөр коомдун максатын жактырышпайт, бирок ага жетүүнүн социум жактырган каражатына макул болушат. Бюрократтык жүрүм-турумду жактырышат, б.а. ишке формалдуу мамилени абсолютташтырышат. Алардын жүрүм-туруму ритуалдуу (адаттагы тартип боюнча) болгонунун себеби, алар ата-энесинин же педагогдордун авторитетин баалашат, аткарыш керек болгон ишти кылат (маанилүү деп ойлойт), ал эми өзүнүн каалоо, талаптарын тыйып койгондуктан маанайы пас, муңайыңкы болушат. Өзүнүн кызыкчылыгы ишке ашпаган, өз мүдөөсүнө жетпеген өспүрүм пассивдүү болот. Ички мотивинин негизинде аракет кылбайт, сырттан таасир этпесе өспүрүм эмне кыларын билбей калат. Өзүнүн бош калганы "чыдагыс" сыяктуу көрүнгөндүктөн кумар оюндарын ойношот.

Мындай “тил алчаак” өспүрүмдөр өзүнүн арекетсиздигинин натыйжасына кайдыгер, жоопкерчиликсиз болушат. Девианттуулук конструктивдүү, деструктивдүү болуп бөлүнөт. Конструктивдүү (иштиктүү сунуш) девиацияга киргендер калжаңдаса да, иштиктүү сунуш айтып, аракети болот. Деструктивдүү (бүлдүрүүчү) девиацияга психологдор аддиктивдүү, антисоциалдык, суициддик, конформисттик, нарцисттик, фанаттык, аутисттик жүрүм-турумду киргизишет. Жүрүм-туруму нормадан четтеген, тартип бузган балдардын жети тиби бар. Мунун ар бири адамды бүлгүнгө салат, айрымдары чөйрө үчүн коркунучтуу.

***Аддиктивдүү*** жүрүм-турум кандай болот? Өспүрүм реалдуулуктан оолактагысы келет, психикалык абалын өзгөртүүчү зат пайдаланат. Өспүрүмдүн бир нерсени жакшы көрүүсү, көңүл буруусу же бир нерсеге активдүү катышуусу интенсивдүү эмоциясын, сезимин козгойт. Психикалык абалын өзгөртүүчү зат пайдалануусу көбөйүп кетсе, ал жашоосун өзү башкара албай калат, эркинен ажырап, алсыз болуп калат.

***Антисоциалдык*** (коомдук көз карашка каршы) жүрүм-турум. Мындай жүрүм-турумдун негизин моралдык, этикалык эрежелерге каршы иштерге баруу, башка адамдардын, элдин, укугун жана мыйзамдарды этибар албоо түзөт.

***Суициддик*** жүрүм-турум деп тобокелге салып коркунучтуу иш аракет жасоону, өзүн өзү өлтүрүүнү аташат.

***Конформисттик*** (лат. conformis-окшошуу, ылайыкташуу) жүрүм-турумда бирөөнүн таасиринен көз карандылык, өз алдынча аракеттин жетишсиздиги, көз карашынын туура эместиги, ой-пикиринде анализдин жетишсиздиги, официалдуу көз карашты жактай берүүчүлүк, оюнда, адатында, чечиминде өз алдынчалыктын, оригиналдуулуктун жоктугу, өң карамалык, эки жүздүүлүк, күн тийген жердин чоросу болуу, бийликтеги адамдын көрсөтмөлөрүн, оюн, түшүнбөстөн колдоо, пассивдүүлүк ж.у.с. кирет.

***Нарцисстик*** жүрүм-турум. Өспүрүм башкалардын берген баасына өтө сезимтал, бирөөнүн кайгысын бөлүшүү сезими жетишсиз. Өзүн өзү өзгөчө сүйөт. Анын эбегейсиз “концепциясынын" олуттуу өзгөчөлүгү фантазиясында, иш аракетинде билинет.

***Фанатик*** (лат.fanaticus-туталанып акылдан адашуу, ачууланyу, сурданyу) баланын жүрүм-туруму. Өспүрүм кандайдыр бир идеяны, доктринаны колдойт, аны толук аягына чейин түшүнбөстөн, акылга салып ойлонбостон жактай берет, башка адамдардын көз караштарын чыдап укпайт, ыкка көнбөгөн терсаяк, зордукчул аракети бар, мүнөзү кырс болот. Башка адамдардын калыс, бейтарап же жолдошчулук мамилесин, кылык-жоругун көбүнчө кастык катары баалайт, аны жек көрөт. Психоаналитиктер фанатизмди жогорку аң-сезим (ынанымдардын, баалуктардын системасы, ата-эненин берген багыты) менен аң-сезимдин арасындагы чекте проблема бар, психикасында бузулуу процесси жүрүп, аң-

сезимге жогорку аң-сезим кирүүсүнүн натыйжасында өспүрүм өз жүрүм-турумун адекватуу (туура) баалай албайт, атүгүл аны абсолютташтырат (аныкы дайыма туура деп ойлойт),- деп ырасташат.

***Антагонисттик*** (грекче antaġonisma-күрөш, талаш) жүрүм-турум реалдуулуктан обочолонуудан, социалдык байланыштын жоктугунан, жалгызчылыктан, өзүнүн каалоо, тилек, фантазия, ойго чөмүлүүсүнөн келип чыгат. Россиялык социологдордон турган эксперттик топ өспүрүмдөрдүн девианттык жүрүм-турумун изилдешкен. Эмне себептен булардын жүрүм-туруму нормадан четтешет? Эксперттин изилдөөсүнүн натыйжасында өспүрүмдөрдүн девианттык жүрүм-турумга түрткү болуучу шарттар (себеп, байланыштуулук, көрүнүштөр) аныкталган. Аларга: ата-энелердин камкордугунун жетишсиздиги, жардылык, экранда өтө эле көп агрессивдүү маалыматтын, зордук-зомбулуктун, секстин көрсөтүлүшү, эмоцияналдык эксплуатация (баланын чын көңүлдөн чыккан сезимин башка бирөө пайдаланышы), мектептин татыктуу тарбия-таалимди камсыз кылууга кудуретсиздиги, мугалим толук ишенимдүү боло албай калышы, окуучулардын колу бошто барып өнөр алууга, билим үйрөтүүчү мекемелердин жетишсиздиги ж.б. кирет. Өспүрүмдөрдүн психологиялык конфликтогендик (чыр чатак, жаңжал, кызыкчылыктардын карама-каршы болушу, келишпестик), деликвенттик (укук бузуу, кылмыш) актылардын себеби:

−өзүнө ишенимин бекемдөө, өз пикиринин тууралыгына ишенүү, өз позициясын чыңдоого умтулуу;

−инсанга социалдык басым жасоо, психикасынын бузулушу;

−тез өнүктүрүүчү методдордун кемчилигин компенсациялоо (толуктоо); Өспүрүмдөрдүн девианттык жүрүм-турумга келишинин оңтойлуу шарттары:

−ата энелердин мамилесинин жакшы эместиги, пикир келишпестик, чыр-чатактын көп чыгышы;

−жанга тийген (курч) сезимди эңсөө, ата- энелердин камкордугунун жетишсиздиги;

−баланын билим алууга кызыкпастыгы, мүнөзү тарбияланбагандыгы, ичи тардык (өзү боло албайт, болгонду көрө албайт), ачуулануу, жек көрүү сезими бар.

Баланын жүрүм-туруму четтен чыгууга (психологиялык) даярдыгынын (негизги) белгилери: − турмуштагы кыйынчылыкты жеңүү менен байланышкан (кризисттик) жагдайды адекваттуу түшүнүүгө жөндөмдүү эмес;

−чөйрө менен мамиле түзгөндү билбейт, өзүн өзү көзөмөлдөөсү, өзүн өзү тарбиялоосу начар өнүккөн; −эмоциясы туруктуу эмес, психологиялык жактан жабыр тартуучу жагдайдан натыйжалуу жол таба албайт.

Девианттуу өспүрүмдөр көбүнчө аткарылышы мүмкүн болбогон талаптарын канааттандырышат. Мугалимдин, ата-эненин кыжырын келтирип, адам чыдагыс жагдай түзүп, арга түгөтүп, айла кетирет. Анан инсанга максатка жетүүнүн “актуалдуулугу” баштагыдай маанилүү, жөндүү эмес болуп калат. Кылганын кылып койгондон кийин, баланын сезимине жаман ой келет. Психикасына негативдүү таасир этүүчү терс эмоциядан кутулуу принциби боюнча жүрүм-турумун моделдештирет. Мугалимдин жаман баасынан, теңтуштарынын, үй-бүлөсүнүн мүчөлөрүнүн шылдыңынан мамилеси сууп, алардын алысташынан кантип кутулуунун айласын таба албайт. Ушундай кризис мезгилде өзү эмоцияналдык жактан канаатангысы келет, ырахат издеп, негативдүү сезимдерди компенсациялоого аракеттенет. Сынчыл ой, эскертүү нааразычылык ж.у.с. негативдүү маалыматтар көбөйгөн сайын баланын психологиялык жактан коргонуусу эффективдүү эмес болот. Өспүрүмдүн нерви бузулат, ичиндеги жүрүп жаткан “бороонду” сыртка чыгаргысы келет. Анан адам чыдагыс шарттан коргонуу ыкмасы катары психотропдук зат (спирт ичимдиги, бангизат, ууландыруучу зат) колдонот. Өспүрүмдүн ансыз да чечилбей жаткан психикалык проблемасына ал зат ого бетер проблема кошот. Ошентип адамдын нормалдуу эле мамилесине баланын реакциясы агрессиялуу болуп, девианттуу балдар өзүн өзү өлтүрүүгө чейин жетип жаткандыгы жөнүндө психологдор ырастышууда. Бизде 2007-жылы 475 (18ден 30га чейинки) адам өзүн өзү өлтүрсө, 2008-жылы эки айда 84 адам өзүн өзү өлтүрүшкөн. Өспүрүмдүн психотропдук затты кабыл алууга даяр болушу, анын психикалык жактан проблемалуу экендигинин критерийи катары эсептесе болот. Өз убагында диагноздолгон балдар менен профилактикалык иш жүргүзүш керек. Ар бир мектепте ушундай проблемаларды чечүүгө психолог адис керек. Тилекке каршы иш жүзүндө психологдун айлыгы аз болгондуктан, ал мугалим катары сабак өтүүгө аргасыз болот. Девианттуу балдар үчүн психолог көп мугалимдердин бири сыяктуу көрүнөт, ал ишенимдүү болбой калат. Ишенбеген адамга өспүрүм сырын ачпайт. Ошондуктан психологдун аракети натыйжалуу болбойт. Анын иши натыйжалуу болушу үчүн биз практикада колдонуп жүргөн структураны өзгөртүү керек. Психологдун ишине кийликпеш керек, анын эмгегинин бааланышы мектептин администрациясынан көз каранды эмес болуш керек. О.А.Миничтин ою боюнча социалдык педогогикалык борбор түзүп, райондук билим берүү башкармалыктын карамагына киргизүү керек, ал администрациянын заказы боюнча өспүрүмдөргө жардам көрсөткөнү дурус.

Айрым учурда сабакта мугалимдин авторитардык башкаруу стили окуучунун көңүлүн оорутуп коёт. Коңгуроо кагылганда балдар терс эмоциясын башка балдардан чыгарышат. Мугалимдин көзүнчө өзүн өзү көзөмөлдөп, өз алдынча калганда өзүн өзү көзөмөлдөгөнгө үйрөтүлбөгөн балдар арасында эмоцияналдык кагылышуулар көп болот.

Акыркы жылдарда “Баланын укугу жөнүндөгү конвенцияны” (көбүнчө шаардык балдар) угуп алышып, өз укугун жакшы билген, милдетин жетишээрлик билбеген балдар көбөйдү. Алар өзүн урматтоону кадимкидей талап кылышат, ал эми өздөрү мугалимди ж.б. урматташ керек экендигин унуткан сыяктуу. Бири-бирин урматтабаган, пикирин сыйлабаган, биринин ыгына бири көнбөгөн чөйрөдө чоңойгон балдар прокурор сыяктуу, бирөөлөрдүн терс иштерине тергөө жүргүзүшөт, сын тагышат. Балдардын чабуулунда калган өспүрүм психопат, психоастеник, истерик, паранойик сыяктуу жүрүм-турум стилине келиши мүмкүн. Андай балдар класска жаңы келген баланы аябастан сындашат. Мугалимдин ачуусун келтирүүгө аракет кылып, провокациялык (чырга чакыруучу) суроо беришет, анын мыктылыгын “текшеришет”. Педагогго “көз боочулук” кылышып, ар кандай айла, амалдарды ойлоп табышат. Анан бир мезгилде “биз инсан катары эч кимге керегибиз жок” деп арызданышат. Мындай класста күнөөлүүнү бат эле таба салышат да, аны коллективден чыгарабыз деп чыгышат. Анан кийинки күнөөкөргө “кандидат” табылат. Айрым учурларда балдардын адилетсиздигине кайдыгер класс жетекчи (мугалим) “бириң кайың, бириң тал, бириң өлүп, бириң кал”- деген сыяктуу мамиле кылат. Андан өкүнүчтүү учур да болот, класс жетекчи балдарга кошулуп алып, бир баланы “төө басты” (жабылып, күнөөлөшөт) кылышат. Башталгыч класста педагогикалык чеберчилиги төмөн мугалим окуткан класс ушундай проблемалуу болот. Ошондуктан балдардын девиантуу жүрүм-турумун эрте диагноздоп, профилактикалык иш жүргүзүү максатында башталгыч класстын мугалиминин башкаруу стилин, аракетин көзөмөлдөп, мугалимдин байкоолорунун жыйынтыгы боюнча психодиагностикалык консультация берип, туура мамиле түзүү боюнча тренинг, семинар өткөрүп туруу керек. Анткени (методиканы билгени менен) балдар менен мамиле түзүүдө мугалимдин компетенттүү (иш билги) эместиги аныкталган учурлар аз эмес.

Мындан тышкары орто звенону кабыл алган класс жетекчиси менен класстын темпераменти, мүнөздүк өзгөчөлүгү боюнча бири-бирине ылайыктуулугуна көңүл бөлүш керек. Педагогикалык кеңешмеде мугалимдин адептик, укуктук тарбияны ишке ашыруусу системалуу талкууланыш керек. Сабакта мугалим менен окуучунун (жакшы) мамиле түзүлүшүнө, нормалдуу психологиялык атмосфера түзүлүшүнө мугалим жоопкерчиликтүү. Класс ичинде мамилелердин проблемалуулугу, балдардын девианттуулугу класс жетекчинин компетенттүү (иш билги) эместигине далил боло алат. Компетенттүү мугалим балдар менен жакшы мамиле түзгөндү билет. Анткени ар бир конкреттүү шартта, оптималдуу, рационалдуу, таасирдүү ыкма же сөз таба алат.

Азыркы мезгилдеги мугалимдердин айрымдары авторитардык (бийликке негизделген, өзүнүн беделин чыңдоого умтулган) стиль менен иштеп көнүшкөн, бирок

мугалимдерге талап өзгөрүүдө. Мурда эски традициялар боюнча таасир этип, аргасыздан иштетсе азыр кызыктырып, иштешине түрткү болуш керек. Акыркы мезгилде жаш кадрлар мектеп турмушундагы нервди козгогон шартка, (чымырканып иштөөнү талап кылган жагдайларга) чыдабай жумушун таштап коюуда, анткени эски позициядан толук баш тарта албай, жаңыча эмгектенүүгө көнүгө албай жатабыз. Жаш мугалимдердин жаңыча көз карашы балдар коллективине толук кире элек, өз ара мамиле түзүүнүн демократиялык стили толук кандуу ишке аша элек. Авторитардык көз караштагы мугалимдерден билим алган өспүрүмдөр айласы түгөнүп, бири-бири менен атаандашып билим алып, гумандуу мамиледен үмүт үзүүдө. Авторитардык стилде эмгектенген мугалимдин проблемасы – окуучулардын психологиялык өзгөчүлүгүн жакшы билбегендигинде. Профессионализминин төмөндүгүндө, маданиятуулугун жетишсиздигинде, педагогдун позицисынын инфантилдүүлүгүндө (чоңойсо да балалык мүнөзү бар). Мисалы, айрым мугалимдер: меланхолик (асан кайгы, санаага жакын) балдарды – коллективдеги жаман атмосфера түзгөн, педагогикалык жактан кароосуз калган балдар, адамгерчиликсиздин индикатору (көрсөткүчү)- деп ойлошот. Коллектив ичиндеги мамилени оңдош үчүн аракет кылгысы келишпейт, аларга балдар ишенишпейт. Өзүнүн педагог катары компетентсиздигин мойнуна албай, меланхолик балдар күнөөлүү болгондуктан иштөө кыйын- деп түшүндүрүшөт. Мындай мугалимдерге психологиялык адабияттарды көп окуш керек. Меланхолик балдар дайыма болгон, азыр да бар, боло бермекчи. Аны түшүнүш керек. Администрация мындай абалдан чыгууга көмөктөшүп, жаш мугалимдерге психологиялык семинар өткөрүп, педагогдордун билимин өркүндөтүүгө жардам бериш керек.

Улуу муундагы педагогдордун баары эле “авторитардык дартка” чалдыккан эмес. Алардын ичинде Кудай берген жөндөмү аркылуу эле гумандуу мамиле түзүү боюнча педагогикалык бай тажрыйба топтогондор бар. Ийгиликтүү эмгектенген мугалимдер эч кандай педагогикалык концепциясыз эле элдик педагогиканын мурастарынын негизинде ишин оптималдуу уюштурушат. Алар эч кимден тайсалдабайт, меланхоликтердин кыңкыстап ыйлактаганына кебелбейт, өзүнүн педагогикалык позициясына туруктуу, сабырдуу. Балдардын көзүн тике карашат. Аларды жакшы көрүшөт, өзү мээримдүү болушат. Меланхоликтердин негативдүү маанайынан, кылык-жоругунан ж.б. иште кезигүүчү кыйынчылыктардан коркпойт. “Орто окутуучу баяндайт, жакшы окутуучу түшүндүрөт, мыкты окутуучу көргөзөт, улуу окутуучу шыктандырат”-деп айтылат. Алар шыктандырышат, түшүндүрүшөт, көргөзүшөт. Меланхоликке ак ниетүүлүгү, мээримдүү көз карашы менен дем берет. Өзү түбөлүктүү баалуулуктарды түшүнөт, ошондуктан ар

кандай жагдайда балага берчү кеңеши, ою, айла-амалы, ыкмасы бар болот. Алардын таасирдүүлүгүнүн чеги жок сыяктуу.

Айрым мугалимдер өздөрү балдарды терс кылык жорукка программалашат (түрткү болушат). Алар балага жогорку позициядан көрсөтмө беришет, талап кылышат, программалык маалыматты баяндоосунда негативдүү нук байкалат. Үнүн бийик чыгарып, “чуркаба, кыйкырба, тапшырманы унутпа”-дешет. Балдарга жагымсыз үн менен (жай баракат эмес) сүйлөшөт. Аларга сылыксыздык, түркөйлүк тез жугат. Бала сылыксыз мамилени нормалдуу мамиле катары түшүнөт. Ошондуктан педагогдор арасында балдарга өтүнүч, позитивдүү тон (үн) менен формулировкалоо (ойду кыска, так айтуу) көндүмдөрүн бышыктоо үчүн сабактарды өтүп туруш керек. Мугалимдин негативдүү тону (үндүн сыпаты) балага негативдүү ой салат. Ой жүгүртүүнүн негативдүүлүгү алардын жүрүм-турумуна терс таасири тиет. Мунун натыйжасында кыйынчылык менен тарбияланууучу балдар чыгат. Психологиялык адабияттарда андай балдарды девианттуу жүрүм- турумдагы балдар деп аташат.

Энеден мээрим, атадан камкордук көргөн, жакшы маанайдагы, оң эмоциялуу үй-бүлөдө чоңойгон бала ишенчээк болот. Ынтымак, тынчтык, ишеним жок үй бүлөдө чоңойгон бала кимге ишенет, эмнеге ишенмек эле? Мындай балдар дайыма эле болгон. Окуучуну үйдөн энеси “келесоо” деп урушса, атасы “шалапай” деп кошумчаласа, мугалим “туура эмес” десе, балдар “ургула муну” десе, бала өзүн эмнеге программаламак эле? Балдардын девианттуулгунун негизги себеби ушул. Инсандын адептик аң-сезимдүүлүккө тарбияланышында үй-бүлөнүн ролу чоң. Ошондуктан ата-энелерге педагогикалык билим берүүгө багытталган лекция, семинар өтүп турган оң. Мугалим оюн позитивдүү ойго өзгөртсө, ата-энесине жакшы ой айтылат, анан балага мамиле өзгөрөт, анан бала өзгөрөт.

Бала чоңойгон сайын эмоцияналдык жактан ата-энеден алыстай баштайт. Айрым өспүрүмдөр өздөрүнүн бактысыздыгына ата-энесин күнөөлөшөт. Мени багып алчу ата-эне бар болду бекен деген сыяктуу изденген трагедиялуу өспүрүмдөр мектептерде бар. Өз ата-энеси бере албаган мээримди ага экинчи ата-эне берчүдөй, алар үмүттөнүп издешет. Ушул ролго көбүнчө өзүнө жаккан педагогду тандап алышат. Мындай бала мугалим менен мамиле түзө баштаганда мугалимге комплимент (мактайт, кошоматтанат) айтат. Башында баары жакшы башталат. Мугалим да, окуучу да ыраазы болушат. Мугалим баланын проблемалуу экенин байкап, баладан эмоциялык жактан оолактап кетсе (системалуу мээрим төгүү кыйын), бала ачуусун жашыра албай калышы мүмкүн. Анда өзүнүн ата-энесине да, мугалимге да муздак мамиле кылып калышат. Мугалимге сабырдуулук, чыдамдуулук керек. Балага канча жардам бере алсаңыз, ошончо жардам бериңиз. “Бергенге Кудай берет”-деп айтылат кыргызда. “Да не оскудеет рука дающего”- деген макал бар

оруста. Окуучу менен мугалимдин мамилеси жакшы түзүлсө, бала мугалимди “дүйнөдө сиз бар үчүн жашоо жарык” деген сыяктуу көз караш менен карайт. Атүгүл “сиз менин экинчи энемсиз”-деп жашырбай айтышат. Ушундай өспүрүмдөр жаңы төрөлгөн бөбөгүнө мугалимдин атын койгон учурлар болот. Кийин үйлөнгөндө өкүл эне коёт, баласына анын атын коёт. Булар чебер − мугалимдер. Ата-энеси көп урушса бала урушчаак болот. Балага апасы дайыма: “азыр көчөгө чыккан коркунучтуу, терроризм күчөп жатат, кылмышкерлер көп, сени алдап кетет” ж.б. сөздөрдү айта берсе, ал ой ишке ашат, анткени бала программаланып калат. Апасы акча таап, атасы бала бакса, бала чечкиндүүлүккө, сөзүнө бек турууга үйрөнө албай калат. Энесин кыйнап күйөөгө бергендин баласы кыйналат, себеби бала каалоосуз жаралат да, психикалык жактан проблемалуу болот.

Девианттуу балдарды өнүктүрүүчү коррекциялык иштин ыкмалары (кыскача мазмуну):

−психологиялык тесттердин (сүрөттөр аркылуу диагноздоочу) жардамы менен баланын проблемасын аныктоо;

−(Шмишек, Басс-Дарк, Айзенк, Филлипс, түзгөн) суроолорду берип, өспүрүмдөрдүн аракетинин мотивин аныктоо;

−конкреттуу маселе боюнча психолог менен кеңешүү (жардам алуу), ата- энесине проблеманы түшүндүрүү;

−баланын проблемасы аныкталгандан кийин, ага окууга жана эс алууга ылайыктуу режим түзүп берүү.

Ата-энесинин, мугалимдин салкын мамилесин сезген бала “мени эч ким жакшы көрбөйт, түшүнбөйт, менин эч кимге керегим жок” –деген ойго келиши мүмкүн. Жаман ой маанайды бузат. Маанайы пас чоңойгон балдардын интеллекти төмөн болот. Бала оюн оңдобосо, аң-сезиминде өсүү болбойт. Оюн оңдош үчүн бала менен сүйлөшүү керек. Сүйлөшүү учурунда баланын талуу жерине тийбей, кыжырына тие турган сөз айтылбаш керек. “Эмне себептен мындай болуп жатат?” “Биз сага жакшылык каалайбыз”. “Биз сени жакшы көрөбүз, бактылуу болушуңа тилектешпиз”. “Кандай проблемаң бар?” ж.у.с. суроолор коюлса бала акырындап ачыла баштайт. Ата-энелер менен эффективдүү иш аракет этүү үчүн И.М.Маркованын “Тренинг взаимодействия родителей с детьми” Спб.2000. деген китебин колдонууга болот. Өспүрүмдөр арасында позитивдүү баалуулуктардын системасын өздөштүрүү максатында интерактивдүү формада “позитивдүү ойлом жана жүрүм-турум” боюнча атайын сабак өтүлүшү керек.

Окуучунун жаман адаты бар дейли. Андан кутулуу кыйын. Мисалы “А” жашыруун чылым чегип жүрүп, жаман адатка көнүп калды. Мугалим ага кантип жардам берет? Ал “таштайм” деп убада беришине карабастан таштай албайт. Ага мындай

аффирмация (кыскача оптимисттик духта айтылган ырастоо) жазып бериңиз. “Мен зыяндуу адатыман кутулгум келет. Мындан ары таза аба менен дем алгым келет. Мен өзүмдү адептүү адам катары сезгим келет. Менин жашагым келет. Ден-соолугумдун чың болушун каалайм. Мурдагы адатымды кечирдим. Кош түбөлүк менин жаман адатым. Мен өзүмдүн гумандуулугумду жогору баалайм. Эми эч качан чылым кармабайм”.

Класс жетекчи мугалим менен окуучунун мамилеси дурус эмес болсо кандай кылыш керек? “Мен келечегимдин кең болушу үчүн эжени кечирдим. Эже менен мамилем буюрса жакшы жакка өзгөрөт, эжеге ыйман берсин”-деп кайталаш керек.

Аффирмацияны түзүүдө негативдүү ойду эстебеген дурус. Позитивдүү гана ойлорду пайдалангыла, бала ал ойду кайталап аракеттенет. “Жакшы ниет жарым ырыс” деген сыяктуу ойлорду кайталаса болот. “Мен кайрымдуу адам болгум келет. Мен сылык, сыпаа адам болгум келет. Мен адептүү, ыймандуу адам болгум келет. Мен адамкерчиликтүү адам катары өзүмдү сезгим келет”.

Девианттуу балдарга дайым жылмаюу жетишпейт. Мугалимдин жылмайып койгону балага даары сыяктуу. Психологдор жылмаюнун эффективдүүлүгүн билишет. Жылмайган мугалим баланын ички дүйнөсүнө жакшы таасир этет. Л.Н.Толстой: “Ар ким адамзатты өзгөртүү жөнүндө ойлонот, эч ким өзүн өзгөртүү жөнүндө ойлонбойт”-деген. Биз да өзүбүздү өзгөртүүнү ойлобойбуз. Мугалим өзүнүн ички дүйнөсүн позитивдүү жакка өзгөртө алса, окуучулар да ага карап өзгөрө баштайт. Мугалим өз маанайын жакшыртса, бала аны карап ойлонот, анан жакшырат. Маанайы жарык мугалимди балдар жакшы көрүшөт. Өзү үтүрөйүп, кабагы ачылбаган мугалим эч кимге жылуулук тартуулай албайт. Айрым мугалим сүйлөсө эле оозунан баланы өнүктүрүүгө себеп болчу сөз чыгат, бул анын адаты, айрым мугалим сүйлөсө эле баланын шагын сындыруучу сөз чыгат, бул да анын адаты. Тилди көзөмөлгө алган дурус. Жаман сөз айтылгандан көрө унчукпай калган дурус, унчукпагандан көрө акылдуу, жагымдуу, өнүктүрүүчү сөз айтылган дурус.

## Алкоголдук ичимдиктен, бангизаттан көз каранды балдардын ой жүгүртүүсү жана профилактикалык аракет

***Аракечтик.*** Аракечтик – спирттик ичимдиктерге такай ынтаа койгондон пайда болуп, адамдын психикасына, дене жагынан өсүшүнө зыян, эл менен мамилесинин бузулушуна алып келүүчү оору. Байыркы грек врачы Гиппократ аракечтикти “атайын (билип туруп) өзүн жинди кылуу”- деген. Ичкиликтин арты – өкүнүч. Адам ичимдик ичкенде башы кеңгиреп, алсыроо, деңгирөө, дабдыроо, башкача айтканда мас абалда болот. Эртеси башы ооруйт. Аракечтик адамды моралдык жактан төмөндөтөт, кырсыктарга көп учуратат, организмге олуттуу зыян келтирет, шайын оодарып, акыл эмгегине

жарамдуулугун төмөндөтөт. Нерв системасын, мээнин клеткаларын дүүлүктүрүп, терс таасири тиет. Ууланган мээнин иштеши начарлап, эмне болуп жатканын билбей калат. Ошол маалда адам кылмыштуу иш жасап коёт. Аракечтин демилгелүүлүгү төмөндөйт, ынтызардуулугу өчөт, кайдыгер боло баштайт. Моралдык сапаттары, аң-сезимдүүлүгү төмөндөйт, акылы пастайт. Психикалык “ичкилик буулукмасы” деген коркунучутуу дартка чалдыгат. Коркуу сезиминен жүдөп, уйкусу качат, адамдар ага жамандык издеп жаткандай сезет. Галлюцинацияга дуушар болот. Өзү бактысыз болот да, туугандарын азапка салат.

Ичкиликтен адамдын ой жүгүртүүсү иррационалдуу (рационалдуу ойломго антипод), баш-аламан болуп өзгөрөт. Ичкиликтен аң-сезимдүүлүгү төмөндөп, деградацияланат (акырындык менен акылы пас абалга жетет). Аракечтердин эске тутуму начарлап, бара-бара биротоло унутчаак болот. Эсинен ажыраган, ойлому баш-аламан, иррационалдуу адамдын турмуштук маселелерди чечүүдө акыл дарамети жетпей калат. Алардын нерв, жүрөк, боор, ооруларына чалдыгуу ыктымалдуулугу жогору.

Өспүрүмдөр арасында негативдүү сезимдердин көптүгүнөн ар кандай аргасыз «каражат» менен кутулууга «аракет» кыла баштаган учурлар жок эмес. Коркуудан кутулуу үчүн алкоголдук ичимдик ичкен, ачуусу келип, кыжаалат болгон сезимден кутулуу үчүн тамеки тарткан, кайгысын басат экем деп марихуан, кара куурай пайдаланган окуучулар, энерговампир (бирөөнүн энергиясы менен азыктанган) мугалимдин “кубаттуу” таасиринен кутулуу үчүн кофе ичкен окуучулар жок эмес. Мындай «аракеттер» аларды ого бетер проблемалуу кылып, өнөкөт дартка, чалдыгуусуна себепкер болот. Чындыгында тамеки тарткан адамдын кан тамырлары кысылгандыктан «ачуусун, кыжаалат болуусун «басып» койгондой көрүнөт. Ал эми коркуп жаткан окуучунун тамырлары кысылат, алкоголь ичимдиги аны кеңейтет, ал убактылуу «баатыр» болуп көрүнөт. Маанайы пас өспүрүмдөр кофеиндин дозасын алганда убактылуу болсо да «проблема» жок сыяктуу көрүнөт. Чындыгында акыл-эстин абалын ар бир стакан ичкилик начарлатат. Мындай «каражаттарды» пайдаланган өспүрүмдүн ой жүгүртүүсү иррационалдуу болуп, мындай жагдайдан кантип чыгууга (кутулууга) болооруна акылы жетпей калат. Мас абалда адам бузукулук иш аракетке жөндөмдүү болот. «Каражаттарды» пайдаланган адамдын ойлому логикалык позициядан караганда (турмуштук проблемаларга) акыл жеткис болуп көрүнөт, адамдын рухий аспектилерине, аңга тиешеси бар, рационалдуу эмес, акылга салбай, жеткиликтүү ойлонбой ой жүгүртөт. Бара-бара адамдын акыл-эси деградацияланат, стресс, депрессия (көңүлү чөгөт) абалына келет.

Алкоголь ичимдиктерди ичкен өспүрүмдөрдүн жүрүм-турумунун өзгөчөлүгү төмөнкүдөй:

1) гиперактивдүү (импульсивдүү) болот;

2) кунт коюусу начарлайт;

3) антисоциалдык жүрүм-турум пайда болот;

4) окуусу, психикасы проблемалуу болот. Алкоголь ичимдиктерди ичкен өспүрүмдөр төмөнкү дартка чалдыгышы мүмкүн: депрессия, психопатия, психоастения, шизофрения, гипомания ж.б. Депрессия ─ стресстин натыйжасы. Депрессия абалда адамдын эрки начарлайт, бат карый баштайт. Аларга жарык үйдө эмгектенүүнү жана жашоону, жатарда жарык күйгүзүп уктоону, ак түстөгү кийим кийүүнү сунуш этиңиз.

***Баңгилик***. Баңгилик деп– баңгизаттарга (апийим, морфий, наша, ж.б.) ашкере ышкы койгондукту айтышат. Баңгилик – баңгизатты бир жолу же дайыма кабыл алуудан келип чыгат. Наркотиктерди И.П.Павлов нервди шал кылуучулар деп атаган. Дайыма кабыл алынган баңгизат организмди ууландырып, ден-соолукка катуу коркунуч туудурат. Аны колдонгондордун “көңүлү көтөрүлүп” күлкүсү күчөп, көзү алачакмактайт. Бир аз убакыттан кийин күлкүсү тыйылып, ачуусу келип, жинденип, тегерегиндегилерге кол салууга чейин барат. Кээде баңгилер өзүнөн өзү коркуп, жалтактай берет. Айрым учурда калп айтышып, байланышсыз ой жүгүртүп, ашкере сүйлөп кирет. Бир-эки сааттан кийин шалдырап уйкусу келе баштайт. Аларды кабыл алып көнүп алгандар андан баш тартып коюуга эрки жетпей калат. Наркотиктин таасири бүткөндөн кийин жүрөгү, бүт денеси, сөөктөрү ооруп тердейт. Жүрөктүн, кан тамыр системасынын иштеши начарлап, уйкусу качат. Көзүнөн жаш агып, ичи өтөт. Кээде талмасы кармайт. Коомдук ишке кызыгуулары азайып, билимин жогорулатууну каалабайт. Жалкоолонот, акыл аракети начарлап, бат чарчайт. Акырындап арам тамак, жатып ичерликке дуушар болот. Баңгилик – психикалык дарт. Бангизат колдонгон өспүрүмдүн биринчи белгилери:

-өзүнүн жүрүм-турумун көзөмөлдөй албай калышат;

-адептик-этикалык нормадан четтейт;

-интеллектуалдык деңгээли төмөндөйт;

-таарынчак, кежир, айтканынан кайтпас, эмоцияналдык жактан туруктуу эмес болот, маалыматты кабылдоосу (түшүнүүсү) начарлайт, буйдалып сүйлөйт, мүнөзү түнт, ою негативдүү болот;

-эрки начарлайт же жок болот.

Деградациянын экинчи этабынадагы белгилер:

-өзүн өзү кем тутуу комплекси пайда болот;

-ачуусу чукул, чыр-чатагы көбөйүп, агрессивдүүлүгү жогорулайт;

-майда кылмыш ишине аралашат;

-секске умтулат, айрым учурда моралдык жактан бузулат;

- маанайы тез өзгөрүп турат;

-таш боордук, селсаяктык, тентип кетмей адат пайда болот;

-психопатия, церебрастения (баш ооруу, шалдырап алы кетүү), ичеги карын ооруларына чалдыгат.

Патологиялык оор формасы:

-импульсивдүүлүк (нерви козголгондо эрксиз аракеттенүү), вандализм (маданият байлыктарын ырайымсыздык менен талкалоо), бейбаштык (хулиганство, жульничество);

-үйдөн, туугандардан качып кетүү;

-уурулук, кылмыш ишке аралашуу, ичкилик менен бангизатты аралаш колдонуу;

-бангизатка көз каранды болуу, коркуу, тынчы кетүү, калпычылык.

Бангизат колдонгон балдар коомчулукка коркунучтуу, алар жалаң эле мугалим үчүн проблемалуу болуп чектелбестен, медицина кызматкери, психолог, укук коргоо органдары, социум (чөйрө) ж.б. үчүн да проблемалуу болуп эсептелет. Бангизат өлкөдө коомчулукту коркунучтуу абалга жеткирүүдө, үй-бүлөнүн тынчтыгын бузуп, аны колдонгон баланын өзү адептик жактан пас абалга жетүүдө. Социалдык экономикалык проблемалардын жаралышына себеп болууда, авто-кырсыктарга себеп болууда. Аны колдонгон балдардын жашоосу азапка айланып, жакындарын азапка салууда. Өлкөнү криминалдык оор абалга жеткирүүдө.

Бангизат колдонгон балдардын мотиви: кызыгуу, бирөөнү тууроо, чоңдорго каршылык көрсөтүү эйфория издөө, кайф (мас) абалды сезүү ж.б.

Бангизат колдонгон балдардын ВИЧ инфекциясын (СПИД) жугузуу ыктымалдуулугу жогору болот. Мас абалында зордуктоо, бачабасарлык (гомосексуализм), лезбиян (аялдардын бузулгандыгы), педофилия ( балдарды бузуу) мүнөздүү.

Реабилитациянын (мурунку абалга жетүүнүн) негизги модели:

-медициналык жактан жардам алып, ден-соолугун, психикасын калыбына келтирүү;

-алкоголдун, бангизаттын зыяндуулугу жөнүндө түшүндүрүү иштерин жүргүзүү;

-биринчи профилактикалык аракет (режим өзгөртүү, диета, даарылануу ж.б.)

-укук коргоо органдагы кызматкерлер менен бирдиктүү аракет;

-алкоголизмге, бангиликке каршы күрөшүү;

- коомдук кыймылдар аркылуу таасир этүү;

-алкоголь, бангиликке каршы иш чара уюштурууга кызыккан комерциялык, финансылык структурасынын демилгесин колдоо;

-окуучулардын профилактикасы боюнча илимий изилдөө иштерин колдоо;

-психолог менен бирдиктүү аракет;

- диний темада лекцияларды угуу.

**Адептүүлүктүн алтын эрежеси**

Дарыяга куюп турган булак болот. Чыгарманын биринчи сүйлөмү, эпиграфы (кыскача түшүндүрмөсү) болот. Адабий чыгармалар адептик дарыяга куюп турган булак сыяктуу. Адептүүлүктүн алтын эрежеси − адамзаттын гуманисттик нормага умтулуусунун башаты сыяктуу. Болжол менен б.д.ч. I миң жылдыктын ортосунда ар кандай маданий региондордо гумандуулук, адамгерчилик идеялары калыптанган. Аны адамдын адамга, элге мээрими катары түшүнүшкөн. "Алтын эреже" деген термин XVI кылымдагы адабияттарда кездешет. Ал жүрүм-турум нормаларын билдирет. Эми адептүүлүктүн алтын эрежесине көңүл бөлөлү:

1) Сен өзүңө каалаган бактыны, дөөлөттү, бир тууганыңа (б.а. ар бир мусулманга) каалабасаң толук мусулман эмессиң. Өзүңүз сүйгөн нерсени адамдарга ыраа көрсөңүз саламатта жүрөсүз. Мухаммед (салляллаху алейхи ва саллям).

2)Өмүр бою адамды жетектөөчү сөз (идея) болобу?-деген суроого Цзы Гунь (кытай философу) мындай жооп берген: "Өзүңө каалабаганды башкаларга кылба".

3)Байыркы атактуу иудей окутуучусу Хилел: "Сага жасалышын каалабаган нерсени башкага жасаба"-деген.

4)Кандайча адилетүү жана эң жакшы жашоого болот?-деген суроого байыркы грек ойчулу Фалес "Эгерде башкалардагы жактырбаганды өзүңүз жасабасаңыз жакшы жашоо болот"- деп жооп берген.

5)Инжил (Матвей 7б.12с.) "Сизге кандай мамиле кылышын, иш жасалышын кааласаңыз, сиз да башкаларга ошондой иш, мамиле кылыңыз, анткени пайгамбарлардан калган осуят-мыйзам ушундай ".

6) Башкалардын сага жакпаган мамилесин, өзүңө каалабаган ишин башка адамдарга жасаба (Махабхарата).

7)Өзүңө каалаган жакшылыкты өзгөлөргө ыраа көр (араб макалы).

8)Өзүндө жок сапатты башкалардан издебе (араб макалы).

9)Башкалардын кылганын жактырбасаң аны өзүң кылба (немис макалы).

10)Элге эмнени кааласаң ошо өзүндө болот, кандай салам айтылса, ошондой алик алынат (орус макалы).

11)Элге жакшылык берсин, эл ичинде мага берсин (кыргыз макалы).

## II бөлүм ОКУУЧУЛАРДЫН АДЕПТИК АН-СЕЗИМИНИН ӨНҮГҮШҮНДӨГҮ ПСИХОЛОГИЯЛЫК АСПЕКТИЛЕР

**Адептик түшүнүктү өздөштүрүүнүн мааниси**

Адептик тарбия – адептик билим (маалымат) берүү менен чектелбейт. “Билимсиз жана көндүмсүз адамда эч кандай этика калыптанбайт”- деп жазган А.С.Макаренко. Окуучулардын адептик ынанымынын калыптанышында алардын моралдык нормаларды түшүнүүлөрү жана элестетүүлөрү маанилүү. Мисалы, ак ниеттүүлүк деген түшүнүктү өспүрүм туура эмес түшүнсө, анын жүрүм-турумунда эч кандай ак ниеттүүлүктү күтүүгө болбойт.

Өспүрүм кайраттуулук деген сөздүн маанисин “мыктылыгын” (шамдагайлыгын) обу жок көрсөтүүчүлүгү, аргасы түгөнгөн адамдын ыксыз кайраттуулугу катары түшүнүп алган учурлар болот. Ал эми чечкиндүүлүктүн маанисин шашып же ойлонбостон тез иш-аракет кылуучулук катары түшүнгөн балдар кездешет. Тырышчаактык деген сөздүн маанисин айтканынан кайтпаган, дегенин койбогон, көшөргөндүк, көк беттик, кежирлик катары түшүнүп алган балдар болушу мүмкүн.

Сактыкты, сезгичтикти, сергектикти чабал жана эрки жок балдардын касиети катары түшүнгөн балдар бар. Оор басырыктуулукту, токтоолукту коркок, азап чегип жүдөгөн, ындыны өчкөн, кагылып, согулган сылык балдардын касиети катары түшүнгөн балдар бар. Демек, алардын жүрүм-туруму түшүнүгүнө адекваттуу болот. Мектеп курагында балдар аң-сезимдүү түрдө өзүнө керектүү моралдык сапаттарды тарбиялоого умтулушат. Эгерде жакшы сапатты туура эмес түшүнсө, ал өзү түшүнгөндөй сапаттарды адатка айландырат (“Вопросы психологии нравственного развития школьников” под ред. В.Н.Колбановского. М.1962).

В.И.Селиванов балдардан “Кандай сапатты тырышчаак деп ойлойсуңар?” деп сураган (Воспитание воли школьников. М. 1979). 7-8-класстын 85 окуучусунун 49,8% туура, 24,8% туура эмес жооп беришкен, ал эми 25,4% билбейм дешкен. Автор балдардын туура (же туура эмес) түшүнүп алуусунун натыйжасында жүрүм-туруму, ынанымы, көз карашы туура (же туура эмес) калыптанышы мүмкүн- деп ырастайт.

Адептик түшүнүктү биле электен билгенге чейин бала өнүгүүнүн узак жолун акырындык менен басып өтөт. Бала түшүнүктү ачык, даана, так түшүнгөнгө чейинки жолун анализдеп, “баланын түшүнүүсүнүн төрт деңгээли болот” деп ырастайт В.А.Крутецкий (Характеристика некоторых моральных понятий у старших школьников. М. 1962).

***I Деңгээл. Алгачкы таанышуу:***

**1**) окуучунун элестетүүсү боюнча түшүнүктүн мааниси бир же бир нече конкреттүү учурга туура келчүдөй баамдайт;

**2**) окуучу үчүн түшүнүктүн мааниси бар, бала анын белгилерин билет, бирок мазмунун толук ача албайт, түшүнүктүн белгилери боюнча аныктама бере албайт жана

билимин жалпылай албайт. Түшүнүктү конкреттүү баа же сыпат менен алмаштырат. Мисалы, кайраттуулук – жакшы, коркпой алыс сүзүп кеткен киши – кайраттуу, тоодон, коркунучтуу кыядан лыжа менен коркпой ылдый түшкөн кайраттуу, согуштан коркпогон кайраттуу, коркок кайратуу эмес.

***II Деңгээл.***

**1**) баланын түшүнүктү аңдоосу (түшүнүүсү) анча терең эмес (тар);

**2**) түшүнүктүн белгилерин бир нече иерархияга бөлө алат, бирок анын мазмуну ушуну менен бүтпөсүн байкабайт;

**3**) түшүнүккө өтө жөнөкөй аныктама берет же бере албайт, түшүнүк боюнча билимин жалпылагысы келет;

**4**) түшүнүктүн түшүнүктөр системасына таандык экендигин табууга аракеттенет же башка түшүнүктөр менен байланышын ачат;

**5**) ар кандай мисал келтирет, багыты ишенимдүү. Мисалы, чечкиндүүлүк дегенибиз кайраттуулукка окшош, чечкиндүүлүк эмне экенин билем, бирок айтыш кыйын. Чечкиндүүлүк – бул аракеттин тездиги же чечкиндүү аракет (б.а. маанисин ачып айтпастан ошол эле сөздү кайталап айтат), бул – арсар болбой тез аракеттенүү. Мисал келтирейинчи, Чолпонбай Түлөбердиев чечкиндүү болгондуктан дзоттун оозуна көкүрөгүн тоскон, Д.Шопоков чечкиндүү, ошондуктан бир нече гранат менен 56 танкага каршы чыккан, ал карбаластап турган эмес, чечкиндүү тез чечим чыгарат, ал тез чечим чыгаргандыктан бардык мүмкүнчүлүгүн туура пайдаланган. Чечкиндүү көпкө ойлонуп турбастан, тез аракет кылат, бирок тез чуркоо чечкиндүүлүк эмес.

***III Деңгээл.***

Түшүнүктү так баамдап өздөштүргөн окуучу өзүнө ишенимдүү болот:

**1**) бул деңгээлде бала түшүнүккө аздыр-көптүр же кеңири (толук) аныктама бере алат;

**2**) түшүнүктү түшүнүктөр системасына таандык экендигин ийгиликтүү аныктайт;

**3**) бардык негизги белгилерин туура табат;

**4**) мисал келтирүүдө багыты ишенимдүү, бирок бардык конкреттүү учурга терең анализ бере албайт. Мисалы, камкордук дегенибиз – бири-биринен жардамын аябоочулук, бирөөнүн муктаждыгын көрүү, ал сурагандан уялса да айттырбай жардам берүү. “Биринчи мугалимде” (Ч.Айтматов) Дүйшөн – камкор адам. Камкордук дегенибиз ─ адамды жөн эле аёо эмес, жардам бергиси келбей аяган киши адамдын ачуусун келтирет. А.Осмоновдун тарбиячысы Груня Савельевна камкор адам болгон. Өтө камкор болуу керек эмес, болбосо душманыңды аясаң өзүңө кыйын болот.

***IV Деңгээл.*** Түшүнүктү толук баамдап үйрөнгөн окуучу:

**1**) түшүнүккө толук аныктама берет, ага мисал келтирип, терең анализдей алат;

**2**) түшүнүктү ага жандаш, жакын түшүнүктөрдөн бөлүп, системага таандыгын туура аныктайт;

3) түшүнүктү туура, терең түшүнүп кылдаттык (чебердик) менен пайдаланат. Мисалы: ак ниеттүүлүк – жакшы сапат. Ак ниет адам дегенибиз – эч кимге (эч нерсеге) жамандык кылбаган, жалган сүйлөбөгөн, ак дилден аракеттенген, башкаларга жакшылык каалаган, ачык айтып, ак сүйлөгөн ыймандуу адамды түшүнөбүз. Ак ниеттүүнү жакшы ниеттүү деп да айтышат. Жакшы ниеттүүлүк деп – адамдын киши ыраазы болорлук же үзүрлүү нерсеге алып келүүчү оюн түшүнөбүз. Ак ниет адамга тоого таянгандай эле ишенимдүү таянса болот.

Пайгамбарлар ак ниеттүү адамдар болушкан. Ак ниеттүү адамдын артыкчылыгы эмнеде? Алар башкалардын эмгегин урматтайт, бирөөнүн мээнетин жебейт, эч кимди эч качан алдабайт, калп айтпайт, эки жүздүү болбойт, арамзаланбайт, кууланбайт, жеке кызыкчылыгына жетүү үчүн айла, амал колдонбойт, жаман ойлуу болбойт, сөзү менен кылган ишинде ажырым болбойт, кытмырланбайт, ак эмгеги менен жашайт. Эл арасында алар урматтуу, сыйлуу, кадыр-барктуу, беделдүү, ардактуу болушат. Дайыма туура сүйлөйт, чындыкты гана айтат, ак жүрөт.

Ак ниеттүү адам сөзүнө бек туруп, убадасын орундатат. Иште күчүн аянбастан эмгектенет. Өз милдетин кынтыксыз, так аткарат. Адал оокат кылат, арам нерсеге жолобойт. Өзүн-өзү сын көз караш менен көзөмөлдөйт, өзүнө талабы жогору, ою таза болот. Эгер жаңылышса чын ыкласы менен аны мойнуна алат, аны оңдойт. Эгер анын жаңылыштыгы бирөөнү капа кылса, кечирим сурайт.

Жамандык жолго баспаганы менен эч кимге жакшылык кылбаган адам ак ниеттүү эмес. Бирөөлөрдүн кара өзгөйлүгүнө кайдыгер адам ак ниеттүү эмес. Окуучунун окуусу ийгиликтүү болуш үчүн окууга ниети туура (түз) болуш керек. Мага окуган жагат, менин билим алгым келет деп ойлогон бала окуйт.

Окуучулардын адептик аң-сезимин өнүктүрүү ийгиликтүү болсун үчүн педагог балдардын психологиялык өзгөчөлүгү менен таанышуу (билүү) программасы болгону дурус деп ырастайт В.А.Крутецкий (Изучение учащихся и индивидуальный подход к ним в процессе учебно-воспитательной работы. М.1962). Ал төмөнкү программаны сунуш кылат:

**I.** Окуучулар жөнүндө жалпы маалымат. Үй-бүлөдөгү жашоо шарты. Үй-бүлөдөгү тарбиялык өзгөчөлүгү. Ден-соолугунун абалы, өмүр баяны.

**II.** Окуучунун багыты, кызыгуусу, умтулуусу, окууга мамилеси, сабакка жетишүүсү, билими, мүнөздөмөсү, эмгекке мамилеси, өз милдетин аткаруусу. Коллективдеги абалы коомдук иштерге мамилеси. Ата-энесине, мугалимге, досторуна жана башкаларга

мамилеси. Өзүн-өзү инсан катары баалоосу. Саясый багыты, негизги максаты, идеалы, жоопкерчиликтүүлүгү, кызыгуусунун туруктуулугу, билиминин тереңдиги (техника, спорт, искусство, китеп), окуусу, кунт коюусу, ак ниеттүүлүгү, чынчылдыгы, адамга мамилесинин чын ыкластуулугу, көралбастыгы, ичи тардыгы, кызганчаактыгы, эгоизми ж.ус.

**III.** Эрктик сапаттары, максатка умтулуусу, тырышчаактыгы, сабырдуулугу, өзүн токтоо алып жүрүүсү, кайраттуулугу, батымдуулугу, айткан сөзүнө туруктуулугу жана тартиптүүлүгү. Өз алдынча ойлонуусу, аракети, демилгелүүлүгү, активдүүлүгү, акыл үйрөнүүгө жөндөмдүүлүгү, кежирлиги, башкалардын таасирине каршы тура алабы, ар тараптуу ойлоно билеби, чыгарган чечимин аткаруусу, өзүн-өзү көндүрүүсү, көзөмөлдөөсү, аң-сезимдүүлүгү.

**IV.** Мүнөзүнүн эмоцияналдуулугу, толкундануу сезими, кайгыруу-кубануусунун тереңдиги, ар кандай кырдаалда (жагдайда) аффективдүү (эң эле катуу туталануу, ачууланyу, келесоолонуу) абалга жетеби? Көбүнчө кандай маанайда жүрөт? Аракетинин ылдамдыгы (тез, жай), көңүлдүү же көңүлсүздүгү, жүүнү боштугу, кыбырдыгы, бошоңдугу.

**V.** Окуучунун акылынын өсүү өзгөчөлүгү, кебинин (речинин) маданияттуулугу, ойлонуу өзгөчөлүгү, эске тутуму, кунт коюусу жана кандай жөндүмдүүлүгү билинет? Оюнун логикалуулугу, сын көз караш менен карай билүүсү, ой жүгүртүүсү, жыйынтыктоосу, аң-сезимдүүлүгү, материалды анализдеп жалпылашы, оюн туура жазуусу, оозеки түрдө баяндашы, элейип карап отуруусу, унутчаактыгы, кыраакылыгы, байкагычтыгы, байкабастыгы, чачкындуулугу, иреттүүлүгү, иретсиздиги жана оюнун чаржайыт баш аламандыгы. Акыл ой чабыты, фантазиясы, чыгармачыл иш-аракети жана жөндөмдүүлүгү.

Программага түшүндүрмө кат жазылат. Анда мугалим эмнеге көңүл бөлүш керек? Инсандын олуттуу эмес жактарына көңүл бөлүп отурбастан, өзгөчө кызыккан нерселерге, мүнөзүнө көңүл бөлүп, программанын мазмунун ачуу керек. Программага анкета сыяктуу караш керек эмес. Ар бир баланын ишин деталдуу баяндоонун кереги жок. Балдарды өсүшүн байкоо боюнча мугалимдин күндөлүк дептери болгону дурус. Бала жөнүндө ой жаралганда же фактыны кыскача жазып койсо, материал топтолот. Фактынын баарын ошол замат жазуу да керек эмес. Биринчи ойго келген нерсенин баары туура боло бербейт. Инсандын өзгөчөлүгүн мүнөздөөчү маанилүү өнүгүүсүн, өзгөрүүсүн көргөзгөн фактыны гана жазуу керек. Мисалы, бүгүн “Н” адеп сабагында класста тартип начарлап кеткендиги жөнүндө ызалуу каткырык менен сүйлөдү. Класс “Менин сүйүктүү каарманым” деген дил баянын жазган. “Н” элестеткен каарман турмушта көп кыйынчылык менен кездешкен, акылдуу, чечкиндүү, ак ниет адамдын образын баяндаптыр.

Эми окуучулардын адептик аң-сезимдүүлүнүн өнүгүүсүндө ой жүгүртүүнүн мааниси жөнүндө айта кетели.

**Ой жүгүртүү**

Ой жүгүртүү (ойлом) – ой топтогонду өнүктүрүүгө керек ыкма. Ойлом жалаң эле акылды өстүрүп чектелбестен, изделген проблеманын терең маңызын түшүнүүгө мүмкүндүк берет. Ой жүгүртүү аркылуу мыйзамченемдүүлүктөрдү, идеяларды, дүйнөнүн картинасынын тереңине «кирип», анын маани-маңызын түшүнөбүз. Терең ойлонбостон ар кандай кубулуштарды түшүнүүгө болбойт. Жакшы менен жаманды адал менен арамды ой аркылуу ажыратабыз. Китептен маалымат алабыз, бирок ойломсуз картинаны толук элестетүүгө мүмкүн эмес.

Ой жүгүртүүгө үйрөнүп, мээнин күч кубатынын сырын түшүнүп алган адамдын адептик билими терең, тарбиялык таасири күчтүү болот. Туура ойлоно билген адам проблеманы терең түшүнүп, оптималдуу чечет.

Кээде окуучунун акылына проблемага тиешеси жок ойлор келет, өткөн окуя эске түшөт, аткарылбай калган иштер, ар кандай каалоолору эркине баш ийбестен мээге келе берет. Мындай учурда атайлап проблемага көңүл буруш керек. Негизги тапшырманы аткарууда алаксыбаңыз. Акылы тартипке келе элек окуучу башка ойго алагды болот. Андай мээнин иштөө режими тартипке салынбаган.

Тема боюнча тынымсыз ойлонуп отурган окуучу гана тапшырманы кынтыксыз аткарат. Туура, багытуу ой жүгүртүү – акылдын өзгөчө гимнастикасы. Керектүү маалыматты издеген учурда фонардын жарыгын пайдаланган сыяктуу ой жүгүртүүнү пайдаланабыз. Тапшырма боюнча проблеманын маңызын, мазмунун ойлой берип, мурда көрүнбөгөн байланыштарын ачат. Ойлоп жатып кээде адамга кубануу, толкундануу келет. Ошол мезгилде мээге келген ойду (идеяны) кагазга жазып калыш керек. Сезим аралашып келген ой жөнөкөй логикалык ойдон эффективдүү (артык). Өз акылынын аракетин көзөмөлдөй алган адамды анын ойлору башкарбайт, ал ойлорун башкарганга үйрөнүп калат. Оюн башкарган адам негативдүү ойдон позитивдүү ойго чыга алат. Андай адамдын келечеги кең болот.

**Ишенимдин ой жүгүртүү багытына таасири**

Ишеним деген эмне? Ишеним деп − бир нерсени акыйкат (туура, ырас, ыйык) катары таанып, ынангандыкты, ага далилсиз терең ишенүүнү, чын ыкластан берилүүнү, тууралыгына көзү жеткендикти түшүнөбүз, мисалы, Кудайга ишенүү, жеңишке ишенүү, адамга ишенүү, “жогорку күчкө” ишенүү. Ишендирүү деп ─ диний же илимий окууга

(идеяга) ишендирүү аркылуу адамзатка, пендеге, табийгатка пайдалуу иштерге үйрөтүү жана терс жүрүм-турумдан сактоо максатында жүргүзүлүүчү тарбия методун түшүнөбүз. Ишеним балдардын (чоңдордун) иш-аракетин аң-сезимдүү кароого, алардын чөйрөдөгү маанисин туура түшүнүүгө жардам берет. Ишендирүү түшүндүрүү аркылуу жүргүзүлөт, бирок угуучу түшүндүрүүчүнүн далилдерине ынангандай болушу зарыл. Адамдын жан дүйнөсү маңыздуу жашоо үчүн кынтыксыз, улуу, бийик, ыйык бир нерсеге ишенүүгө умтулат. Адам ой жүгүртүү, сезүү касиетине ээ болгон сыяктуу эле, бир бийик идеялга ишенүү касиетине ээ. Балага ишенимди туура аныктап алышы олуттуу маселе (б.а. чоң маниге ээ), анткени адам эмнеге ишенсе, ошол багыт боюнча аракет кылат, мүнөзү, ойлому, көз карашы, ынанымы, жүрүм-туруму ошол окууга (философияга, идеяга), динге ылайык калыптанат. Жер жүзүндө Аллага, куранга, пайгамбарларга, периштелерге (исламий окууга) ишенгендер бар. Аларды мусулмандар, ыймандуулар дешет. Үчилтик кудайга (атасына, баласына, ыйык рухка б.а. Кудайга, Иса пайгамбарга), библияга ишенгендер ─ насранийлер (христиандар). Кришнага, вед (брахманизм, индуизм) окуусуна ишенгендер ─ индустар. Буддизм окуусуна ишенгендер ─ кытайлар, япондор, корейлер, индо-кытайлыктар, моңголдор ж.б. Коммунисттик идеяга ишенгендер ─ коммунисттер. Кудайды, ар кандай динди тангандарды атеист дешет. Көп кудайчаларга ишенгендер ─ гректер. Сыйкырга ишенгендер бар, алар ─ африкалык вуду, көз байлоочулар, кара магияны колдонгондор. Өсүмдүккө, жаныбарга ишенип, сыйынгандарды тотемисттер деп аташат. Буюмга (асыл таш, металлга), тумарга ишенгендер ─ фетишисттер (фетиш ─ далилсиз эле ыйык, чындык деп таанылган буюм же кубулуш). Алар бермет, каухар, аквамарин, аметист ж.б. асыл таштар, металл (алтын күмүш ж.б.) адамды сактайт деп ойлошот. Жылдыздардын, планеталардын жайланышы боюнча келечекти билүүгө болот деген окууга ишенгендерди астролог (гр.astron-жылдыз, logos-окуу) деп аташат. Бир улуттун башка улуттарга караганда артыкчылыгына ишенгендер бар. Алар ─ сионисттер (б.а. еврейлерди тандалган улут деп эсептеген, реакциячыл агым), фашисттер (италия тилинде fascio-түйүн, биргелешүү) немецтик реакциячыл, агрессиячыл агым. Яхвага (кудайдын аты), талмудга ишенгендер иудаисттер, алар Израилде, АКШда жашашат. “Көзү ачыктарга”, ырым-жырымга ишенгендер бар, алар диний чала сабаттуу адашкан бечаралар. Демократиялык жолдун перспективалуулугуна ишенгендерди демократтар деп аташат. Адам кайсы партияга ишенсе ошол партияга мүчө болот.

Материалдык дүйнөдөгү жашоого гана ишенген адам өз жашоосун чектеп, рухий дүйнөсүн жарды кылат. Дүйнөдө адамга таасир этип турган Кудайдын (космостук күчтүн) бар экендигине ишенгендердин (мусулмандар, христиандар, иудейлер, идеалисттик философтор ж.б.) ошол окууга ылайык аракети болот. Турмушта эмнеге ишенсең, ошону

тандайсың, эмнени ойлосоң ошол ишке ашат. Мисалы: өзүңө ишенсең өзүң аракеттенесиң, бирөөгө ишенсең андан жардам сурайсың, методго ишенсең аны пайдаланасың, медицинага ишенсең врачка барасың, элдик табыпка ишенсең аны издейсиң, бири-бирине ишенген үй-бүлө бактылуу жашайт. Окуучуларга ишенсең, алар менен болгон кызматташтык жакшы натыйжаларды берет. Балдарга ишенимсиз эмгектенүү – мугалимдин да, окуучулардын да көптөгөн проблемаларынын (чечилбей калган маселелеринин) чыныгы себеби болуп саналат. Өз жөндөмүнө ишенбөөчүлүк адамды чектелүү ойго алып келет. Эч кимге, эч нерсеге ишенбеген адам ─шордуу, анткени анын келечеги кең эмес. Маңыздүү жашоо үчүн кынтыксыз, улуу, бийик, мээримдүү, адилет затка ишениш керек. Кынтыктуу нерсеге ишенген адам качандыр бир мезгилде андан көңүлү калып, иренжийт, депрессияга келет.

**Ой формалары**

Ойлом (ой жүгүртүү) – адамдын башында объективдүү дүйнөнүн чагылыш процесси, таанымдын эң жогорку баскычы болуп эсептелет. Таанууда, сезимдер ой жүгүртүүгө өбөлгө түзүп, болмуштун кээ бир жактарынан маалымат берет. Адам ойлоо процессинде баамдоонун чегинен чыгып, адамдардагы жалпылыктарды, ниетин, мүнөзүн, мүдөөсүн, мотивин ички маңызын ачат. Ойлом – болмушту (бытиени) түшүнүүнүн, чагылтуунун бир формасы. Ал практикалык аракет менен тыгыз байланышкандыктан, адамдын ойлоо аракети туура (позитивдүү) болсо, анын аң-сезимдүүлүгү өсүү жолунда болот, пайдалуу билим тандайт, туура ишеним тандайт, туура максат коёт, ага умтулат, (буйруса) жетишет. Башка психикалык процесстер сыяктуу эле ойлом жогорку нерв аракетинин мыйзамдарына баш иет, акыл операциясын аткарат, аңдап таанып билүүдө ой маанилүү роль ойнойт, анын мүмкүнчүлүктөрү чексиз сыяктуу. Адамдын баамдоо, сезүү мүмкүнчүлүктөрүнүн байышына жараша ойлому өнүгөт.

Ой формасы дегенибиз – адамдын (тынымсыз) сезим коштогон ой жүгүртүүсүнүн натыйжасында пайда болгон энергия камтыган программа, багыт, аны психологдор уюган ой энергиясы дешет. Ал (ой формасы) адамдын жүрүм-турумуна, ден-соолугуна таасир этүүгө жөндөмдүү. Позитивдүү ой формалары баланын ден-соолугуна, тагдырына оң таасир этет. (Мисалы, Кудай буйруса ишим ийгиликтүү болот). Негативдүү ойдун терс таасири тиет. (Мени эч ким жакшы көрбөйт, мен жөндөмсүзмүн).

Ойлордун таасиринин бири-биринен айырмасы бар. Биз бир адамды жакшы көрүп, урматтап, ыраазы болуп ойлосок (б.а. позитивдүү), же ачууланып, туталанып, нааразы болуп ойлосок (б.а. негативдүү), биздин ойлорубуз жагымдуу же жагымсыз маалымат камтыйт, ошону менен бирге адамга жакшылык же жамандык каалайбыз. Мисалы:

мугалим окуучуну эстеп, ага боору ооруп, экзаменди жакшы тапшырып кетсе экен деп ойлошу мүмкүн. Ооруп жаткан окуучуну айыгып кетсе экен деп ойлошу мүмкүн. Тентек окуучуну оңолуп кетсе экен деп ойлошу мүмкүн. Мугалимдин мындай ойлору татаал формадагы ойлор (б.а. сезим менен коштолот) болуп саналат. Мындай учурда мугалим окуучу жөнүндө жөн эле ойлонуп чектелбестен, анын биоталаасына (аурасына) оң таасир этип, ага (өзүнө да) жардам берип жаткан болот. Ал эми окуучуга нааразы болуп, кыжырланып, ага жамандык кааласа, ал окуучуга да, өзүнө да жаман таасир этип жаткан болот.

Ойдун формаларынын таасири ойду жаратуучунун канчалык күчтүү сезим менен көңүл бөлүп ойлонгондугуна байланыштуу бир нече убакыт бою мейкиндикте өз алдынча таасир этип “жашай берет”. Ошондуктан ойдун формаларын жаратууда абайлаш керек. Ал ишке киргизилген чыныгы программа болуп эсептелет.

Мисалы, мугалим “А” өз планы жөнүндө пессимисттик (иштин ийгиликтүү болушуна ишеними жок) көз карашта ойлонот дейли. Ал ой формалары окуучуларга жана ошол ишке тиешеси бар адамдарга (мугалимге, завучка, ата-энеге ж.б.) негативдүү таасирин тийгизип, мейкиндикте “жашайт”. Натыйжада “А” ою аркылуу иштин ийгиликсиз аякташына өбөлгө түзүп койду. Ал эми сиз оптимисттик (иштин ийгиликтүү болушуна ишенип), позитивдүү ойлорду ойлодуңуз дейли, ал ойлор позитивдүү (жакшы) кырдаалды өзүнө “буруп”, сиздин планыңыз ийгиликтүү ишке ашуусуна өбөлгө болот, аракетиңиз кошулат, (буйруса) иш ийгиликтүү бүтөт.

Эгерде “В” (мугалим) өзүнө ишенбесе, ал өзүнө ишенимсиз жана анчалык күчтүү эмес ой формаларын ойлойт. Ошол ойлор “В”нын тааныштарынын, окуучуларынын биоталаасына (табына) таасир этет да, окуучулар “В”га анын оюна жараша мамиле кылышат.

Мугалим окуучуларга окуусуна ийгилик, жакшылык, бактылуу келечек, ыймандуулукту каалоосу менен да таасир эте алат. Анын таасири мугалимдин энергиясынын окуучулардын энергиясы менен синхрондуу (бир эле мезгилде, параллель) болушунан көз каранды. Мугалимдин оюна жараша окуучулар да ой ойлошот. Элибизде “Ой түбүндө алтын бар, ойлой билсең табасың” деген макал бекеринен айтылбаган. “Акылсыздын тоюнда болгуча, акылдуунун оюнда бол” - деген макалга жогорудагылар дагы бир жолу ынандырат.

Тамак жеп жаткан маалда урушууга болбойт. Урушуп жаткан адам негативдүү ойлорду ойлойт. Аш менен организмге (аңга) жаман маалымат кошо кирет. Бул аш адамдын психикалык энергиясын жутат. “Ойлобой сүйлөгөн онтобогон ооруга чалдыгат”- деген сөздө калет жок. Ошондуктан “Ойноп сүйлөсөң да ойлоп сүйлө”.

“Эгерде окуучуларды терс (жаман) ой формасын оң (жакшы) ой формасына алмаштырганды үйрөтсөк, алардын жүрүм-турумунда, турмушунда оң (жакшы) өзгөрүүлөр башталат”- деп ырасташат психологдор. Ошондуктан психологиялык адабияттарда керектүү “аффирмацияны” (позитивдүү ойду кыскача так айтылган ырастоону) кайталоо аркылуу адам өзүнүн чечилбеген проблемасын (маселесин) чечип алуусу мүмкүн деп ырасташат. Кандайдыр бир окуянын болушунан узак убакыт коркуудан аңда бекем орногон образды да ой формасы дешет. Аны көп жолу көз алдыга элестетип ойлонсо, ал качандыр бир мезгилде ишке ашат. Ошондой эле каалаган окуяны көп элестетип, күтсө эртедир-кечтир ишке ашат.

Негативдүү ой формалары (коркуу, жактырбоо, табалоо, көрө албастык, сын тагуу, жек көрүү ж.б.) сезимдер менен коштолсо, ал ойлор аң-сезимдин деградацияланып, пас абалга жетүүсүнө себеп болот. Ошондой эле негативдүү сезимдер көбүнчө башкалар жөнүндө жаман ой менен коштолгондуктан, адам астралдык (дил) дүйнөдө жаман иш кылган болот. Ошондуктан негативдүү сезимден тез кутулган дурус.

Уруш, чыр-чатак, ичи тар адамдын жаман көз менен карап коюусу, бирөөнүн жаман ою, каргыш ж.у.с. негативдүү маалымат камтылган сөз б. а. энергетикалык чабуулдун таасири чогулуп, бара-бара нервдик-психологиялык, соматикалык дартка айланат. Ниети кара адамдын эмоцияналдуу айткан сөзү башка адамдын аурасына (грекче аůга-желдөө, делбирөө, сезилүү,) терс таасири тиет. Мындай таасирден коргонуу материалисттик көз караштагы адамга кыйын деп ырастайт А.Свияш. Диний ынанымдагы адамдардын аурасы таза болгондуктан, бир дагы негативдүү ой (энергия чабуулу) адамдын аурасынан өтө албайт. Аларды диний эгрогорлор коргойт- деп ырастайт А.Свияш.

**Ойду концентрациялоо**

«Адамдын улуу оюн түшүнүү үчүн, аны ойлоп табууга кеткен убакыттан кем эмес убакыт керек»- деген Жан Юберт. Анын пикирине караганда ойду концентрациялоо (ой топтоо) катардагы адамдын мүмкүнчүлүгүнөн жогору эмес, бирок ал практикалык аракет. Ар бир адам мындай көндүмгө ээ болушу реалдуу. Биз окуучуларды көңүл бурууга, ойду концентрациялоого үйрөтсөк алардын аң-сезимдүүлүгү ошончолук өнүкмөк. Ойду концентрациялоого үйрөнгөн окуучу оюн башкара алат. Оюн башкарганды билгендин акылы тунук болот (Жан Юберт) .

Ойду белгилүү идеяга концентрациялоо – мээни ийгиликтүү пайдалануунун маанилүү шарты. Эгерде адам мээсин машыктырбаса, мээге бир ойдон кийин экинчи ой келе берет. Адамдын ою өтө туруксуз. Аны башкаруу үчүн адамга керектүү позитивдүү (ырас) ойду издеп (акылы аркылуу суроо коюп, ага жооп таап), ал эми керексиз (жаман, терс) ойду оолактатып (кууп, б. а. астапрылда деп, ага карама-каршы жакшы ойду таап),

тынымсыз аракетте болуш керек. Ойду концентрациялаганга үйрөнүү менен мээге келген ойлорду көзөмөлдөй алабыз. Ойду концентрациялап үйрөнгөн адам мээге келген ойлорду тартипке салып бекемдейт. Адам ойлорду көзөмөлдөгөндү билбесе, аны ойлор белгисиз багытка алып кете берет. Адам өз каалоолорунун фантазиясынын, кыялынын туткунда калат.

Ойду концентрациялоо боюнча адамдын биринчи аракети дайыма эле натыйжалуу (продуктивдүү) боло бербейт. Бул аракет – акылдын машыгуусу. Чыдамдуу, сабырдуу, билимдүү адам (оюн) акылын машыктырат. Мындай аракеттин натыйжасы жемиштүү болот. Тилекке каршы мектеп практикасында бул көйгөйлүү маселе.

Бирөө компьютерден керектүү маалымат алгысы келген маалда экинчиси башка программа менен иштеп жаткан учурду элестетели. (Бороондуу күндө бок кычайт). Мектеп окуучуларынын, мугалимдердин мээсинин аракети ушу сыяктуу режимде иштөөгө аргасыз болот. Анткени окуучу керектүү нерсенин үстүнөн ойлонуш зарыл болгон маалда, мугалим ага программада сунуш кылынган маалыматты таңуулайт. Балага интеграл, дифференциал, туунду ж. у. с. баарынын кереги барбы, жокпу, айтор улам бир маалыматтын артынан башка маалымат менен баланын мээсин толтура беришибиз керек деген принцип менен иштеп жаткан сыяктуу аракеттенебиз. Анткени окуу планы, программа ошондой түзүлгөн. Бала өзү ким, анын ата-бабалары ким болушкан, бул дүйнөдө анын миссиясы (милдети, ролу) кандай? Жашоонун маңызы эмнеде? Мен келечекте кандай адам болушум керек? Мага кандай сапаттар жагат? Адамдын асыл сапаттары кандай болот? Ал сапаттарды калыптандыруу үчүн кандай аракет керек? Акылман адамдардын ой жүгүртүүсү кандай болот? Акылман болуш үчүн эмне кылуу керек? Ушундай маселелер жөнүндө ойлонууга кенен мүмкүнчүлүк берилбейт, ушу сыяктуу ойлорго окуучунун көңүлүн буруу (ойду концентрациялоо) ыкмасы эч бир сабакта жеткиликтүү үйрөтүлбөйт. Чыгыш окууларында ушу сыяктуу маселелерге көңүл бөлүнөт. Ойду бир объектке концентрациялаганды (буддизимде ─ медитация, индуизмде – йог көнүгүүлөрү, исламда – намаз, зикр) үйрөтүшөт. Бир маселеге ойду топтоштуруу – мээнин ийгиликтүү аракети б. а. маселени терең түшүнүү, мээни ийгиликтүү пайдалануунга даярдоо сыяктуу. Мындай адамдын интуициясы, аң-сезимдүүлүгү өнүгөт (А.Свияш).

**Адамга ой аркылуу аралыктан туруп таасир этүүгө болобу?**

Адамдын мээсинин түзүлүшү компьютердин түзүлүшү менен окшоштугу бар. Мисалы, компьютерге маалымат киргизип, аны каалаган маалда монитордун экранына алып чыга алабыз. Маалымат компьютер – хордисктин (уячанын) эсинде коддолгон (код

бир нерселердин аттарын шарттуу түрдө кыскартылышынын же белгиленишинин тизмеги) түрдө сакталат. Адамдын мээси да ушул сыяктуу.

Адам – денелүү, маалымат камтыган энергиялуу объект, ошондой эле ал жөнүндө бардык маалыматтарды алып жүргөн, ар кандай жыштыктын көбүн камтыган биологиялык талаа (аны аурасы же табы дешет). Сиз бейтааныш адамды биринчи жолу көрдүңүз дейли. Сиздин көздөрүңүз маалымат кабыл алчу датчик (аспап) же сканир (англисче *skan*-ой-пикири, көрүнүп турган мейкиндик) сыяктуу бейтаанышты кабыл алат да, ал "маалыматты" (адамды) коддолгон түрдө эстин бир уячасына киргизет. Качан ал адамды эстегиңиз келсе, ал уячадан адам жөнүндөгү маалыматты алып чыгасыз, сиздин көз алдыңызга ошол адамдын образы кайрадан түзүлөт. Ал адам сизди канчалык көп кызыктырса, аны эсиңизге бекем тутасыз. Адамга болгон кызыгуу да, эмоция (күчтүү сезим) да, ал эффектти (таасирди) күчөтөт. Мунун эске тутууга тиешеси бар. Бардык материалдык дүйнөнүн өз биологиялык талаасы (аурасы) бар.

Эгерде, биз бир адамды элестетсек, биздин көз алдыбызга жалаң эле анын элеси келип чектелбестен, ал адамдын бардык жыштыгы менен биологиялык талаасы кошо келет. Эгерде трагедиялуу (аягы өлүм же кайгы менен бүткөн) окуя адамдын эсине түшсө, аны эстеген адамга энергиялык терс таасири тиет. Биоэнергетикалык көз караштан караганда адам трагедиялуу окуя менен кошо ошол окуянын биологиялык талаасы же анын жыштыгы менен байланышат. Ал адамды эстеген кишинин биологиялык талаасына, ошондой эле денесине жаман таасири бар – дейт Борис Аранович (СПб. Биоэнергетика университети). Эротикалык (сүйүүгө, ашыктыкка арналган) окуяны эстөөнүн деле таасири бар. Эстөө аркылуу образдын (элестин) бизге эле (жакшы же жаман) таасири тийип чектелбестен, биздин дагы ага таасирибиз тиет.

Парапсихологияда "фантом (куру кыял, элес) мыйзамы" деген бар. Ал мындай: эгерде мейкиндиктин каалаган чекитинде кандайдыр бир объектти (мисалы, адамды) элестетсеңиз, анда ошол объект менен түз байланышы бар биологиялык талаа ошол чекитте кошо жаралат. Ушул мыйзамга телепаттын (алыскы аралыктан сезе билген адамдын) аракети жана оорулуу менен иштөө аракети негизделген. Элестеткен объектке ой аркылуу таасир этүү үчүн өзгөчө жөндөмдүүлүктүн деле кереги жок.

Бирөө жөнүндө адамдын эмоцияналдык сезими канчалык күчтүү болсо, ошончолук ага ою топтолуп (концентрацияланып) таасирдүү болот. Жини келген адамдын оюнун негативдүү (жаман) таасири өзгөчө күчтүү. Каарданган, кыжыры кайнаган, долуланган адамдын жанында болуп көргөндүрсүз. Ушул эле сезимдерди андан алыс аралыкта туруп деле сезүүгө болот, бирок айырмасы биринчи мисалда негативдүү сезим кайдан келгени

түшүнүктүү болуп, экинчисинде эмненин натыйжасында толкунданып (же кайгырып) жаткандыгыңыздын себеби белгисиз болот.

Сизди жакшы көргөн, урматтаган адамдын сизге жакшылык алып келүүчү, дарылык касиети бар. Анткени ал энергияны ой аркылуу жөнөтүп турат. Ошентип адамдар арасында ой аркылуу (маалымат камтылган) энергия алмашуу дайыма жүрүп турат. Өз окуучуларын жакшы көргөн, аларга ийгилик каалаган, ишенген мугалимдин ишинин ийгиликтүү болушу ушуну менен түшүндүрүлөт.

Күчтүү эмоция аркылуу абайлабай ойлогон ойдун адамга, табийгатка зыяны бар. Эгерде адамдын энергетикалык мүмкүнчүлүгү жогору болсо, ал ойдун негативдүү таасири геометриялык прогрессия сыяктуу өсөт. Физика-математика илиминин доктору Г.П.Грабовой: “Адамга алыстан (ой аркылуу) жардам берүүгө болот, компьютердик системаны аралыктан туруп башкарууга болот, биз ойдун кубатын толук изилдеп бүтө элекпиз”-дейт. Анын пикирине караганда бардык ооруларды ой аркылуу айыктырууга болот. Ал оорулуунун ден-соолугун нормалдаштаруучу система (кол саат түрүрүндөгү билерик) иштеп чыккан.

**Позитивдүү ойлом**

Адамдын акыл-эси бир эле фактыны бир нече түрдө интерпретациялашы (түшүндүрүшү) мүмкүн. Мисалы, окуучунун 50 сому бар дейли. Ал: “Мен бүгүн баймын”. “Кудайдын ушунусуна шүгүр”. “Жоктон көрө 50 сом жогору” ж.у.с. версияларды ойлошу мүмкүн. Бул ырастоолордун баары туура. Туура, ырас ойду позитивдүү ой дешет. Позитивдүү ой тандаш үчүн абсолюттуу чек жок.

Мээни натыйжалуу иштетүүнүн, аң-сезимди өнүктүрүүнүн ыкмасы катары (психологиялык адабияттарда) баланы позитивдүү ойломго үйрөтүүнү сунуш этишет. Адамдын негативдүү (терс) ою (акылдын негативдүү багыты) адамдын өзүнө каршы иштеп коёт деп ырасталат. Позитивдүү ойлом деген – фактыга же тажрыйбага негизделген, туура (оң, ырас, жакшы, таза, өрүштүү, ак), ой жүгүртүүнү түшүнөбүз (Джим Леонард).

Эгерде бир окуяга күбө болгон окуучунун мээсине бир ой келсе, жүрөгүндө ага коштолгон жагымдуу сезим жаралса, ал ойдун позитивдүүлүгүн далилдейт. Окуучу бир нерсени аткарууда кыйынчылыкка (проблемага) дуушар болду дейли. Эгерде анын аң-сезими белгилүү аспектилерди пайдаланса, ага учурдун өзү чектөөлөрдү же жасалма кыйынчылыкты коюп жаткан сыяктуу көрүнөт. Чындыгында чектөөлөр ойдогу (сүйлөмдөгү) контекстте, б.а. сүйлөмдүн ичиндеги сөздөрдүн байланышында. Аны позитивдүү жакка өзгөртүп жиберсе, проблемалуу учур жокко чыгат. XX кылымдын көрүнүктүү илимпозу Алвин Тоффлер: “Менин муундагыларымдын эң чоң жетишкендиги

─ адам баласы ой жүгүртүүнү өзгөртүү менен жашоону түп тамырынан бери өзгөртүүгө боло тургандыгын түшүнгөндүгүндө”-деп таамай белгилеген.

Мисалы, окуучу зачётко берилген тапшырманын баарын билет, бирок аны тапшыра албай жатат дейли. Окуучу: “эженин мага мамилеси жакшы болсо, жардам берип коймок”-деп ойлошу мүмкүн (бул негативдүү ой). Негативдүү ой өзүнө негативдүү ойлорду тартып турат. Эгерде бала: “эженин мага мамилеси жакшы болгондугунан, менин материалды терең билишимди каалап, жардам берип жатат”-деп өзгөртүп койсо, материалды бир сыйра караса, зачётту тапшырып кетет.

Айрым окуучулар дайыма проблемалуу, анткени ою проблемалуу. Мисалы, “ооруп калбасам экен, экзаменден кулап калбасам экен, сабактан “2” албасам экен” деп ойлошот. Мугалим аны: “Кудай ден-соолук берсин, экзаменден ийгиликтүү өтүүгө, сабакты өздөштүрүүгө жардам берсин”-деп ойлоого үйрөтүп койгону дурус. Ар бир учурга ылайык ойдун позитивдүү вариантын тандоого жардам бере алган мугалим – чыныгы чебер педагог.

Позитивдүү ойломго үйрөтүлбөгөндөрдүн жашап кетүү шансы аз, анткени негативдүү ойломдогулар регресс (артка кетүү) жолуна түшөт. Позитивдүү ойломдогулар – аң-сезимдүүлүгүн жогорулатууга багыт алгандар, алар өзүн психикалык жактан өзгөртүүгө даяр болушат. Айрым окуучулар активдүү аракеттенгендигине карабастан, өзүн бактысыз сезишет. Айрымдары пассивдүү, ошого карабастан өзүн бактылуу сезишет. Эмне үчүн андай? Анткени, аракетинин натыйжасына, ийгилигине каниет кылбаган окуучу өзүн бактысыз сезет. “Каниет карын тойгузат”. Окуучу өзүнүн пассивдүүлүгүнө кайгырбаса, эмнеге бактысыз болмок эле? Аны бактылуу кылган башка жагдай бар, анын болгонго каниет кылуусу жетишет.

Көбүнчө окуучуну негативдүү ойго салган нерсе – тапшырманы туура эмес аткаргандыгы, мугалимдин оюндагыдай болбой, купулуна толбой калгандыгы менен байланыштуу. Эгерде мугалим тапшырманы туура эмес аткаргандыгы үчүн окуучуну сындоонун ордуна “сен жаңылгандыгыңа (ката кетиргениңе), карабастан айрым тажрыйбага ээ болдуң. Кийинки жолу бул жаңылыштыгыңды (катаны) кайталабайсың” десе, окуучу терс эмоцияналдык сезимден кутулмак. Балдардын аткарган иши туура чыкса, жакшы бааланса кубанышат. Оюнун, аракетинин ийгиликсиздиги (сыртынан билинбегени менен) жагымсыз сезимге алып келет. Буга мисал келтирели. Бир күнү аракети ийгиликсиз окуучуга “Сен көп ойлонуп аракеттенипсиң, бирок тапшырмаңдын аткарылышында рационалдуу ойлом жетишсиз (башаламан ойлорду жаза берген), өзүң азаматсың, демек тажрыйбага ээ болдуң. Аракет кыла берсең, берекеси болот”- деди мугалим. Ал үшкүрүп жиберди, көзүнөн аз жерден жаш тамган жок, бирок жүзүнөн жылмаюу байкалды. Баланын

аракетинин ийгиликсиздиги үчүн жемелеген мугалим – чебер педагог эмес, анткени жагымсыз сезим баланын аң-сезиминде кала берет. Мындай сезимдер ден-соолукка зыян. Натыйжада ошол предметке да, мугалимге да баланын көңүлү сууп калат.

Позитивдүү ойломго чыгыш үчүн, сабакта баланын маанайы жакшы болгону дурус. Балдардын көңүлүн көтөрө билген мугалимди балдар жакшы көрүшөт, ага тартылышат, анын сабагы кызыктуу көрүнөт. Тапшырманы аргасыз аткарган окуучунун сабакка мамилеси жакшы эмес. Мындай сабакка ал "мойнунан байлаган" немедей аргасыз келет. Биз негизги нерсени унутуп койгонбуз. Баланын бул дүйнөдө бактылуу жашап кетиши маанилүүбү же окуу планда каралган предметтерди 100% өздөштүрүүсү маанилүүбү? Чайковскийге математика керек болгонбу?- деген сыяктуу суроолорду мугалимдер өзүнө коё билсе, балким баланын бактылуу жашап кетишине көмөктөш болмок.

Позитивдүү ойломду абсолютташтыруу да, жеткиликтүү баалабай коюу да туура эмес. Позитивдүү ойломду абсолютташтыруунун натыйжасында "Мен баарын билем, менин логикам идеалдуу өнүккөн"- деген аффирмацияны (өзүн-өзү ынандыруу максатында айтылчу оптимисттик ойду же программаны) кайталап, айта берген окуучулар жаңы материалды өздөштүрө албай калыша тургандыгы жөнүндө Дж.Леонард, Ф.Лаут "Ребефинг" (М. 2001) деген китебинде жазат. Тескерисинче, өзүнүн билимсиздигин мойнуна алган окуучулардын (муну позитивдүү ойлом деп айта албайбыз) окуучунун аракети, стимулу (түрткү берүүчү себеп, демилге) сезилет.

"Мен бардык ийгиликтерди жарата алам, мен терең (кенен) ойлойм", "Аалам мага мен тандаган жыйынтык берет"- деген ойломду кайра-кайра кайталай беришип, болгон акчаларын өндүрүшкө салып жиберишип, түшкөн пайданы башкара албагандыктан, салган акчаларын кайда жоготконун билбей калгандар турмушта бар- дейт Дж.Леонард. Мындай позитивдүү ойломдон көрө реалдуу, рационалдуу ойлом адамга пайдалуурак- дейт ал.

Айрым мугалимдин балага кылган мамилеси баланын айласын кетирет. Мисалы, физик мугалим баланы жакшы көрбөйт. Мындай шартта (класс жетекчи, адеп мугалими) балага кантип жардам бере алат? "Сиздин айткандарыңыз туура, бирок буга альтернативалуу ой болушу мүмкүн"- деп ойлогону туура. "Сиз мени жакшы көрбөйсүз эже, бирок мени башка мугалимдер жакшы көрүшөт"- деп ойлоп, башка мугалимдердин жасаган мамилесин ага карата мээримдүүлүктүн белгиси катары кабыл алып койсо, мугалимдер мындай окуучуну жөндөмдүү окуучу катары урматтай башташат.

Көпчүлүк окуучулар денесинин тазалыгы жөнүндө кам көрсө эле жетиштүү деп ойлошот. Рухий тазалыкка да кам көрүү керек. Дене дегенибиз – биз уктаган маалдагы жаткан нерсени айтабыз. Ойгонгон адамда акыл-эс, сезим, пикир, түшүнүк, көз караш, билим, ой болот. Биз өспүрүмдөрдүн рухий тазалыгын камсыз кылуу боюнча жетишерлик

билим берип жатабыз деген ойдон алыспыз. Ою кирдеген адамдын рухий дүйнөсү кирдейт, андай адам сүйкүмсүз болот, жаман ой адамды карытат. Ою таза адамдын рухий дүйнөсү таза болот, рухий дүйнөсү таза адамдын жүзү нурдуу, өзү сүйкүмдүү болот. Позитивдүү ойлор адамдын маанайын жогорулатып, көңүлүн көтөрөт. Позитивдүү ойлордун бири ─ оптимисттик нуктагы ойлор

***Оптимизм.*** Латынча optimus – эң мыкты. Келечекте жамандыкты жакшылык, адилетсиздикти адилеттүүлүк жеңет деген ишеним, космостун мыйзамдарынын адилеттүүлүгүнө ишенүү. Жамандык менен жакшылыктын күрөшүн тарыхый ырааттуулукта чечмелөө. Оптимисттин иши илгерилейт. Кыргыз элинин келечекке оптимисттик көз карашын фольклордук материалдар ырастайт. Эл келечекке жаркын үмүт менен караган. “Өлбөгөн адам – алтын аяктан суу ичет”- деген сыяктуу оптимисттик мазмундагы макалдар бар. Ар бир адамдын позитивдүү (негативдүү) ойго чыгуусу (же түшүүсү) менен элдин менталитетинин байланышы бар, элдин оюнун багыты адамдын ой жүгүрүү багытына таасири бар.

***Менталитет.*** Адамдын менталитети деп ─ анын кылган ишинин, адамга (элге) кылган мамилесинин натыйжасын баамдап түшүнүүсүн мүнөздөөчү акыл-эсинин, оюнун, аң-сезиминин абалын түшүнөбүз. Адамдын менталитети өзүнө эсти, логиканы, интеллектти, кыялды элестете билүүнү, акылмандуулукту камтыйт (Е.Серпуховская[41]). Менталитет деп ─ коллективдүү жана жеке адамдын аң-сезиминин деңгээлин, бейаңын, индивиддин же социумдун ойлонуусун, дүйнөнү түшүнүүсүн, сезүүсүн түшүнөбүз (Философиялык энциклопедиялык сөздүк). Менталитет деп ─ элдин ой жүгүртүү багытын, баалуулуктарын, дүйнө жөнүндөгү түшүнүгүн, көз карашын, аң-сезимдин өзүнөн өзү аракетке келүүчү көндүмдөрүн, элдин аң-сезиминдеги дүйнөнүн образын түшүнөбүз. (Л.Февр, М.Блок Франция). Менталитетке ─ элдин дүйнө таанымы, коомдук аң-сезими, жалпы ой жүгүртүү багыты, илимий аң-сезими, маданияты, саясый аң-сезими, идеологиясы, экономикалык жана укуктук аң-сезими, коомдун пикири, массанын маанайы, өзгөрмөлүү учурду сезе билүүсү, ой жүгүртүү багыты, ата-бабалардын турмуштук тажрыйбасы, тарыхый басып өткөн жолу, коллективдүү бейаң, улуттун мүнөзү, көз карашы, традициялары, социалдык түзүлүшү, акылы (рационалдык, иррационалдуу ойлому), диний ишеними, ынанымы кирет (В.С.Кукушин, Л.Д.Столяренко. Этнопедагогика и этнопсихология. Ростов-на-Дону.2000). Эгерде адам өзүнүн аң-сезимдүүлүгүн өнүктүргүсү келсе, өзүн-өзү ынандырууга, медитация жасоого, өзүн-өзү программалоого, ийгиликтүү окуяны элестетүүгө үйрөтүү керек, анда адамдын менталитетинин күчү (эстүү-баштуулугу, нарктуулугу) өнүгөт (В.С.Кукушин).

Ар бир элдин менталитетинин өзгөчөлүгү болот. Кыргыз элинин менталитетинин да өзгөчүлүгү бар. Кыргыздын басып өткөн жолуна, тажрыйбасына жараша Орто Азия элдеринин ойломуна окшоштугу да, айырмачылыгы да болгон ойлому, дүйнө таанымы, диний ишеними, ынанымы, поэтикалык, философиялык казынасы бар. Эл кылымдап көөнөрбөс этикалык асыл-нарктарды ыймандык-адептик мурастарды топтоп, акыл-ой багытын аныктап, менталитеттүүлүгүн иштеп чыккан. Кыргыздын менталитети Батыш элинин менталитетинен айырмаланат. Батышка индивидуализм, эгоизм мүнөздүү. Кыргыздар альтруизмди, коллективизмди баалашкан. Батышка прогматикалык, бизнесмендик, бухгатерлик дух таандык. Кыргыздар бул дүйнөнү оомолуу-төкмөлүү, опосуз дүйнө дешкен. “Батыш адамынын туруктуу досу болбойт, туруктуу кызыкчылыгы болот” (Маргарет Тетчер). Кыргыз (хан досум деп) достукка туруктуу болгонду жакшы көрөт. “Дүнүйө тосот, көңүл озот”-дешкен кыргыздар. Кээде “дос бар жерде душман бар” болот. “Таш менен урганды аш менен ур”-деген нуска бар. Айрымдар “атаңды өлтүргөнгө аш бер”-десе, айрымдар “энеңди бер”-дешет. Үйүнө (бейтааныш) адам келсе, “кудайы конок”-дешип, кымыз же айран сунушкан. Атүгүл жылан келсе да “чакпаган жылан өлбөсүн”-дешип, ак чачып чыгарышкан. Кыргыздын Батыш маданиятын туураганы туура эмес. Кыргыз ата-бабалары калтырган нарк-насилин, динин, этикалык нарктарын жоготсо, кыргызга таандык жүзүн жоготот, (адамзаттын алдында) адамдык милдетин аткаруудан калат, өз жолунан адашат. Кыргыздын Батыштан үйрөнө турган бир эле нерсеси бар, ал — илим. Ал эми адептик-рухий асыл-нарктарды алар азыр Чыгыштан үйрөнүп жатышат.

Тарых — элдин менталитетинин жетилгендигинин туундусу, тарыхый окуя элдин менталитетинин өзгөрүүсүнө шарт түзүүчү кырдаал болот. Элдин менталитетинин өзгөрүшү деп — элдин аң-сезиминин деңгээлинин өсүшүн, рухий традицияларынын өзгөрүшүн, сезимдеринин, маанайынын, адаттарынын өзгөрүшүн, айрым учурда идеология алмашуусун түшүнөбүз. Бул — тарыхый процесс. Элдин менталитети өзгөрүүсү менен (айрым учурда) доор алмашат. Мындай тарыхый кырдаалда эл ичинде карама-каршы пикир көбөйөт, ынтымак кетет, социалдык, психологиялык, саясый келишпестиктер артат. Девианттуу формадагы жүрүм-турум көбөйүп, элдин ден-соолугу начарлайт, нервдик-психологиялык проблемалар көбөйөт. Доор алмашкан мезгил адам үчүн эң оор учур болуп эсептелет. Кытайлыктар эң жаман көргөн баласын: “доор алмашкан мезгилде жашап кал”-деп каргашат. Маданият өзгөргөн мезгилде кандай жүрүм-турум нормалдуу болуп эсептелет? Көпчүлүк окумуштуулардын пикирине караганда “норма” жана “патология” түшүнүгү кайсы маданий чөйрөдө жашагандыгынан көз каранды, бирок патологиянын симптомдору (белгилери) бирдей. Мисалы, тогуз өлкөнүн шизофрениктеринин (универсалдуу психикалык бузулуу) симптомдору бирдей. Психиатрияда шизофрения

дартын “Батыштын этикалык психозу” –деп аташат. Анткени индивидуализм өнүгүп кеткен чөйрөдө ал дарт көп кездешет. Традициялуу маданияты бар элдер тууган-уруктарынын оорудан сакайып кетишине көмөктөшөт. Эгерде улуттук маданият адамдын чукугандай сөз тапкан чечендигин, оригиналдуу мыскылды, кош маанилүү, куйкумдуу сөзүн колдосо, андай элдин ичинен да шизофрениктер көп чыгат (мисалы, Ирландияда алар көп). Депрессия да — универсалдуу психикалык бузулуу. Депрессия көбүнчө индивидуализм өнүккөн маданияттарда кездешет. Депрессиялуу адамдар жалгыздыктан жабыр тартышат. Традициялуу маданий чөйрөлөрдө Батышка караганда депрессия аз болот. Көз карашы, диний ишеними туура эмес, ынанымында негативдүүлүк үстөмдүк кылган этномаданий чөйрөдө жашагандар качандыр бир мезгилде психикалык проблемага келишет. Айрым учурда коллективдүү кризиске келгендер бар. Мисалы, шаманизмге (эвенкияча шаман, саман − сезими козголгон, туталануудан акылдан адашкан) ишенгендер шамандардын оорусуна чалдыгат, алар космостук негативдүү күчтөрдөн коркушат. Коркунучтуу жаман түштөн азап чегишет. Алардын айтуусуна караганда арбактар (духи) шамандык кылууга зордукташат.

Ар бир элдин көз карашына, динине, ынанымына жараша этникалык спецификалык психозу болот. Аларды клиникалык, илимий методдор менен айыктырууга мүмкүн эмес. Мисалы (амок) малаецтерде күтүлбөгөн кутурмага, талмага, манияга (өзүнүн ой-пикирин жана сезимдерин бир идеяга эле топтоп калган психикалык дартка) чалдыккандар көп болот. Алар кутурмасы кармаганда кан ичмеси башталат, кармаган жеринен кан чыгарат, кишини өлтүрүп коюшат. Гренландияда, Аляскада арктикалык истерияга (нерв оорусуна) көп чалдыгышат. Анд тоосунда жашагандар полярдык түн башталса үйүн таштагысы келип, уйкудан безип, кийимин тытып, апатияга, депрессияга келишет. Жергиликтүү элдин ишениминде шайтандын көзүнө илингендер ушундай дартка чалдыгышат. Канадалык индеецтер “витико” деген оору менен оорушат. Алар кадимки тамактан жийиркенип, депрессияга келишет, адам өлтүрүүгө, каннибализмге жөндөмдүү болушат. Адамдын ишеними, ынанымы, көз карашы туура болбосо, туура эмес багытта ой жүгүртөт, жүрүм-туруму, адаты оюна ылайык калыптанат, натыйжасы ушу сыяктуу оору, проблема болот.

Ар бир улуттун ой жүгүртүү өзгөчөлүгү болот. Мисалы, англистер прагматик (философияда чындыктын обьективдүү закондорун тануучу жана күндөлүк пайдасы бар нерселерди гана чындык деп эсептеген идеалисттик багыт) болушат, француздар акыл ой чабытынын байлыгы, кыялкечтиги, дүйнө таанып билүүдө чечкиндүүлүгү менен өзгөчөлөнүшөт. Немецтер, англистер флегматик сыпаттуу, чыдамдуу, сабырдуу болушса, француздар, италиялыктар кызуу кандуу, жеңил мүнөздүү, өкүм сүйлөгөндү жакшы көргөн, ачуусу чукул эл болушат. Орустар экстремалдык шартка бат көнүшөт, англистерге

андай шартка көнүүгө көп убакыт керек болот. Эгер ишинин натыйжасы ойдогудай болбосо, французтар демилгесин тез жоготушат, англистер көшөрүп аракеттенишет. Орустардын беталган ишинен кайтпастыгы таң калаарлык. Коомдук жерде орустар япондуктарга салыштырмалуу орой, одуранданган эл сыяктуу көрүнөт. Ар түрдүү эл интеллектти ар башкача түшүнүшөт. Европалыктар, Америкалыктар интеллект деп ─ адамдын салыштырмалуу акыл жөндөмүн түшүнүшөт. Кытайлыктар интеллект түшүнүгүнө адамдын коом алдында жоопкерчилигин, кунт коюсун, ынтасын, тырышчаактыгын, акылман адамды тууроосун кошо киргизишет. Индивидуализм орун алган маданияттарда окуучу билимин, билгичтигин көрсөтсө, аны кубатташат. Чыгыш маданиятында мындай жүрүм-турумду ыгы жок эдиреңдегендик, адепсиздик (көйрөңдүк), көңүлгө туура келбеген жүрүм-турум катары баалашат. Батыш илими реалдуу дүйнөнү логикалык жол менен түшүндүрсө, Чыгыш окуулары интуитивдүү түшүнүүгө үйрөтөт.

***Телепатия*** (грекче tele-алыс, patos-сезим) деп ─ бир адамдын оюн жана образын башка адамга өтүшүн түшүнөбүз. Ой донордон (маалымат, ой берүүчү адамдан) реципиентке (ойду кабыл алуучу адамга) өтөт. Бул процесс сүйлөшпөстөн, атүгүл бири-бирине байланышпастан туруп ишке ашышы мүмкүн. Телепатия боюнча 19-кылымда изилдөө иштери жүргүзүлө баштаган. Азыр далилденген илимий факт. Ар кандай адамдардын телепатиялык жөндөмү ар башка. Бирөөлөр эң жакшы донор (маалымат берүүчү) болушса, бирөөлөр жакшы реципиент (кабыл алуучу) болушат. Жакшы ой да, жаман ой да адамдан адамга жугат, ошондуктан кыргыздар “жакшынын шарапаты, жамандын кесепети тиет” дешет. Ой соолукка көңүл бөлүш керек.

***Жөндөмдүүлүк*** – адамдын индивидуалдуу өзгөчөлүгү, дээрине, зээндүүлүгүнө, сезим-туюмуна, ойломуна байланышкан сапат. Материалды тез, сапатуу, жакшы өздөштүрүүсү, чыгармачылык менен бүтүрө билүүсү. Айрым адамдардын мээсинин, сезүү органдарынын функционалдык артыкчылыктары болушу мүмкүн. Мисалы, тубаса музыкалык үндү угуу сезими, түстү көрө билүү сезими (б.а. сүрөтчүлүк), математикалык, гуманитардык жөндөмү жакшы болушу мүмкүн. Жөндөмдүүлүк адамдын тубаса касиети илим-билимди чыгармачылык менен колдонуудан толуктанат. Жөндөмдүүлүктүн эрте өнүгүүсү анын тарбиясы, турмуш абалы, ой жүгүртүүсү, аракети, системалуу окуусу менен байланыштуу. Ал жетишкен ийгилик менен бааланат. Жөндөмдүүлүк атайын тест аркылуу аныкталат. Абдан жөндөмдүү баланы зээндүү бала дешет, абдан жөндөмдүү адамды гениалдуу адам дешет. Ийгиликке жетишүү үчүн жөндөмдүүлүктүн бир нече түрү керек. Мисалы, жакшы дил баянын жазуу үчүн баамчылдык, кыраакылык, элестете билүү, кыялкечтик, акыл-ой чабыты, кеби (речи) өнүккөн болуу керек. Адам шыкты, зээнди, ойломду акыл-ой чабытын өстүрүп отуруп таланттуу болот. Жөндөмдүүлүктүн түрү өтө

көп, ар адамда ар түрдүүчө. Бир эле адам жөндөмдүүлүктүн бир нече түрүн бир нече багытта өстүрө алат. Жөндөмдүүлүктү тажрыйба, билим, тарбия, эмгек аркылуу өнүктүрөт. Жөндөмдүүлүктүн өсүү чеги турмуш-шартка, адамдын өзүнө, тарбиясына, көнгөн көндүмүнө, шыгына жараша болот. Адам өз ишине берилип, эргип иштегенде жөндөмдүүлүк тез өнүгөт.

***Ар-намыс*** – адамдын эл жана коом алдында өз кылганы үчүн моралдык жоопкерчилигин сезип, ойлогону менен кылганын адамгерчилик абийири менен баалай билишин туюндурган коомдук-этикалык категория. Бул абийир, уят деген түшүнүктөргө маанилеш. Ар-намыс адамдын жүрүм-турумун, турпатын баалай турган өтө маанилүү моралдык касиети, адептик фактор. Моралдык нормалар менен эрежелерди, коомдук парзды так аткаруу. Максат менен мүдөө – ар-намыстын негизи. Керт башынын мүдөөсүнөн көпчүлүктүн мүдөөсүн жогору коё билүү, ар-намыстуулуктун эң мыкты көрүнүшү болот. Кимдин ар-намысы кандай экенин эл баалайт. Адамдын адамдык сапаты ар-намыстын тазалыгынан көрүнөт. Ар- намыстуу бала аракетчил болот. “Эр ачкадан өлбөйт, ардан өлөт”-деген нуска бар.

***Кечиримдүүлүк***. Кечиримдүүлүк дегенибиз − өткөндө же учурдагы адилдетсиздик, ырайымсыздык, кара мүртөздүк кылган адамдын (же өзүнүн) күнөөсүн эсинен чыгарып коюу. Адамды капа кылган ой формасы (көбүнчө таарыныч) менен коштошуу. Кечиримдүүлүк башкалар үчүн да, өспүрүм үчүн да пайдалуу, анткени ал аң-сезимдин өнүгүүсүн чектөөчү ой формалардан кутулат. Бул көкүрөгүндө таза сезимдердин жаралышына, аң-сезимдин (ойдун) тазалыгына, менталитетинин өсүшүнө өбөлгө болот. Күнөөкөр качандыр бир мезгилде жаза алат. Ааламдын (Кудайдын жараткан) адилет мыйзамдарынан (жазадан) эч ким кутула албайт. Кечиримдүүлүк сыртынан караганда пайдасыз көрүнгөнү менен ички баалуулугу жогору (бала негативдүү сезимден кутулат, өнүгүү жолуна түшөт).

Барбара Бреннан (АКШнын илимдер академиясы, космоско учуу борборунун окумуштуусу) 20жыл адамдын энергетикалык талаасынын өзгөрүүсүн изилдеген. Эгерде адам тагдырына моюн сунбаса, ичинде бир нерсеге макул болбосо, өзүн жана башкаларды кечирбесе, энергетикалык структурасы өзгөрөт (бузулат). Өзүн, башкаларды кечирип жиберген адамда жаңы энергетикалык агым ачылат. Кечирип жиберген адамдын маанайы оңолот, көңүлү көтөрүлөт. Жашоосунда керектүү окуялар пайда болуп, шарты өзгөрөт. Кечире албай жүргөн окуучуларга төмөнкүдөй кеңеш берүүгө болот.

Мен анын адилетсиздигин, адамгерчиликсиздигин ж.б. кечирдим (муну бир нече жолу кайталасын). Өспүрүмдү капа кылган адамдын ысмын кагазга жазсын, анын

тегерегине айлана чийсин “Мен сени (Платон мээрими менен) жакшы көрөм” деп айтсын. Ага бардык жакшылыктарды оюнда каалап койсун, жакшы бата берсин.

***Ыраазычылык.*** Ыраазычылык дегенибиз – аткарылган ишке (ниетине, оюна, аракетине ж.б.) адамдын рахмат айтууга даяр болуусу. Ыраазычылык адамдын турмушунда болгон нерсенин (рухий, материалдык) көбөйүшүнө акылды концентрациялайт (топтойт). Эгерде адам өзүндө жок нерсесине оюн бурса, анын аңында жок нерсе (проблема) автоматтуу түрдө жаралат. Ошондуктан болгонго каниет кылып, топук болуп, шүгүрчүлүк кылган дурус. Кыргызда “жок дебе, жоктун түбү жок болот, Кудайдын ушунусуна шүгүр” дегени кокусунан эмес.

***Адал нерсе*** дегенибиз – таза, шариат уруксат эткен нерсе, б.а. туура, ырас, чын, адилет, ыймандуу, ак ниеттен ж.у.с. нерселерден турган багыт. Рухий дүйнөсү таза адам ак эмгеги, адилеттүү чечимдери, туура, чын, ырас сөздөрү, ыймандуу жүрүм-туруму таза ою, аракети аркылуу насип, ырыскысын табат. Таразадан алдап, авантюралык жол менен тапкан ырыскы адал болбой, арам болуп калат. Мисалы, чындыкты жашырып койгон сатуучу адамды капа кылат, алар каргап коюушу мүмкүн. Мындай шартта адамдын ыйманы бөксөрөт. Ыйманы бөксө адамдын тапканы адал болбойт. “Арамдан алган төөдөн, адал алган эчки артык”. “Ала жылкы жоголбойт, арамзаада оңолбойт”. “Арамзаада эл бузаар, айкын жерди сел бузаар”. “Арамзанын куйругу бир тутам”. “Адалдын тамыры миң, арамдын тамыры бир”. “Арам тамак аш болбойт” - деген нуска бар.

***Жактыруу*** дегенибиз – адамдын өзүн, ишин, мүнөзүн, оюн болгонун болгондой сүймөнчүлүктүү кабыл алуу. Окуучуларды жактырбай турган мугалим өзүн да, өспүрүмдөрдү да азапка салат. Окуучулардын аң-сезиминин өсүшүнө ал өбөлгө болбойт. Жактыруу шарттуу болбойт. Жактырган мугалим баланын бардык оң, терс сапаттары менен бирдикте жактырат. Жактырбаган адамга кандай аракет кылса да жакпайт. Эч кимди жактырбаган адамды психологиялык илимде “интеллекттин жогорулашынын натыйжасында сыланкороздонуу же төрөпейилденүү” деп аташат [13].

Өспүрүмдүн оюнан, аракетинен көңүл жылытарлык нерсе таба билген, ошону жактырган, ага кубанган мугалим – чебер педагог. Ал эми окуучулардын жалаң гана негативдүү оюн, сапатын көрүп, позитивдүү жагын байкабаган мугалим – окуучулардын шору. Ал өзү да шордуу. “Асанкайгы наалып олтурганча тобокелчи маарага жетиптир” деп айтылат элибизде. Мугалимди өзүн-өзү тобокелчи кылып тарбиялашына бир нече аффирмация сунуш кылалы: “Мен ушундай окуучулар менен иштеп калганыма ыраазымын. Мен тарбиялык милдетимди ыраазычылык менен кабыл алам. Балдардын ушул аракетине шүгүр” ж.у.с. ойлорду ойлогон дурус.

***Адилеттүүлүк*** – байыркы замандан бери келе жаткан моралдык принцип жана норма. Адилеттүүлүк түшүнүгү мүлк ээлөчүлүктүн, теңсиздиктин натыйжасында келип чыккан, ал теңсиздикти, калыссыздыкты жок кылууга умтулууну көрсөтөт. Адилеттүүлүк белгилүү экономикалык мамилелерге негизделген үрп-адатты, мыйзамдарды, эрежелерди, адамдардын иш-аракетин көрсөтүүчү моралдык, укуктук норма. Тарыхый өнүгүүдө коомдук мамилелердин өзгөрүшүнө байланыштуу адилеттүүлүк түшүнүгү да өзгөрүп турат. Илгери кыргыз турмушунда барымта, кун берүү – адилетсиздиктин түрлөрү болгон. Адилеттүүлүктүн идеалдуу варианты болушу мүмкүн эмес. Коомдук аң-сезим өзгөргөн сайын адилеттүүлүктүн идеалдуулукка жакын формасы жүзөгө ашат. Адилетсиздик адамга жаман ой салат. Аң-сезимин өнүктүргөн адам адилеттүүлүктүн идеалга жакын формасына жетише алат.

***Гуманизм*** (лат. humanus – адамгерчилик) – тарыхый жактан өзгөрүп турган көз караштардын системасы. Бул көз караш боюнча адам жеке адам катары кымбат, анын эркиндикке, бак-таалайга, өз жөндөмүн өркүндөтүүгө акысы бар. Кишилер арасындагы мамиледе теңчилик, адилеттик, адамгерчилик болууга тийиш. Гуманизм идеялык кыймыл катары кайра жаралуу доорунда (15-16к) калыпка салынган. Социалисттик коомдо “адам адамга дос, жолдош жана бир тууган”, “ар кимден жөңдөмүнө жараша, ар кимге керектөөлөрүнө жараша” деген принцип болгон, бирок ал принцип практика жүзүндө толук кандуу ишке ашпай калган.

***Жакшылык менен жамандык*** – оң жана терс көрүнүштөрдү туюндуруучу жалпы түшүнүктөр, этиканын маанилүү категориялары. Этиканын тарыхында материалисттик жана идеалисттик багытта чечмеленген. Материалисттик багыт – бул түшүнүктөрдү турмуштук керектөөлөр, кызыкчылыктар, каалоолор, ырахат, азап, жеке адамдын аракети менен байланыштырса идеализм аны дүйнөлүк жана акыреттик кызыкчылыктар, бакыт жана бакытсыздык, бейиш-тозок, азап жана ырахаттуу жашоо менен байланыштырат.

Белгилүү доордо коомдук система, элдин аң-сезиминин өзгөрүшү менен жакшылык менен жамандык түшүнүгү өзгөрөт деп ырастайт материалисттик окуу. “Адам жаратылышты ар түрдүүчө кабыл алышына шарт, себеп болот. Ошондуктан жакшылык менен жамандык жөнүндөгү түшүнүктөр элден элге, кылымдан кылымга өткөндө өзгөрүп, айрым учурда карама-каршы турган” (Ф.Энгельс, Анти Дюринг. Фр. 1964. 108-б.). Бирок ошону менен бирге кээ бир мазмун сакталат.

Исламий окуу боюнча мындан 14 кылым мурда жакшылык менен жамандык кандай интерпретацияланса, азыр да так ошондой эле түшүндүрүлөт. Мындан кийин канча кылым өтсө да ошол бойдон кала берет. Анда жакшылык менен жамандык деп Куранда көрсөтүлгөн оң жана терс көрүнүштөрдү туюндуруучу жалпы түшүнүктөрдү, шарыят-

мыйзамдагы маанилүү категорияларды түшүнөбүз, б. а. жакшылык – соопчулуктуу, жамандык - күнөөлүү иш-аракет, ой, ниет, амал, сөз ж.б.

Кыргыздар системалуу жакшылык кылган адамды “жакшы”, жамандык кылган адамды “жаман” деп коюшкан. “Жакшыга айтсаң билет, жаманга айтсаң күлөт”. “Жакшыга бир сөз, жаманга миң сөз”. “Жакшынын өзү өлсө да, сөзү өлбөйт”. “Жакшы сөзү менен сооротот, жаман абалды оордотот”. “Жакшы сыйлайт дили менен, жаман кыйнайт тили менен”. “Жакшы айткан сөз жүрөктө калат, жаман айткан сөз кулактын сыртында калат”. “Жамандан тил укканча, жакшыдан таяк же”. “Жакшы келсе кут, жаман келсе жут”. “Жамандын берген ашынан, жакшынын сөзү артык”. “Жамандын миң сөзү, жакшынын бир сөзүнө татыбайт”. “Адамдардын тайыз-терең, жакшы, жаман экенин, сүйлөп турган сөзүнөн билсе болот”.-деп сөзүнө маани берилет. Жамандыкты унуткан жакшы, жакшылыкты унуткан жаман.

***Уяттуулук*** — бардык изгиликтердин негизи, өзүн өзү көзөмөлдөөнүн психологиялык механизми, күнөөсү үчүн элдик айыптоодон коркуу. Уятты билген, милдетти билет. Ут – моралдык талаптарга каршы келген жана адамдын беделин кемсинткен иш-аракет жасаган адамда пайда болгон сезим. Ут сезимин пайда кылуучу иш-аракеттин мазмуну коомдук тарыхый мүнөзгө ээ жана моралдык нормалардын эволюциясынан көз каранды. Адамдын тынчы кетип, өзүнө канааттанбай жүрүм-турумун күнөөлөп, жасаган ишине өкүнгөндө уяттуулук байкалат. Ошондой эле жакын адамдын чеки жүрүм-турумун көргөндө да пайда болуп, бет кызарат. Башка кишини адам тик карай албайт. Ут сезими адамда өткөн (туура эмес) кылыктарын эстегенде да пайда болот. “Уялганымдан кара жер жарылса, кирип кете жаздадым”. “Уялчаак өз ырыскысынан кур калат”. “Ут өлүмдөн катуу”. “Утсызга кашык салсаң беш ууртайт”-деп айтылат.

***Достук*** – адамдар арасындагы кызыкчылыктын бирдейлигине негизделген мамилелердин, рухий жакындыктын бир түрү. Достукка мүнөздүү белгилер: жекелик, ыктыярдуулук, тандалмалуулук (тууганчылык же тилектештик), ички жакындык, ынактык (жөнөкөй таанышторга караганда), туруктуулук. Достуктун укугу менен милдети салт менен бекемделип, көп учурда чыныгы тууганчылыктан артык болгон. Кыргыздар башка элдер сыяктуу эле достукту жогору баалап, даңазалаган. Мисалы, Манас, Алманбет шертин бек сакташкан. Достуктун мааниси жана милдети жаш өзгөчөлүккө жараша өзгөрүп турат. Достор жекече сырдаш мамиледе болушат, максат, мүдөөлөрүнүн, көз карашынын, идеяларынын бирдейлиги аркылуу тандалат. Достук эки адамдын тандаган багыты менен аныкталат. “Досу көптү доо албайт”. “Досу жок адам, канаты жок кушка окшош”. “Дос жеритип сүйлөйт, душман эритип сүйлөйт”

***Сүйүү***, махаббат – сырдуу жана терең сезим, бир нерсеге (идеяга, кубулушка, адамга, ата мекенге, Кудайга ж.б.) берилгендик. Сүйүүнүн татаалдыгы жана маанилүүлүгү – анда биологиялык жана рухий, инсандык жана коомдук, жашыруун жана коомго маалым кубулуштардын айкалышкандыгында. Сүйүүнүн бир түрү (жыныстык жана ата-энелик) адам менен айбанга тең орток биологиялык инстинктти ичине камтыса, экинчиси маданий өнүгүүнүн деңгээлинде пайда болот (мисалы, идеяга берилгендик). Эненин балага сезимин мээрим, сүйүү деп, жигиттин кызга (кыздын жигитке) болгон сүйүүсүн махабат деп аташат. Адамдын мекенине болгон сүйүүсү психологиялык жактан айырмаланганы менен мааниси боюнча бир. Сүйүү – адамга гана таандык жогорку сезим. Анын биологиялык өбөлгөлөрү айбандарда бар. Бул түрдү улантууга багытталган ата-энелик инстинкттен көрүнөт. Сүйүүнүн өзгөчөлүгү адам тандоодо пайда көздөбөй берилгендиктен, өзүн-өзү унутуудан, сүйгөнүн идеалаштыруудан көрүнөт.

Сүйүүдө аң-сезимдүү мамиле менен кошо бейаң кубулуштары кошо катышат. Сүйүү адамдын өзүн-өзү таанып билишинин ички дүйнөсүнүн байланышына түрткү болот. Ал коомдун турмушунда зор мааниге ээ. Адам үчүн сүйүү маанилүүрөөкпү же акыл-эс маанилүүрөөкпү? Бала төрөлүш үчүн эки адамдын сүйүүсү керек. Анын акыл-эси жашоонун эволюциясынын бардык этаптарын өтүүдө пайда болот. Жер жүзүндөгү бардык акыл-эстүүлөр биригип бала жарата алабы? Өзүңүз жыйынтык чыгарыңыз.

***Абийир*** – моралдык жактан өзүн-өзү сезүү, көзөмөлдөө жөндөмдүүлүгүнүн жогорку формасын туюнтуучу этикалык категория. Абийир коомдун, элдин, айрым адамдардын алдында өзүнүн иш-аракеттери үчүн адамдын моралдык жоопкерчиликти сезиши (адамдын ишеними болуп калган) белгилүү адеп нормаларына ылайык адамдын моралдык жактан өзүн-өзү баалоосу. Абийир адамды терс жорук-жосундан токтотуп, адилеттүү аракеттерге түртөт. Адамдын ыйманы, көз карашы абийирдин калыптанышына чоң таасир көрсөтөт. “Абийириңди жашыңдан сакта”. “Абийир үчүн ак жүр, алыш беришке так жүр”. “Абийирсизге арачы болсоң, ар кайсы жериң томуят”-деп айтылат.

**Скептиктин ойлорунун анын өзүнө тийгизген таасири**

Ой жүгүртүү жөнүндө сөз кылганыбызда скептиктер (философияда скептизмди жолдоочулар, б. а. бардык нерсеге шектүү көз караш менен караган, акыйкат, чындыкты түшүнүүгө мүмкүн эмес деп эсептеген, объективдүү мыйзам ченемдүүлүктү түшүнүүдөн үмүтсүз ойчулдар) жөнүндө айтпай кетүүгө болбойт. Скептиктердин ой жүгүртүүсү кандай?

Скептик стереотиптүү (чектелген) ой жүгүртүп, жалпыга маалым формаларга гана таянат. Мисалы: башың ооруса дары ич, стресстен (психологиялык жактан жабыр

тартуудан) ичимдик ичип эс ал, ашыкча салмактан диета (азык затты чектөө) аркылуу кутул. Скептик дүйнөнү стереотиптик түшүнүктөрдүн чегинен чыга албай тааныйт. Анткени, бардык чечилбеген маселеге ойдун күчү аркылуу анын энергиясын бөлүштүрүп чечүүгө болорун түшүнүшпөйт. Алардын мээсинин сол жарымынын функциясы (иши) оң жарым шарыныкына караганда үстөмдүк кылат. Ошондуктан анын аң-сезими менен акылга баш ийбеген аңдын байланыш аракеттери жок. Башкача айтканда, интуициясы начар (Борис Аранович. Очищение организма. “Блиц инфо”. 2000, сентябрь).

Эгерде окуучу менин жөндөмүм чектелүү деп ойлосо, ал ой анын сезимдерин козгосо, баланын ой жүгүртүүсү чектелүү. Сараңдык – чектелүү ойдун натыйжасы. Ойлому чектелүү адам өзүн чектеп, өлчөп белгилүү рамкага камайт. Чындыгында тааныпбилүүнүн, жөндөмдү өнүктүрүүнүн, байлыктын чеги болбойт” (Джим Леонард, Ребифинг М. 2001).

“Күндүк өмүрүң болсо, түштүгүнө жорго мин” деп ойлогондор бар. “Эртеңки куйруктан бүгүнкү өпкө” дешет айрымдар. Ошондуктан азыр кийинип, ичинип, байып, жыргап жашаш керек деп ойлошот. Материалдык баалуулукту баалап, рухий баалуулуктан кур калган адамдын ойлому чектелүү. Мындай адамдар качандыр бир мезгилде апатиядан (көңүл чөгөттүк, сабыры суздук), алсыздыктан, коркуудан, өзүн-өзү алдоодон ж.у.с. чектелген ойлордон жапа чегишет. Алар материалдык баалуулуктан рухий баалуулукту жогору коё билбегендиктен кыйналышат. Ага караганда адамдын жанынын өлбөстүгүн түшүнгөндөр жакындары жөнүндө камкордук көрүүгө мотивациясы күчтүү болот. Алар чечкиндүү болушат, болор-болбосту ойго албай, башкаларды урматташат. Дүйнө таануу маселелерине кызыгышат. Жаңы көндүмдөрдү өнүктүрүүнүн үстүнөн аракеттенишет. Алардын юмор сезими жакшы өнүккөн, жашоону жакшы көрүшөт. Убактылуу кыйынчылыкты, жагымсыз сезимдер менен ага коштолгон ойду оңой жеңишет. Ошондуктан чектелеген ойдон чыгууга умтулуш керек (ага жандын түбөлүктүүлүгүн түшүнүү жардам берет).

Ийгилик адамдын мээсинин оң жана сол жарымынын бирдей өнүккөндүгүнөн көз каранды, б. а. анын логикасынын жана интуициясынын өнүккөндүгүнөн көз каранды.

“Дүйнө жалаң эле (көзгө көрүнгөн, колго кармалган) материядан түзүлбөйт. Дүйнөдө көзгө көрүнбөгөн, бирок адамга таасир этип турган энергия (бата, каргыш, дуба ж.у.с.), үндүн мейкиндиктеги термелүүсү ж.б. дүйнө да бар. Адам ал дүйнөнүн мыйзамдарын түшүнүп башкара алса, анын жашоосу кызыктуу, ар түрдүү, бактылуу болмок”, - дейт Санкт-Петербургдагы биоэнергетика университетинин окутуучусу Борис Аранович.

**Негативдүү ойлордун бүлдүрүүчү күчү**

Негативдүү ой деп терс, туура эмес, жаман, кара, арам ж.б. ойду түшүнөбүз. Негативдүү ойлордун организмди бүлдүрүүчү (ден-соолукка зыяндуу) таасири бар. Өкүнүчтүү окуя, трагедиялуу окуя, бирөөнүн арам ою адамды стресске алып келет, бирок ал окуя эске түшкөн сайын адам терс эмоцияга келе берет. Стресстин адамга кандай негативдүү (терс) таасири болсо, стресстик фантомдун (аны эстөөнүн, куру кыялдын, элестетүүнүн) так ошондой эле терс таасири бар. Ар бир окуя боюнча мээде ой жаралып, жүрөгүндө ага коштолгон жагымсыз сезим жаралса, анда окуучунун ой жүгүртүүсүнүн негативдүүлүгүн далилдейт. Мындай шартта окуучуга “Бул окуядан сабак алдым, келечекте мага мындай сабактын кереги жок, мен түшүндүм, бул окуяга ыраазымын”-деп ойлоону көпчүлүк мугалимдер үйрөтпөгөндүктөн, алар негативдүү ойлордун чынжырын чубалтып (ойлоп) жашай бергенге көнүп калышат. Эгерде бул сабакка ыраазы болбосо, б.а. андан туура натыйжа чыгарбаса, ага ушу сыяктуу турмуштук сабак берилерин окуучулар билиш керек. Негативдүү сезимдердин ичинен адамды стресске дуушар кылып, узакка эсте калчусу – таарыныч.

***Таарыныч.*** Көпчүлүк адамдар жан дүйнөсүндө таарынычка (бир нече жылдар бою) орун берип жашай беришет. Кээ бир адам бала кезиндеги таарынычын улгайганча эстеп жүрөт. “Мени анчалык жакшы көрчү эмес” - деп ата-энесине, мугалимине таарынган, бирөөнүн ырайымсыздыгына, катаалдыгына таарынган адамдар бар. Психологдордун ырастоолоруна караганда, жан дүйнөсүндө таарынычы бар адамдар, ою аркылуу кайрадан жаңы таарынычты пайда кылчу окуянын жаралышына өзү себепкер болот. Биринчи капа кылган адамдын көзү өтүп кетсе да, ошол таарынычы эстен кетпегендиктен, аны таарынтычу башка окуялар көптөгөн жылдар бою кайталана берет. Таарыныч сезими өткөн (калыс эмес) окуяга же адилетсиздикке эмоциялык жактан тымызын каршылык көрсөтүү же адилетсиздикке каршы тымызын эмоцияналдык күрөш. Бул күрөштө таарынган адамдын өзү жеңилет, анткени болуп өткөн окуяны эч ким өзгөртө албайт.

Таарыныч сезими чындап эле адилетсиздикке негизделсе да, эч кимге пайда алып келбейт жана эч кимди канааттандырбайт. Аны кечирип жибербесе бара-бара эмоцияналдык адатка айланат. Өнөкөт таарыныч акырында адамды өзүн-өзү аёо сезимине алып келет. Ал сезим адамдын толук кандуу эмес өздүк “менди” (образды) жаратууга себеп болот. Жан дүйнөсүндө катылган өнөкөт таарынычы бар адам эч качан өз алдынча көз каранды эмес, өзүнө ишенимдүү боло албайт, өз тагдырынын тиешелүү маселелери боюнча аракет, амал кылуу мүмкүнчүлүгү жөнүндө элестете албайт. Мындай адам чыныгы инсан боло албайт. “Думана таарынса куржунга зыян” деген нуска бар.

Чындыгында адам аң-сезимдүү түрдө адамга атайын жамандык кылбайт, б.а. таарынтпайт. Шарт, кырдаал, жагдай (өз кызыкчылыгы үчүн аракет), окуя адамды таарынтып коюуга түрткү болот. Таарыныч – бул таарынган адамдын өздүк реакциясы (тышкы таасирге жообу). Аң-сезимдүү адам гана өзү объективдүү жагдайларды түшүнүү аркылуу өз таарынычын көзөмөлдөп, сезимдерин башкара алат. Өнөкөт таарыныч, өзүн-өзү аёо адамды азапка, кайгыга санаага, мээнетке алып келет. “Эки жаман таарынышса амандашпайт (бул – кийинки таарынычтуу окуяга алып келчү себеп болот), эки жакшы таарынышса жамандашпайт (бул – инсан катары калыптанууга аракет)”.

Адамдын биологиялык талаасына таарыныч кирсе, анын иммунитет системасы начарлайт. Биоэнергетик окумуштуулардын ырастоолоруна караганда мындай адамдар инфаркт, ашказандын, кызыл өңгөчтүн ооруларына чалдыгуу ыктымалдуулугу жогорулайт. Боюнда бар келиндин өнөкөт таарынчы болсо, баланын биологиялык талаасына өтүп, бала оорукчал болуп калат. Башкача айтканда, эненин таарынычы негативдүү ой формаларына өтүп, негативдүү программага айланып, ал бала үчүн дартка себепкер болмокчу. Кичине балдардын оору-сыркоосунун дагы бир себеби – karma (ата-энесинин өткөндөгү күнөөсү, убакыт аракети, бул жөнүндө кийин айта кетебиз).

Өнөкөт таарыныч сыяктуу эле башка негативдүү эмоциялар сакталчу мээде “очок” сымал орду (жери) болот. Атайын психофизиологиялык изилдөө жүргүзүп, мээнин конкреттүү жерин атайын электрод менен дүүлүктүрүп койсо, ошого тиешелүү негативдүү эмоциясы активдешип, адамдын таарынычы күчөөрүн байкашкан. Мээнин башка жерине таасир этип ушу сыяктуу феномен (адаттан тышкары сапат, кубулуш) сезилген. Демек, мунун башка эмоцияга да тиешеси бар экен. Тескерисинче, ушундай эмоцияга алып келчү окуяны эстесе мээдеги “очок” активдешет экен. Очоктун бүлдүрүүчү энергиясы артып, адамдын биологиялык талаасын деформациялайт. Таарыныч – көңүлдүн кири. Ошондуктан кыргыздар: “Көйнөктүн кири – жууса кетет, көңүлдүн кири – айтса кетет”. Көйнөктүн кири кургагыча таарынычыңды айтып, андан кутул дешчү. Акылман кыргыздар: “Буюмдун кирин самын жууйт, көңүлдүн кирин акыл жууйт”- дешет.

***Коркунуч*** – адамдын өмүрүндөгү көп проблеманын булагы болуучу негативдүү эмоция. Бүлдүрүүчү энергиялардын эң кубаттуусу – коркуу эмоциясы, анткени “коркконго кош көрүнөт, кошу менен беш көрүнөт”. Коркунучтун абдан көп учуроочу түрү – жалгыздыктан коркуу, оорудан, өлүмдөн коркуу, жумушсуз калуудан коркуу, сүйгөн (жакшы көргөн) адамды жоготуудан коркуу, келечек үчүн коркуу. Коркунуч демилгени, кунт коюну, берилип иштөөнү, адамдын өзүнө ишенимин курутат. “Коркконго дабыштын баары жоо”. Коркуудан нерв козголот, кээ бирөөнүн ачуусу келет. Коркуу жаңы ишке кедерги (тоскоолдук) болот, себеби иш баштала электе эле терс ой формасы

программаланат да конструктивдүү (жаңы, чыгармачыл, курулуштуу) ойго чыга албайт жана процесске бөгөт болот. Адам кимден корксо ошонун кулу боло берет.

Турмуштук конкреттүү жагдайдан өлөрчө коркууну фобия деп аташат. Мисалы, жабык мейкиндиктен (лифт, жабык бөлмө) же самолётко, метрого түшкөндөн коркуу. Мындай фобиялар көбүнчө бала кезде кездешет, анткени жаш балдар ар кандай программалануууга даяр болушат.

“Самолётто кырсык көп болот, лифтке тыгылып калса болот”- деп коркутуп койсо балада фобия жаралышы мүмкүн. Ошондой эле фобия боюнда бар кезинде эне ойлогон коркунучтуу ой формасы аркылуу өтүп кетет. Бала кезде энергия камтыган маалыматтар аңга өтүп кетет же биологиялык талаасына өтүп кетет, ал баланын жүрүм-турумуна өмүр бою таасири тиет.

Байыркы кытайлыктар коркуу энергиясы бөйрөккө зыян келтирерин билишкен. Азыркы адистердин ырастоолоруна караганда коркуу заара-жыныс мүчөлөрүнүн системасынын функциясына терс таасир этет. Табарсык, жатыны, аналдык бези ооруган, айыздын цикл (белгилүү бир убакыт ичиндеги органдардын аракет процесси) бузулган окуучуларда коркуудан жабыр тартуучулук бар. Корккон адамдын башы, мойну, ийни, жүрөгү, ашказаны оорушу мүмкүн. Коркуу адамда жыныстык импотенцияны пайда кылат.

Кыргызда: “Корксо да коён өлөт, коркпосо да коён өлөт”, “Коркок миң өлөт артында тарпы калат, баатыр бир өлөт артында даңкы калат”-деген нуска бар. Андан көрө тобокел деп бел байлап, сабыр кылган дурус. “Сабырдын түбү – сары алтын”. Мусулмандар бир гана Кудайдан коркуу керек деп ырасташат.

Көбүнчө ааламдын адилет мыйзамдарынын болоруна ишенбеген адам баарын өзү көзөмөлдөгүсү келет. Баарын көзөмөлдөө мүмкүн эмес болгондуктан, жакындары, өзү, ден-соолугу үчүн коркот. Коркунуч чөйрөгө терс энергия бөлүп чыгарат, б.а. коркуу өзүнө жана башкаларга (жакындарына) негативдүү окуя заказ берүүчү негативдүү эмоция. Коркуу пас астралды (дилди) өзүнө бурат, ошондуктан коркпош керек. Коркок жоопкерчиликтүү боло албайт. Эркин ой жүгүрткөн адам гана жоопкерчиликтүү боло алат. Көбүнчө коркуу курулай шектенген адамда болот.

***Шектенүү*** – бийик максаттарга жетүүгө тоскоолдук болот. Шектенген адам чечкиндүү аракет жасай албайт. Шектенген тарап – алсыз. Дайыма шектене берүү – атрофияга (сенек, кыймылсыз, аракетсиз болууга) алып келет. Андай адамдар жоопкерчиликти моюнга алып чечим чыгара албайт. Шеги бар адам чечкиндүү болбойт. Шектенген адамдын өтө зарыл энергиясы коромжу болуп, өзүнө, келечекке ишеними жоголот. “Шектен шерттешкен достук бузулат”. Адилеттүү шектенүү – жаңылыш чечим чыгаруудан коргойт.

***Агрессиялык*** сезимдин (басып алуу, кол салуу, эзүү, кастык, душмандык, кекчилдик, зордук, ачууланyy, жек көрүү) себеби адамдын жашоого канааттанбагандыгы болуп саналат. Бул эмоциянын бүлүндүрүүчү күчү өтө чоң. Ошондуктан элибизде төмөнкү насыят макалдар айтылып келген. “Кекчил болбой эпчил бол”! “Жаманда тек жок, жакшыда кек жок”. “Зордук бар жерде кордук бар”. “Ачуу – душман, акыл дос, акылыңа акыл кош”. “Ачуу тил – жылаандын заары, таттуу тил жүрөккө даары”. “Ачуусу чукул айыпка жыгылат”. “Тили ачуу муш жейт, тили таттуу аш жейт”.

Жетекчисин жек көргөн жумушчу ага жамандык кыла албаса, үйүнө келип “буусун” аялына, балдарына чыгарган учурлар көп кездешет. Көпчүлүк адамдар аялынын, балдарынын биологиялык талаасына (табына) агрессия киргизүү менен алардын жан дүйнөсүнө канчалык бүлүк салганын, зыян келтиргенин түшүнүшпөйт. Кээде баланын биологиялык талаасы (табы) оору сыркоонун же стресстин натыйжасында начарлап турган болсо, атасынын агрессиясы баланын табын (биологиялык талаасын) деформациялап (кысып) “жешип” кетет. Муну элде “көз тийди” деп коюшат. Мындай деформация бара-бара физиологиялык же психикалык проблемага айланат. Балага токтоолук, чыдамкайлык, сабыр керек. “Сабырдын түбү – сары алтын”. Балага: “сабырдуунун багына алма бүтөт, сабырсыздын оюна кайгы бүтөт”- деген сыяктуу ойлорду айтыш керек.

Дайыма эле агрессия бирөөгө багытталбастан, өзүнө багытталган учур да болот. Анда адам өзүнүн биологиялык талаасын, табын өзгөртөт. Ал ашказандын жаратына, импотенцияга, кандын басымынын жогорулашына алып келет. Адам чочулап, тынчы кетип, кыйналып, эски кайгынын баары эсине түшөт. Негативдүү эмоцияны спорттук оюндар, сейилдеп басуу, ар кандай эмгек аркылуу “чыгарып” жиберүүгө болот. Агрессиядан кутулуунун мындан да эффективдүү ыкмасы, өз энергиясын башкара билүү (психикалык жактан чыңалууну жеңүү). Кыргыздын: “оң колуңдун ачуусун, сол колуң менен бас”, “эсиң барда этегиңди жап”, “чаап айтканча таап айт”, “ачууңду акыл менен жең”- деген макалдарында калет жок. Мусулмандар агрессивдүү сезимден кутулуу үчүн келме (истигфор) айтышат.

***Күнөөкөрдүк сезим***. Негативдүү ойлордун жаралышынын себептеринин бири – бирөөнүн алдында күнөөкөр болуп, кайгыруу. Ынсапсыздык, ыймансыздык, кара ниеттик, кара мүртөздүк, адамгерчиликсиздик, уят-сыйытсыздык жана башка терс сапаттардын бири үчүн өзүн-өзү айыптоо, убайым тартуу. Мындай сезимдер баланы узакка чейин кыйнайт. Күнөөкөрдүк сезим окуучунун эркиндигин чектейт. Мындай балдар тааныштарынын, (көбүнчө) туугандарынын “торуна” оңой чалынат. Күнөөлүү уяттуу балдарды айрым адамдар өз кызыкчылыгына көп пайдаланышат. Аны “уят-сыйыттуу бол” деп үндөө

аркылуу манипуляциялайт (ар кандай амал-аракет менен иштетет) жана башкарат. Бул – окуучуну ого бетер негативдүү сезимдерге алып келет.

Эгерде туугандары баланы кол жоолуктай колдоно баштаганын байкасаңыз, аларга бала “буюм” же “бекер кул” эмес экендигин түшүндүрүш керек. “Адамдын аласы жаман, айбандын куласы жаман”. Тууганга кара санаган жарыбайт, моралдык кризистен чыга албай жаткан тууганын өз кызыкчылыгына пайдаланган жарымак беле?

Күнөөкөр сезими бар баланын денесинин булчуңдары, тарамыштары ооруп, чарчайт. Мындай сезимден мүмкүн болушунча тез кутулган дурус. “Өткөн ишке өкүнбө. өткөн келбейт, өлгөн тирилбейт. өткөн өмүр – учкан куш, кайрылып келбейт үндөсө” деген сыяктуу ойлорду убагында айтып жардам берүү керек. Ошондой эле жакын адамдардан жардам алууга болот, бирок аларга жүгүн арта салганга болбосун да түшүнүш керек. . “Кайгы пайдасыз болот, ый жардамсыз болот”. “Кайгы - карытат, санаа – саргайтат”. “Убайым – улгайтат, кайрат – жаңырат”. “Кайгы адамдын өзүн чиритет, калп адамдын сөзүн чиритет”. “Кайгы өмүрдү кесет, калп ырысты кесет” деген макалдарды эсиңизге сала кетели.

***Башкалар жөнүндө жаман ойлоо***. Классташтары, мугалимдери жана башкалар жөнүндө жаман ойлогон баланын энергетикалык деңгээли (деми) төмөндөйт. Эгерде, ал бирөө жөнүндө ушак айтып, жамандаса, анда башка баланын биологиялык талаасынын (табынын) “кабыкчасы” травма (тышкы таасирдин натыйжасында бүлүнүү) алышына себепкер болуп чектелбестен өзүнүкүн да деформациялайт (кысат, өзгөртөт, бүлүндүрөт). Ал травма ошол замат дене жаратына айланбаса да дилинде, насилинде, рухий дүйнөсүндө жаман өзгөрүүлөр болуп, биологиялык талаасынын өзгөрүүсүнө алып келет, кийинчерээк бул оору-сыркоого себеп болушу мүмкүн. Мындайча айтканда, чаяндын уусу башканы эле өлтүрүп чектелбестен өзүн да өлтүрөт. Ушак-айың жана арам, пессимисттик ойлор адамдын өмүрүн кыскартат. Ден-соолукка, акыл-ой-мүдөөлөрүнө, психикасына терс таасирин тийгизет. “Укпайт деп ушак айтпа, көрбөйт деп ууру кылба”. “Ушак уксаң унутуп сал, эстүү айтылган кеңешти эсиңе ал”. “Көптү жамандаган көмүүсүз калат”. Булар даанышман олуялардан калган осуяттар.

Окумуштуулар “узак жашаган адамдарды эмне бириктирип турат?”-деген суроонун үстүнөн изилдөө жүргүзүп көрүшкөн. Көрсө, туура тамактануу, таза аба менен дем алуудан башка кары-карыяларды бириктирген сапат айкөлдүк, ак көңүлдүк экен. Ак санатай, ак ниеттүү, кең пейил адамдар бирөөгө энергетикалык чабуул жасабайт, өзү да ыза болбойт.

***Көрө албастык, көз артуу, ичи тардык, ич күйдүлүк***. 1990-жылдары КМШда жашаган элдер байлар жана кедейлер, оптимисттер (келечекте ишинин ийгиликтүү

болушуна ишенген, шаттуу көз караштагы адамдар) жана өкмөткө нааразы болгордор (пессимисттер) болуп экиге бөлүнүп калышты. Эл ичинде көрө албастыктын, ичи тардыктын, ич күйдүлүктүн “эпидемиясы” (психикалык дарттын жугушу) тараган. Психолог А.Вознесенскаянын ою боюнча бул сезимдер айрыкча жеке мүнөздө деп эсептешке болбойт. Психиканын нормадан четтеши айланадагыларга да жугуштуу дейт ал. Мисалы, орто кылымдарда Испания менен Франция да аялдардын белимчилик дартынын (кыйкырып, өкүрүп, чаңырып, талып жыгылып, калтырап калма оорунун) эпидемиясы тараган. Кээ бир шаарларда, айылдарда жашаган адамдар истерия (нерв оорусу) болуп туталанышкан. Миңдеген аялдардын улуган үнү күндүр-түндүр угулуп турган [43].

Кээ бир үй-бүлөнүн мүчөлөрүнүн баарынын ичи тар, көрө албас болушат. Ичи тардыктан жинди болуп кеткен адамдар бар. Психикалык ооруканаларда россиялык жана дүйнөлүк эстрадалык инсандардын, саясый ишмерлердин, окумуштуулардын, жазуучулардын окшоштугу боюнча “түгөйлөрү” көп. Бул көрө албастык, ичи тардык жана башка пас сезимдерден пайда болгон дарт. Ичи тардыктан кылмыш кылгандар аз эмес. Куранда “Кабыл бир тууганы Абылды көрө албастыктан, ичи тардыктан өлтүргөн” деп айтылат. Анткени Алла Абылды жактырган.

Кызгануу, ичи тардык, көрө албастык, атаандашуу көпчүлүк адамдарга мүнөздүү. Адам баласы көпчүлүк арзыган таламдарга (байлык, бийлик ж.б.) курман болушат. Булар – адамдын ички дилинин оорусу. Эгерде адамда ичи тардык, көрө албастык, кызгануу, атаандаштык бар болсо, таза сезимдүү адамдын аң-сезимине жаман энергия же маалымат жиберип, булгап, аны эзип, зыян келтирип турат. Мындай адамдын көз карашын, ой мүдөөсүн эч ким өзгөртө албайт. Ал оюнда, дилинде таза адамга жамандык кылат, душмандын оюна келчү ойлорду ойлоп, аракет кылат. Көзгө көрүнбөгөнү менен мындай ойлордун зыяндуулугу эбегейсиз зор болот. Мындай адам кээде таза адамдын абийирине, ар-намысына залакасын тийгизип же кол салышы мүмкүн. Ичи тардык, кызганыч, атаандашуу – жаман жоруктардын булагы. Булар билинбей жүрүп бир күнү коркунучтуу кырсыкка айланат. Андай адамдан бир күнү бир тууганы, атасы, энеси, сүйүктүү өмүрлүк жары, балдары качкысы келет. Ал күнү баарынын оор мүшкүл иши бар сыяктуу кайгыга, санаага батышат. Кайгырып, жаман ойлоп жаткан адамдын өзү жакындарына сүйкүмсүз болот.

“Көрө албастыктан сактаныңыздар, анткени алоо (жалын) отунду жеген сыяктуу көрө албастык кылган сооп торду жеп турат”- деген Мухаммед (салляллаху алейхи ва саллям). Ичи тардыктын, көрө албастыктын түбү − азап. Мындай рухий дарттан кутулуш үчүн жогоруда аталган терс сапаттардан кутулуш керек. Аң-сезимдүү түрдө өзүн-өзү

тарбиялоо керек. “Ичи тар адам – начар адам, мен жакшы адам болгум келет. Оңолуп кетериме ишенем”-деп аракеттене баштасын. Жүрөктү тазалаш керек. Жүрөк (дил) соо болсо, дени-кардың соо болот. Ал үчүн аң-сезимдүүлүк үстөмдүк кылган тарбия зарыл. Таза жүрөк гана акыйкатты сезиши мүмкүн. Тазаланбаган жүрөк көпчүлүк адамдарды булгап, арзыган таламдарга (байлыкка, бийликке, оюн-зоокко ж.б.) алданып, акыйкаттан алыстап калат. Жүрөктүн, сезимдин тазалыгы өзгөчө ырахат. Мындай жогорку деңгээлге жетүү көпчүлүк адамдардын оюна келбейт. Муну окуучулар билгени дурус.

“Жакшы болом десең – жакыныңа жан тартпа, бактылуу болом десең – башкаларга көз артпа” деп бекер жеринен айтылбаган. Көз артуудан, көрө албастыктан, ичи тардыктан дайыма эле кылмыштуу иш кылбаса да, адамдын ички органдары дартка чалдыгышы мүмкүн. Мисалы көз артуудан панкреатит, гастрит, стенокардия, инфаркт ооруларына чалдыгуу ыктымалдуулугу жогору болот. Жогоруда айтылган сапаттары бар адамдар сыртынан караганда туура эле жашап жаткандай көрүнөт, бирок көрө албастык, ичи тардык, көз артуу адамды ичтен мите, күбө сыяктуу билгизбей жейт.

Ар бир негативдүү ой формалары адамды кандайдыр бир дартка дуушар кылат, дейт А.Вознесенская (Зависть – это болезнь. Псифактор. 2003. 1.05). Адам кандай жашаса ошого жараша ооруга чалдыгат. Бул чындыкты XVI кылымдын врачы Парацельс ачкан. Бүгүнкү күндө окумуштуу медиктер Парацельстин оюн төгүнгө чыгарган жок.

Көптөгөн чет элдик медициналык илимий-изилдөө борборлору изилдешип, өнөкөт оорулары бар адамдардын дарты менен кылган кылмыштуу, күнөөлүү иштеринин ортосунда түз көз карандылык бар экендигине ынанышкан. Алар ар кандай түрмөлөрдө отурган өнөкөт оорулуу адамдар менен врачтардын атайын методикасы боюнча (абайлап) даярдалган психологиялык аңгеме өткөрүшүп, кызыктуу жыйынтык чыгарышкан.

Невриттен баштап колунун шал (паралич) болуп калуусуна чейинки дартка уурулук кылган кылмышкерлер чалдыгышат экен. Бирөөнүн үйүнө кирип уурулук кылган кылмышкерлердин колунун тарамышы тырышып, манжалары талып ооругандыгы жөнүндө даттанышат. Элде буюмун алдыргандар: “Колуңа шал тийип калсын”, “Ууру өлсүн, улак өлбөсүн”- деп каргаганы эске түшөт.

Уурунун дартынын өнүгүү механизми жөнөкөй эле. Аң-сезимден “оолак” аңга житирип чыгарылган ой, абийирин тынчытпай аң-сезим менен “ыйкы-тыйкы” боло берет да, кылмышкерди ичтен азапка салат. Адам анын себебин дайыма эле аңдап сезе билбеши мүмкүн. Натыйжада активдүү кылмыш кылууга катышкан мүчөсү же органы биринчи кезекте ооруйт. Муну балдар билгени дурус. Ошондуктан кыргызда “Уурунун ичкени ирим, жегени желим”-деп айтылат. “Уурунуку уу менен чууга кетет, жегичтиги суудан

сууга кетет”. “Уста менен дос болсоң нар кескини аларсың, ууру менен дос болсоң бир балээге каларсың”.

Бардык эле кылмышкерлерде коркуу сезими бар болот. Коркуу бөйрөктү бүлдүрөт. Корккон адамдын бөйрөк үстүндөгү бези адреналин жана норадреналин (коркуу гармондорун) бөлүп чыгарат. Алар уулуу затка ажырап кетишет. Уулуу заттар бөйрөккө барат. Натыйжада нефрит, пиелонефрит, бөйрөктүн учугу пайда болот. Коркуу сезиминен ашказанда, он эки эли ичегиде, мөөндө жаракат пайда болот.

1980-жылдардын аягында Россиянын түрмөлөрүндө соода мафиясы, цехтен ташып чыккан колу туткактар, каражат алдамчылары толгон. Булардын “кесиптик” дарты – кан тамырдын кеңейүүсү. Кумарпоздун, коркоктордун, анткорлордун буту кан менен нормалдуу камсыздалбай ичи катып, психикалык истерия – туталанма, невроз дартына дуушар болушат.

“Чайкап сүйлөгүчө, байкап сүйлө” деп айтылат элибизде. Эки жүздүүлөр чайкап сүйлөшөт. “Эки жүздүү эл бузат”. Алардын сөзүнүн жарымы чындык, жарымы калп. “Калптын казаны кайнабайт”. “Калптын арышы кыска”. “Калптын куйругу кара”. “Калпычынын чын сөзү төгүнгө чыгат”. “Чын айтып зыян тап, акыры жетерсиң мураска, калп айтып пайда тап, акыры каларсың уятка”. Эки жүздүүлөр кант диабети, калкан бези жана бөйрөктүн үстүндөгү безинин бузулушу, кыр арка секрециясы (гипофиз) дартка чалдыгышы мүмкүн. Мындай адамдар өтө толук (семиз) же дистрофия (өтө кыркыйган) абалга жеткиче арыкташат.

Киши өлтүргөн адам өлгөн адамдын күнөөлөрүн, балекет-мээнетин, ооруларын кошо алат деп айтылат элде. Ошондой ишеним бар. Чындыгында эле ким зордук-зомбулукка жакын болсо, (ачуулуу, каардуу, кекчил, кыжырданган адам) адреналинге муктаж болот. Анын жетишсиздигин нейтралдаш (теңдеш) үчүн кальций керек. Организм кальцийди сөөктөн (негизинен тиштен) алат. Ошондуктан ырайымсыз, катаал, таш боор адамдардын тиши бат түшөт. Биздин доорго чейин Х кылымда жашаган Дөөт (алейхи салам) пайгамбар “Кудай күнөөкөрлөрдүн тишин кыйратат”- деп айткан. Кайрымдуу, боорукер, айкөл, ак көңүл, ыйык акылмандардын тиши карыганча сакталат.

Кылмышкерлер көп травма алышат. Алардын колу-буту жана башка мүчөлөрү чыгат, сынат, кесилет, көгөрөт. Түрмөдө иштеген врачтардын айтууларына караганда, киши өлтүргөн кылмышкерлер, кыйнаган ооруга чыдабай тырышып, жыйрылып, азап тартышат. Онтойт, улуйт, боздойт. Алардын дартын табуу кыйын. Ошондуктан балдарга “Жаман жолго баспагын, кырсык тилеп аласың. Досуңа чуңкур каспагын, өзүң түшүп каласың” деген макалды эске салалы. Инжилде мындай ибарат (үлгү, таалим) бар:

Кылмышыңа, жүрүш-турушуңа жараша азабыңды же сыйлыгыңды аласың, өлчөшүңө жараша үлүшүңдү аласың.

***Каргыш*** адамдын биологиялык талаасына жаман таасир этип, анын тагдырын бүлдүрөт. Көбүнчө жабыр тарткан алсыз адам каргайт. “Алы жок акыретчил. Кээде алы жок – урушчаак б.а. алсыз кээде күнөөлүү адамды, кээде бейкүнөө адамды каргайт. Бул күнөө. “Бөөдө каргыш бөрүгө тийбейт”. Каргыш – күчтүү энергиялык заряды (табы) бар адамдын ой формасы. Ал каргышка калган адамдын коргой турган аурасын (табынын кабыкчасын), тагдырын бүлдүрөт. Эгерде адам каргышты сезип, коркуп кетсе, каргыш тиет да анын жашоо энергиясын каргыш (уюган энергия) соро берет (А.Вознесенская).

Каргыш тийген адамдын жүрүш-турушу өзгөрөт: кээ бир адам карама-каршы жыныстагы адамга туура мамиле кыла албайт, кээ бири ар кандай шартта өзүн туура эмес алып жүрөт, кээ бири акчаны туура эмес пайдаланат. Ар кандай каргыштан коргонуу ыкмасы катары психологиялык адабияттарда оюн тазалап, дүйнөгө, адамзатка жакшылык каалап, таза сезим, туура мамиле кылуу керек-деп ырасталат. Ошондуктан психологдор байкап сүйлөөгө, диний акылмандар каргабай кечиримдүү болууга үндөшөт. Негативдүү ойлору жок, оң эмоция менен жашаган, токтоо, сабырдуу, момун, айкөл, ыйык, такыба, бейкүнөө, ыймандуу адамга каргыш тийбейт, -деп ырасташат психологдор .

***Күнөө***. Кудайдын шарыят-мыйзамына, адамзатка, адамга, табийгатка каршы жаман ой, аракет, иш, сөз мамиле – күнөө деп аталат. Күнөө деп (укукта) ─ укук нормаларын бузган, адамга зыяндуу, коомго коркунучтуу кылмыш аракетти, тарбияланбаган мүнөздүн натыйжасында жасалган аракетти, мамилени түшүнөбүз. Күнөө түшүнүгүнө кара санатайлык, байкабастык, укук нормаларын бузуу максаты кирет. Кара санатайлык менен жасалган кылмыш катуу жазаланат. Байкабастык менен жасалган кылмыштын жазасы жеңил. Ислам дининде күнөөгө зина (ойнош күтүү, аягы суюктук, өз денесин сатуу), аракечтик, Алладан башкага (бутка, отко, арбакка ж.б.) сыйынуу, сыйкырчылык (кара дуба окуу б.а. магия), бирөөлөргө жамандык кылуу, элге, коомго, Кудайга наалуу, бал ачуу (төлгө, карта, кофе ж.б.) менен келечек тагдырын айтуу, арам оокат кылуу (уурулук, алдоо ж. б.), арам (чочко, иттин этин, арак ж.б.) нерселерди жеп-ичүү, адамды азгыруу, текеберчилик, бой көтөрүү, кесирленүү, көйрөңдүк, адамды кордоо, бузукулук, ээнбаштык, сараңдык, соргоктук, догурунуу, силкинүү, алкынып-жулкунуу, тытынуу, ындыны өчүп муңаюу жана башка терс сапаттар кирет.

Күнөөлөр аң-сезимдүү түрдө же аргасыз ишке ашышы мүмкүн. Аң-сезимдүү түрдө жасалгандар оор күнөөлөр болуп, экинчиси жеңил күнөөлөр болуп бөлүнүшөт. Күнөө аркылуу ар бир негативдүү эмоция эманацияланып (субъекттин өздүк энергиясынын

үлүшүн таратып бүтүрүп) терс же пас энергиялуу боло баштайт. Исламий окууда пас энергиялуу адамдар жин шайтандарды терс энергиясы менен азыктандырат деп ырасталат.

Ар бир негативдүү сезим (мисалы таарыныч), каргыш, башкага жамандык каалоо (мендей болуп какшап кал деген сыяктуу) жаман ой менен коштолот. Ал ой качандыр бир мезгилде таарынткан, каргаган адамга да, каргыш тийген адамга да зыян келтирет. Муңканып, ындыны өчүү – келечектен үмүт үзгөндүктүн белгиси. Үмүтсүздүк – күнөө. Үмүтсүз адамдын келечеги кең болбойт, ал ооруйт, кыйналып жашайт же өлөт.

Адам кордогон (качандыр бир мезгилде) кордукка жолугат. Зина (сойкулук) менен аралашкан адамдар качандыр бир мезгилде сифилис, гонорея (алдыдан сезгенүү), сүзөк, жумшак шанкр СПИД ж.б. жыныстык мүчөлөрүнүн жугуштуу ооруларынын бирин же бир нечесин жугузушат.

***Көзү ачыктар, төлгөчүлөр*** инсандын тагдырында, анын өнүгүүсүндө ыктымалдуу жолдордун бирин гана көргөндүктөн (сезгендиктен), ал окуя сөзсүз ишке ашуучу нерсе сыяктуу маалымат беришет. Адам ошол айтылган ойдун негизинде өзүн программалап коёт да, окуянын болушуна түрткү болуучу иш-аракет кылат, ой жүгүртөт. Көзү ачык, төлгөчүлөр адамдын насилдик, акыл-эс, адептик аң-сезим жактан бузулууга себепчи болот, б. а. адам интуитивдүү ойлонуп, аракет жасаш керек маалда интуициясыз көзү ачык айткан сөздүн негизинде ойлонуп аракет кылат. Бул аракет адамды оптималдуу жакшы жолго салбайт. Кудай пендесине оптималдуу жол табуусуна интуитивдүү ойлонууга мүмкүндүк берген. Ошондуктан окуучуларды көзү ачыктарга, төлгөчүлөргө барбагыла, анын пайдасы жок, зыяны көп деп түшүндүрүү керек.

***Вампиризм*** дегенибиз – аң-сезимдүү түрдө же баамдабастан башка адамдын жашоо күчүн алуу, энергиясы менен азыктануу. Нормалдуу адам биологиялык энергияны азык-заттан, суудан, күндүн нурунан, өсүмдүктөн, медитация жасоодон, сыйынуудан (намаз окуудан) алышат (Евгения Серпуховская). Наристелер, кары-картаңдар, оорулуулар, чарчаган адамдар бирөөлөрдүн камкордугуна муктаж. Аларда энергия жетишсиз. Мындай энергия берүү ыктыярдуу түрдө ишке ашат, бирок адам башка адамдан энергия алууга көнүп калса, биологиялык талаасын табигый жол менен толуктабаса, энерговампирге айланып кетет. Бирөөнүн энергиясын алуу ыкмасы көп: бирөөлөрдү күттүрүп коюу, узакка созулган маанисиз сүйлөшүүлөр, арызданyу, нааразылык айта берүү, даттануу, аянычтуу болуп көрүнүү, бирөөнүн боору ооруп жаны ачуусун каалоо. Мугалимдердин, окуучулардын арасында да энерговампирлер бар. Алар энергодонорду нормалдуу абалдан сөз, көз карашы, ишаарат аркылуу чыгарып коюшат. Эгерде энергодонор вампирден качып, сүйлөшпөй койсо, вампир чыр чыгарат, урушат, ачуусун келтирет. Кара ниет

энерговампирге өзүнүн күчү кетпесе эле болду, башкалардын негативдүү энергиясын деле пайдаланышат

Вампирге, энергодонорго мисал келтирели. Окуучу экзамен учурунда өтө коркуп, стресске дуушар болсо, өзүн адаттагыдан башкача алып жүрөт. Болгон ички резервин мобилизациялайт, колу-бутун кайчылаштырат, оозун ачып эстейт, бүкүрөйөт, жүзүн бүрүштүрөт, калган энергиясын сактап калуу үчүн көзүн мугалимден ала качат. Мындай окуучуга (энергодонорго) гумандуу мамиле кылуу керек. Ошол маалда талапты өтө жогору койгон мугалимди адис катары түшүнсө болот, бирок педагог катары түшүнүү кыйын, анткени ал энерговампирдин ролуна кирип кетет. Энерговампирди балдар экзамен бүткөндөн кийин сезип, урматтабай калышат.

Иш чара уюштуруу жөнүндө сүйлөшүп жаткан мезгилде окуучу иш боюнча толкунданбаса, ишенимдүү аракеттин ордуна (иш анын пайдасына чечилсе да) сүйлөшүү тезирээк бүтсө экен деген ой келсе же бала апатиеге (көңүлү чөгүп, сабыры суздукка) келсе, анда анын биологиялык талаасына вампир чабуул жасаган. Бул жөнүндө В.Аверьяновдун “Астральное каратэ” деген китебинде кенен баяндалат.

АКШда доктор Шакифи Карагуланын изилдөө борборунда ар бир адамдын аурасын атайын экранда көргөзүүчү аспап бар. Адам экрандын астында турса, анын тегерегинен “түтүн” сыяктуу аурасы көрүнөт. Соо адамдын аурасы чоң, бырышы жок, оорулуунуку ийри, бузулган болот.

Вампирди кадимки адамдан кантип ажыратууга болот? А.Свияштын ырастоолоруна караганда вампир – коллективдин жетекчиси, класс жетекчи болушу мүмкүн. Алар өзүн-өзү сергек алып жүргөн адам болушу мүмкүн. Айрым вампирлер кыжырданган, жини келген, туталанган, чыртылдама, кекээрдүү мүнөздө болушат, ар кандай оорулардын “букети” (бир нечеси) менен ооруган адам болушу мүмкүн. Вампир адам менен сүйлөшкөндөн кийин энергодонор адам чарчап, уйкусу келет. Жетекчи вампир ал жөнүндө ойлондурууга, жана негативдүү ой салууга, терс эмоцияга алып келүүгө аракет кылат. Бир нерсени убада кылат да, аны аткарбай коёт, жолугуша турган убакыт белгилеп, кечигип келет же келбей коёт. Бир иштин келечеги кең экендигин баяндап, анын аткарылышына камкордук кылбайт. Узак, маанисиз кепке айланган кеңешме өткөрөт. Аны канчалык көп адам ойлонсо, вампирге ошончолук энергия кетет. Күчтүү вампир бир нече желенин борборунда отурган жөргөмүшкө окшош. Аны ондогон, жүздөгөн ойлор азыктандырат. Вампир адам сүйкүмсүз болот. Карыганда адамдар өз балдарына сүйкүмсүз болсо, аны өз неберелери жек көрсө, адамда андан жаман тагдыр болбойт.

Вампирден коргонуу ыкмасы барбы? Бар. Ага ишенбеш керек. Бир нерседен күмөн санаган адам – вампирдин жеңил олжосу, аны менен байланыш түзүүнү токтотуп, унутуп

коюш керек. Душка, муздак, ысык (температураны алмаштырган) сууга жуунган дурус. Ага көңүл бөлбөй аракет кылса болот. Айла кетсе калемпири көп тамак жеп ойду башка жакка буруу, айтор вампирди ойлогондон кутулуу керек.

***Текеберчилик***. Текеберчилик, кекирейгендик диний окууларда өзгөчө күнөө деп ырасталат. Бой көтөргөн, текебер, кесир, көйрөң адам (талантын, жөндөмүн, сулуулугун, интеллектин) ийгилигин канчалык көбүрөөк айтып мактанса (өтө жаман өзүн мактайт), андан ары аң-сезимдүүлүгү өспөй калат, кийинки иши ошончолук пас болуп, ылдыйлап, кайгыга батат. Адам өзүнүн жөндөмүн өтө өзгөчө сезсе, өзүн көрүнүктүү окумуштуу, искусство чебери, жазуучу катары эсептесе, (өзүнүн) ашкан таланттуу экендигине ишенсе, сиңирген эмгегин апыртып, билимдүүлүгү, акылы өтө өркүндөгөн адам катары бааласа, башкалардын жүрүм-турумундагы кемчилигин байкаса, жаман жактарын жек көрүп, терс мамилесин билдирүүсүн – текеберчилик деп аташат. Адам коомдо ээлеген орду (таланты, сулуулугу, интеллекти), турмушта жараткан ийгилиги, атагы, таанымалдыгы жөнүндө канчалык көп сыймыктана көкөлөсө, жыгылуусу ошончолук кыйын, өкүнүчтүү болот. Текебер адамда андан ары өнүгүү болбойт, башкача айтканда текеберчилик – адамдын ички душманы. Өз кемчилигин сезбеген, өзүнө өзү ыраазы болгон, менменсинген, текебер өспүрүм өнүгүү жолунда эмес. Кемчилигин сезбеген балага кемчилигин чукуп айтуу баланы капа кылышы мүмкүн, бирок андан ой жүгүртүүсү позитивдүү (жакшы) жакка өзгөрбөйт. Андан көрө өспүрүмдүн өзүнө сыяпаттап кемчилигин сыпайы билдирип, амал менен жөлөп айтып, аны жоюуга жетишерлик жөндөмү, күчү, шыгы бар экендигин кошо билдирип, дем берген дурус.

***Зомбулук.*** 10-11-класстын балдары дүйнө жүзүндө болгон жакшы менен жаман нерселер жөнүндө билгени дурус. “Билбеген уу ичет”. Мисалы Африкалык буду, Латын Америкалык Карлос Кастанеддин үлгүсүндөгү сыйкырчылар жөнүндө билгени дурус. Сыйкырчылар күнөөсүз адамга зомбулук кылышат. Зомбулук деп – сыйкырчынын бейкүнөө адамдын акыл-эсин, эркин атайын баңгизаттын, уулуу өсүмдүктүн, жаныбардын, жиндин жардамы менен акыл аракети аркылуу уктатып коюп, аларды кылмыштуу иш жасатууга, оор жумуш аткарууга программалашын айтабыз. Кээ бир адамды саясый иш-аракет жасоого программалайт. Мындай адам өзүн инсан катары сезбестен сыйкырчынын буйругун аткарган биороботко, кулга айланат. Сыйкырчылардын таасиринен коргонуу ыкмасы диний окууда бар.

***Астрологиялык прогноз.*** Астрологдун прогноздорунун (алдын ала айтуунун) пайдасы жок, зыяны көбүрөөк, анткени прогноз – адамды ынандыруучу ой формасы болушу мүмкүн. Астрология (астро – грекче жылдыз, logos – окуу) – асмандагы жарык чыгаруучулардын, б. а. планеталардын, жылдыздардын жайланышы боюнча келечекти

билүүгө болот деген окуу. Астрология “илими” биздин доорго чейинки биринчи миң жылдыктын биринчи жарымында пайда болгон. Анда адамдардын тагдырына көбүнчө таасир эткендер: Күн, Ай, Меркурий, Чолпон, Юпитер жана Сатурн болуп эсептелген. Алардын өз ара жайгашуусунан жана 12 топ жылдыз белгисинин абалына негизделип, адам төрөлгөн учурда анын тагдыры аныкталат деген ишенимдеги бал китеп түзүлгөн. Египетте жылдыздардын аба ырайына, адам денесинин айрым мүчөлөрүнө таасири тиет деген ишенимде болушуп, байыркы жана орто кылымдарда астрология даарылоо илимине бир топ таасирин тийгизген. Биздеги бактысыз жана бактылуу күндөр жылдыздардын абалынан көз каранды деп түшүнүшкөн. Уламыш боюнча халдейлик астрологдор космостук өзгөрүүлөргө таянып, жаңы төрөлгөн бала эски цивилизацияны жаңы жолго бура тургандыгын айтышып, бул окуя болчу жерди Вивлей деп эсептеп, ал жерге келип сыйына башташкан. Христиан дониндегилер астрология менен таанышкан, бирок алар менен келишпес ынанымда болушкан. Астрология көпчүлүк эмгектерди орто кылымда Батыш Европага өткөн еврейлик кабалисттерден жана мушрик арабдардан алышкан. Бул жерде чиркөө тарабынан жүргүзүлгөн катаал күрөшкө карабастан, астрология кеңири жайылып, атүгүл университеттерде сабак катары өткөрүлгөн. Королдун сарайында астролог дин кызматчысы катарында урматка ээ болгон. Астрологиянын маанисиздиги 16-17-кылымдарда ачылган. Кеплер ачкан планеталардын кыймылынын закондору, Ньютон ачкан бүткүл дүйнөлүк тартылуу закону жана башка илимий ачылыштар аркылуу планеталар табийгаттын жалпы мыйзамдарына баш ийе тургандыгы далилденген б.а. астрология илимий негизсиз экендиги далилденген. Астромонияны, табигый илимдерди жакшы өздөштүрө албагандар азыр деле астрологияга ишенишет. Прогнозду уккан адам программаланып калгандыктан ойлонбостон прогноздун негизинде аракет кылат. Ошентип адам аң-сезимдүү түрдө интуитивдүү ойлонгонго, оптимисттик жолду издегенге, тандаганга мүмкүн болбой б.а. өнүкпөй калат. Ошондуктан балдарга астрологиялык прогнозду укпагыла, ишенбегиле, анын негизинде аракет этпегиле, ойлонгула, оптималдуу жол издегиле деп түшүндүрүү керек. Прогноздун туура келиши адамдын өзүн прогнозго карата программаланышы менен түшүндүрүлөт. Мусулмандар астрологияга ишенишпейт.

***Пессимизм***. Окуучуга пессимисттик ойлордун дайыма зыяны бар. Пессимист окуучу жардамга муктаж болуп турганда ата-энесине (мугалимге, завучка) барып муктаждыгын айтып, жакшы сөз табууга аракеттенбейт. “Мен барганда эле жардам берип жибермек беле” деп ойлойт да, өзүнүн жолун өзү тосуп коёт. Андай окуучуга “биринчи ниетиңди оңдо, адам жөнүндө жакшы ойло, жакшылыктан үмүт үзбө” деп үйрөтүү керек. Үмүтсүздүк адамды өтүмсүз кылат. Өтүмсүз бала коллективге кошула албайт, жакындарынын, досторунун арасында жат сыяктуу жүрөт. Үмүтсүз бала бирөөдөн жардам

суроонун, мамиле түзүүнүн жол-жобосу жөнүндө ойлобойт. Мына ошол жол-жобого амал кылбаган, адам менен мамиле түзүүгө аракеттенбеген, бейкапар баланын негативдүү сезими болот. Ал ичиндеги “буусун” башкаларга ороңдоп чыгарат (адепсиздигин көрсөтөт). “Кыз боосуп, энесин коркутат”. Ал: “өзүм адамга мамиле түзүү адебин орундата албадым, балким башка аракет, амал керектир” деп ойлобойт. Мугалим кыраакы болуш керек. Баланын ушул сыяктуу проблемасын психологдор “айсбергдин көрүнбөгөн бөлүгү” дешет ( анткени бала менен сүйлөшсө, ал башка эле себептерди айтат). Айсбергдин көрүнбөгөн бөлүгүн байкоо – чеберчилик. Баланын адепсиздигинин чыныгы себеби – анын пессимисттиги, үмүтсүздүгү, адамга мамиле түзүүнүн жол-жобосун билбей тургандыгы экендигин мугалим түшүнсө гана балага жардам бере алат. Бала кишиден жардам сураш үчүн анын ал-акыбалын сурап, мурда андан көргөн жакшылыктары үчүн ыраазычылык билдирип, анан муктаждыгын айтсын. Эгерде, ал адам жардам бере албаса капа болбосун. Адамгерчиликтин эрежелери ушундай, анын муктаждыгын аткарууга эч ким милдеттүү же карыз эмес, башкага кайрылсын. Адептүү, туура ой жүгүрткөн окуучу оор шартта да өзүн сырткы жагдайга адекваттуу алып жүрөт, анткени анын жакшылыктан үмүтү үзүлбөгөн болот. Өзүн оптимист туят. Азыркы абалдын оордугуна өкүнбөйт, сабырдуу болот. Акыл жөндөмү тынымсыз аракетте болот. Пессимизм, үмүтсүздүк аракетсиздикке түрткү болот. Баланын тагдырындагы жакшылык, ийгилик анын ниети, аракети, кылган амалы аркылуу гана ишке ашарын ал билиши керек. Пессимизм, үмүтсүздүк баланы жаман ойго салат, нервин козгойт, шашып жеңил ойлуулукка алдырып коюусуна түрткү болот жана тынчсыздандырат. Оптимист тынчсызданбайт, сабыр кылат. Анын убакыт-сааты келерин күтөт. Тескери жолдогу адамдын тилине алданбайт, муктаждыгын эстен чыгарбайт, рухий жактан туруктуу, ишенимдүү болот.

***Зиркирөө*** санаа, убайым, кайгыга батуу сыяктуу эле негативдүү ой формасына кирет. Мектептик турмушта ар бир баланын өз орду, салмагы болот. Балдар арасында программаны жакшы өздөштүргөн өспүрүмдөр авторитеттүү, активдүү болушат. Алардын мектеп турмушунан өзүнө пайдалуу нерсе таба алгандыктан, жоопкерчиликтүү ишти аткара алгандыктан, маанайы көтөрүңкү болот. Бир да жоопкерчиликтүү ишти бүтүрө албаган окуучуга жоопкерчиликтүү иш мойнуна жүктөлсө кандай болот? Ал иштин маанилүүлүгүн түшүнбөгөн учурда кайдыгер мамиле кылып, аткарбай коёт. Ал эми иштин маанилүүлүгүн түшүнгөн окуучу аны аткаруу көндүмдөрү болбогондуктан мугалимдин, коллективдин сынынан корккондуктан, бала зиркирей баштайт.

Окуучу зиркиребей жоопкерчиликти мойнуна алуусун кантип түшүндүрүүгө болот? Эч качан жоопкерчиликтүү ишти мойнуна албаган окуучу ийгилик жарата албайт. Жоопкерчиликтүү ишти тобокел деп аткара баштабаган өспүрүм уттурат, аракетчил бала

утат. Өспүрүмдүн жоопкерчиликтүү ишти мойнуна албоосун, өзүн-өзү жактырбоосу катары түшүнсө болот. Өзүн жактырбаган өспүрүмдү ким жактырат? Башкалар сени жактырсың десең эң оболу өзүңдү өзүң жактырышың керек. Конкреттүү ишти эмнеден баштап, кандай аракет амалдардын катарын аткарууга акылы, тажрыйбасы, көндүмү жетпей жаткан болосо, мугалимге жагдайды түшүндүргөнү оң. Мугалим ошол эле тапшырманы экөөлөп, үчөөлөп биргелешип аткарууну сунуш кылат же өзү көмөктөшөт.

***Кайгы, санаа, убайым***. Мугалимдер көбүнчө программада коюлган талаптарды ишке ашыруунун үстүнөн аракет кылып жаткандыктан өспүрүмдөрдүн ички дүйнөсүндөгү проблемаларга жеткиликтүү көңүл бөлбөй калышат. Акыркы педагогикалык адабияттардын ырастоолоруна караганда окуу планда каралган предметтин оордугунан, кылым тартуулаган көйгөйлөрдүн көптүгүнөн окуучулардын 95% ден-соолугу (соматикалык), психикасы (нерви) проблемаларга дуушар болушууда. Күндүз алты саат окуп, үй тиричилигине байланыштуу эки-үч саат ата-энесине жардам берген өспүрүм чарчап калгандыктан үй тапшырмасын аткара албай калат. Аны эртеси аткарууну пландаштырат. Эртеси башка тапшырма берилет. Күндөн-күнгө аткарылбаган тапшырмалары чогулуп калат. Окуунун маанилүү экендигине окуучунун көзү жетсе, санааркап, убайым тартат. Эгерде окуучу окуудагы ийгиликтери жөнүндө көңүл жылытарлык айтар эч нерсеси жок болсо, анда өспүрүм санаа тартуу жолуна түшкөн экен деп түшүнсө болот. (Джим Леонард). Андай өспүрүм алдыдагы тоскоолдуктардан коркот. Өзү басмырланып, көңүлү чөккөн абалда жашап жүрөт [13].

Санаа – окуучунун жогорку максаттан баш тарткандыгы же андан жашырынып жашоону каалагандыгы же максаты жок окуучунун ой формасы. Кээ бир өспүрүмдөр кимдир бирөө (байкем, атам, мугалим ж.б.) кандайдыр бир долбоорду (кеңешти) бере салса, иш ордунан чыкчудай ойлогон, алдамчы кыял менен жашаган өспүрүмдөр да табылат. Алардын санаасынын (убайымынын) себеби жогоруда айтылган сыяктуу проблема болсо, мугалим эмне кылыш керек? “Көз коркок, кол баатыр” экендигин эске салыш керек.

Окуучу санаа тартуудан максатка умтулууга өтүү үчүн кантип жардам берүүгө болот?

1)Окуучу үчүн өтө маанилүү болгон, бирок чечилбеген маселелердин бешөөнүн тизмесин жазсын.

2)Өспүрүм корккон нерселердин тизмесин өзү үчүн жазып алсын (чынчыл болсун). Экинчи пункттун тизмесин ага карама-каршы жобого алмаштырып жазсын жана аны максат кылып койсун. Мисалы, окуучу дил соолугу боюнча реферат жазуудан, аны жактоодон коркот. “Мен бул рефератты буюрса жазам, ал адамдын колунан келбес нерсе

эмес. Аны жазууга менин билимим, билгичтигим жетет”- деп ойлосун. Тизмедеги маанилүү деп эсептегендерди биринчи орунга койсун.

Тапшырма эсине түшкөн сайын “Кудай буюрса мен бул ишти бүтүрөм” деп ойлосун. Бардык ишти үч-төрт айда бүтүрөм деп пландаштырсын. План конкреттүү болуш керек. Аткарууга кудурети жеткен нерсени пландаштырыш керек. Бул анын жакынкы максаты болот. Эми аракет керек. Ата-энесине туура эмес мамиле кылган окуучу да убайым тартат. Кайгыдан кутула албай күн көргөндөн көрө, андан кечирим сурап коюу менен убайымдан тез кутулат.

Мугалимдин окуучуну аргасыз аракет кылууга мажбурлоосу, эмоциясын күч менен басып, тыюусу да окуучуну капа кылат. Балада негативдүү сезимдердин системалуу болушу туура эмес. Жагымсыз окуяга жаман мамиле кылган окуучу андан бетер негативдүү сезимге келет. Анда-санда кездешүүчү негативдүү сезимдердин пайдалуу жагы бар. Мындан бала тажрыйбага ээ болот. Болгон окуяны өкүнүч менен эстебей, “мага бул сабак болгону дурус болду” деп ойлонсо, анын келечекте пайдасы тийиши мүмкүн.

Өткөн окуяга, фактыга окуучу макул болбой каршылык көргөзсө, кайгырат же ачуусу келет. Мисалы, окуучу телевизордон дүйнөлүк чемпионатты көрүп, картошка жеп отурган. Оюн балага кызык, ошол мезгилде эшиктен коңгуроо чырылдады. Эгерде коңгуроону чырылдаткан бала чемпионаттан маанилүү эмес болсо “бул кайдан келе калды эле” деп кайгырып кыжаалат болушу мүмкүн. Мындай жагымсыз сезимден кантип кутулса болот?

“Мен чемпионаттын жыйынтыгын башка маалымат булагынан угуп алам, бут кирген үйгө кут кирет. Адам болор кишинин адам менен иши бар, мен адам болгум келет, достордун келип турганы жакшы” деп ойлоп койсо, ал кайгыланбай ага жагымсыз фактыны жагымдуу ойго айландырып жиберет.

Экзаменге даярдыгы жок окуучу андан коркот. Андай окуучу экзаменден кулап калбасам экен деп санаркайт. Мындай сезимдерди жеңип кетсе, бала тырышып даярданбай коёт. Убагында жардам берилбесе баланын билиминде кемчилик кала берет. Экзаменде туура эмес жыйынтык алган окуучу же сабыр кылат же өзүнүн начар даярдангандыгына нааразы болуп кайгырат, нааразы болуп кайгырганы −өзүнө жогору талап койгон окуучу, сабыр кылганы – жупуну окуучу.

“Бул дүйнөдөн кемсингиси келгендер узакка чейин кайгырып, ишти аткарбай (аракет кылбай) жүрө беришет. Ал окубай, ойлонбой, аракеттенбей койсо, ал бүтүрчү ишти аалам өзү башкача аткарат”-дейт Джим Леонард. (Ребифинг М.2001).

***Жалкоолук.*** Адатта мугалимдер активдүү окуучуларды баалашат, ал эми жалкоолорду жемелейт. “Жалкоонун шылтоосу көп”. “Жалкоону алкы башкарат, ак

ниеттүүнү намыс башкарат”. “Жалкоонун иши аз, себеби көп”. “Жарды болоор жигит жалкоо болот”. “Жардылык жаман эмес, жалкоолук жаман”- дешет. Биз жалкоолукту жаман сапат катары билебиз. Мээсинин оң жарым шары (чала же жакшы) өнүгүп, сол жарым шары өнүкпөгөн адамдар жалкоо болушат. “Жалкоолук – бардык кемчиликтин энеси, бирок бардык асыл сапаттардын эжеси”- дейт С.Н.Лазарев. Немецтик армияда офицерлер төрт категорияга бөлүнүшөт: 1). Аңкоо, акыл аракети аз активдүү жалкоо адамдар – коркунучтуу болгондуктан жумуштан бошотулат. 2). Аңкоо пассивдүү жалкоолордон – төмөнкү офицердик курам түзүлөт, өзгөчө муктаждык болбосо булар эч нерсе кылышпайт. 3). Акылдуу активдүүлөр – орто офицердик курамды, штаб кызматкерлерин түзүшөт. 4). Акылдуу, аң-сезимдүү жалкоолордон элита, жетектөөчү генералитет түзүлөт.

***Кекетүү, ыгы жок көтөрмөлөө***. Мугалим класска кирип келсе окуучу ойноп жатыптыр. Мугалим аны кекетип койду. Эгер ал кирип келгенде бала китеп окуп отурса, эч кандай негативдүү ойго салуучу кекетүү болмок эмес. Окуучу “Эже мени жаман көрөт” деп ойлоп кабагын бүркөп отуруп калды. Мугалимдин боору ооругандыктан аны көтөрмөлөп жакшы мамиле кыла баштады. Бала ан сайын кабагын бүркөп, “мен канчалык алсыз болсом, ошончолук жакшы көрөт турбайбы” деген ойго келди. Бара-бара алсыз окуучунун ролуна кирип кетти. Натыйжада оорукчал болуп калды. Кээде мугалимдин тажрыйбасыздыгынан баланы көтөрмөлөйм- деп жатып, пас абалга жекирген учурлар кездешет.

***Ушак айтуу***. Ар бир окуучунун намыс-укугу корголууга тийиш, бирок айрым жагымсыз жүрүм-турумдуу жана мүнөздүү адамдар бар. Ошондой мүнөздөрдүн эң жаманы (ыпласы) – ушак айтуу. Ушак дегенибиз бир адамдын артынан айыбын же кемчилигин айтуу же жалган жалаа жабуу. Адамдын жүрүм-турумун, келбет-көрүнүшүн, адеп-ахлагын ж.б. жамандоо ушак болуп эсептелет. Кийген кийимин, үйүнүн жана социалдык абалын (кедейлигин), мүнөзүн жана башка сапатын теңсинбей кемсинтип башка бирөөгө айтуу ушактоого жатат. Жанындагы адамды кол менен жаңсап кемсинтүү, анын кыймыл аракетин, сүйлөгөн сөзүн туроо, аны келекелеп шылдыңдоо ушактын бир түрү болуп эсептелет.

Ушак айтуунун себептери – көрө албастык, өзүнүн күнөөсүн башка бирөөгө артуу, душмандык, текебердик, теңсинбөө, кемсинтүү, шылдыңдоо, кек сактоо, өзүнүн кадыр-баркын жогорулатуу. Ушактын түрлөрү – дене кемчилигин айтуу – кылый көз, көзү көр, өңү сары же кара, бою кыска, семиз же арык ж.у.с. кемчилигин келекелөө, тегин жамандоо (атасы жаман, сараң, зыкым, ташбоор, бой көтөргөн, энеси заалим), мүнөзүн жамандоо (мактанчаак, аракеч, алабарман, ач көз ж.б.у.с.) диний ынанымын ушактоо (сакал коёт,

хиджаб киет ж.б.), кийген кийимине сын тагуу (жарашыксыз, кыска ж.б.). “Адепти адепсизден үйрөн”, ушакчынын сөзү иренжитет, ушакчыдан да сиз сабак алыңыз.

**Эмоция**

Эмоцияга (лат. emoveo – дүргүтүү, толкундатуу) – адамдын ички жана сырткы чөйрөнүн таасирине байланыштуу канааттануу, сүйүнүү, коркуу, шаттануу, кайгыруу, ачууланyу ж.б. сезимдер кирет. Эмоциянын мүнөзү субъективдүү болгону менен чөйрөгө реакцияны обьективдүү чагылдырат. Адамдын жашоосунда эмоциянын мааниси зор. Ансыз чөйрөдөгү өзгөрүлмө шартка көнүү, жашоо, тукум калтыруу мүмкүн эмес. Эмоция ─ учурдагы болуп жаткан окуяга адамдын реакциясы (жообу), алардын ишке ашышына вегетатив (организмдин өсүшү үчүн кызмат кылуучу) борборлору, (гипоталамус) мээнин бөлүкчөлөрү катышат. Эмоциялык реакция учурунда организм энергияны көп сарптайт. Узакка созулган терс эмоция (коркуу, кайгыруу ж.б.) нервоздук, психикалык оорулардын пайда болушуна түрткү болот. Адамдын эмоциялык абалында мимикада, дем алууда, кан басымында жүрөктүн иштешинде өзгөрүүлөр белгиленет. Адамдын нерв системасына оң (терс) эмоциянын оң (терс) таасири бар. Ал адамдын тарбиясына жана маданий деңгээлине байланыштуу күчтүү сезим. Оң эмоциялардын организмге жакшы таасири бар (организмде органикалык заттардын алмашуусун жакшыртат, оорудан сакаюуга жардам берет), анда адам өзүн бактылуу сезет. Ошондуктан жаман ойлобогула, жаман ой терс эмоциянын пайда болушуна түрткү болот.

Фрейдге чейинки психологдор: “Эгерде эмоцияны жаратуучу фактор жоголсо, эмоция да жок болот” деп ойлошкон. Фрейддин, Юнгдун ырастоолоруна караганда, адамда эмоция “көп катмарлуу” болот. Окуя үстүртөн таасир этсе, эмоция үстүртөн козголот, терең таасир эткен окуя терең эмоцияларды козгойт. Терең эмоциялардын мааниси үстүртөдөн козголгон эмоциядан чоң. Фрейд: “Биздин эмоцияларыбыздын инерциясы абдан чоң” - дейт. Сыртынан “жоголуп” кеткени менен эмоциялар биздин аңыбызда жашай берет. Инерция эске тутум механизминин функциясы үчүн керек.

Эки же андан көп жагымдуу, жагымсыз учурларды ойлоонун негизинде адам салыштырат. Эгерде, биз жагдайды баалабасак, анализдебесек, салыштырбасак ой жүгүртүүбүз өнүкпөйт. Эске тутуу механизмдеринин негизинде адамдын сезимдери, эмоциясы болот. Эмоциясыз эске тутууну, ой жүгүртүүнү өнүктүрүүгө болбойт. Окумуштуулар: “Бардык инстинктивдүү эмоциялардын ичинен агрессивдүү эмоцияны күчтүү”- деп ырасташат. Агрессивдүү эмоция максималдуу инерцияга ээ болот. Ал узакка созулса жүрөктөн сүйүү сезимин, мээримди сүрүп чыгарат. Эгерде адам ак көңүл,

мээримдүү жан болсо, туталануу сезими минималдык инерцияда болот, б. а. тез унутуп коёт да, адам жаңы шартка адаптацияланышы нормалдуу өтөт.

Эгерде адам жагдайга, фактыга, адамга негативдүү баа берсе, анын агрессивдүү сезимдери козголот. Мисалы: “Өзү билбеген, билгендин тилине кирбеген – айбан”. “Арамза адам оңолбойт, ала караган алыска барбайт, бул айбан оңолбойт” ж.б. “Адамды, элди, мамлекетти негативдүү баалоо менен агрессия механизми байланышкандыктан, адам өзү психикалык жана соматикалык (ден-соолугу) жактан коркунучтуу абалга жетет. Өткөн окуяны өспүрүм негативдүү эмоция менен бааласа (сындаса, жек көрсө, өкүнсө) агрессия мээримге, сүйүүгө салыштырмалуу ондогон, жүздөгөн, а балким миңдеген эсеге көбөйөт. Анда анын учурдагы шартка адаптацияланууу мүмкүнчүлүгү төмөндөйт. Келечектеги окуя менен байланышкан стресс, коркуу, ишенимсиздик агрессияны миң эсеге чоңойтот, анда адам өзүн өзү өлүмгө программалайт” (С.Н.Лазарев).

**Туюм**

Туюм деп ─ адамдын тери рецепторлору, кыймыл аппараттары (булчуң, муун), кээ бир былжыр челдер (эрин, тил) аркылуу тышкы чөйрөнүн таасирин кабылдоо жөндөмүн түшүнөбүз. Туюм – таанымдын алгачкы пункту, анын ажырагыс бөлүгү. Туюм – объективдүү дүйнөнү айрым касиеттеринин биздин сезүүчү органдарыбызда чагылышы. Туюмдун сезүү, көрүү, угуу, жыттоо, даам татуу ж.б. түрлөрү бар. Объективдүү дүйнөнүн көп касиетин билүүдө (мисалы, нерселердин биринин экинчиден алыстыгы, чоңдугу ж.б.) ар түрдүү сезим органдары катышат. Адам баласынын туюму жаныбарлардыкынан аң-сезимдүүлүгү менен айырмаланат. Туюм предметтердин формасын, көлөмүн, температурасын, катуу же жумшактыгын, кургак же нымдуулугун ж.б. билүүгө мүмкүндүк берет. Организмдин жашоосуна ал зор маниге ээ.

**Өздүк аң-сезим**

Өздүк аң-сезим (самосознание) – деп адамдын объективдүү дүйнөдөн өзүн бөлө билип, иш-аракетин, кылык-жоругун, ой-санаасын, мүдөөсүн аңдап, өзүн инсан катары сезишин түшүнөбүз. Өздүк аң-сезим адамга гана тиешелүү. Окуу процессинде бала өзүн аңдап билет. Өздүк аң-сезимдин калыптанышында тилдин, сөздүн мааниси зор, ал өздүк аң-сезимдин туундусу катары пайда болсо да, адамзат жогорку деңгээлге өнүккөндө гана даана көрүнөт.

Өзүн-өзү байкоо дегенибиз – өз жүрүм-турумуна, аң-сезимине байкоо жүргүзүү, өзүн аңдап билүүнүн бир ыкмасы. Психология боюнча бул ички тажрыйба көрөгөчтүк аркылуу ишке ашып, психиканы баамдоого мүмкүндүк берет.

**Акыл жөнүндө түшүнүк**

Адамдын ойлонуу, түшүнүү жөндөмүн акыл деп айтабыз. Акыл деп – адамдын жеке ой аракетинин өзгөчөлүгү, таанымы, түшүнүү жөндөмү, ой операцияларын туюнтуучу нерсени түшүнөбүз. Ой дегенибиз – таанып-билүүдөгү маанилүү психикалык процесс. (Краткий, талковый словарь русского языка. В.В.Розанова. М., 1989).

Акыл-эс − чындыкты таанып-билүүнүн, аны ар тараптан изилдеп, маанисин ачуу менен жеткиликтүү түшүнүүнүн эң жогорку илимий-теориялык баскычы. Акыл жаратылыштагы жана коомдогу кубулуштардын себептери менен маңызын табууга, аларды ар тараптан караштырууга, карама-каршылыктардын биримдигин ачууга болгон жөндөм болсо, эс − туура ой жүгүртүүгө, ой корутундусун чыгарууга, өзүнүн пикирин ырааттуу баяндоого, бир нерсени ойдо көпкө тутууга болгон жөндөм [31]. Акыл адамдын чыгармачыл дараметин мүнөздөйт. Кант: “Адамдын акылы, таанып билүү жөндөмдүүлүгү белгилүү чектен аша албайт”-деп ырастайт. Идеалисттик философияда акыл жөнүндө ирроционализм (интуитивизм, диний) жана рационализм (логикалуу, илимий) деген эки багыт бар. Психологияда акылды адамдын иш-аракетинин убагында түрдүү милдеттери чечишине же чече албашына жараша талдайт. Адамдын акылы коомдун, илимдин өнүгүшүнө жараша өзгөрүп турат.

Акыл тарбиясы адамдын аң-сезимин, акыл-эсин, дүйнөгө көз карашын, билимин, түшүнүктөрүн, сүйлөө маданиятын калыптандыруу, тарбиялоо, интеллектин өстүрүү маселелерин камтыйт. Акыл тарбиясы бала чакта башталып, өмүрүнүн аягына чейин улана берет. Акыл тарбиясы эмгектик, адептик, эстетикалык, политехникалык жана дене тарбиясы менен тыгыз байланышып, балдардын бардык жактан өсүшүнө таасир кылат. Акыл тарбиясы мектепте, класстан тышкары иш-чараларда, үй-бүлөдө, чөйрөдө ишке ашырылат.

Тааным процесси татаал, анда ойдун ар кандай аракети (операциялары) катышат. Мисалы, анализ, синтез, салыштыруу, абстракция, жалпылоо, конкреттештирүү, системалаштыруу ж.б. Анализ дегенибиз – ой аркылуу түшүнүктүн же образды бир нече курамга бөлүштүрүү, мазмундун маанилүү жагын ача турган жобо. Практикада адам кубулушту же акыйкатты түшүнүү үчүн теориялык билимге таянып изилдейт, ой аракети аркылуу белгилерин бөлөт, предметтин касиетин ачат, башка нерсе менен салыштырат, айрым өзгөчөлүгүн аныктайт, башкача айтканда анализдейт.

Синтез дегенибиз – ой аркылуу толук предметтин бөлүктөрүн бириктирүү, табийгат, коом, дүйнө жөнүндөгү билимдердин, түшүнүктөрдүн бирдиктүү системасын түзүү. Мисалы, бала кубиктер менен үй курат, ар кандай деталдардан машина конструкциялайт, радио чогултат. Бир нече үзүндүдөн бир бүтүн образды табат.

Жалпылоо дегенибиз – мүмкүн болгон реалдуу образдарды же сапаттарды салыштыруу аркылуу жакшы-жамандыгы, маани-маңызы, өзгөчөлүгү, артыкчылыгы боюнча ой аркылуу жалпы касиетин, сыпатын, мүнөздөмөсүн ачуу. Балдар бир нече маалымат алгандан кийин өз алдынча же бирөөнүн жардамы менен жалпылоого жөндөмдүү. Мисалы, адабият сабагында бир нече каармандар жөнүндө окушат, ойлонот, анан өз алдынча же мугалимдин жардамы менен булар оң, тигилер терс каармандар, мындай сапаттар жакшы, тигиндей сапаттар жаман, адам болуш үчүн мындай болуш керек деп жалпылап, жыйынтык чыгарышат.

Абстракция (лат.abstractio-алагды кылуу, ойду башкага буруу) ойду жалпылоо менен байланышкан. Абстракция адамдын конкреттүү белгилерин билүү менен чектелбейт. Ал адамдын курагына, рассасына, улутуна жана башкаларга карабастан, бардык адамдарга тиешелүү белгилерди түшүнүп, билүүнүн натыйжасында абстракцияланат. “Ойдо элестетүү”, “түшүнүүнүн жолу”, “билүүнүн жолу” деген сөздөргө синоним. Кубулуштун жалпыланган картинасын ачуу. “Конкретүү” деген түшүнүккө антипод (карама-каршы түшүнүк).

Салыштыруу дегенибиз – реалдуу предметти, кубулушту, образдарды түшүнүүнүн, элестетүүнүн негизинде теңдештирүү, чоң-кичинелигин, жакшы-жаманын аныктоочу ой аракети. Улуу орус педагогу жана психологу К.Д.Ушинский “Баардыгы салыштыруу аркылуу таанылат”- деген. Мисалы, адамдарды алардын жашоодогу жолу, кебете-кейпи, ал жөнүндө элестөөлөрү, мүнөзү, ойлору, пикири, көз карашы, жөндөмү, эрки ж.б. сапаты боюнча салыштырат. Салыштыруу процессинде анализ, синтез, жалпылоо, абстракциялоо катышат. Демек, тааным жолунда салыштыруу татаал, комплекстүү процесс. Салыштыруу аркылуу адамдарды окшоштугуна жараша рассаларга, класска, улутка, партияга, динге ж.б. тиешелүүлүгү аныкталат. Күндөлүк турмушта адамдарды салыштыруу аркылуу жакшы-жаман, жоомарт-сараң, активдүү-пассивдүү, иштерман-жалкоо, баатыр-коркок ж.у.с. классификацияланат. Адам туура (логикалуу, интуитивдүү) же туура эмес, башаламан ойлонушу мүмкүн. Туура ойлонгон адам деп – кыска убакыт ичинде эффективдүү жолду (ыкманы, каражатты ж.б.) таба билген, оптималдуу же рационалдуу чечим чыгарган, көп күч-кубат жумшабай акыйкаттыкты, реалдуулукту, чындыкты ача билген адамды түшүнөбүз.

Ой корутундулоо деген эмне? Ой жүгүртүү процессинин жүрүшүндө бир же бир нече вариативдүү ой жүгүртүү аркылуу жаңы ой алып чыгууну корутунду же натыйжа дейбиз. Корутундулоо логиканын эрежеси боюнча жүргүзүлөт. Акыл ой чабыты аркылуу ой корутундулоо менен тышкы дүйнөнү таанып-билүүгө болот. Корутунду ойду алып чыгууга өбөлгө болгон ой туура болсо, жыйынтыгы туура болот.

Ойдун аракеттенүү процессинде адамдын акылы калыптанат. Акыл дегенибиз – адамдын дүйнө, коом, адам таануу жөндөмү, жогорку сапаты. Акылдуу көптү жана алысты көрөт, жүрүм-туруму сырткы окуя, жагдайдын талабына ылайык болот. Маселени чечүүнүн оптималдуу, рационалдуу жолун издейт. Адамдар кыйынчылыкта акылдууга жардамга кайрылышат, анткени акылдуу терең, кенен ойлонот жана туура жыйынтык чыгарат. Анын чечими практика жүзүндө оптималдуу экендиги далилденет.

Акылдын кеңдиги деп – ар кандай теориялык жана практикалык суроолорду камтый билип ойлонуусун түшүнөбүз. Акылы кенен адамдын кругозору (кызыгуу чөйрөсү), билими ар тараптуу кенен, илимдин ар кандай областы боюнча маалымдуу, эрудициялуу болушат, анткени алар көп окушат, көптү билишет.

Акылдын тереңдиги деп – объективдүү мыйзамченемдүүлүктү өздөштүргөн, реалдуулуктун (жагдайдын) маани-маңызын терең түшүнгөн, андагы көпчүлүк көрө албаган жашыруун себеп-натыйда байланышын, мотивин, учурдун өзгөчөлүгүн көрө билген жөндөмдүүлүктү түшүнөбүз. Акылы терең адам билиминин тереңдигине, ишинин ийлигиликтүүлүгүнө, эмгегинин жетишкендигине, учурдагы интеллектуалдык потенциалына, аң-сезимдүүлүгүнүн жогорулугуна канааттанып, андан ары изденбей койбойт. Үстүртөн ойлонгон адам теориялык жана практикалык маселелердин терең маанисин түшүнүп, рационалдуу ойлоно албайт, ал теориялык билим менен чектелгендиктен, делитантизмге, демократияга жол берип, бир дагы практикалык маселенин маани-маңызын толук түшүнүүгө жөндөмдүү эмес болот.

Өз алдынча ой жүгүрткөн адам далилденбеген жобого күмөн санайт, ишенбейт. Далилденбеген жобо адамды ынандыра албайт. Өз алдынча ойлонгон адам салыштырат, теңдештирет, билимин, тажрыйбасын пайдаланат, билиминин ынанымынын, оюнун негизинде чечим чыгарат, ал эч кимдин оюнан көз каранды эмес. Өз алдынча ой жүгүртө албаган адам башкаларды туурайт, ар кимге же китептен жолуктурган ойго ишенет. Алар жетекчинин оюн аткаруучу боло алышат, бирок лидер (саясый, илимий ж.б. жол башчы) боло алышпайт.

Акылы ийкемдүү адам деп – мурдагы идеядан, ойлонулган пикирден оңой бошонуп, окуянын (жагдайдын) жүрүшүнө жараша башка позициядан карап, ойлоно алган адамды түшүнөбүз. Акылдын ийкемдүүлүгүнө антипод (карама-каршы) акылдын инерттүүлүгү. Акылы инерттүү адам баштапкы идеяны, жобону карманып, ал идеяга же жобого кээ бир фактылар, жаңыча көз караштар карама-каршы чыгып турса, да пикирин өзгөртпөйт. Акылдын инерттүүлүгү чыгармачылыкка жолтоо болот. Акылы чыгармачыл адам илимде жаңы идея ачууга, жаңы нерсе жаратууга жөндөмдүү, практикалык маселелерди демилге көтөрүп, жаңыча чечим чыгарууга жөндөмдүү. Чыгармачыл адамдын акылы – ойдун

чечкиндүүлүгүнүн натыйжасында жаңыча, оригиналдуу ой же идея айтып, чечим чыгарат. Чыгармачыл адам алысты көрөт.

Теориялык ой жүгүрткөн, практикалык маселелер жөнүндө ойлонгон, экөөнү айкалыштыра ойлонгон адамдар болушат. Теориялык ойлому күчтүү адамдар – окумуштуулар. Алар көбүнчө абстракттуу ой жүгүртүшөт. Практикалык ойлому күчтүүлөр – өндүрүштүн новаторлору (жаңы идея киргизген адамдар) болушат. Аристотель мындай деген: “Практик адамдын акылы – эрк менен ширетилген, ал ойлогон нерсе аткарылат”. Практик өндүрүштөгү кыйын жагдайда тез, туура жол табат жана чечкиндүү чечим чыгарат, бирок абстрактуу ойлому анча өнүкпөгөн болот.

Универсалдуу ойломдогу адамдардын (Ломоносов, Курчатов, Королев ж.б.) акылы терең, ийкемдүү болот. Алар конкреттүү маселелер боюнча өз алдынча абстрактуу ойлоно алышат. Билим алууда, таанып-билүү процессинде практикалык маселелерди чечүү учурунда ойдун ар кандай операциялары катышып, акыл калыптанат.

Китептеги окуган нерсенин үстүнөн ойлонбой, анда кандай жазылса ошондой түшүнүккө негизделген догматтык (конкреттүү тарыхый же илимий шарт менен эсептешпей, ишенимге алынган далилсиз жобо) билими бар, бирок өзүнүн көз карашы жок адамды акылдуу деп атоого болбойт. Бирок, алар айрым маалыматтарды өздөштүрүү менен эске тутумун, элестетүүсүн, акыл-ой чабытын, фантазиясын өнүктүрүшөт.

Акылдуу адам деп – жөн эле билимдүү адамды эмес, өзүнө керектүү, пайдалуу билимди таба билген, изденүүчү, ал билимди турмушта колдоно билген, алыскы келечекти ойлонгон адамды түшүнөбүз. Балдарды акылдуулукка үйрөтүүгө болобу? Болот. Окуу планда каралган предметтердин негизги максаты – акылдуулукка үйрөтүү. Балдарды туура ойлонууга үйрөтүүгө болобу? Туура, рационалдуу ойлонууга үйрөтүүчү илимди логика илими деп аташат. Окуучунун логикалык ойлонуу көндүмдөрүн калыптандырууга математика предметинде көбүрөөк көңүл бөлүнөт. “Математика – акылдын гимнастикасы”( М.И.Калинин). “Математика акылды иретке келтиргендиги үчүн окуса болот”- деген М.В.Ломоносов.

Логикалык ой жүгүртүүгө окуучу өз алдынча үйрөнүүгө аракеттенсе, ал көп убара тартып, көп убакыт коротмок. Ойлонууга үйрөтө билген педагогдун колунан таалим алган окуучу, ар кандай маселени өз алдынча чыгармачыл чечмелей алат. Улуу акылмандар улуу педагогдордун колунда тарбияланышкан. Таланттуу окутуучулардын шакирттеринин ичинен таланттуулар чыгат, анткени мугалим окуучуну оригиналдуу ой жүгүртүүгө үйрөтө алат. Ойду кыска, мазмундуу, бат айтууга да математикада көңүл бөлүнөт. Акыл-эстин аракетин өнүктүрүү аркылуу адамдын аң-сезимдүүлүгүн жогорулатууга болбойт (А.Г.Ковалев. “Воспитание ума, воли и чувств у детей”. Минск. 1979)

Акыл эмгегинин гигиеналык эрежелери жөнүндө да айта кетели. Столдо түз отуруунун ойлонууга тиешеси бар. Кыйшайып отурган баланын омурткалары ийрейип, мээге кычкылтек жеткиликтүү келбей калса, бала тез чарчайт.

Акылы жакшы өнүкпөгөн адамдар эл жөнүндө сүйлөшөт (кемчилдигин, катасын айтат, сындайт), акылы орто өнүккөн адамдар окуялар жөнүндө сүйлөшөт, акылы өнүккөн адам ал окуянын пайдасы, зыяны жөнүндө сүйлөйт. Башкалардын ийгилигинен өрнөк, жаңылыштыгынан сабак алышат. Анткени, өз жаңылыштыгы аркылуу үйрөнүп жашаганга адамдын өмүрү кыскалыгын түшүнөт. Акылдуу адамды адатта “мээси жакшы иштейт”-деп коюшат. Мээ – адамдын борбордук нерв системасынын бөлүгү. Ал жогорку нервинин ишин адамдын психикалык жана жашоо функцияларын жөнгө салат. Адамдын мээси бири-бири менен тыгыз байланышкан кан бөлүктөрдөн, оң жана сол жарым шарлардан, кара куш мээ сөңгөгүнөн (аралык, ортоңку, сүйрү) турат. Болжол менен мында 14 миллиарддан ашык нейрон бар. Мээнин функциялары толук изилденбеген, анын ички механизми, интегралдуу, бирдиктүү иши толук ачыла элек.

Адамдын акыл-эси төмөнкү операцияларга жөндөмдүү:

─ою аркылуу денени таштап, өтө алыс аралыкка өтүп кетүүгө;

─дубалдан өтүп кетүүгө;

─үйдө отуруп башкаларга таасир этүүгө;

─өткөн мезгилге жана келечекке өтүүгө;

─башкалардын оюн билүүгө;

─өзүн ооруга программалоого жөндөмдүү, адам оорудан айыгууга да өзүн программалай алат.

## Эрк

Эрк деп адамдын ─ максатты тандай билүү жана ага жетишүүгө иш-аракетти багыттап, күч үрөө жөндөмүн түшүнөбүз. Эрк дегенибиз − максаттын баасын айкын түшүнүү, аң-сезимдүү түрдө ал максатка жетүүгө умтулуу, атүгүл тоскоолдуктарды жеңүүгө аракет. “Мен каалайм эмес”, “мен жетишүүм керек” деген ой. Эрк деп – аң-сезимдин практикалык жагын, окуучунун ниетиндеги ойлогон ишин аң-сезимдүү түрдө аткаруусун же иш жүзүнө ашырууга туруктуулугун түшүнөбүз Эрктүү окуучу ниетинде эле адептүүлүккө үлгү болуп чектелбейт. Ал конкреттүү аракет кылып, амал менен иш жүзүндө көрсөтөт. Окуучунун идеалдуу тигил же бул аракетине эмне түрткү болот? Анын ою, кызыкчылыгы, ниети, аң-сезимдүүлүгү, каалоосу, сезими түрткү болот. Эрк аң-сезим, эмоция менен тыгыз байланышкан. Күчтүү эрк менен ойдогудай эмоцияны айкалыштырып, адам иш-аракетин жемиштүү кылат. Эрк адамдын мүнөзүнүн калыптанышында жана

өзгөрүшүндө чоң маниге ээ, ал эми мүнөз эрктүү иш аракеттин негизин түзөт. Педагогикада эркти тарбиялоонун бир нече методикасы бар. Оорулуунун курсагы ачса да тамактан баш тартыш үчүн эрк керек. Корксо да жоого тике карап, салгылашуу үчүн жоокерге эрк керек. Окугусу келбесе да сабакты окуш үчүн окуучуга эрк керек. Эрки бар адам кайраттуу, эрки жок аргасыз, ылаажысыз, амалсыз болот.

Аң-сезимдүүлүксүз эрк тарбияланбайт, эрксиз адам максатка жетпейт. Эрксиз окуучу каалоого, ышкыбоздукка, кумарануууга, бир нерсеге берилгендикке же жөн эле бейаңга, сокур сезимге жол берип, максатсыз тиричилик кылууга көнөт. Ал эми аң-сезимдүү түрдө алдыга максат койсо, аны ишке ашыруу үчүн эрк керек. Максат деген – адам идеалдуу деп ойлогон иш-аракеттин натыйжасын алдын ала пландаштырып, аң-сезиминдеги түзгөн образ. Максат деп – адамдын аң-сезимин, акылын, интеллектуалын, профессионализмин өстүрүү, өрчүтүү, өркүндөтүү үчүн керектүү ой, ал басып өтүүчү жолдун багытын аныктоочу алдыга койгон тилек, ишке ашырууга керек болгон көптөгөн аракеттердин жыйындысын түшүнөбүз. Мисалы, окуучу “акыйкатты, дүйнөнү таанып-билгим келет” деген максат койду дейли. Анын акылы ушул максатка умтулуп, аны анда-санда эсине түшүрүп турса, акыйкаттыкты түшүнүү үчүн илимий, философиялык, диний адабияттарды издейт, дүйнөнүн илимий картинасын сүрөттөөчү табийгый булактарды окуйт, изденет, ойлонот. Максат түпкү жана арабөк, жалпы жана жеке, алыскы жана жакынкы болушу мүмкүн. Ал адамдын реалдуу мүмкүнчүлүгүнө жана объективдүү мыйзамдарга ылайык келүүгө тийиш. Максат деп – адамдын ниетинде кандайдыр бир жогорку натыйжа-жыйынтыкка жетишүүгө умтулуусун, оюн, тилегин түшүнөбүз. Максат кокусунан жаралган каалоо эмес. Окуучу алдыга максат коюуда билиминин, тажрыйбасынын негизинде анализдейт. Келечекте аткарылуучу ишти пландаштырууда турмуштун, коомдун, мезгилдин талабы эске алынат.

Академик П.К.Анохин максатка жетүү үчүн аң-сезимдүү, эрктүү аракетти төмөнкүчө структуралайт.

**1**) маалыматты анализдейт, жалпылайт;

**2**) ишке керектүү нерселер, аракеттин формасы аныкталат, анын жыйынтыгын алдын-ала көрө билет;

**3**) аракет жасалат, ал боюнча маалымат алат (б.а.тескери байланыш болот);

**4**) мурда ойлонулган, элестеткен жыйынтык менен практика жүзүндө ишке ашкан жыйынтык салыштырылат.

Окуучулардын айрымдары өз алдынча ойлонуп максат коёт, өз алдынча чечим чыгарат, аракет кылат, айрымдары мугалимден көрсөтмө күтөт. Бул окуучунун аң-сезимдүүлүгүнө жараша болот. Алардын аң-сезимдүүрөгү демилгелүү, активдүү, аракетчил

болушуп, өзүн эркин алып жүрүшөт. “Ойлогон ойду, кыстаган турмуш жеңет” дегендей, ойлогон оюн ишке ашырууда окуучу кыйынчылыкка кезигет. Чымырканып ички рухий күчтөрүн топтоп аракеттенүү – эрктүүлүктүн белгиси. Кыйын абалдан чыгуу үчүн эрктүү бала ойлонот, бир нерселерди эстейт. Натыйжада анын кайраттуулугу, чечкиндүүлүгү, ички моралдык туруктуулугу, айрым учурда эрдиги артат.

Максатка жеткен окуучу кубанат, толкунданат, сүйүнөт, оюн жыйынтыктайт, тынчтанат, андан соң жаңы максат коёт. Эрки күчтүү болуп тарбияланган өспүрүм өзүнө да, башкаларга да жардам бере алат (өзгөгө пайдасы тиет). Эрки күчтүү өспүрүм өзүн-өзү кармай билет, кыйынчылыкты жеңе алат, аракетчил болот, баштаган ишти аягына чыгарат, сезимдерин башкара билет, көгөрүп эмгектенет, мүнөзү туруктуу, демилгелүү, активдүү болот.

Эрктин жетишсиздигинен өспүрүм ар кимдин кеңешин угат, бирөөлөрдүн таасирине тез кирет, оюна макул болуп, пикирине көнүп багынат, демилгесиз болот. Айрым окуучулар улам бир чечим чыгарганы менен аны иш жүзүнө ашырбайт, алар кыйынчылыктан корккондуктан аракеттенишпейт. Магдырап илээнди, пассивдүү жашоосун улантат. Ошентип отуруп бара-бара апатияга (психологиялык проблемага, көңүл чөгүүгө, сабыры суз болууга) келишет. Апатия (гр. apatheia – кайдыгерлик) дегенибиз – адамдын айлана-чөйрөгө көңүл кош мамиле кылуу абалы, турмуштагы окуялардан четтеп, ага көңүл тартпаган, эмоционалдык сергектиктин начарлаган абалы (Советский энциклопедический словарь. М. 1980). Апатия – психикалык жана нерв оорулардын белгиси болуп саналат. Апатия деп – эрктин жетишсиздигинин натыйжасында өспүрүмдүн депрессиялык абалга жакындап, баарына кайдыгер болгон абалын түшүнөбүз. Мындай өспүрүмдүн магдырап, уйкусу келип, эч нерсе кылгысы келбейт. Көбүнчө үй-бүлөсүндө кайгы-капа, күйүткө учураган өспүрүмдөр же бактысыз үй-бүлөдөн чыккан өспүрүмдөр айласы куруп, жакшылыктан үмүтү үзүлүп, ындыны өчкөндө апатияга келишет. Андай өспүрүмдөрдү эч ким, эч нерсе толкундандырбайт. Алар кубанууну унутуп калышат. Апатия көбүнчө истерия, невростения сыяктуу нерв оорусу менен меланхолия же депрессия сыяктуу психикалык оору менен коштолот. Алар өздөрүнүн күчүнө, жөндөмүнө ишенбей калган балдар. Айрым майып балдар апатияга келишет. Анткени, аларды курдаштары кемсинтиши мүмкүн.

Айрым ата-эне баланы системалуу зекип, жемелеп, ага катаал, одоно мамиле кылышса же баланы тажатса, ал бир мезгилде апатиеге келет. Мисалы, ата-энеси баланы “курдаштары жаман жорукка үйрөтөт” деп сыртка чыгарбай, үйүнө эч кимди жолотпой койсо, бала апатияга келиши мүмкүн. Апатияга келген балдарга профессионал психолог-педагогдун жардамы керек.

Чечкиндүүлүктүн жетишсиздиги – эрктин жетишсиздигинин бир формасы. Чечкиндүү эмес балдар өзүнүн мүдөөсүн орундата албагандыктан, өзүнүн коомдогу ролун баамдап бактысыз, алсыз, татыксыз сезишет жана ага санааркашат. Кээде бала көңүлү чөккөндөн тажап, күрөшүү үчүн жеткиликтүү ойлонбой чечим чыгарып, “чечкиндүү” болот. Бирок чечимин толук ишке ашыра албайт, андай балдар ар нерседен күмөн санайт.

Эрки жетиштүү эмес активдүү окуучулар да болушат, аларга импульсивдүүлүк (нервдин козготкучтарынын таасири менен эрксиз аракет), оюндагысын бербеген өжөрлүк, көк беттик мүнөздүү. Өжөрлүк (көк беттик) деп өспүрүмдүн ойлонбой чечим чыгарып, ошол чечиминин туура эместигин сезсе да болбой ишке ашырууга жан талашуусун түшүнөбүз. Өспүрүм өзүнүн эрксиздигин (чабалдыгын) көрсөтүүдөн корккондуктан өжөрлөнөт, өзүнүн жүрүм-турумун акташ үчүн адам ынанарлык эмес себеп, шылтоолорду айтат.

Импульсивдүү балдар оюна келгенин сүйлөшөт, ойлонбой чечим чыгарышат, алар өзүн-өзү кармай алышпайт. Чала-була бирдемени баамдаса шуулдаган бойдон аракет кылганга ашыгат. Мунун баары өспүрүмдүн эркинин жетишсиздигинен келип чыгат. Алар эркин тарбияласа, рационалдуу эмес аракетинен кутулушат.

**Эркти тарбиялоонун ыкмалары жана каражаттары**

Адамга эрк жаралганда эле кошо берилбейт, ал окуу-тарбия процессинде же тиричилик аракетинде калыптанат жана өнүгөт. Эрктин өнүгүү жолу рефлектордук (б.а. аңдан, сезимден тышкары) жана инстиктивдүү (табигый сезимдин түрткүсү менен пайда болгон) аракет кылуудан, коюлган максатка жетүүгө багытталган аң-сезимдүү түрдөгү аракетке чейин жүрөт.

Эркти өнүктүрүү үчүн эмне керек? Бул аң-сезимдүүлүктүн белгилүү бир деңгээлинин, моралдык сапатын жакшыртууга багытынын, турмуштук тажрыйбасынын жана интеллектуалдык потенциалынын болушун талап кылат. Интеллект (лат. intellectus таанып-билүү, түшүнүү, акыл-эс) – адамдын акыл-эси же аңдап билүү жөндөмү, ойлоо процесси, адамдын эмоциясынан жана кыялынан айырмаланган карандай акылы, адамдын өнүгүш өзгөчөлүктөрүн типтештирүү теориясында колдонот.

Эрктин калыптануусу – ар жагдайга ылайык, өспүрүмдүн жеке өзгөчөлүгүн, курагын эске алып, тарбиянын ар кандай ыкмаларын, каражаттарын пайдаланып аракеттенүүнү талап кылган татаал, узак процесс. Дайыма эле кызыктуу иш сунуш кылуу аркылуу күчтүү эрк калыптанбайт. Балага аң-сезимдүү түрдө милдетин түшүнүү, жоопкерчиликти сезүү да керек.

Өспүрүмдөр мугалимдин пикирин угушат, бирок аларга чоңдой мамиле кылганды каалашат. Эгерде, аларды баласынтып, басынтып, пикирин этибар албай койсо, алар тез

негативдүү маанайга түшүп кетишет да,  ата-энесин, мугалимди кежир, аң-сезимдүү эмес, турмушта артта калган, айткан сөзү орундуу эмес, “чмо” (человек морально отсталый) ж.у.с. апыртмаларга жол беришет. Өспүрүмдүк куракка романтикалуулук (кыялга берилүүлүк, бир нерсени идеализациялоо, чындыктан четте болсо тандаган нерсенин ролун ашыра баалоо, жаңылыштыгына карабастан терең оптимизмге ээ болуучулук), кызып кетмелик, сабырсыздык мүнөздүү. Сезимдери козголуп, тынчсызданып турушат. Мугалим өспүрүмдүн кызыккан нерсесин, оюндагысын таап, убагында туура кеңеш, багыт бере билсе, токтоолукка, кыйынчылыкка туруштук берүүгө (б.а. эрктүүлүккө) үйрөтө алат. Кызыккан иштин оорчулугун балдар сезишпейт, кызыкпаган иш чарчатат. Кызыккан ишти аткарууда алар жоопкерчиликтүү, демилгелүү болушуп, көшөрүп аракеттенишет. Ушундай шартта алар өзүн-өзү кармаганга, эрктүүлүккө үйрөнүшөт.

Кээде ата-эне баласына “бактылуу балалык камсыз кылабыз” деп аны “ак кол”, “ак чүч” (бекерпоз) кылып тарбиялап койгон учурлар аз эмес. “Атанын мээри түшкөнгө Кудайдын каары түшөт”-деген макал бар. Айрым ата-эне (балким жалгыз) баласынын оюндагысы менен болуп, каалаганын алып беришет. Эч кандай аракети жок (б.а. аң-сезимдүү түрдө бир нерсеге умтулбаган) баланын эрки кайдан калыптансын? Аракетсиз эрк калыптанбайт, эрки жок баланын келечеги кең эмес. “Бактылуу балалыктын” артынан турмушка даяр эмес өспүрүм чыгат.

Баланын кыйынчылыкка дуушар болушунан коркуу керек эмес. Кыйынчылыксыз эрк тарбияланбайт. Кыйын маселени чыгарса кыйналат деп маселени өзү чыгарган ата-эненин аракети туура эмес. Кыйын маселени чыгаруу үчүн ой жүгүртүү керек. Бул логиканы (абстрактуу, теориялык, мейкиндиктеги ойломду), эркти, өз алдынчалыкты өнүктүрүүчү процесс. Өз алдынча аракет кылганды билбегендин өзүнө ишеними жок болот, андай өспүрүм ар кимдин айтканын угат, сөзү өтүмсүз, тартынчаак, уялчаак болот. Өспүрүмдүн өзүнүн туруктуу пикири, моралдык принциптери бар, өз алдынча ой жүгүртө билгени өзүнө ишенимдүү, демилгелүү болушат.

Кенже, орто звенодо эркинин калыптанышына жеткиликтүү көңүл бөлүнбөй калган балдарды тарбиялаш кыйын, анткени алар мугалимдин көрсөтмө берип, талап кылганын жактырышпайт, таарынчаак болушат жана аракетсиз күн өткөрүүнү артык көрүшөт. Ошондуктан аларга түз көрсөтмө бербей “уугум сага айтам, уулум сен ук, керегем сага айтам, келиним сен ук”-деген принцип менен айрым популярдуу китепти, журналды мактап сунуш кылуу керек. Бала башында илээндиленип барагын ачат, кызыгып калган макаласын окуйт, ошентип аракет башталат.

Өспүрүмдү урматтап-сыйлап сүйлөгөн, туура жүргөн, сылык, кичи пейил мугалимди балдар жакшы көрүшөт. Баланын кемчилигин “байкабаган” мугалим – акылман. “Ар кимде

бар бир кыял, ал кыялды ким тыяр” дегендей, ар бир баланын терс кыялын сөз кылып отургандан көрө, аны байкамаксан болуп, оң жолго салууга аракеттенген мугалимдин эмгеги эффективдүү (натыйжалуу). Аракетчил мугалим баланы аракетке тартат. Аракет болсо гана эрктүүлүк тарбияланышы мүмкүн.

Эгерде өспүрүм эрктүү, аң-сезимдүү түрдө милдетин кызыгып аткарууга үйрөнсө, акыйкаттыкты таанып билүүдө, чыгармачылыгын өнүктүрүүдө, эмгекте жеңилгис сапатка ээ болмок. Акыйкат дегенибиз– объективдүү дүйнөнүн аң-сезимде туура чагылышы. Түшүнүү, пикир жүргүзүү, ой корутундулоо аркылуу, коомдук практикада текшерилип, аныктала турган объективдүү (теориялык) мазмун. Акыйкаттык – диалектикалык логиканын негизги маселелеринин бири. Акыйкат өзгөрүп турат. Илим өнүксө адамдын билимдүүлүгү артат, ошондуктан акыйкат толук эмес, болжолдуу болот, башкача айтканда илимдин өнүгүүсү аркылуу акыйкаттык толукталып турат. Акыйкатты таануу үчүн бала окуудан, иштен, аракеттенүүдөн, чыгармачыл учурдан кубанычтуу сезимди сезиши, эрк керек.

**Адептик сезим**

Адептик сезим дегенибиз – адамдын өзүнүн жана башкалардын жүрүм-турумуна оң же терс эмоцияналдуу мамилесин түшүнөбүз. Ал адамдын моралдык ынанымын, коомдогу жүрүм-турумунун жана иш-аракетинин мотивациясын билдирет. Адептүү адам деп ─ жүрүм-турум нормаларын билген жана аны аткарган, көз карашы, ынанымы, сезимдери нормага шайкеш, аң-сезимдүү адамды түшүнөбүз. Адамдын адептик сезимдери, ал жашаган социалдык чөйрөнүн, таптын, элдин жүрүм-турум нормаларын кабылдайт, сезет.

Адамдын өмүрүндө анын адептик сезиминин мааниси орчундуу. Адептик сезим инсандын рухий (ыймандык) өнүгүүсү менен кошо өзгөрөт. Алар адамдын рухий мүдөө-таламдарын, наркын, мамилесин билдирет. Адептик сезими тарбияланбаган, өнүгүүнү ниет кылбаган бала тескери (регресс) жолдо болот. Андай өспүрүм моралдык эрежелерди кабылдабаган, уятсыз (бети калың), болуп чоңоёт. Баланын адептик сезими калыптануу процессинде өспүрүм өзүнүн башынан өткөн терс (коркуу, менменсинүү, көрө албастык, ичи тардык ж.б.) сапаттарынан кутулуу үчүн күрөшөт.

Баштан өткөнгө терең кубанган же кайгырган, адамдын кайгы-муңуна кайдыгер эмес, башкаларды жакшы көргөн, кызыгуу чөйрөсү кенен, сезимтал адамдар аябагандай энергиялуу, эрдик кылганга жөндөмдүү болушат. Ал эми жалаң акылга салып, эсеп-кысап менен жашап, сезимден ажыраган адамдар мээримсиз, мерез, ырайымсыз, башкалардын кайгысын түшүнүүгө жана кайрымдуулукка жөндөмсүз болушат.

Өспүрүмдөрдүн субъективдүү өзгөчөлүгүнө, ички психикалык абалына, аң-сезиминин деңгээлине, кызыгуу багытына, талабына, умтулуусуна жараша бир эле окуяга ар кими ар башка эмоцияга ээ болушат. Көбүнчө жагымдуу шартка, бир нерсеге ыраазы болсо же канааттанса – кубанышат, алымсынбай калса, жактырбаса нааразы болушат.

Доор (коомдук экономикалык формация) өзгөрүп жаткан мезгилде жашаган балдарга оорчулук көп кездешет, анткени жаңы нерсени бала бат кабылдайт, бирок улуу адамдардын көз карашы менен жаңы нерсе дал келбейт. Улуу адамдын көз карашына, багытына карама-каршы сөз сүйлөгөндөн бала уялат, коркот, толкунданат. Мындай шартта "эки оттун" ортосунда калган адам сыяктуу бала ичинен күйүп, бышат.

Оң эмоциялар адамдын турмуштук аракетин арбытат, адамга кубат кошот, терс эмоциялар адамды жыйынтыктуу эмес, пассивдүү кылат. Өспүрүмдүн кубанычтуу, маанайы көтөрүңкү маалда демилгелүүлүгү, тапкычтыгы артат. Оң эмоциялуулук өспүрүмдөрдүн өз ара мамиле түзүүсүнө оң таасири бар, системалуу оң эмоциялуу жашаган балдар бири-биринен жардамын аяшпайт жана бири-биринин көңүлүн калтырышпай боорукер, кайрымдуу болушат, бири-бирине ыймандай сырын жаап-жашырбай чынын айтышат.

Терс эмоциялардын баланын ден-соолугуна, психикалык абалына, мүнөзүнүн калыптанышына терс таасири бар. Мисалы, өтө корккон өспүрүм аффект (катуу туталануу, келесоолонуу, толкунануу, ачууланууу) абалга жетиши мүмкүн. Кайгы, коркуу, сары-санаа, убайым, кусалык, көксөө ж.у.с. терс эмоциялар баланын аппетитин (тамакты эңсөөсү), тамак сиңирүүсүн начарлатат жана сабакка кызыгуусун төмөндөтөт. Ойлонууга кайгы тоскоол болот. Баланын кызыктуу китеп окугусу, жакшы фильм көргүсү келбей калат. Интеллектуалдык реакциясы (сырткы таасирге жообу), эрки начарлайт.

Ачууланууу, кызгануу, ичи тардык, коркуу эрки начар адамды импульсивдүү кылат. Ошондуктан ачууланган бала ойлонбостон активдүү аракеттенет. Кыргызда: "Ачуу душман – акыл дос, акылыңына акыл кош", "Оң колуңдун ачуусун сол солуң менен тый"-деп айтылат. Мындай терс эмоцияга дуушар болгон өспүрүмдүн сезимталдуулугу төмөндөйт, ой жүгүртүүсү жаңылыштуу, чектелүү болот. Анткени ал өзүнүн аракетинин аягы эмне менен бүтөрүн эске алууга чамасы жетпей калат. Ачууланган, корккон өспүрүмдүн чыгарган чечими терең ойлонулбаган, аң-сезимдүү эмес, бир тараптуу, өзүмчүл, одоно, орой, адепсиз ж.у.с. мамиле менен коштолушу мүмкүн.

Санаа, убайым тарткан өспүрүмдөр аз сүйлөп, баарына кайдыгер, пассивдүү болушат. Баланын интонациясына (үндүн көтөрүңкү же басаң айтылышына), сүйлөө темпине эмоциянын таасири бар. Кубанычтан бала тез, таасирдүү сүйлөйт, үнүн бийик чыгарат. Корккон, убайым тарткан бала акырын, жай сүйлөйт. Кайгыга баткан бала күлкү

чыгып жаткан тааныш бактылуу үй-бүлөгө кирсе, көңүлү көтөрүлөт. Ал эми көңүлү көтөрүңкү бала убайым тарткан үй-бүлөгө кирсе маанайы пас боло түшөт. Ошондуктан кыргыздар баланы жамандыкка ээчитпей, жакшылыкка ээчитишет.

Өспүрүмдөрдүн маанайынын (пас же көтөрүңкү болушу) жүрүм-турумуна, аракетине таасири бар. Жакшы маанайдагы өспүрүмдүн аракети продуктивдүү (натыйжалуу, өнүмдүү, жемиштүү), тапкыч, демилгелүү болот, кыйынчылыкты оңой жеңет. Жаман маанайдагы окуучунун ою бир нерсенин тегерегинен чыга албай, кыйынчылыкты жеңүүгө мүмкүн эмес сыяктуу кыжаалат болот, эл менен мамилеси бузулат.

Альтруист (коллективист) баланы классташтарынын ийгилиги кубандырат, эгоист (өзүмчүл) баланын ичин күйдүрөт. Альтруизм (лат. alter – башка) адамдын керт башынын гана камын ойлобой, башкалардын камы үчүн аракетин билгизген моралдык принцип. Альтруизм эгоизмге (өзүмчүлдүккө) карама-каршы сапат катары этикага француз философу О.Кант киргизген. Альтруизмдин айрым элементтери байыркы индус, христиан, ислам диний окуусунда көп учурайт. 18-кылымда моралдык окуунун негизги принциптери катары альтруизм англис жана француз агартуучулары тарабынан иштелип чыккан. Алар коомдук мамилелерди жеке адамдын мамилелери катарында көрсөтүп, альтруисттик тарбия берүү менен адамдын эгоисттик умтулуусун чектөөгө болот деп эсептешкен. [31]. “Өз камын ойлогон өспөйт, эл камын ойлогон көктөйт”. “Эстүү көпчүл, эселек өзүмчүл”-деп айтылат. “Өз камыңды ойлобо, эл камын ойло, эл камын ойлосоң өз камың болот ойдо” –деген Ж..Баласагын.

Элдин, мамлекеттин, коллективдин ийгилиги өспүрүмдү оптимизмге алып келүүчү касиети бар, тескерисинче, анын проблемалуу болушу пессимизмге себепкер болушу мүмкүн. Чыгармачыл эмгек туруктуу болсо, баланын көңүлдүү маанайда болуусуна шарт түзүлөт. Чыгармачыл өспүрүмдөр шайыр-шаттуу, жадырап-жайнап, маанайы көтөрүңкү чоңоюшат.

Өспүрүмдүн маанайы үй-бүлөнүн мүчөлөрүнүн, мектептеги жана класстагы коллективдин, ал жашаган чөйрөдөгү адамдардын маанайынан көз каранды. Класста ынтымак, бири-бирине урмат-сый болгон учурда балдардын маанайы көтөрүңкү болуп, аракети арбыйт. “Кадыр-баркыңды жоготкондон, урмат-сыйдан калгандан көрө төрөлбөй калган дурус”-деген Гёте. Балдарды урматтап сүйлөгөн дурус.

Баланын ой-пикиринин бааланышына да анын оң, терс жообу (реакциясы), эмоциясы пайда болот, ал баланы кубантат, ойлондурат же капа кылат. Өспүрүмдү оң же терс (объективдүү же субъективдүү) баалаганда да оң же терс эмоцияга келип, маанайы өзгөрөт. Кубанган өспүрүм энергиялуу болуп, кайгырганда күч-кубаты төмөндөйт. Буга

мисал келтирели. 8-класстын окуучусу текшерүү ишти башкадан көчүрүп жатып кармалып калды. Г. өзү деле чыгарса “3” же “4” алмак. Кызга “сен өзүң деле муну чыгара алмаксың, сен жөндөмдүүсүң, көчүргөндүгүң үчүн “3”(бир-эки баллга төмөн) коюлду дедик. Кыз мен өзүм деле “4”кө  же “5”ке чыгара алмак турбаймынбы деген ойго ишенип, маанайы көтөрүлүп калды. Ушул ой аны кийинки аракетке салды, кыраакы мугалим кыздын аракетин байкады. Натыйжада ал чоңойгондо математика сабагын окуткан мугалим болуп кетти. Ушул факт анын багытын өзгөртүүгө түрткү болгонун кийин өзү мугалимине айтып берди.  Ошондуктан баланын жакшы ийгиликтүү аракетин байкап, баалай билиш керек.

Балдар мугалимди көбүнчө негативдүү маанайга салчу иш-аракет жасашат. Мисалы, текшерүү ишти көчүрүү окуучунун өз милдетин ак-ниеттүүлүк менен кылган аракетке жатпайт. Ошондуктан мугалимди кубандырбайт. Мугалим ошол жерде ачууланбай, аракетке салчу, позитивдүү маанайга алып келчү сөз таба билиши керек, бул чоң чеберчилик.

Инсандын кызыкчылыгы, талабы, мүдөөсү анын эмоциясына караганда сезимине тиешеси көп. К.Д.Ушинский: “Баланын дүйнөгө мамилесин кылган иши да, ою да, сөзү да ачык, даана ача албайт, б.а. сезиминдегидей маанилүү эмес”- деген. Сезимдер потенциалдуу (адам сезүүгө жөндөмдүү же мүмкүн болгон) абалда актуалдуу, ал эми эмоция дайыма актуалдуу, б.а. баштан өткөнгө кубануу болбосо эмоция да болбойт.

Өспүрүмдөрдө терең сезими болсо да, аны сезбей жашаган учур болот. Мисалы, ата-энесин балдардын көпчүлүгү жакшы көрүшөт, бирок аларды канчалык жакшы көргөндүгүн көзү өткөндөн кийин сезишет. Сезимдер – адамдын кубаттуу күчү. Өзгөчө бала менен эненин сүйүүсү – күчтүү сезим. Ата-энесине, бир туугандарына, жакындарына терең сезими болгон өспүрүм кыйынчылыкты оңой жеңет. Орустардын “Сүйүшкөндөргө деңиз тизеге чейин көрүнөт” деген макалы бар. Жүрөгүндө сезими бар адамдар жокчулукка, кууракан турмушка, оор кыйынчылыкка чыдап ийгиликке жетише алышат. В.Г.Белинский сезимдин ролун өзгөчө баалаган. “Сезимсиз идея муздак, ал жарык болсо да жылытпайт, сезимсиз адам өтө зарыл энергиядан куру калат жана идеяны иш жүзүнө ашырууга жөндөмсүз болот”. “Музыкадан, поэзиядан ыйлаган адамдар болот, чыныгы азап чеккен адамга кайдыгер адам да табылат”- деп жазган ал.

Сезимсиз чыныгы искусстводо (музыка, живопись, кино, театр, адабият) чыгармалар жаралмак эмес. Сүрөтчүнүн эң кымбат сапаты – сезим. Сезимсиз акын ыр жазмак эмес, жазса да ал чыныгы поэзия, лирика болмок эмес. Сезимдер адептик, интеллектуалдык, эстетикалык жана практикалык болуп төрткө бөлүнүшөт (А.Г.Ковалев. Воспитание ума, воли и чувств у детей. Минск. 1974).

“Көргөн көргөнүн кылат, көсөө түрткөнүн кылат” дегендей адамгерчиликтүү чөйрөдө өскөн бала көбүнчө адамгерчиликтүү иш кылат. Өз пайдасын гана ойлогон, акчага гана кызыккан, баюудан башка максаты жок, ач көз адамдардын чөйрөсүндө өскөн өспүрүм, башкалардын кайгысына кайдыгер болушу мүмкүн.

Адептик сезим өзүнүн мазмуну жана багыты боюнча ар кандай болушу мүмкүн. Сезимдердин объекти болуп, чөйрөдөгү адамдардын жүрүм-туруму, бири-бирине кылган мамилеси, ою, мүдөөсү ж.б. саналат. Адептик сезимдер балдар коллективинде, үй-бүлөдө, чөйрөдө өз ара мамиле түзүү процессинде жаралат жана өнүгөт. Жакшылыктуу, ак көңүл, илбериңки, кичипейил, ак ниеттүү мамиледе болгон адамдар бири-бирине жагымдуу, сүйкүмдүү болушат.

Элдин бири-бирине гумандуу, коллективисттик, достук мамилеси – нормалдуу мамиле болуп саналат. Баланын адептик сезимдеринин туура же туура эмес калыптанышы үй-бүлөдөгүлөрдүн мамилесинен, турмуштук шартынан көз каранды. Балдар ата-энесинин мамилесин сезет, бирөөсү капа болсо, бала кошо капа болот. Көбүнчө энесинин капа болушун бала жүрөгүнө жакын кабыл алат. Бири-бирин жакшы көргөн, ынтымактуу үй-бүлөдө чоңойгон балдар өздөрүн бактылуу сезишет. Бири-бирин жакшы көрбөгөн үй-бүлөдө чоңойгон балдардын ичинен психопат (психикалык дартка чалдыккан) балдар көп чыгышат.

Жоомарттык, айкөлдүк инсандын аброюн жогору көтөрөт, сараңдык, битирдик, катуу баштык адамдын аброюн төмөндөтөт. Аброю, көтөрүлсө адам кубанат, төмөндөсө, кайгырат. Жоомарт болуу деген буюмдун баасын билбегендиктен сураганга кармата берүү эмес, жоомарттык деп – анын баасын билип туруп, өтө зарыл, муктаж болуп турган адамга аянбаган берешен, март адамды түшүнөбүз. Сараңдык деп – өтө зарыл, муктаж болуп турган адамга колунда болсо да аяп бербей койгонду түшүнөбүз. Элде сараңдык сынга алынат. Мисалы, чык татырбас Чынарбай, Курманбектен атын аяган атасы Тейиткан ж.б. Үй-бүлөдө жоомарттык көргөн бала жоомарттыкка, айкөлдүккө жөндөмдүү болот. Үй-бүлөдө жеген ашы, кийген кийими үчүн жеме уккан балдар бар. Баладан ырыстуу оокат, кийим, оюнчук катып, аны уурдап алган жокпу деп шектенген үй-бүлөлөр да бар. Мындай шартта чоңойгон бала айкөлдүктү, жоомарттыкты кимден үйрөнөт? Баланын жоомарттыкта, айкөлдүккө тарбияланышына жокчулук жолтоо болбойт. Согуштан кийинки жокчулукта, жалгыз эненин мээримин көрүп, ишенимге ээ болгон, кээде ачка, кээде ток болсо да бир үзүм нанды тең бөлүшүп жеген, оокат кылганга ар бир бала өз кудуретинин жетишинче салым кошкон толук эмес үй-бүлөдөн жоомарт, айкөл адамдар чыкканын көргөнбүз. Жоомарттык аркылуу маанайы көтөрүлүп, аракети арбып, жокчулуктан бардар тумушка жетишкендер болгон.

## Аң-сезим

Көпчүлүк окумуштууларды, философторду ойлондурган табышмактардын бири – аң-сезим. Адамдын илимий билимдерине (жетишкендигине) жараша ар кайсы тарыхый мезгилде аң-сезимдин табигаты боюнча бирдей эмес ырастоолор айтылган. Акырындап отуруп аң-сезимди мүнөздөөчү ар кандай философиялык категориянын (түркүмдүн) катары пайда болду. Алар: материалисттик жана идеалисттик, объективдүү жана субъективдүү, таанып билүүчү жана асыл-нарктуу, эмоционалдуу жана рационалдуу социалдык жана биологиялык, илимий жана карапайым турмуштук, жеке жана коомдук аң-сезим (С.Бобров Философия.М.2000).

Аң-сезим менен болмуштун (бытьенин) биринчилиги жөнүндөгү суроо – философиядагы негизги суроо болуп эсептелет. Табигый илимдерди изилдөө аркылуу адам дүйнөнүн мейкиндикте жана мезгилде материянын чексиздигин, таанып билүүнүн татаалдыгын түшүнгөн. Бул жагдай баарын ичине камтыган дүйнөнүн акыркы картинасын түзүү (практика жүзүндө) мүмкүн эмес экендигине ынандырат. Ошондуктан ойчулдар философиялык жоболор жыйынтыктар универсалдуу мүнөздө болушу мүмкүн эмес деген жыйынтыкка келишкен. Адам объективдүү чындыкты, акыйкатты таанып билүүсү кеңейген, тереңдеген сайын көз карашы өзгөрүп турат (демек – аң-сезим өзгөрүп турат), бул илимдин өнүгүшүнө мүмкүндүк берет.

Аң-сезим деген эмне? Аң-сезим дегенибиз – болмуштун, акыйкат-чындыктын адамдын ойломунда чагылышы, аны элестетүү, көз алдына келтирүү жөндөмү б.а. психикалык аракети. Аң-сезимин жоготту дегенибиз – адам эч нерсени сезбей, билбей калуусун, ойлоно албай, түшүнбөй калган абалын түшүнөбүз (С.Бобров). Аң-сезим дегенибиз туюмга негизделген рухий жана материалдык аспектилердин биримдиги (С.Н.Лазарев). Аң-сезимдүүлүк деп – адамдын курчап турган жагдайга жараша туура жүрүм-турумун аныктоо жөндөмүн, көндүмүн түшүнөбүз. Аң-сезимдүү болуунун негизги шарты инсандын өзүнүн ички дүйнөсүнүн бай болуусуна умтулуусу-деп ырастайт Сенека

Аң-сезимди мээ өзүнөн-өзү пайда кылбайт. Мисалы, жаңы төрөлгөн баланын мээси бар, бирок эси жок, мээ тубаса нерсе, эс тубаса эмес. Баланы сырткы чөйрөдөн бөлүп, катнаштырбай койсо, ал адам болбой калат. Сырткы дүйнөнүн таасири аркылуу сигналдык сезим мүчөлөрү (кулак, көз, мурун, тил, тери сезими) маалымат алып мээге жеткиришет. Натыйжада таасир эткен нерсенин элеси (тагы, изи, сүрөтү, сезим, ой) мээде түшүп калат. Дал ошол нерселерди аң-сезим деп аташат (бул материалисттердин берген аныктамасы) [31].

Аң-сезим – мээ менен тышкы дүйнөнүн ортосундагы катнаштын натыйжасы. Энгельс: “Аң-сезим – мээнин продукту”-деген. Материалисттик философия аң-сезимди тышкы материалдык дүйнөгө караганда экинчи, анын туундусу катары карайт б.а. болумуш (бытье) аң-сезимди аныктайт. Адамдар биринин оюн бири билбейт. Өз оюнда эмне бар экендигин ар бир адам өзү гана билет. Ал ойду башкаларга адам өзү гана жеткирет деп ырастайт материалисттик философия. Материалисттик окуунун өкүлдөрү: К.Маркс, Ф.Энгельс, В.И.Ленин И.В.Сталин ж.б. болушкан.

Улуу ойчул Аристотель адамдын эске тутумунун, аң-сезиминин борбору жүрөктө деп ырастаган. Ренессанс мезгилинде (15-16-кылымда Батыш Европада илимдин, искусствонун өнүккөн заманында) б.а. улуу интеллектуалдык өнүгүү учурунда эл аң-сезимдин, ой жүгүртүүнүн борбору башта (б.а. мээде) экендигин “баамдашкан”, бирок мээ жашыруун “кутуча” бойдон калган.

Адам тышкы дүйнө менен сөз аркылуу байланышат. Эмгектенүү үчүн адамга аң-сезим талап кылынат. Адам оюн, алдына койгон максатына ылайык ырааттуулук менен иш жүзүнө ашыра алса ал аң-сезимдүүлүккө жатат. Ал эми адам мурда ниеттенбесе, анын эркине баш ийбей, (өзүнөн өзү) иш жүзүнө ашкан нерсени стихиялуулук (уюшулбаган, башаламан) деп аташат. Аң-сезим жана акыл деген сөздөрдү синоним (идентичный) термин катары түшүнгөн ойчулдар бар. (Мисалы, Б.Спиноза, Л.Фейербах). Бирок алар синоним түшүнүк эмес.

Материалисттер ой менен аң-сезимди мээнин иштөөсүнөн келип чыккан продукт деп ырасташат, бирок бул далилденген жок. Инсандын аң-сезими, руху өзүнчө жашайт-деп ырасташат идеалист ойчулдар. Чындыгында алар үчүн дене жашоонун биринчи этабын өтүү үчүн б.а. физикалык бөлүгүн жашоо үчүн зарыл болгон, - дейт доктор Сабом. Биздин педагогдордун арасында болмуш (турмуш) балдардын аң-сезимин өзү калыптандырат, ойлонууга үйрөтөт деген көз карашта калгандар дагы эле бар. Ошондуктан материалисттик-лениндик окууга таянган педагогикалык, адабий мурастардын негизинде ишин улантууда.

Идеалисттик философтор Библияда көрсөтүлгөн мыйзамченемдүүлүктөргө таянышат. Анда: “Вначале было слово (б.а. идея) слово было у Бога, слово было Бог”. Окуу идеяны биринчи деп ырастайт. “Аң-сезим, ой, рух, идея дүйнөнүн, реалдуу чындыктын негизин түзөт, келип чыгышын шарттайт”- деп ырастайт идеалисттик (грекче – idea – идеа) окуу. Батыш философиясындагы идеализмдин байыркы доордогу көрүнүктүү өкүлдөрү – Сократ, Платон болушкан. Объективдүү идеализмдин өкүлдөрү Сократ, Платон, Августин, Гегель ж.б. Булардын ою боюнча кандайдыр бир духтун негизинде дүйнө кубулуштары

келип чыккан. Мисалы, Платон: “Өзүн-өзү кыймылга келтирген  жан, ал өлбөйт”- дейт. Ошондуктан ал жан дүйнөнү башкарат (Избр. М. 1965. 209-210-б.).

Гегелдин айтуусу боюнча жаратылыштан мурда абсолюттук идея жашаган, андан жаратылыш келип чыккан. Бул абсалюттук идея – жаратылыштын жаны болот да, адамга акыл-эс берет. Субъективдүү идеализмдин өкүлдөрү Беркли, Мах, Авенариус, Богданов, Базаров ж.б. Булар жаратылыштын негизинде адамдын акыл-эси (субъект) жатат” деп эсептешет. Мисалы, Беркли: “материалдык нерсе ар кандай идеялардын комбинациясы”. Мах болсо: “физикалык нерсе психикадан жаралат”-деп материалдык нерсени акыл-эстин (аракетинин) комплекси катары карайт. Идеалисттердин ою боюнча идея гана реалдуу түрдө жашайт, материя ага көз каранды .

Идеалисттик философияга таянган педагогдор баланын  ой жүгүртүүсүн өнүктүрүү аркылуу (конкреттүү маселелерди, проблемалуу суроолорду коюп,) жаңы механизмдерди ойлоп табууга, ой аркылуу рухий дүйнөсүн, ниетин тазартуу ыкмаларын үйрөтүп жатышыптыр. Ойдун күчү аркылуу жаңы муундагы компьютерлерди жаратып, ой энергиясы аркылуу аны башкаруу жөнүндөгү идеяга келишиптир.

Адамдар бири-биринин оюн толук билбейт, бирок интуитивдүү сезишет деп ырастайт идеалисттик философия. Адам тургай жаныбарлар да сезишет. Мисалы: чычканды ууландырыш үчүн буудайга уу кошуп беришкен, бир чычкан аны жеп өлүп калган, калгандары (өлгөн чычканды көрбөгөндөр да) ууланган буудайды жебей коюушат экен, демек алар бири-биринин оюн сезишет, ой аркылуу бири-бирине маалымат беришет. Дж.Аллан Бун (белгилүү дрессировшик) бир итке эч нерсе үйрөтө албай койгон. Ал иттин жөндөмү начар деп ойлогон. Бир күнү кечке жуук күндүн батканын карап, табийгатка суктанып отурса, ит да аны карап отурган экен. Дж.Бун: “табийгатка суктанганды билген ит кантип жаман болсун”-деп ойлоп койгон, эртеси ит өзгөрүптүр. Адамдын жакшы же жаман ойлогонун ит сезсе, бала кантип сезбесин. “Аң-сезим аркылуу эл маалымат алмашып турушат. Ошондуктан окуучулар көпчүлүк билген маалыматты жеңил өздөштүрүшөт”- деп ырастайт Руперт Шелдрейк (АКШ. Кембридж).

Ан-сезимдин өнүккөндүгүнүн белгилери кандай болот?

1). Аң-сезими пас окуучуну алдап кетүүгө, айла-амал, көз боёочулук менен аны башкарууга болот. Ал дүйнөнү бирдиктүү элестете албайт жана эмоциянын, сезимдин негизинде аракеттенет. өзүнүн стереотиптүү оюн, жүрүм-турумундагы көнүмүш адатын коргойт. Сезими шарттуу, башкача айтканда пайда табууга негизделген, керт башынын камын ойлойт. Аң-сезими төмөн окуучу жалган сүйлөп коюшу мүмкүн. Мытайым, арамза, бузуку, айлакер болот. Амалдуу ыкмаларды куулук менен колдонот. Колунан келишинче бүлдүрөт, кыйратат, жоготот. Адамдын көңүлүнө таасир калтырыш үчүн ар кандай ролго

кирип аракеттенет. Ыйык сезими жок. өз пайдасын көздөгөн максаты бар. Жашоонун маанисин баамдабайт жана түшүнбөйт. Өзү көргүсү келген гана нерсени көрөт, угат. Сыртынан сабырдуу көрүнөт, анткени аппонентинен (каршы сүйлөгөндөн) өз планын жашырат. Сабыры суз. Ишке көңүл кош, эринчээк. өз оюндагысын бербейт. Уят-сыйытты билбейт. өзүнө, эч кимге ишенбейт, өзү ишенимсиз. Оюнда элди эки топко бөлөт: биринчилери көзөмөлгө алгандар, экинчилери көзөмөлдө болгондор.

2). Аң-сезимдүү окуучу ак ниеттүү, чынчыл болот, акыйкат издейт, адамга чын жүрөктөн мамиле кылат, ачык айтып, ак сүйлөйт. Сөзү маанилүү, мазмундуу, ак көңүл, жакшылык кылууга умтулат, кайрымдуу болот, жашоонун маанисин баамдайт, көп нерсеге кызыгат. Жашоосу максаттуу, кайрылганга сөзсүз жардам берет. Башкаларды, өзүн жакшы көрөт, кунт коюп угат. Жашоонун мааниси, искусство, музыка, чыгарма жөнүндө өз пикирин айтууга жөндөмдүү. өзүн эркин алып жүрөт жана такалбай жооп берет. Эч кимден көз каранды эмес, эрктүү, өзү чыгармачыл, өз тагдырына өзү жоопкерчиликтүү – субъект. Өзү ишенимдүү, калыптанган ынанымы бар. Башкаларга да, өзүнө да ишенет. Кыйынчылыкты жеңе билет.

3). Жогорку аң-сезимдүү окуучу олуттуу, орчундуу нерсени түшүнөт. Дүйнөнү бирдиктүү кабылдайт. Башка адамдын оң, терс эмоциясын интуитивдүү сезет, түшүнөт. Классташтарынын позитивдүү ишин өз пайдасын ойлобостон колдой билет. Ал чыгармачыл, энергиялуу, өзүнө жана коомго пайдалуу ишти тез кабылдайт. Башкаларды да, өзүн да жакшы көрөт. Альтруист болот (К.Кейс, Т.Голас “Программа счастья и несчастья”).

Окуучулардын аң-сезимдүүлүгүн өнүктүрүү маселесине кызыккан педагогдор философияга көп кайрылышат, анткени балдарды тарбиялоо жөнүндөгү илим философиядан таяныч методологиялык жоболорду табат. Андан философиялык категорияларды: объективдүү, субъективдүү мыйзам ченемдүүлүктөрдү, зарылдык жана кокустукту, жалпы өзгөчөлүктөрдү, өз ара байланышкан көз карандылыктарды, педагогикалык кубулуштарды ж.б. табат.

Психологиялык жактан өзүн өзгөртүүгө даяр адамдар – аң-сезимин жогорулатууга багыт алгандар, даяр эместер регресс жолунда, аларга позитивдүү ойлонуу кыйын, позитивдүү ойломго үйрөтүлбөгөндөрдүн жашап кетүү шансы аз-деп илимде ырасталат. Аң-сезимдүүлүккө окуучулар умтулуш үчүн аларга позитивдүү ойлом, аң-сезимдүүлүк – чыныгы баалуулук экендигин түшүндүрүү керек-дейт П.Дж.Дженкинс (“Воспитание духовности у детей” СП б. София. 2005.), ал аң-сезимди төмөнкүчө баяндайт.

Акыл-эс эки бөлүктөн турат: аң-сезим деп аталган бөлүгү элге маалым, аң менен көпчүлүк тааныш эмес. Акыл-эстин аң-сезимдүү бөлүгү ойлонот, сезет, баалайт, туят,

тандайт, чечим чыгарат, сындайт, калыстайт жана биздин денебиздин жашоосун жетектейт. Калган бөлүгүн аң деп аташат. Аң акыл-эстин кызыктуу бөлүгү, ал аң -сезимден масштабдуу (чоң), аң биздин денебизди башкарат, аны (ооруса) калыбына келтирет. Аң нерв системасы менен байланышкан. Биздин организмибизде болуп өткөн процесстердин баарына аң жоопкерчиликтүү: жүрөктүн согушу, тамак-аштын сиңиши, денеден керексиз затты бөлүп чыгаруу. Аң биздин эсибиздеги нерселерди сактайт, аңда эмоция, адат жана инсттинкт топтолгон, бирок аң ойлонууга, сындоого калыс болууга, ойду четке кагууга (жараксыз деп таанууга) жөндөмсүз. Бул аң-сезимдин функциясы.

Аңды кичине балдар үчүн жерге үрөн сепкен багбанга салыштырып, (аналогия түзүп) түшүндүрсө болот. Кыртыш багбан сепкен үрөндү кабыл алат, аң болсо аң-сезим ойлогон ойду, буйрукту, сунушту кабыл алат. Аң-сезим көрсөтмө же ынаным берсе, аң ошого жараша түзөт, аракеттенет, реалдуу форма алат Өспүрүмдөр үчүн аңды компьютерге киргизилген маалыматтарды башкарган программист адамга салыштырып, аналогия түзсө болот..

Турмушта адамдын (болооруна көзү жетип) ойлогон ою, ишенип күткөн нерсе ишке ашат. Позитивдүү (негативдүү) сөздүн, ынанымдын ишке ашкан учуруна мисал келтирели. “Саат чыңгырай электе 5-10 мүнөт эрте ойгонуу керек”-деп ойлонуп жатсаңар чын эле ойгоносуңар. Уктаар алдында бири-бириңерге “жакшы түш көрүп, жакшы эс ал”- деп жатсаңар сергек ойгоносуңар. Аңдын чыгармачыл жөндөмү чексиз. Аңда ааламдык акыл-эстин, бизди курчап турган формасыз, көрүнбөгөн (рухий) материянын түгөнбөс булагы камтылган. Бул материя – баары белгилүү универсалдуу акыл-эс, жогорку аң-сезим. Эгерде, биз тынчтанып, чын ыкласыбыз менен аны укканды билсек, же үйрөнсөк биз каалаган суроолордун баарына аң (жогорку аң-сезим) жооп берет. Аң-сезим ойлоно алганына карабастан, анын тапкан жолуна караганда турмушубузда жогорку аң-сезимдин тапкан жолу эң туура[37]. Жогорку аң-сезим менен байланышка чыгуу үчүн акылман адамдар күнүгө медитация жасашат (П.Дж.Дженкинс), сыйынышат (А.Свияш), намаз окушат, сүкүт чалышат, зикр кайталашат (исламий аалымдар), “жогорку аң-сезимди” угушат (С.Н.Лазарев).

С. Лазаревдин ою боюнча аң-сезимдин өнүгүүсү үч этап аркылуу ишке ашат: I - адамда мээрим, жакшы көрүү, сүйүү сезими көбөйөт; II - рухий, интуитивдүү ойлому күчөйт; III - логикалык ойлому өнүгөт, б.а. аң-сезимди өнүктүрүү үчүн мээримге (сүйүүгө, жакшы көрүү сезимине), интуицияга, анан логикага көңүл бөлүш керек. Реалдуулукту түшүнүү үчүн интуицияны өнүктүрүү керек, аны өнүктүрүү үчүн бизди курчаган дүйнөнү, адамзатты сүйүү керек, ан үчүн Кудайды сүйүү керек (С.Н.Лазарев). Аң-сезим жаңы деңгээлге көтөрүлгөндө адамдын кубанычы көбөйөт, ишеними туруктуу болот.

Баланын ар кандай стресс абалында ата-энеси жардам берсе (колдосо), анын аң-сезиминин өнүгүшүнө көмөктөшсө, баланын нерв системасы бекемделет, мүмкүнчүлүктөрү кеңейет. Ата-энелер баласын “тартипке салам” деп жүрүм-турумунун, мотивин түшүнбөй, жаман ойлоп жазаласа (балага жакшылык кылдым деп ойлогон ата-эне чынында), жамандык кылат, бала ата-эненин оюндагысы менен болуп калганы (б.а. “туура” жүрүм-турум моделин тапканы) менен чөйрөгө адаптацияланууу мүмкүнчүлүгү төмөндөйт.

Эгерде, ата-эне баланы түшүнүүгө аракеттенип, сындаса да ага жан тартса, үгүт-насыят айткандан көбүрөөк жардам берет. Эгерде ата-эне баланын турмушунда, ички дүйнөсүндө эмне болуп жатканын билүүнү каалабаса, ар кандай талаптары менен баланын жолун тосуп, баланы өздөрү стресс абалга жеткиришет. Мындан кийин бала ата-эненин мээримдүүлүгүнө, балага жакшылык кааларына ишенбей калгандыктан, таянары өзү болуп калат. Бул баланы бара-бара эгоизмге, башкаларга ырайымсыз, таш боор болуусуна көнүктүрөт. Эгерде ата-энелер өзүнүн акылдуулугун, күчтүүлүгүн, маанилүүлүгүн көрсөтөм деп балага дайыма үстөмдүк кылышса, стресске туруштук берүү, аны жеңүү мүмкүнчүлүгүн басып салат. Баланы басынтуу педагогикалык ыкма эмес. Бала канчалык ак көңүл болуп, ата-энесин жакшы көрсө, стресстен коргонуу мүмкүнчүлүгү жогору болот. “Баланы кулдай жумша”-деп  кулдай мамиле кылган ата-энелер кездешет. Алар баланын ата-энеден көз каранды болушун каалашат, баланы өзүндөй кылып тарбиялоого умтулушат. Бул туура эмес, анын (мындай шартта) аң-сезимдүүлүгү кантип өнүксүн?

Эгерде баланын өзү окугусу келбесе, ата-эне баласынын жөндөмдүүлүгүн, интеллектин өнүктүрүүгө бүт күч кубатын жумшай баштаса, бала кыйынчылыкка дуушар болот, андай кыйын абалдан чыгуунун үч жолу бар дейт С.Н.Лазарев.

1) ооруп же чарчап (өлүп) калат.

2) эске тутумун, интеллектинин өнүгүүсүн басып салат.

3) деградация (аң сезиминин төмөндөө) жолуна түшүп, адепсиз адамга айлана баштайт. Ошондуктан баланын жакшы баа алганына сүйүнүп, жаман баа алганына күйүнүп чектелбестен, анын мүмкүнчүлүгү менен эсептешүү абзел.

Эгерде өспүрүм жашоодогу максаты катары өзүнүн жөндөмүн, интеллектин өнүктүрүү керек деп эсептесе, анын эмоцияналдык спектри кенен болот, ошондуктан анын өнүгүү мүмкүнчүлүгү, чөйрөгө адаптацияланууусу бир “баскыч” өйдө болот, ал учурдагы мелдеште балдар ичинде утулганы менен келечекте утат, бирок интеллект, жөндөм, логика кандай гана өнүкпөсүн, алар башкаруу, көзөмөлдөө менен байланышкандыктан (качандыр бир мезгилде) көңүлү чөгүп, негативдүү эмоцияга келишип, адамга, дүйнөгө агрессивдүү болуп калышат, өнөкөт дартка чалдыгышат. Агрессиянын бүлдүрүүчү күчү бар (С.Н.Лазарев).

Эгерде бала ак көңүл болсо, анда кыйынчылыкты жеңүү мүмкүнчүлүгү жогору болот, чөйрөгө адаптацияланууусу (көнүүсү) өйдө, ар кандай жагдайдан туура жол таап же башкарып кетүүсү жогору болот. Эгерде бала башынан материалдык баалуулуктарды жашоодогу негизги максаты катары тандаса, анын эмоцияналдык дүйнөсү, таанып билүү мүмкүнчүлүгү тарыйт, башка чөйрөгө адатацияланышы оор болот, стандарттуу эмес жагдайда балада агрессивдүү ой жаралат, ачуусу келип турган маалда тескери иш жасап коёт.

Бала туура эмес көз карашы аркылуу туура эмес ой ойлойт, ага жараша аракет кылат, адат күтөт, мүнөз калыптанат, жаман мүнөздүү өспүрүм адам менен туура эмес мамиле түзөт, туура эмес иш жасайт, булар бара-бара адамды бактысыздыкка, кырсыкка, санаага, дартка чалдыктырат. Адамдын көз карашындагы туура эмес багыт (карама-каршылыгы) психологияда алардын аң-сезиминдеги проблема катары каралат.

Адамдын аң-сезимдүүлүгүнүн өнүгүү эволюциясы боюнча С.Н.Лазаревдин төмөнкү оюна көңүл бөлөлү. “Күчтү актуалдаштырган концепциянын келечеги жок. Мындай концепцияны тутунган динозаврлар кырылып жок болушкан. Адамдын жөндөмү күчтөн маанилүү. Рухий күчкө таянгандар күчтүүлөргө караганда перспективалуу экендигин байкап, ойчулдар Кудай рухий күч деп ойлошкон. Интеллектуалдык жөндөмдүүлөрдүн келечеги кең экендигин көрүшкөн философтор, Кудай жогорку акыл-эс экен деп ойлошкон. Максаты, идеясы, рухий кызыкчылыгы жогору адамдар акылдууларга караганда көбүрөөк ийгиликке жетишкендигин көрүшүп, философтор Кудай дүйнөнү башкарган идея окшойт деп ойлонушкан. Эрки күчтүү, масштабдуу каалоосу бар адамдар ийгиликтүү болгондугун көрүшүп, философтор Кудай ааламдык эрк болсо керек деп ойлошкон. Адамдын аң-сезими коллективдүү аң-сезимдин бөлүкчөсү. Биз “айкөл жан” же “улуу жан” деп атаган аң-сезимдүү адамдар эрки күчтүүлөрдөн, масштабдуу каалоосу барлардан, атүгүл падышалардан ийгиликтүү болгондугун көрүшүп, Кудай ааламдык аң-сезимдүү зат окшойт дешкен философтор, аң-сезимдүүлүктүн мындай деңгээлине жетишкендерди пайгамбар деп аташкан. Азыркы мезгилде адамга мындай жогорку деңгээлдеги аң-сезимдүүлүккө көтөрүлүүгө мүмкүнчүлүк бар”- деп ырастайт С.Н.Лазарев.

Тегерегиндегилердин баары регресс жолунда болсо да, жөнөкөй (карапайым) адамдын жүрөгүндө сүйүү (мээрим) болсо, аны дүйнөлүк баалуулуктарды камтыган адамгерчилик деп атоого болот. Бул сезим баарына жарашат. Мындан эки миң жыл мурда “Кудай – мээримдүү зат”-деген Иса(алейхи салам). Байыркы адам дүйнө таанууда эки багыт боюнча аракет кылган экен: 1) ар кандай шартта сүйүүнү сактап калган; 2) акыйкаттыкты түшүнүүгө аракеттенген.

Академик Г.П.Грабовой: (Воскресение людей и вечная жизнь. М. 2003) дүйнөнү глобалдык (масштабдуу) алааматтан сактап калууну каалагандарга адамдын Кудай менен байланышкан аң-сезиминин деңгээлине жетүүнүн практика жүзүндө ишке ашыруу методун (алгоритмин) сунуш кылат. Дайыма космостун аң-сезим менен байланышкан б.а. диний илимдүү адамдын аң-сезиминде ал деңгээл бар,- деп ырастайт автор. Адамдын аң-сезимин академик Грабовой бири-бири менен байланышта болуучу дүйнөлүк элемент катары интерпретациялайт (түшүндүрөт), б.а. адамдын аң-сезими өзгөрсө калгандардын аң-сезимине өзгөртүү киргизүүчү таасири болот. “Бизди курчап турган дүйнөдөгү бардык нерселерди өзгөртүүгө элдин аң-сезиминин чечүүчү ролу бар”- деп ырастайт ал. Эгерде эл коллективдик аң-сезимди дүйнөнү сактап калууга, гармониялуу өнүгүүгө, бактылуу жашоого бура алса, чынында эле ошондой болот. Каалаган окуяга ой формасын максаттуу багыттап, өзгөртө алсак, ал (коллективдик аң-сезим) өзгөрөт. Ой формасын максатка багыттап өзгөртө алчу аң-сезим тарбияланган аң-сезим.

Аңдан аң-сезимге маалыматтар фильтрленип өтө чектелген бөлүгү өтөт, адамга керектүү бөлүгү чыгат. Маалымат толук чыкса, биздин жашообуз кыйын болмок (бул патология), мээдеги мындай система экстрасенсордук маалыматтардын көптүгүнөн коргойт. “Аң-сезимдин функциясынын мыйзамдарынын негизинде, туура конструкцияланган аспаптын жардамы менен жер титирөөдөгү кырсыктын бүлүнүүсүн (өлчөмүн) азайтууга же жоготууга болот”-дейт Г.П.Грабавой. “Мугалим жана мейкиндик аң-сезимдин конструкциясы”-дейт ал, “анда өтүүчү окуяларды аң-сезим менен өзгөртүүгө болот. Аң-сезимди өзгөртүү керек. Анын негизинде илимди да өзгөртүүгө болот. Илимди кандайдыр бир деңгээлдеги аң-сезимдүү адам ачат, жазат, жаратат, адам аны аң-сезиминин деңгээлине жараша жаратат, адамдын аң-сезиминин деңгээли жогоруласа илимдин өнүгүү деңгээли жогорулайт”.

Биздин оюбузча адамдын аң-сезимин өнүктүрүү керек, адамдын аң-сезимин өнүктүрүүнүн маанисин жетишерлик баалабай коюуга болбойт, ал эми аны идеализациялоо, абсолютташтыруу коркунучтуу. Адамдын аң-сезими космостук аң-сезимдин бөлүкчөсү (аларды салыштырууга мүмкүн эмес, микрокалькулятор менен аны конструкциялаган адам сыяктуу), толуктоочу элементи экендигин, адамдын алсыздыгын унутпаганыбыз оң.

Айрым окумуштуулар окуучулардын акылын өнүктүрүүнүн натыйжасында аң-сезиминин өнүгүүсү да камсыз болот деп ойлошот. Айрымдары билимдүүлүктүн өзү аң-сезимдүүлүктү камсыз кылат-деп ойлошот. Билимдүүлүк акылдын өнүгүшүн камсыз кылат, бирок аң-сезимдин өнүгүшүн камсыз кыла албайт. Баланы аң-сезимин өнүктүрүүгө үйрөтпөсө кандай болот? Башкача айтканда жакшы жөрөлгөлөргө үйрөтпөсө, жаман

жөрөлгөлөрдөн коргобосо кандай болот? Натыйжасы жаман болот, анткени бала жарык дүйнөгө адам болуп келбестен, адам болууга жөндөмдүү бир жандуу организм катары келет. Эгерде жерди бешене тер менен тынымсыз эмгектенип, эгин, бак-дарак, гүлзар өстүрбөсө, аны уйгак басат. Уйгактын уругун эч ким сеппеген. Ошол сыяктуу баланын аңына атайын негативдүү маалыматты эч ким киргизбейт, турмуштук процессте (бирөөлөр аны капа кылат, жаман сөз угат, телевизор көрөт, газета, журнал окуйт ж.у.с.) негативдүү ойго, жашоого өзү кирет. Баланын оюнун позитивдүүлүгүн көзөмөлдөп, жан дүйнөсүн жамандыктан коргоп, жакшылыктын үрөнүн сээп калбаса, жамандыктын үрөнүн эч ким сеппей эле дүркүрөп өскөн уйгактай жаман адат, жаман мүнөз калыптанат.

Аң-сезимди өнүктүрүү жөнүндө сөз кылганыбызда педагогика менен медицина илиминин интеграциялоо мүмкүнчүлүгүн эске алганыбыз оң. Анткени окуучунун нервинин козголушу, организминин функционалдык өзгөчөлүгү, дарты, токсикомания, бангилик, сыркоо балдардын психологиялык өзгөчөлүгү ж.у.с. маселелер бар. Педагогдорго масштабдуу, илимий билимдерди талап кылган милдеттерди чечүүгө туура келет. Соматикалык (ден-соолугу) жактан проблемалуу балдарды окутуу жана адептик тарбия-таалим берүүнүн атайын системасын иштеп чыгуу — оор маселе. Айрым шартта педагогдор юриспруденция, экономика, демография, информатика, статистика, экология, этнография, тарых, техникалык илимдер менен бетме-бет келишет.

АКШда акыркы жылдарда 8 миллиондон ашык адам клиникалык өлүм абалын жашап көрүшкөн. Алардын баары аң-сезимдин трансформацияланган (бир түрдөн экинчи түргө айланган) абалын эсине сактап калышкан. Параллель дүйнөнүн босогосун көрүп келгендерди изилдеген окумуштуу К.Ринг аң-сезими трансформацияланган адамдын өзгөрүүсү кандай багытта болорун түшүнүүгө аракеттенген. Ал статистикалык анализ жүргүзүп, атайын китепче түзгөн. Изилдөөнүн негизинде кызык жыйынтык чыгарган. Көрсө трансцеденттик (билүүгө мүмкүн болбогон) тажрыйбасы барлардын жалпы адамгерчиликтүүлүгү, кудуретинин потенциалы жогору болот экен, өзүн маанилүү сезүүсү жогорулайт. Өзүн бул жарык дүйнөдө инсан катары ийгиликтүү бекемдешет, өлүм коркунучу азаят же толугу менен жоголот, башкаларга камкордуулугу, боорукердүүлүгү жогорулайт. Материалдык баалуулуктарга, өз ийгилигине кызыгуусу төмөндөйт, рухий маданиятка кызыгуусу курчуйт, реинкарнация (кайрадан төрөлүү) идеясын тез кабылдайт, диний ырым-жырымдарга кызыгуусун жоготсо да, баарына бирдей жалгыз Кудайдын образына ишенишет.

“Илимдин паранормалдуу (адамдын руху менен космостук күчтөргө тиешелүү) кубулуштарга көңүл бөлүүгө убакыт жетти, бирок окумуштуулар да адамдар, алардын аң-

сезими илимий аргументтердин, материалисттик көз караштын таасиринен көз каранды болуп жаткандыгы өкүндүрөт” (Г.П.Грабовой).

Балдардын адептик аң-сезимдүүлүгүн өнүктүрүүнүн ийгиликтүүлүгү педагогикалык жаңы технологиялардын иштелип чыгуусунан жана педагогикалык-психологиялык илимдерди бирдиктүү (интеграциялоодон) изилдөөдөн көз каранды, анткени окуучунун эске тутумунун өзгөрүшү, жөндөмүнүн өнүгүшү, иш-аракеттеринин мотиви, ой жүгүртүүсүнүн позитивдүүлүгү (негативдүүлүгү), иш-аракет кылуу көндүмүнүн калыптанышы, жүрүм-турумунун импульсивдүүлүгү же аң-сезимдүүлүгү ж.у.с. окуучунун психологиялык өзгөчөлүктөрүн педагог терең түшүнгөндүгүнөн көз каранды. Аны түшүнбөгөн педагог илимпоздун изилдөө иштери толук кандуу болбойт. Анткени психология адамдын психикасынын өнүгүү мыйзамдарын изилдейт.

Ааламдык акыл-эс, рухий күч, Ааламдык аң-сезим деген түшүнүк бар (Р.Стоун, АКШ). “Ал адамдын акыл-эсинен, аң-сезиминен алда канча жогору. Акыл-эстүү адам үчүн өз акылын Ааламдык акыл-эс менен байланыштыруу (оюн ага концентрациялоо) керек. Адам үчүн бул – эң жогорку максат. Космостук аң-сезимди мээрим, сүйүү аркылуу толуктоо – адамдын чыныгы милдети. Акыл-эсти мээрим, сүйүү менен толтуруу – өтө жогорку милдет”- дейт Р.Стоун.

Мектеп программасында окуучулардын оюн бир объектке топтоо аркылуу аң-сезимдүүлүктү жогорулатуу техникасы эч бир сабакта каралган эмес. Чыгыш окууларында адамдын оюн бир объектке (Кудайга, абсолютка) концентрациялап, ойлондуруу ыкмалары бар. Мисалы, индуизмде, буддизмде медитация жасаган адам көңүлүн бир объектке, исламий окуу боюнча намаз окуган адам оюн Алла Таалага концентрациялайт. Бүткөндөн кийин адамзатка, элге, жакындарына, өзүнө жакшылык тилеп, оюн тазалап, бата кылат. Ойду бир объектке концентрациялоо – мээни ийгиликтүү пайдалануунга түптөө сыяктуу. Бул аң-сезимдүүлүктү өстүрүүчү ыкма. Байыркы Индиялык медициналык илимдин (аюрведа) ырастоолоруна караганда адамдын денесин башкаруунун “пульту” аң-сезимде. Бул окуу туура азыктанууга, организмди шлактан (калдыктан) тазалоого, дене тарбияга карата көнүгүүгө жана медатация жасоого сунуштарды камтыйт.

“Адептик аң-сезимдүүлүктөн ыймандуулук өсүп чыгышы мүмкүн (бирок дайыма эле эмес, [автор]). Адептик аң-сезимдүүлүк элди, адамдарды жакшы көрүү мээрим аркылуу жаралат. Мээримди Кудай берет”- дейт С.Н.Лазарев.

Турмушта аң-сезимдүү түрдө балага канчалык көп камкордук кылса, ал ошончолук ата-энени азапка салган учурлар кездешет. “Каргайын десем байкушсуң, каргабайын десем желмогузсуң”-деген лакап турмуштан чыккан. Эненин жүрөгүндө балага карата мээрим да, азаптан жаралган санаалуу ой да бар лакапта. “Ата-эненин мээрими түшкөнгө Кудайдын

каары түшөт”-деген нуска бар. Өсүмдүккө күн керек сыяктуу бала мээримге муктаж, бирок Күн ысык тийгенде өсүмдүк куурап калат. Ашыкча мээрим түшкөн бала ата-энесин эркелеп жатып азапка салат, ошондуктан ата-энеге аң-сезимдүү аракет, билим керек.

Адамды, акыйкатты толук таанып билүүгө болобу? Адам өзгөрүп, өнүгүп турат. Кечээ эле туруктуу көрүнгөн илимий “акыйкаттык”(Ньютондон кийинки парадигманы, Эйнштейндин салымынан кийинки парадигманы эстеңиз) бүгүн иллюзия болушу мүмкүн. Кечээ күнкү биз элестеткен дүйнө жөнүндөгү мыйзамдар биз ойлоп тапкан нерсе экендиги аныкталууда. Чыныгы мыйзамдар адамдын акылынын, аң-сезиминин (мээримдүүлүгүнүн, айкөлдүгүнүн, сабырдуулугунун ж.б.) өнүгүү деңгээлине, жалпылоо мүмкүнчүлүгүнө ылайык өзгөрөт. Биз өзгөрсөк, биз үчүн адамдар өзгөрөт, Ааламдын картинасы кошо өзгөрөт.

**Проблемалардын себеби**

Адам проблемаларды чечпесе, максатка жетпейт. Проблемаларды чечүү аркылуу окуучу өнүгөт. Эгерде окуучуга проблеманын себебин түшүндүрсөк, алардын кыйынчылыкты жеңүүгө аракети көбөймөк. Көбүнчө окуучулар проблеманы турмушта кездешүүчү тоскоолдуук, кыйынчылык катары түшүнүшөт. Бул туура эмес. Чындыгында проблема болбосо окуучуда өнүгүү болмок эмес, проблема аркылуу адам тажрыйбага ээ болот. Эгерде окуучуларга проблема – бул адамды өнүктүрүү максатында тагдырдын жиберген мүмкүнчүлүгү (шансы) катары түшүндүрсөк, алардын ойлонуу аракети көбөйөт экен. Проблема – бул келечектин чакыруу билети. Окуучулардын тышкы проблемалары жөнүндө айта кетели:

- мугалимдин мамилеси жагымсыз;

- берилген тапшырманын көлөмү көп, аны аткарууга билими, билгичтиги, көндүмү жетишсиз;

- бала сүйкүмсүз;

- тил табыша албаган классташы же кошунасы бар;

- балдар ичинде каракчылык (рэкет) нормага айланды;

- мугалимдин авторитардык башкаруу стили;

- мугалим уюштурган өз ара мелдеш, (атаандаштыруу) оюндары достошууга жолтоо болот;

-коомдогу адептик-рухий, экономикалык ж.б. кризис.

Ички проблемалардын комплекси:

- коркуу, өзүнө ишениминин жетишсиздиги, напсинин зыяны, өзүн кем тутуу комплекси, зиркирөө стресс, депрессия, оюнун негативдүүлүгү ж.у.с.

“Проблемалардын функциясы болот, ал үч блоктон турат”- деп ырастайт академик Д.Калинский: коргоочу функция; экинчи пайда табуучу функция; жакшы ниетке үйрөтүүчү функция.

1) Коргоочу функция деген эмне? Анын жардамы аркылуу аң бизди коргойт. Кантип? Мисалы, өспүрүм кызды сүйөт дейли, кыз аны жактырбай койду (бул проблема). Анын жүрүм-турумун, оюн, адебин же башка бир нерсесин кыз чанды. Бала күйүткө батат, тажрыйбага ээ болот. Аңда “туура мамиле түзгөндү билбесе, сүйүү бар жерде күйүт бар экен”- деген ой эсинде калат. Кийин ал өспүрүм башка кыз менен мамиле түзүүдө эмоцияналдык жактан өзүн-өзү көзөмөлдөөгө үйрөнөт. Биринчи кыз менен гармониялуу мамиле түзүү керек экендигин билбегендиктен кыйналган эле. Демек проблема аркылуу адам өнүгөт.

2). Экинчи пайда табуу функциясы. Кыргызда “Бала ыйлабаса эмчек жок” деген макал бар. Оруста “Бактысыздык жардам бербесе бакыт келмек эмес” деген макал бар. Пайда табуу үчүн проблемага жолугуш керек. Мисалы, бала ооруп калды, анда ата-эненин камкордугу күчөйт, ага көңүл бөлгөн башка туугандар чыгат, жакшы сөздөр айтылат. Таттуу тамак ташып келишет, көңүлүн көтөрүшөт, б.а. бала өтө кыйналганда же мээримге муктаж болгондо өзүн ооруга программалайт. Себеби балдар соо кезинде өзүнө башкалардын көңүлүн бурууга үйрөтүлгөн эмес. Кыйналуу менен мамиле оңолот.

3)Жакшы нерсеге үйрөтүүчү функция. Ар бир проблемалуу учурду өспүрүм тагдырдын жазасы деп түшүнбөй, татаал маселени чечүүгө үйрөтүү үчүн тагдырдын берген мүмкүнчүлүгү деп түшүнгөнүбүз оң. Проблема канчалык татаал болсо, аны чечүү процессинде адамдын ой жүгүртүүсү өнүгөт, аң-сезимдүүлүгү жогорулайт. Проблеманы чечкенден кийин бала өзүн бактылуу сезет б.а. тагдыр баланы ийгиликке, жаңы деңгээлге, бакытка көтөрүлүүсүнө түрткү болуп жатат. Мурда кол жеткис бийиктик болуп көрүнгөн нерсе, проблема чечилген соң жөнөкөй эле маселе сыяктуу болуп калат. Жеңишке жеткенден кийин адам жагымдуу сезимге келет. Проблема чечилбесе башына мүшкүл күн түшөт. Мисалы, жигит сүйгөни кызын себепсиз (өз көлөкөкөсүнө да) кызганат дейли, мында жакшы ниетке үйрөтүүбүз кайсы? Өз ара ишенимге негизделген мамиле түзүүгө үйрөтүү. Орунсуз кызганыч адамды логикалуу эч нерсе түшүндүрө алгыс абалга жеткирет. Ар бир сүйлөмдүн, жүйөсү же далили болуш керек. Кызганычтын негизинде сүйлөгөн сайын улам мамиле бузулат, анткени ою рационалдуу эмес. Өспүрүм орунсуз кызганычты жеңип кутула алса, санаадан кутулат, кутулбаса мамиле бузулат. Унчукпаса күмөн саноосу күчөйт, дүпөйүл ой аны бактылуу кылбайт.

Адамдын тагдырына проблема эмне үчүн жазылган? Аны чечүү аркылуу адам ойлонсун, аң-сезимдүүлүгү жогоруласын, туура эмес ынанымдан кутулсун, аракетчил

болсун үчүн жазылган. Процесстен ийгиликтүү өткөн бала өзүн бактылуу сезет. Ынанымы туура эмес адам, кредитке буюм сатып алган адам сыяктуу, аны улам төлөп турушу керек. Башкача айтканда ал улам жаңы проблемага кезиге берет. Мисалы, “А”ны таанышы ороңдоп, капкайдагылардын баарын айтып капа кылды, көңүлүн оорутту, бул – натыйжа. Себеби кайсы? Ынанымы туура эмес болгондуктан ал (жети ай мурда) туура эмес ойлонгон, иш кылган, көз арткан же башка бирдеме кылган.

Эми өспүрүм эмне кылыш керек? Учурду туура баалаганы дурус. “Колум менен кылганды мойнум менен тарттым”, “өткөн жаңылыштыгыман сабак алдым”-деш керек. Биздин ар бир оюбуз, аракетибиз импульс (ишке шыктандыруучу күч, себеп) сыяктуу Кванттык физикада импульстун мейкиндикте болуу мөөнөтү – жети ай. Проблема ошол ойдун, аракеттин энергетикалык “изи” (Д.Калинский “Анатомия проблемы”. “В конце недели”. 02.02. 07). Эми өзүңүздү кечирип жибериш жана ынанымды өзгөртүш керек.

**Мээнин күчүн туура пайдалануга үйрөтүү**

«Бул жарык дүйнөдө
акылмандардын түшүнө
кирбеген көп нерсе бар»
В.Шекспир.

«Мээнин күчүн туура пайдалануу үчүн болмуштун (турмуштун, бытиенин) мыйзамдарын (мыйзамченемдүүлүктөрдү) билүү зарыл эмес»,– дейт Джон Кехо (Подсознание может все. Живите с умом. Минск. 2004). Реалдуулуктун жаралуусунда мээнин чечүүчү ролун окуучу түшүнсө, ал турмушта, чыгармачылыкта кенен пайдаланат эле. «Ар бир ой асманда жалын түрүндөгү тамга менен жазылгандай жана ал ар кимге көрүнгөндөй ойлонгула»,-деп жазылган Мирдад китебинде. Ой - биздин турмушубузга таасир этип туруучу күч. Биздин ийгилигибиздин жаралышына, жардылыгыбызга же бактысыздыгыбызга (жолу болбой калышына) ойдун таасири бар. «Ой биздин рухий маңызыбыздын маанилүү бөлүгү» (Джон Кехо)

Ой ─ энергия. Бул энергетикалык агымдын (аң-сезимдин, ойдун) маңызын аңдап тааныгандан кийин мээнин кубатын түшүнүүгө болот. Эргүү, интуиция жана метитация адамдын эрки аркылуу пайдалануга мүмкүн болгон мыйзамдарга баш иет. Мээнин күчүн илимий терминдерсиз эле жөнөкөй тил менен X-XI класстын окуучуларына түшүндүрсө, анын мыйзамдарын катардагы бала пайдалануусу мүмкүн. Муну кыскача түшүндүрөлү.

1979жылы Принстон университетинин прикладдык илимдер факультетинин деканы Роберт Дж. Джан дүйнөдөгү реалдуулуктун жаралуусуна аң-сезимдин ролун изилдөө

программасын иштеп чыккан. Автор 1000 эксперимент өткөзкөндөн кийин «Мээ материалдык дүйнөгө таасир этет» деген ырастоого негиз бар экендигине ынанган. 1994-жылы Принстон университетинде дүйнөдөгү көрүнүктүү окумуштуулар чогулушуп, бул теорияны илимде кандайча (кантип) пайдаланууга мүмкүн экендиги жөнүндө талкуулашкан. Аң-сезим динамикалуу формадагы энергия экендигин билүү - биздин фантазиябыздын, каалоолорубуздун көзөмөлдөнүшүнө, о.э. реалдуу окуянын жаралышына, ойдун таасир этишине жана мээдеги образдын кандайча жүзөгө ашышы (материялизацияланышын) түшүнүүгө жардам берет.

Бир жолу мээге келген ойдун кубаты анча күчтүү эмес. Көп жолу көңүл бөлүп ойду концентрациялап ойлогон ойдун кубаты чоң. Ар бир позитивдүү ой, аны ойлогон адамдын келечегиндеги жакшы окуянын жүзөгө ашышына (материязацияланышына) пайдалуу. Негативдүү ой – келечектеги кырсык, оору, проблема жана ушул сыяктуу окуянын себептери. Ой жүгүртүү аркылуу реалдуулуктун (иш жүзүнө ашкан окуянын) жаралуусуна өзүбүз түрткү болобуз. Мисалы: бай болчу адам байлык жөнүндө ойлонот, оюнун негизинде аракеттенет, демек анын байлыгы арбыйт. Кедей болчу адам жокчулук жөнүндө ойлонот, ниетине жараша аракетсиз калат, ал ан сайын жарды болот. Ар кимибиздин ишибиздин илгерилеришине да, тоскоолдук болушуна да себеп болгон биздин ойлорубуз.

Келечегибиз кең болуп, бактылуу жашоо үчүн (мектеп курагында балдарга) ойлорду башкарууга, туура ой жүгүртүүгө үйрөтүү керек. Өспүрүм турмуштан кандай жол тандайт, ошого жараша позитивдүү ойлорду ойлогону дурус. Мисалы ден-соолугу чың болуш үчүн ден-соолукту чыңдоо жөнүндө ойлонуу керек. Бийликке жетип, ак ниеттүү эмгектенгиси келсе, кандай билим алып, кайсы окуу жайда окуп, кандайча аракеттенип, эл менен кандай мамиле түзүү жөнүндө ойлонуш керек. Байлык кызыктырса кандай сапаттагы продукция өндүрүп, байлык топтоо жөнүндө ойлонсун. «Бакыт керек болсо аң-сезимди жаман ойлордон тынымсыз тазалоо ыкмасын үйрөнсүн. Ал медитация, сыйынуу (намаз окуу) аркылуу ишке ашат. Рухий дүйнөсү бай болуусун каалаган балдар аң-сезимди тынымсыз өнүктүрүү жөнүндө ойлонуш керек» (Дж. Кехо)

Адамды эмне жеңүүчү кылат? Жеңишке жетүү жөнүндөгү ойлору ага себепкер болот. Мээ динамикалуу. Кандай адам талантуу болот? Адабиятта, илимде, искусстводо жана башка тармакта чыгармачылык жөнүндө ойлонгон адам талантуу болот. Турмушта өнүгүү жөнүндө ойлонгон адамдын келечеги кең болот. Кандай адам өзүнө ишенимдүү болот? Кыйынчылык башка түшөрүн сезген, ошол мезгилде оптимисттик ойлорду ойлоп, андан чыгып кетүү жолдорун ойлогон, элестеткен, аракети ийгиликтүү, чындыкты гана сүйлөгөн, туура жол тандаган адам өзүнө ишенимдүү болот. Өзүнө ишенимдүүлүккө

үйрөтүү ыкмасы барбы? Бар. «Сыйынганда (Кудайдан) сураганыңардын баары берилерине ишенгиле, Кудай ойлогон нерсени гана берет» - деген Иса (ас) пайгамбар.

Ийгилик жаңы ийгиликтин жаралышына себепкер болот. «Адам өзүнүн сыйлоого арзырлык сапатын ойлойт, туура ойлонгон адам аң-сезимдүү аракети аркылуу жаңы ийгиликке жетет» (Дж. Кехо)

Сиз адамга алыстан (сүйлөшпөстөн) жардам бере аласыз. Ойду туура пайдалангандар бирөөгө жакшылык каалап, бата берет. Бирөөгө жакшылык каалаган, анын маанайын жогорулатып, көңүлүн көтөрөт. Ойдун күчүнө ишенбегендер аны пайдалана алышпайт.

**Аң**

Аңдын (подсознание) кубаты жөнүндө айта кетели. Аң – деп адамдын жогорку нервинин, дененин иш аракетин көзөмөлдөгөн (башкарган), аң-сезим көзөмөлдөй албаган нерсени түшүнөбүз. “Ар бир адамдын аңында дүйнөнү төңкөрүүгө жараган күч бар”-деп жазат Уильям Джеймс. “Эч кимден көз каранды эмес болуп жашагыңар келсе, жолу боло турган (ак жолтой) адамдын аң-сезиминдей аң-сезимдүүлүктү өнүктүргүлө. Аң-сезимдин мындай абалында адам бардык шарттан ийгиликке жана өнүгүүгө мүмкүнчүлүк көрөт”.

Анатомияда аң-сезимди мээнин жалпы массасынын 1/10 түзгөн боз түстөгү зат башкарат деп ырастайт. Калган триллион нерв клеткалары аң-сезимдүү түрдө колдоно алгыс көп маалымат камтыйт. Аңдын аң-сезимден айырмасы кайсы?

Аң адамдын нерв системасы, денеси менен байланышкан. Мээнин кабыкчасынын асты “жогорку мендин” (сверх Я) милдетин аткарат. Мээнин ушул бөлүкчөсү адамдын дили, менталитети менен түз байланышта болуп, жогорку сезимталдуулуктагы жөндөмгө ээ болот. Адам дили аркылуу асрталдык дүйнө, эгрогор (коллективдүү бейаң) менен байланышат. Аң менен түз байланышуунун, баамдоонун көптөгөн техникасы бар. Ички программага, ооруга, психиканын нормадан четтешине себепкер −аң. Аң менен байланышуу аркылуу адамга жана өзүнө таасир этүү техникалары бар. Аң аркылуу интуитивдүү инсайт (б. а. туура чечим чыгарууга мүмкүндүк берчү маалымат) алууга болот.

Адамдын организминдеги функциялардын барын аң башкарат. Адамдын өмүрүндө өткөргөндөрдүн бары аңда (эсинде) тутулуп калат, ошону менен бирдикте анын ойлору жана сезимдери катталат. Аң адамдын иш-аракетине жардам берип багыттайт. Аң интуиция, түш, туюм аркылуу керектүү идеяны жана чечимди билдирип турат.

Турмуштук ар кандай жагдайда эмне кылуу керек экендиги жөнүндө чечим, идея аңда табылат. Аңдагы мезгилдүү кайталануучу ойлор, сезим, эмоция, импульс аркылуу

окуя жүзөгө ашат (материязацияланат). Аңдагы планды аң-сезимдүү түрдө бышыктап, (ой же сезим аркылуу) ойдун материалдык эквивалентин алууга болот. Аң ар кимге ийгиликтүү кызмат кылат, бирок анын күчүн, кызматын пайдаланганды (идеяны) ар ким билбейт.

Аң менен аң-сезимдин бирдиктүү функциясын Дж. Кехо төмөнкү аналогияга (кубулуштардын, түшүнүктөрдүн ортосунда окшоштукка) салыштырып түшүндүрөт. «Аң – жемиштүү кыртыш сыяктуу, ага түшкөн ойду (урукту) аң (кыртыш) кабыл алат. Адамдын ойлору жана көз карашы ушул кыртышка (аңга) түшүп турат. Аңда ойлор (буудай өнгөн сыяктуу) өнөт. Кыргызда «Эмнени эксең, ошону оросуң» - деген макал таамай айтылган. Мунун аңга тиешеси бар. Аң-сезим ойду баккан багбан сыяктуу. Адамга эмнени эгиш керек экендигин түшүнүү зарыл. Тилекке каршы көпчүлүк балдар аң-сезимдин ролун түшүнүшпөйт. Ошондуктан аңга келген ойлордун позитивдүүсүн калтырып, негативдүүсүн «тазалап» жаман ой эске түшө калганда «астапрылда» деп ага карама-каршы жакшы (позитивдүү) ой ойлоп табууну билишпейт. Ошентип биздин турмушубузда жакшы-жаман окуялар, оору, кырсык боло берет.

Эгерде адамдын ак жолтой (жолу ачык) же кара жолтой (жолу болбос) болушунун себебин түшүнгүңүз келсе, анда анын ички дүйнөсүнө көңүл бөлүңүз. Кыртыш (аң) түшкөн урукту (аңга түшкөн ойду) багбан өстүргөн сыяктуу иргебестен окуя катары чагылдырат, б. а. иште ийгилик, профессионалдык өнүгүү, жакшылык ж. б. катары чагылат. Аң учурду аң-сезим баамдагандай баамдай албайт.

Эгерде сиз турмушуңузду өзгөрткүңүз келсе, аң-сезимди пайдаланыңыз. Бир мезгилде адам позитивдүү да, негативдүү да ойлоно албайт. Экөөнүн бири сөзсүз үстөмдүк кылат. Ой жүгүртүүнүн бир тиби адамдын адатына айланат. Эгерде позитивдүү эмоция, ойлор негативдүү эмоцияга, ойлорго караганда үстөмдүгүнө адам жетишсе, проблема азаят, ийгилик көбөйөт.

Сырткы жагдайды жакшылыкка өзгөртүү үчүн ойду, ниетти ырасташ (позитивдештириш) керек. Көпчүлүк тескерисинче сыркы жагдайды жакшылыкка өзгөртүүгө аракет кылышат. Бул эффективдүү эмес аракет. Андан көрө ойду, ынанымды өзгөртүп жиберсе сырткы жагдай өзү өзгөрөт.

Балдардын жолу шыдыр, өзү бактылуу, окуусу ийгиликтүү болорун тилеп, коркуу, тынчсыздануу сезимди ойдон кууп чыгарсаңыз ийгилик камсыз болот. Жаман ойлогондон көрө аң-сезимдин жакшылык күткөнү дурус. Адатка айланган ойлор сиз күткөн окуя жөнүндө болсо, келечекте ал окуя (Кудай буйруса) ишке ашат (материязацияланат).

Ойду ырастоону (позитивдештирүүнү) адатка айландырып машыгуу керек, балдарды да машыктыруу керек. Аңдагы ийгиликке багыт бардык энергетикалык

резонансты (ойдун жаңырыгын) пайда кылат. Аң өзүнө ийгиликке жеткирүүчү толкундуу энергияны кабыл алып, ал максатка жетүүгө керектүү адамдарды тартып, жагымдуу жагдай түзүлөт.

Эгерде негативдүү ойлор үстөмдүк кылса, аң кырсыкты, проблеманы өзүнө тартуусу мүмкүн. Аң ойлордун жакшы, жаманын иргебейт. Мээдеги болгон ойго жараша, б. а. ниетибизге, үмүтүбүзгө, каалообузга жараша иш алып барат. Балким ошондуктан Мухаммед (салляллаху алейхи ва саллям) «Кудай ниетине жараша аракет берет» - деген. “Аракеттен адат жаралат, адаттан мүнөз, мүнөздөн тагдыр жаралат” – деген В.Теккерей. Аракетибизге жараша ийгиликке жетебиз.

Биздин ойлорубуз уюган энергияга айланып, бир нече жолу кайталанган образдар, ынаным, көз караш, элестетүү болуп жаткан окуяга, чындыкка таасир этип турат. Ошентип кайталангыс тагдыр калыптанып, сиздин тегерегиңиздеги реалдуулук жаралат.

Окуучулар ойду тазалоо ыкмасын үйрөнүп алышса, алардын келечеги (элдин келечеги) кең болмок, ар бир адам өнүксө, эл өнүкмөк.

**Интуиция**

Адамдын бардык аракетинде интуиция борбордук орунду ээлейт. Моцарт «менин ичимде эргүү келет» - деп ырастаган. Эйнштейн, Эдиссон, Ньютон, М. Кюри ж. б. өздөрүнүн ийгиликтерин интуиция менен байланыштырчу. Сократ «Ички дүйнөмө баш ием» - деп айтчу. Тед.Тернер «Кыраакылык менен интуиция жанаша болот» - деп ырастайт.

Адам керектүү мезгилде керектүү жерге келиши, турмушта таң каларлык жолдуу болушу − бактылуу кокустук эмес. Алар – интуициясы өнүккөн адамдар. Интуиция адамга качан жана кайда барып, эмне кылыш керек экендигин айтып турат.

Гарвард университетинде (АКШ) эмгектенген философ Генри Минцбер мамлекеттик кызматтагы жана ишкер (бизнесмен) адамдардан интервью алып, изилдеп көргөн. Булардын көпчүлүгү рационалдуу (логикалык) ой жүгүртүүнү талап кылган маселерлерди (проблемаларды) да интуициянын жардамы менен чечишет экен.

Мээнин функционалдык процесстерин изилдеген адистердин ырастоолоруна караганда мээ алган маалыматтардын бир аз гана (1% ке жетпеген) бөлүгү аң-сезимге жетет. Биздин аң-сезимибизде өзүбүздүн гана жеке тажрыйбабыз жана билимибиз камтылган. Ал эми аңда аалам жөнүндө толук билимдердин системасы (компьютердин эсине киргизилген сыяктуу) бар. Анын ичинде сакталган ар бир маалыматка кирүүгө болот. Муну интуициясы жакшы өнүккөн адамдар оңой аткарышат.

Адамдын лексиконундагы сөз байлыгы, алган билими, акыл дарамети чектелүү. Биз көз менен көргөн, акылыбыз менен тааныган, билип, түшүнгөн, эсибизде сакталып калган нерселерди гана айта алабыз. Алар чектелүү. Чектүү нерседен тышкарысын логиканын жардамы менен адам айта албайт.

Оболу интуиция деген эмне экендигин түшүндүрүп, ал жөнүндө кыскача маалымат берели. Интуиция дегенибиз – адамдагы узун, татаал ойлордун ирети жок эле, бир маселе жөнүндө үңүлүп ойлонуп туура чечим (жооп, чыгарылыш) табуу жөндөмүн түшүнөбүз (Е.Серпуховкая.Азбуканеопознанного.М.2003). Эзотерикада интуиция деп адамдын космостук күчтөрдүн (Кудайдын, периштелердин) билдирген маалыматын кабыл ала билүү, сезүү жөндөмдүүлүгүн айтышат. Интуиция дегенибиз – адамга чечим кабыл алууда керек болгон ички механизм, бир маселе боюнча терең үңүлүп ойлонуп, чечүүгө керек болгон ички сезим, туюм, баамдоо, ойлоп табуу, өзүн-өзү коргоочу инстинкт (Дж.Кехо). Адамдын эмоцияналдык жакшы абалы ой жүгүртүүсүндө интуицияны жакшыртат. Интуиция − акыл-эстин, эмоцияналдык жана психикалык процесстин бөлүнгүс бөлүгү (Лора Дей).

Байыркы гректер адамга рационалдуу (б. а. логикага негизделген) ойлом жетиштүү эмес экендигин, интуициянын керектигин түшүнүшкөн. Адамды толкундандырган суроолордун көпчүлүгү аң менен байланышкан, аларга жоопту интуиция билет, бирок аны пайдалануу үчүн интуициялык символдорду, образдарды чечмелей билүү керек.

Түшүнүүгө оңой болуш үчүн интуициясы өнүккөн адам жөнүндө мисал келтирели: Кытайда обочолонгон кун фу боюнча окуткан мекемеде акылман окутуучу менен өспүрүм жолугат. Өзүн ишенимдүү алып жүргөн окутуучунун азиз (сокур) экендигин өспүрүм байкап, таң калат. Акылман өспүрүмдүн бутунун башындагы чегирткени байкадыңбы - деп сурайт.

–Агай, чегирткени кантип байкадыңыз?

−Балам, аны сен эмнеге байкай албайсың? - дейт акылман. Биз интуицияны жеткиликтүү өнүктүрбөгөндүгүбүздөн байкоого мүмкүн болгон нерсени байкабай жашоого көнүп калгандыгыбыз өкүнүчтүү.

Окуу планда каралган предметтерде, педагогика илиминде окуучулардын интуициясын өнүктүрүүгө жеткиликтүү көңүл бөлүнбөгөн. Окуучулар маанилүү чечим чыгарууда логикалык ой жүгүртүшөт. Натыйжада оптималдуу чечим таба албай калышат. Чыгыш окууларында (индуизм, буддизм, ислам) адамдын интуициясын өнүктүрүү техникасы каралган. Мисалы тажрыйбалуу мусулман узак убакыт келме, зикр айтып, ойду космостук аң-сезимге (Кудайга) концентрациялап (буруп) аң-сезимдин өзгөргөн абалына өтө алышат. Христиандар сыйынуусун кайталоо аркылуу («Господи, помилуй грешнего»

деп отуруп, логикалык ойлорду токтотууну) ишке ашырышат. Иогдор «самадхи» абалына (б.а адамдын рухий нурдануу (озерение) экстаз, транс, жогорку аң-сезимдүүлүккө жетүү үчүн бир нече саат медитация жасашат. Биринин артынан экинчиси (келип) чубалжыган ойлорду токтотуп, «оо-о-у-м-м оум-маке хуум» деп мантра кайталашат. Чубалжыган ойлорду токтоткон маалда мээге интуитивдүү ой келет.

Психологдор ойду токтотуунун төмөнкү техникасын (А.Свияш) сунуш кылышат:

-бир ойду кайталоо аркылуу ойлордун иретинен кутулуу;

-бир объектиге көңүл буруу;

- аң-сезимдүү түрдө ойлорду тыюу.

Мектепте интуицияны өнүктүрүүгө жеткиликтүү көңүл бөлүнбөгөндүктүн натыйжасында бүтүрүүчүлөр проблемаларын оптималдуу чечүүгө кудурети жетпей жатат. Натыйжада жаштар жаңы турмуштук проблемаларын оптималдуу чече алышпагандыктан пессимизмге моюн сунушат. Мамлекеттик масштабдагы проблемалар боюнча кызматчылар аңдан (из подсознания) маалымат алганды билбегендиктен кыйналышууда. Масштабдуу маселелерге «тиши өтпөйт» (акылы жетпейт), логикага таянып чечим чыгаргандыктан чечими оптималдуу эмес болуп, натыйжада элди да кыйнашат, өздөрү да кыйналышат. Ошондуктан жогорку класстын окуучуларына аңдан маалымат алууга үйрөтүү керек.

Окуучуга кандайдыр бир маселени чечүү керек болсун дейли, логикалык ой жүгүртүү аркылуу аны чече албай калды (чечкен күндө да ал оптималдуу эмес). Мындай учурда окуучу бардык фактыларды жана маалыматтарды эске алып, аңды толук кубаттуулугу менен мажбурлаш керек. Акыл ой чабытынын «тизгинин ооздуктап», аны толук тыйгыла. Аңда чексиз көп маалыматтар бар. Биз өз практикабызда оор маселе боюнча үңүлүн ойлонуп (ойду концентрациялап), тынч абалда отурабыз. Бир мезгилде мээге келген ойдон жүрөгүбүзгө кубанычтуу сезим келсе, бул интуициялык ой катары түшүнөбүз. Интуицияны өнүктүрүүнүн дагы бир ыкмасы – чыгыш элдеринин адабияттарын көп окууну сунуш этүү. Чыгыш элдеринин интуициясы өнүккөн. Алардын ой жүгүртүүсүн түшүнүү аркылуу баланын интуициясы өнүгөт.

Эгерде окуучу системалуу логикалык ой жүгүртүү аркылуу маселени чечүүгө аракеттенсе, ал интуициянын кызматынан пайдалана албай калат, маселе оптималдуу эмес чечилет. Ошентип балдарыбыз оптималдуу чечим тапканды үйрөнбөй, кыйынчылыктары, лабиринттүү жолдору көп турмушка чыгышат, ар кимиси өз азабын тартып, бактыга жетпей жашап калышат. Тапкан чечими ойдогудай эмес адамдын маанайы пас болот, маанайы системалуу пас баланын интеллекти өспөйт, жүрүм-туруму, адаты, мүнөзү ошого жараша калыптанат.

Логика мээнин сол жарым шарынын функциясы, ал эми интуиция мээнин оң жарым шарынын функциясы (Р.Стоун) оң колуңуздун кызматы сол колдун кызматынан дурусураак. Мээнин оң жарым шарынын кызматы сол жарым шарынын кызматынан дурусураак.

Окумуштуулар идеяны ачыш үчүн интуицияны пайдаланышат. Аны үчүн өзүн бош (эркин) коюп, мээнин оң жарым шарын иштешине мүмкүндүк беришет, керектүү маселени чечүү жөнүндө ойлонушат. Интуитивдүү идеялар көбүнчө бизге түшүбүздө кирет. Доктор Фредерик Бантинг (Канада) инсулиндин курамын түшүндө көрүп, ошол түшү жөнүндө терең ойлонуп отуруп ачкан. Тигүүчү машинаны ойлоп табуучу Элнас Хоу ушул долбоордун үстүндө көп жылдар иштеген, бирок маселенин чечелишин түшүндө көргөн.

Аң ар башка убакта маселенин чечилишин ар түрдүү “айтышы” мүмкүн. Сиз интуициялык маалымат алганыңызды аңдап туясыз. Мындай учурда жүрөгүңүздө кубаныч толуп, ишеничиңиз артат. Мына ушул туюм (интуиция) сиздин мээңизде жаралган тынымсыз (логикалык) ойлордон айырмалайт.

Позитивдүү (ырас) ойлор, туура ынаным, диний билим адамды интуициялык аракетке жакындатат (өбөлгө болот). Кээде ойлонуп отурганга убакыт жок, адамга тез чечим кабыл алууга туура келет. Мындай учурда кантип интуициялык ойду аңдан алып чыгууга болот?

Өзүңүзгө ыңгайлуу жерге отуруңуз, денени бош кое бериңиз, бир нече терең дем алып, ийниңизди айландырып кыймылдатыңыз. Мээнин тынчтангандыгын, дененин бошоңдогонун сезгенден кийин өзүңүзчө (10 жолу) ишенимдүү түрдө «Мен Кудай кааласа туура чечим табам» деп кайталаңыз. Сөздүн кубатын сезиңиз. Акыркы жолу кайдаланганда чечим ойго келиш керек, келбесе 11,12… жолу кайталаңыз. Чечим оюңузга келет. Мээни интуитивдүү ой ойлоп тапканга машыктырыш керек. Машыкпаган мээге интуитивдүү ой келбейт. Ошентип логикалык ой аркылуу чечим чыгаргандан көрө аңдан жардам аласыз.

Логикалык ойдон кээде оолак болгон пайдалуу. Логикага гана таянып жашоо мүмкүн эмес. Анткени турмуштун сырлары, парадокстору (адат болуп калган пикирге карама-каршы, акылга сыйбаган укмуштуу нерселер) өтө көп. Логикалык жол менен алардын баарын түшүнүп, чечим табуу мүмкүн эмес. Андан көрө аңга, б. а. Кудайдын адамга берген чексиз жакшылыгын алдын ала сезүүгө ишениш керек. Акыйкат жолду рационалдык (логикага негизделген) ойдун чегинде калган адамга караганда интуицияга таянган адам тезирээк таба алат, чечим чыгарат. Интуицяны өнүктүргүсү келген окуучу шашпаш керек. «Шашкан – шайтандын иши».

Тилекке каршы орто мектептерде интуициялык ойломду өнүктүрүүгө жеткиликтүү көңүл бөлүнбөйт. Андан көрө терең жана кенен билим берүүгө б.а. билимдин сапатына жана көлөмүнө көңүл бөлүү максатына ылайык деп түшүнөбүз. 1989-1992-жылдары АКШнын демилгеси менен окуучулардын даярдыгын салыштырмалуу баалоо боюнча эл аралык изилдөө иштери жүргүзүлгөн. СССРдин окуучулары табигый-математикалык цикл боюнча эң жакшы жыйынтыкка ээ болушкан, гуманитардык цикл боюнча алдыңкы орундарды ээлеген, бирок анын натыйжасында биздин интуициябыз, жашоо шартыбыз, рухий абалыбыз, адептик аң-сезимдүүлүгүбүз эң жакшы болуп калган жок. Реалдуу турмушта ал билимдердин көпчүлүгү колдонулбайт. Балдардын баарынын билим сапаты жакшы болсо да, турмуштук проблемаларды толук (оптималдуу) чечүүгө жөндөмдүү эмес болуп кала берет (Р.Стоун). Программада каралган бардык маалыматты чогулткан күндө да толуктоого муктаж болгон кемтиктүү жери табылат. Аңда ааламда болгон билимдердин системасы толук бар. Жаңы идеялар, чечимдер, жооптор, ойлор аңда толтура. Алар дайыма болгон, боло бермекчи. Кандай маселе болбосун, аны чечүүгө жетүүчү аңдын күчүн, кубатын туйсак, идеялардын жетишсиздиги болбой калмак. Анда аң-сезим аңдан тынымсыз жаңы маалымат алуу үчүн аракеттенип калмак. Ошондуктан Иса (алейхисалам) пайгамбар “Кудайдын падышачылыгы силердин ичиңерде» - десе керек.

Турмушта эзилген адамдын интуициясы начар өнүккөн, ал интуициясы өнүкпөгөндүктөн эзилип жашайт, турмуштан туура жол таба албайт. Интуициясы өнүккөн бала туура чечим таба алат, анда анын маанайы жогору болот, мындай балдар турмушта туура жол таап кете алышат. Интуициясы өнүккөн адамдын башкаларга пайдасы тиет, өнүкпөгөн адамдын зыяны тиет. “Жакшынын шарапаты, жамандын кесепети (башкаларга ) тиет”.

“Баарынан жогорку ой – кубаныч камтыган ой (б.а. интуитивдүү ой), баарынан түшүнүктүү сөз – акыйкат камтыган сөз, баарынан улуу сезим – сүйүү”- деген Никол Дональд Уолш.

**Түш**

“Түш адамдын кайсы жерде жүрүп, кайсы жакка бара жаткандыгын көрсөтөт. Алар сиздин тагдырыңызды алдын ала ачат”. К. Юнг.

Биздин доорго чейин 3000 жыл мурда жазылган Байыркы Вавилондук Пельгамаш эпосунда түш жоруу боюнча чоподон жасалган таблица бар, б.а. биздин доорго чейинки адамдарды түш кызыктырган. Жусуп (алейхисалам) пайгамбар Фараондун түшү аркылуу элди кандай келечек күтүп турганын айткан. Анын түшүндө жети семиз өгүздү жети арык

өгүз жеп кеткен, Жусуп алейхи салам жети жыл токчулук, андан кийин жети жыл ачарчылык, муктаждык болорун алдын ала айткан.

Түндүк американын индеецтери түш жоручу бөлмөгө келишип, түшүн жорутуп, ошого жараша чечим чыгарышат. Түштө адам туйган жана туя элек күнүмдүк образдар аралашып көрүнөт. Аңда камтылган маалыматтарды (акылман ой, идея, жашоонун маңызын) адам түшүндө көрүшү кызык.

Көпчүлүк окумуштуулар маселенин түйүндүү жеринин чечилишин түшүндө биринчи көрүшүп, анан аң-сезимдүү түрдө иштеп чыгышкан. Мисалы Эйнштейн түшүндө нур минип учкан, аны аң-сезимдүү түрдө ойлонуп салыштырмалуулук теориясын ачкан. Менделеевдин мезгилдик системасын ал түшүндө көргөн. Нобель сыйлыгынын лауреаты доктор Джеймс Ватсон молекуланын ДНКсынын табышмактуу касиетин, бири-бирине оролгон эки жылан катары түшүндө көргөн, ойгонору менен «бул менин издегеним болуп жүрбөсүн, ДНК бири-бирине оролгон спираль сыяктуу окшойт» - деген ойго келген. Ушул божомолду текшерип көрүп, генетикалык коддун (шарттуу системанын) сырын ачкан. «Түш − адамдын тилинен мурда жаралган аң-сезимибиздин бөлүгү, адамзаттын жашыруун мааниси бар тили, символдору, алллегориялар б.а. абстрактуу түшүнүктү конкретүү образ аркылуу түшүндүрүлүшү. Түш аркылуу адам жогорку космостук аң-сезимден маалымат алат» (Р.Стоун). Кыргыздар аны Кудайдын (периштелердин) билдирүүсү, белги бериши катары түшүнүшөт. Жаман түш көрсө жин-шайтандардын азгыруусу, «түшүң түлкүнүн богу, өзүң менин богумсуң» -деп коюшчу.

Биздин аракетибиздин эмнеси туура экендигин түш аркылуу көрсө болот. Түш дисгармониянын, эмоцияналдык проблеманын жашыруун себебин көргөзөт. Адамдын жашоосундагы терең маңызын ачат, көпчүлүк кубулуштар чечмеленет. Адамдын тагдыры, келечеги жөнүндө маалымат берет, жашыруун потенциалын турмушта пайдалануу жөнүндө белги берет, турмуштук өзгөрүүлөргө көнүүгө жардам берет. Кыргыз үй-бүлөнүн мүчөлөрү бири-бирине жакшы түш көрүүсүн каалап жатышат, айрымдары пайгамбарыбызды (салляллаху алейхи ва саллям) көрүүнү каалашат.

Түштүн 90% маанисиз нерселер сыяктуу көрүнөт, чындыгында маанисиз нерсе деле түшкө кирет. Түшкө кирген кээ бир символдор адамды ойлондурат, ой аркылуу учурдагы жагдайды толук түшүнүүгө мүмкүн. Түшкө кирчү символдор тилден мурда жаралган деп ырасташат психологдор, ал белгилер адамдын аң-сезиминин бөлүгү. Түш адамдын аңдан аң-сезимге жиберген кабары, ал адамдын ички дүйнөсү жөнүндө маалымат берет.

Түш адамдын кандай кыйынчылыкка, качан дуушар болорун, ал эмнени байкабай жаткандыгын, эмнени айланып өтүш керек, эмне коркунучтуу экендиги жөнүндө маалымат берет. Түшүндө адамдын кыйналуусу эмне менен байланыштуу? Аңда

камтылган маалыматтардын ичинен адамдын тагдырындагы кайсы маселе маанилүү (эмнеге көңүл буруу керек) экендиги жөнүндөгү билдирүүсү болгондуктан, адам кыйналат. Кайталануучу түш — сиз түшүнө албай жаткан нерсени түшүндүрүү үчүн, кайра-кайра кайталоо менен сизге жеткире албай жаткан аңдын аракети. Эгерде адам түшүн туура жоруп, туура аракет кыла баштаса кайталануучу түш да токтойт.

Кыргызда түш жоруу эл арасында илгертеден сакталып келе жаткан каада-салттын бир түрү. Айрым адамдар жакшы түш көрсө, көңүлү куунак болуп, жаман түш көрсө маанайы пас жүрөт, анткени түшүнө ишенет. Ошондон улам кечкисин коштошордо «жакшы түш көрүп жат» дешет. Эл арасында жакшы түш көрүп, ийгиликке жетсе же уулду болсо, түшүм туура чыкты дешет. Жаман түш көрүп, кырсык болсо, ушундай болмок дешет. Ошондуктан эл акыл-эстүү, ишенимдүү, билимдүү адамга түш жорутууга аракеттенишет. «Түштүн башы казандай, мойну кылдай» деп айтылат элде, кандай жоруса, ошондой келет. Илгери адамдын жакшы түшүн көп акча, мал берип сатып алчу экен, жаман түшүн агын сууга айтып, «агызып кет» дечү. «Эркек карып эшек минип түшөбөйт, катын карып камыр жууруп түшөбөйт» деп айтылат. Айрым окуучулар түшүн мугалимге айтышат. Мисалы, «Окуучу биздин үйгө ууру кириптир, алар бөбөктөрүмдү өлтүргөнү жатышыптыр, мен аларды коргоп аянбастан мушташып жатыптырмын»-десе, “сен алсыздарды коргогон жакшы инсан болот эксиң”- деген сыяктуу (жакшыга) жоруп койгон дурус, же «кайрымдуу, боорукер болот эксиң, мушташып жатсаң кайраттуу болот эксиң, аянбастан аракеттенсең, дилиң таза жигит болот эксиң» деген сыяктуу (жакшылыкка) жоруп, бата берип койгон дурус.

**Туура көз карашты калыптандыруунун мааниси**

Көз караш деп − адамдын обьективдүү дүйнөгө, табийгатка, коомго карата пикирлеринин жыйынтыкталган системасын түшүнөбүз. Адамдын дүйнөдөгү орду, адамга, элге мамилеси, акыйкаттыкты тааным жолу, идеалы, принциптери, ынанымдары бири-биринен айырмаланат. Мисалы илимий, философиялык (идеалисттик, материалисттик ж.б.), диний (исламий, христиандык, буддистик, иудейлик ж.б.) турмуштук жана башка көз караш болушу мүмкүн. Альберт Эллистин ырастоолоруна караганда: «Адамдын турмуш, жашоо жөнүндөгү ою, көз карашы, элестетүүлөрү туура эмес болсо, анын турмушу, аракети туура эмес болот. Демек турмушта туура (оптималдуу) жол табууга ага мүмкүнчүлүгү жок болот». Айрым мугалимдердин адептик жүрүш-туруш нормалары боюнча көз карашы, элестетүүлөрү туура эмес. Бул балдардын проблемалуу болушуна түрткү болот. Буга мисал келтирели. “Ар бир окуучу бардык адамдар менен жакшы мамиле түзүп, алар кылган ишти урматтап колдоо керек”. Бул – жаңылыштык.

Чындыгында  бардык адам менен жакшы мамиле түзүү мүмкүн эмес. Адамдын кылган иши, пикири элдин баарына жага бербейт. Бирөөгө жаккан нерсе, башкаларды кыжаалат кылат. Баарына жагам деп жатып, бала өз алдынчалуулуктан, өзүнө ишенимдүүлүктөн, терең ойдон, бүтүндүүлүктөн (целостость), жыйнактуулуктан айрылып калуусу мүмкүн. Мындай абал окуучуну тынчсызданууга  алып келет. Андан көрө аны (баланы) түшүнгөн адамды таап, алар менен кызматашып, ой бөлүшүү пайдалуу. Ар бир мектепте популярдуу (белгилүү) болууга умтулган балдар табылат. Өз алдына мындай максат койгон бала бара-бара принципиалдуу чечилбеген проблемага кезигерин мугалим билиш керек. Анткени бала баарына жагууга  кызыгып калды.

«Көпчүлүк адамдар өзүнүн көз карашын өзүнө каршы пайдаланышат»,–дейт Джон Кеко. Муну кунт коюп, проблеманын өзөгү өзүнүн көз карашынын чектелгендигин же туура эместигин анализдеп, ачып алмайынча «көз карашы проблемалуу» адам окшош проблемалардын  айлампасында (тегерегинде) жашай беришет. Көз карашындагы түйүндүү жери табылса, проблема да чечилет. Мисалы: «А»нын ден-соолугу начар. Анын ден-соолукка карата көз карашы туура эмес. Оорукчал адамдар менен сүйлөшсө, алар өз дарты, жугуштуу вирустар, инфекциялар, ден-соолукка байланышкан проблемалар жөнүндө сүйлөй беришет. Натыйжада «А» улам бир дартка чалдыга берет (б. а. ал өзүн өзү ооруга программалайт) «В нын» каражат табуу проблемасы дайыма чечилбейт. «Акчага мамилеси туура эмес адамдарда каражат табуу проблема көп болот» - деп ырастайт Дж. Кеко, анткени андай адамдар «акча топтогонго мүмкүн эмес» - деп ойлошот.

Негативдүү (туура эмес) көз караштагы адамдын мээсине жаман ойлор келе бергендиктен анын иши ийгиликтүү бүтпөйт, анткени ал көз карашындагы туура эмес багыт менен алпурушуп, көп энергиясы кетип калат.

Баланын туура эмес көз карашы аркылуу туура эмес мүнөз калыптанат. Туура эмес мүнөздүү өспүрүм, адамдар менен туура эмес мамиле түзөт, туура эмес иш жасайт. Ошол “туура эместер” чогулуп анын тагдырын аныктайт башкача айтканда бара-бара кырсыкка, бактысыздыкка, кайгыга, дартка чалдыгат.

Эгерде бала башынан материалдык баалуулуктарды жашоонун негизги максаты катары бааласа, анын эмоцияналдык дүйнөсү, рухий таанып билүү мүмкүнчүлүктөрү тарыйт, андай баланын башка чөйрөгө көнүшү оор болот. Стандарттуу эмес жагдайда анда агрессивдүү ой жаралат. Ачуусу келип турган маалда бала тескери иш жасап коет.

Эгерде өспүрүмдүн жашоодогу максаты катары, жөндөмүн өнүктүрүү керек деп эсептесе, анын эмоцияналдык спектри (чын көңүлдөн кубануусу же кайгыруусу) кенен болот. Ошондуктан анын өнүгүү мүмкүнчүлүгү, жаңы чөйрөгө көнүүсү, бир баскыч өйдө болот. Ал учурдагы мелдеште утулганы менен келечекте утат. Бирок интеллекти,

жөндөмү, логикасы канчалык өнүкпөсүн, алардын максаты жогору болгондуктан, (башкаруу, көзөмөлдөө менен иши байланышкандыктан) адамдарга, дүйнөгө агрессивдүү болуп, негативдүү эмоцияга келип көңүлү чөгөт, ошондой эле дартка чалдыгууга ынтымактуулугу жогорулайт. Агрессиянын адамды (инсан катары) бүлдүрүүчү күчү бар [37].

Өспүрүмдөр ак көңүл жан болууга үйрөнүшсө, алардын кыйынчылыкты жеңүү мүмкүнчүлүгү жогорулайт. Жогорку класстын окуучулары ак көңүл жан башка шартка жеңил көнөрүн билгени дурус. Ар кандай жагдайда туура жол таап же башкарып кетүү мүмкүнчүлүгү жогору болот.

Мектепте көбүрөөк кездешүүчү көз караш менен байланыштуу проблема жөнүндө айта кетели. Ар бир мугалим баланын образын анын окууга болгон мамилеси аркылуу гана көрөт. Көбүнчө окуучунун образын идеалдаштыруу аркылуу реалдуу оюн, көз карашын толук баалабай калышат, б.а. тарбияланып жаткан баланы субъект катары көрбөстөн ал таасир этүүчү объект катары көрөт. Мындай проблеманы Батыш педагогдору өтө маанилүү проблема катары баалашат. Тарбия-таалим аркылуу таасир этүүдөн баланы коргош керек деген көз караш антипедагогикалык кыймылдын жаралышына себепкер болгон. Алардын ою боюнча: «мугалим баланы тарбиялаш керек эмес, балдар менен достошкон сыяктуу мамиле түзүп, жардам бериш керек»-деп ырасташат. Бала өзүнө эмне керек экенин өзү сезет. Мисалы Австриядагы антипедагогикалык ассоциацияны «Балдар менен достошуу» деп аташат. Ассоциациядагылардын ою боюнча баланы тарбиялоо анын инсандык сапатын (табигый көрөңгөсүн) бүлдүрүүгө себеп болот, бул – аң-сезимдүү, атайын, максатты көздөгөн зордук. Биздин КМШлык педагогдордун көз карашы боюнча тарбиялоону кызматташуу аркылуу чоңдордун балдарга тийгизген таасири катары түшүнөбүз. Биздин реалдуулукта (30-40 бала отурган классты) Батыш модели аркылуу башкаруу кыйын, бирок алардын гумандуулугу урматтоого татыктуу.

### Туура эмес ынанымдагы окуучулар менен иш жүргүзүү

Өспүрүмдөрдүн жүрүм-турумунун проблемалуулугунун (шектүү же ишенимдүү эместигинин) бир себеби – алардын ынанымы. Ынаным деп − калыптанып калган ойдун, көзү жеткен пикирлердин топтомун түшүнөбүз «Жүз сомуң болгуча, жүз досуң болгон дурус» деп ойлогон баланын достору телефонду тынчытпай чалып турушат. «Дос күтүү кыйын» деп ойлогон өспүрүмдүн досу болбойт, анткени ал эч ким менен мамиле түзгүсү келбейт. «Менин бул жерде күнөөм жок» деген ынаным аны «актагансыйт».

«Адамдын аңында жаңы ынаным жаралса, анын алдында жаңы реалдуулук жаралат, б. а. ынаным өзгөрсө, реалдуулук өзгөрөт» дейт Дж. Кеко.

Эгерде өспүрүм «Жүз досуң болгуча, жүз сомун болсун» деген ынанымга келсе, анын достору өгөй боло баштайт, акырындап бири да калбай өгөй болот. «Досу жок адам – канаты жок кушка окшош» деп ойлогон баланын досу болот. «Атаганат, антташкан досум болсо кана» деп кайра-кайра ойлогон бала качандыр бир мезгилде чыныгы дос табат.

Адамдын ынанымы туура болсо, реалдуу турмушу – көңүлдүү, чечимдери оптималдуу болот. Пессимизмдин сазына баткан (ишинин ийгиликтүү болоруна ишенбеген) адамдын иши ийгиликсиз болот. Оптимисттин иши илгерилейт. Ошондуктан адамга дайыма оптимисттик ынанымда жүргөн дурус.

Эгерде өспүрүм «Мени кайсы эле жыргаган турмуш күтүп турат дейсиң» - деп ойлосо, аны чындыгында эле эч кандай жыргаган турмуш күтүп турбайт. Анда анын ойлору тынчсыздана берет. Эгерде мугалим окуучунун тынчсызданган ойлоруна көңүл бөлүп, тынымсыз ойлорун көзөмөлдөп позитивдүү ой таап турууга баланы үйрөтсө анын келечеги кең болот. Бул − акыл-эстин аракети.

Эгерде баланын мээсинде чектелген көз караш терең ынанымга өтүп кетсе, аны кеңейтиш үчүн улам, жаңы позитивдүү идеяны иштеп чыгуу керек. Эски көз карашка кайрылбас үчүн жаңы идеяны улам-улам кайталап, эске салып туруш керек. Аң-сезимдүү түрдө ынанымын, көз карашын иретке келтирип турган өспүрүм өрүштүү ойломго жетишет. Мындай өспүрүмдүн мээсине келип турган ойлор башкарбайт, ал өзү мээсине келип турган ойлорду көзөмөлдөп, аң-сезимдүүлүгүн өнүктүрөт.

Эгерде окуучу ойду бир нече жума позитивдештирип көнүксө, эки нерсе өзгөрөт.

1) Мээси тартипке көнүккөндүктөн окууда, иште аракетчилдиги активдүүлүгү артат, жөндөмү, аң-сезими өнүгөт.

2) Буга чейинки логикалык ойлому, түшүнүгү, чектелүү экедигин түшүнөт, мурдагыга карганда терең ойлоно баштайт. Өспүрүм айрым ойлордон толкунданып, кубанычтуу ойлор жаралат, рухий дүйнөсү тазарат.

Жаңыдан позитивдүү ой жүгүртүүгө үйрөнүп жүргөн окуучу колуна кагаз, калем алып жүргөнү дурус. Ал ойлоп тапкан ойду жазып койсо, аны кайра-кайра кайталап, оюн бекемдейт. Ошентип, логикалык ой жүгүртүүгө караганда сезимди козгогон эффективдүү (интиутивдүү) ойлордун деңгээлине көтөрүлөт.

Көнүгүү аркылуу мээнин жашыруун сырын үйрөнсө болот. Эффективдүү ой жүгүртүүгө үйрөнүү үчүн практика жүзүндө машыгуу керек. Ойду позитивдештирүүдөн баланын жашоосу позитивдешет (жакшырат). Буга ишенүү керек. Адам эмнеге ишенип, аны күтсө ошол болот. Көпчүлүк адамдардын бактысыз, шордуу болушуна өзүнүн ынанымы себепкер. Эгерде өспүрүм Чыгыш ойчулдарынын китептерин кунт коюп окуп, түшүнүп, анан өзүнүн көз карашын, ынанымын, ой жүгүртүүсүн салыштырса (анализдесе),

ал өзүнүн ой жүгүртүүсүнүн, ынанымынын натыйжасында кыйналып жашап жүргөнүн түшүнмөк.

Эгерде өспүрүм адамдар (эл) менен мамиле түзүүдө кыйынчылыкка дуушар болсо, анда анын көз карашы туура эмес, же ою таза эмес (оюнда таарыныч, көрө албастык, түшүнбөстүк ж. у. с. бар).

Ушул эле сыяктуу эгерде баланын ден-соолугу проблемалуу болсо, анын көз карашы же ынанымы туура эмес. Эгерде үй-бүлө акча каржат боюнча кыйкынчылыкка көп кездешсе, акчага мамилеси проблемалуу. Адам өзү “Турмушуң эшек араба, туулдуң калдың балаага” деп ойлонсо, ал бир балээден кутулуп, башка балээге тутулуп өмүрү өтөт. “Бирөөгө кор дүйнө, бирөөгө зар дүйнө” деп ойлосо, бир күнү кор болуп, бир күнү зар болуп жашай берет. «Кайда барса Мамайдын көрү» деп ойлосо кайда барса проблема, же өлүм менен кездешет. Негативдүү ынаным өзүнө окшогон терс ойлорду тартып турат. «Эшегине жараша тушагы» болот. «Жоктун түбү жок болот» деп айтылат, б.а. «жок» дей бергендин өзү жок болот. «Каниет карын тойгузат» деп ойлогон б.а. болгонго каниет кылганга (бул позитивдүү ойлом) буйруганын көрөт. «Ак көңүлдүн аты арыбайт, аты арыса да өзү жарыбайт» деп ойлогон адам ак көңүлдүүлүктөн бир мезгилде көңүлү калат, же жарыбай жашап өтөт. Андан көрө «Бергенге Кудай берет» деп ойлонсо, ак көңүл болуудан көңүлү калбайт, ага Кудай да берет.

Ой соолугун камсыз кыла албагандын ден-соолугу чың болбойт. Кыргыздар ошондуктан: «Ою соонун бою соо, ою соонун жаны соо»- дешкен.

Адам аңга (подсознание) түшкөн маалыматтардын негативдүүлөрүн тазалоого камкордук көрүп жашаш керек. Балдар телевизордон, газетадан, журналдан ою чектелген, туура эмес ынанымдагы авторлордун (негативдүү маалымат камтылган) чыгармаларын көрүп (окуп), ага ишенип алышса, чектелген ойлордун (туура эмес ынанымдын) рамкасынан чыга албай калышат. Мисалы: “Корупция гүлдөгөн өлкөдө адам кантип бактылуу болсун?”, “Ийгиликке жетиш үчун эгоист болуш керек”, “Жоктун жону катуу, жарды мамлекетте жашаган адам кантип жарысын” ж.у.с. ынанымга келишсе, андай балдардын келечеги кең болбойт. Мындай ынанымдан кутулууга мисал катары орус элинин «Жыланды жуткан дыйкан» жөнүндө жомогун айта кетели.

Дыйкан кожоюндун үйүнө келсе, ал шорпо берет. Шорпону ичип жатып дыйкан кашыкта кичине жылан бар экендигин көрөт. Кожоюнду капа кылбаш үчүн шорпону (жыланы менен) ичип салат. Бир нече убакыттан кийин ооруп калган дыйкан кайра кожоюнга келет. Кожоюну ошол эле бөлмөгө киргизип, даары куюп берсе, кашыктан баягы жыланды дагы көрөт. Эми ал айтууга аргасыз болот. Кожоюн түндүктө (үйдүн төбөсүндө) илинип турган жааны көрсөтөт. Көрсө жаанын кашыктагы сүрөтү жылан

сыяктуу көрүнөт экен. Дыйкан дарыны ичпей чыгып кетет, бир күндөн кийин оорудан айыгат.

Ошол сыяктуу эле дүйнө, коом жөнүндөгү чектелген көз караш, туура эмес ынаным кыялында «жылан жутуп алган» дыйкан сыяктуу адамга терс аракетин аткара берет. Бала ынанымы, көз карашы туура эмес экендигин түшүнгөндө гана аңдын терс аракети токтойт.

Азыркы мезгилде өспүрүмдөр туура эмес, ынанымдагы авторлордун чыгармаларын окуп алышып, «ишенбейм чыныгы махабаттын болоруна», «китепте гана жакшы адамдар болушат», «кыздардын баары жакшы болушса, жаман катындар кайдан чыкмак эле» - деген сыяктуу ынанымга келген өспүрүмдөр бар.

Чындыгында адамдын бардык проблемасынын автору - өзү, б.а. өзүнүн ынанымы, ишеними же көз карашы. Өспүрүмдүн аңына туура маалымат түшсө, турмушунда жаңы реалдуулук пайда болмок. Окуучу Чичиков. Хлестоков, Плюшкин ж.б. сыяктуу терс каармандар катышкан адабияттарды окуй берип, «Жакшы адам (дос) табуу кыйын» деген жыйынтыкка келген.

Натыйжада ал эч ким менен таанышкысы келбей калган. Анткени анын «ынанымы» бар. Ал өзүнүн күнөөсүн сезбейт. Чындыгында ынанымы туура эместигин билбейт. Эгерде мугалим ага оң каармандар катышкан, достукту даңазалаган адабияттарды сунуш кылса, анын ынынымы өзгөрөт, бир мезгилде ал « Досу көптү доо албайт» деп сүйлөп калат. Балким бала баштапкы ынанымы менен коштошо албай, эч ким менен таанышпай жүрүшү мүмкүн, бирок бала позитивдүү маалыматка бай адабияттарды окуусун уланта берсе, «кокусунан» бир күнү «Эч кандай проблема жок тура, бул проблеманы өзүм ойлоп тапкан турбаймынбы»- деп калат. Өзүн курчаган чындыкты анализдеп, түшүнөт, өзгөрүү керек экен деп жыйынтык чыгарат.

Бала үчүн туура эмес ынанымын туура ынанымга, чектелген көз карашын чектелбеген көз карашка өзгөртүшү, ошого жараша аракет, аны ийгиликке алып келип, турмушунда жаңы мүмкүнчүлүктөрдү, өзгөрүүлөрдү жаратат (Т.Бьюзен). Адамдын мээси адат боюнча аракеттенет. Эгерде өспүрүм өзүнүн мээсинде чектелген көз карашка, туура эмес ынанымга орун берип койсо, аны «тазалаш» үчүн карама-каршы позитивдүү ойду кайра-кайра кайталоону сунуш этүү керек. Бир мезгилде эски ынаным толук тазаланганда бала башкача сүйлөй баштайт. **Аңдагы туура эмес ынанымды тазалоо – акылдын гимнастикасы, адептик аң-сезимдүүлүктү өнүктүрүүнүн татыктуу каражаты.**

Элдин ийгиликке жетишпегендигинин, жардылыктын себеби, алардын ынанымынын туура эместиги, көз карашынын чектелгендиги, оюнун проблемалуулугу менен түшүндүрүлөт. Адамда өзүнүн жана башкалардын маанайын бузуучу, ойго бүлүк

салуучу, бүлүндүрүүчү, пессимисттик ойлор, туура эмес ынаным болбош керек, болсо адам аны тазалоого муктаж. Окуучу аларды китептерден (артында көрсөтүлгөн адабияттардын) тапса болот. Эгерде ал бир эле позитивдүү ырастоону тапса, ага көңүл бөлүп, жаңы ынаным иштеп чыгыш керек. Иш ийгиликтүү болуш үчүн баланын өзүнүн каалоосу, ынтызардуулугу зарыл. Шылтоодон, өзүн өзү курулай актоодон пайда жок.

Миллиондогон адамдар өзүнүн азыркы абалы менен канааттанышат. Кыргызстандыктар да канааттанышат. Ошондуктан аны өзгөртүүгө аракеттенишпейт. Алар «жашоо оор». «Оңой бекен жан бакмак, оңой бекен мал тапмак». «Бар болсо бакмагың кыйын, жок болсо тапмагың кыйын». «Качкан бакыт кайрылып келбейт». «Бирөө өлмөйүнчө, бирөө күн көрбөйт»- деген сыяктуу ынанымга орун берип коюшкан. Мындай ынанымдагы адам күн көрүш үчүн бирөөнүн өлүмүн күтүш керек. Андан көрө «Буйруса Бухарадан аш келет», «Тирүү койгонду куру койбойт» деп ойлосо эч кимдин өлүмүсүз эле күн көрсө болот. Азыр сиздерге туура эмес ынанымды туура ынанымга, ырастоого алмаштырууга мисал келтирели:

| Чектелген ынаным | Жаңы ынаным |
|---|---|
| 1. Жашоо оор | 1.Жашоо керемет. |
| 2. Турмушуң эшек араба, Туулдуң калдың балаага. | 2.Ою соонун – бою соо. Аракет кылсаң берекет болоор. |
| 3. Кайда барсаң Мамайдын көрү | 3.Тирүүлүктөн үмүт үзбө, үмүтсүз шайтан гана болот. |
| 4. Асылган оору алмайынча койбойт. | 4.Дарт берген Кудай дарман бер, батмандап бердиң, мыскылдап чыгар. |
| 5. Арачыга алты таяк. | 5.Айыпсыз аякка тикенек кирбейт. |
| 6. Жаңылбас жаак, мүдүрүлбөс туяк болбойт. | 6.Адам кааласа таштактан суу, такырдан гүл чыгара алат. |
| 7. Бар болсо бакмагы кыйын, жок болсо тапмагы кыйын. | 7.Бакча баксаң макта, акча тапсаң сакта. |
| 8. Оңой бекен мал бакмак, оңой бекен мал тапмак. | 8.Эчкини жараткан, эрмегин кошо жаратат. |
| 9. Өйдө тартса өгүз өлөт, ылдый тартса араба сынат. | 9.Оюң көңүлсүз болсо, ишиң жүрүмсүз болот, ою көңүлдүү болгондун эгини түшүмдүү болот. |
| 10. Качкан бакыт кайрылып келбейт. | 10.Саргара жортсаң кызара бөртөсүң. |
| 11. Бөдөнөнү кыргыйга жем жараткан сен дүйнө, эки эгиздин бирөөсүн | |

кем жараткан сен дүйнө.

11.Бул дүйнө кандай жыргал, кандай таттуу, бүгүндөн эртеңкиси ырахаттуу.

Эми балдар арасында туура эмес ынанымды туура ынанымга которууга карата көнүүгү сунуш этели.

| Чектелген ынаным | Жаңы ынаным |
|---|---|
| 1. Менин колуман эч нерсе келбейт. | 1. Аракет кылгандын иши илгерилейт. |
| 2. Менин мүмкүнчүлүгүм чектелүү. | 2. Элдин баары чамасына жараша оокат кылышат. |
| 3. Турмуштан орун табуу кыйын. | 3. Издеген табат, сураган алат. |
| 4. Мен эмне кыларымды билбейм. | 4. Элдин баарынын билгенден биле элеги көп. |
| 5. Мен жөндөмсүзмүн. | 5. Мен эмнеге жөндөмдүүлүгүмдү аныктай элекмин. Аны Кудай буйруган күнү аныктайм. |
| 6. Мен жаман мезгилде жашап жатам. | 6. Ар бир мезгилдин өзүнчө артыкчылыгы бар. |
| 7. Кыргызстандын экономикасы начар, оңолгончо көп бар. | 7. Мындан да начар абалдан эл өткөн, мындан да буйруса өтөбүз. |
| 8. Менин өзүмө ишенимим жок | 8. Өзүнө абсалюттуу ишеним эч кимде жок. |

Балдар жадыбалды жаттап калыш үчүн көп жолу кайталашкан. Ошол эле сыяктуу позитивдүү ойду кайталаш керек. Бала маанайы көтөрүлүп, чоң кубанычка келсе да андан ары аракеттенбесе баягы эски ынанымга кайрылып келет. Баягы кайраты, жигери кайда калганы белгисиз жоголот. Ошондой болбош үчүн «Темирди кызуусунда сок» дегендей жаңы ойду мугалим эске салып турганы оң же жаңы ойго алып келүүчү суроо берип, тапкан жооптун позитивдүүлүгүнө ынангандан соң, алардын көңүлүн көтөрүүчү сөз айтуу

дурус. Жаңы ой, ынаным, идея жаңы себилген урук, отурузулган көчөт сыяктуу, сугарып азыктандырып турбасаң куурап калат. Ошол эле сыяктуу жаңы ой, ынаным аң-сезимде терең «отурукташ» үчүн (бир айдан үч айга чейинки) мезгил керек. Ошол убакта балдар күнүгө атайын көңүл бөлүп, 10-15 минут жаңы ойду кайталап турганы максатка ылайык, болбосо бала ынанымын «өзгөрткөн» болуп, бир аздан кийин айласы кетип, үмүтүн үзүп, эски ынанымы менен калат. Жогоруда көрсөтүлгөн үлгү боюнча балдардын эски ынанымына карама-каршы бир нече варианттуу жаңы ой жазууну сунуш эткиле. Алардын ичинен жүрөгүнө жакынын тандап кайталасын.

Негативдүү ынанымды жаңы ынанымга алмаштырууга көнүгүү сунуш этели:

1) Сиздин көкүрөгүңүздү өйүгөн көйгөйлүү ынанымды жазыңыз. Ага тиешелүү сезимдерди козгогон ой формаларын жазып чыгыңыз. Эми аларды кунт коюп окуп, бул чектелген ынаным эмеспи деп ойлонуңуз. Демек буга карама-каршы позитивдүү ынаным болушу мүмкүн. Болгондо да бир нече варианттуу болушу мүмкүн. Алардын баары туура эмес, бул маанилүү эмес. Сиз ынанымыңыздын чектелген экендигине ынансаңыз, биринчи кадамды жасаган болосуз. Эгерде туура изденсеңиз мындай процесстен көп нерсе түшүнөсүз.

2) Ар бир негативдүү ынанымдын каршысында жаңы ырастоо жазыңыз. Мисалы, Бишкекте жумуш табуу кыйын. Бул ынаным адамдын аракетин чектейт. Эми буга каршы жаңы ырастоолордун бир нече варианттын жазалы.

- жумушка орношуунун жолдору көп;
- жумуштан көп неме жок, көп акы төлөнүүчү жумуш аз;
- болгон жумушка каниет кылып иштей турсам, дагы буйруганы болор;
- берейин деген кулуна, белен кылат жолуна, балким мен издеген жумуш табылып калгысы бардыр (ушу сыяктуу бир нече вариант ойлоп табыңыз).

Жогоруда көрсөтүлгөн техниканы пайдаланып, ынанымыңызга түзөтүү киргизиңиз. Ай сайын ынанымдын позитивдүүлүгүн текшерип, аларды иретке келтирип турган адам позитивдүү ырастоолордун көбүн иштеп чыгат. Аларды кайталоо аркылуу ой ынанымга айланат. Бул аракет кийин ишиңиздин ийгиликтүү болушуна өбөлгө болот. Жаңы ынанымды бышыктап аң-сезимде «отурукташтырып» өнөкөт ойго айландырбаса баштапкы ынаным кайрылып келет [14].

**Аң-сезимди негативдүү ойдон тазалоонун мааниси.**

Адам денесин бир жума жуубай койсо, тер жыттанып кетет. Үйдү тазалабай койсо чачылып, ыплас болот. Ошол эле сыяктуу адамдын аң-сезими, руху, дили тазалап турууга

муктаж. Адамга жакшы ой ойлоп таап, жаманынан кутулуп турган оң. «Жакшы тилек жарым ырыс» деп айтылат элде. «Баланын тилегин Кудай берет». Таза ой, жакшы тилек баланын аң-сезимин ээлеп, жүрөгүнөн түнөк тапса, анын өзүн-өзү баалоосу жакшырат, демек маанайы жакшырат.

Баланын маанайын буза турган жагдайлар жетишерлик көп. Эгерде бала өзүн өзү баалоосун бекемдеп, аң-сезимин жаман ойдон тазалоо ыкмасын үйрөнүп алса, көңүлү тынчып аракети арбыйт. Оңолуу жолун ойлойт, өзүн өзү көзөмөлдөйт, башкарат, башкаларга дем берет. Балдарды оптимисттик ойго салчу нерселерди айтып тургула. Мисалы: Балдар силердин келечегиңер кең болсун, силердин колуңардан көп нерсе келет:

- каалаган өнөрдү өздөштүрө аласыңар өнөрлүү өлбөйт;

- каалаган кружокко катышып, кесипке ээ болосуңар. Ар бир кесип ардактуу;

- чет тилди өздөштүрө аласыңар. Кайсы элдин тилин түшүнсөң, анын дилин түшүнөсүң;

- мектеп курагында эле изилдөө иштерди жүргүзүп, илим үйрөнсө болот. Китеп билим булагы, билим өнөр чырагы;

-дүйнө, коом, адам таануу мүмкүнчүлүгүңөр кенен, бул – билим. Билимдүү болсоң озоорсуң билимсиз болсоң осолсуң;

-куранды окуп, шарыят-мыйзамдарды диний илимди таанууга болот, чыныгы даанышман, акылман ойлорду ошол адабияттардан табууга болот.

Аңга жакшы маалымат киргизилсе, аң-сезим позитивдүү ойго багыттоого үйрөтүлсө, бала жакшы маанайда чоңоёт, ал жакшы компьютерге жакшы программа киргизилген сыяктуу көп вариантуу өнөр, кесип, илим ж.б. ичинен өзүнө жакканын адашпай тандайт. «Эмнени эксең ошону оросуң» дегендей, мугалим баланын аң-сезимине системалуу позитивдүү ой салса, чектелбеген мүмкүнчүлүктөрү бар, рухий дүйнөсү бай келечек ээлери чыгышат. Бирөөлөрдөн жакшылык көргөндүн бирөөлөргө жакшылыгы тиет. Дүйнө гармониялуу. Ошол гармониялуу нукка кирүү керек.

Адамдын ойлогон оюна жараша мүнөзү калыптанат. Джон Кеконун төмөнкү ырастоосуна көңүл буралы. Коркунучтуу ойлорду ойлогон баладан коркок адам чыгат. Ишенимдүү ойлорду ойлогон баладан өзүнө ишенген адам чыгат. Чабал ойлорду ойлогон баладан эрксиз адам чыгат. Күчтүү ойлорду ойлогон баладан чечкиндү адам чыгат. Максатка багытталган ойлорду ойлогон баладан максатка умтулган адам чыгат. Иш жүзүнө ашпас ойлорду ойлогон баладан камылгасыз, шалаакы, үнөмсүз, ишке жараксыз адам чыгат. Мазасыз (беймаза) ойлорду ойлогон баладан кубатсыз адам чыгат. Муңдуу ойлорду ойлогон баладан аянычтуу, боор оорууга татыктуу, өкүнүчү көп адам чыгат. Жигердүү ойлорду ойлогон баладан активдүү, демилгелүү адам чыгат. Назик сезим менен

коштолгон ойлорду ойлогон баладан мээримдүү, жароокер адам чыгат. Таарынчак ойлорду ойлогон баладан ызакор, тыржыйган, адам чыгат. “Кудай ниетине жараша аракет, амал берет” –деген Мухаммед (салляллаху алейхи ва саллям). Ниетиңе, аракетиңе, амалыңа жараша мүнөз калыптанат.

Өзүн жактырбаган өспүрүмдү ким жактырат? Бирөөлөр сизди жактырышын кааласаңыз, оболу өзүңүз өзүңүздү жактырышыңыз керек. Жактырыш үчүн оюңузду тазалаңыз. Өзүнө ишенбеген өспүрүмгө ким ишенет? Ишенимдүү болгуңуз келсе оболу өзүңүз ишениңиз. Аны үчүн чынчыл, сөзгө туруктуу болуп, пландаштырган ойду так аткарыңыз.

Эскертүү: жаман бала болбойт. Баланын жаман ою, кылыгы, мүнөзү, адаты, туура эмес ынанымы болот. Оюн өзгөртүүгө үйрөнсө, бала өзү өзгөрөт. Жаман ою бар бала өзүн жаман көрүш керек эмес, оюн өзгөрүүгө аракет кылыш керек

**Өзүн өзү баалоо**

Өзүн өзү жакшы, туура баалоо өтө маанилүү, бирок анын маанилүүлүгүн окуучулардын баары эле түшүнө беришпейт. Өзүн өзү баалоо кантип жаралат? Ата-энеден мээрим көрүп чоңойгон баланын өзүнө мамилеси жакшы болот. Ата-энеси системалуу жемелеп, урушуп, сындап, шылдыңдап, кемсинтсе, баланын өзүн оң баалоосу өтө сейрек учурайт (көбүнчө төмөн баалайт). Адамдан көңүл калуусу системалуу болсо, б.а. көнүмүш көрүнүшкө айланса, баланын көңүлү чөгөт. «Кылгылыкты кылып коюп, кыл жип менен бууп коюп» мойнуна албаган баланын өзүнө ишеним жок болот. «Биз өзүбүздөгү бир нерсени жашырып, мойнубузга албасак, ал өзүбүзгө ишенимсиздикти жаратат» -деген Роберт Фрост (АКШ). Өзүнө ишенбеген баланын өзүн өзү баалоосу төмөн болот.

Баланы өзүн өзү оң баалоого үйрөтүү керек. Аны үчүн маанайды көтөрүүчү ойлорду ойлоп, өзү жөнүндө уккан өнүктүрүүчү жакшы пикирлерди эстеп, жакшы тилек тилеп, алдыга жогору максат коюп, жашаган дурус.

Төмөнкү үч ырастоо окуучунун өзүн өзү баалоосун жакшырта алат:

1) Ар бир адам уникалдуу, сиз да уникалдуусуз. Дүйнө жүзүндө сиздей ой жүгүрткөн бир да адам жок. Сизден эч ким жакшы жасай албаган бир нерсе бар. Көпчүлүк өзүн оригиналдуу (башкалардан өзгөчө) эсептешет, сиз да өзгөчөсүз. Сиз алар жаңылгандай жаңылмак эмессиз. Жашоодо сиз бар үчүн кубанычтуу күндөр бар. Дүйнөдө сиз бар үчүн жашоо жарык.

2) Биздин мээбиз компьютер сыяктуу, биздин голографиялык (грекче holos − бардык, толук) мүмкүнчүлүктөрүбүздүн бардык варианты мээде толук камтылган. Алманын кичине данеги качандыр бир мезгилде шагы ийилген дарак болот. Адамдын

мүмкүнчүлүгүнүн потенциалы да чексиз сыяктуу. Бүгүнкү күнү ойлогон ой качандыр бир мезгилде (шагы ийилген дарактай мөмөлөйт) ишке ашат.

3) Ой жүгүртүү багытын тандоодо сизге (ар бир адамга) чексиз эркиндик берилген. Эч ким адамдын ойлорун көзөмөлдөп, тыя албайт. Оюңузда бактылуу келечек ойлоп табыңыз, аны тилек кылыңыз. Мен ыймандуу, айкөл, жоомарт, бактылуу, жакшы адам болгум келет ж.у.с.

Өзүнүн сапаттарын өтө жогору баалоо, өзүн өзү өтө урматтоонун жаман жагы бар, андай балдарда психологиялык проблема болсо да жок сыяктуу жашайт. «Ооруну жашырсаң өлүм ашкере болот» деген нуска бар. Психикалык проблема да ден-соолугундагы (соматикалык) проблема сыяктуу бир мезгилде оркоюп чыгат.

**Чыгармачыл ойлом**

Психологдор «чыгармачыл адам (жазуучу, окумуштуу, композитор ж.б.) менен чыгармачыл жөндөмү өнүкпөй калган адамдын айырмасы эмнеде?-деген суроонун үстүнөн көп ойлонуп, изилдешкен. Чыгармачыл ойломдуу адамдар өздөрүн чыгармачыл адамбыз деп эсептешет. «Мен жаңы нерсе жаратууга жөндөмүм жок» деп ойлогондор эч кандай жаңы нерсе жарата алышпайт. Чыгармачыл ой жүгүрткөн адам өзүн чыгармачыл инсан катары сезет. Алар туруктуу аракеттенишет. Иши оңунан чыкпаса, башка вариант издейт, баштаган ишин качандыр бир мезгилде үзүрлүү болоруна ишенишет. Ошондуктан көшөрүп эмгектенишет. Астында жолукчу кыйынчылыктан, каршылыктан тайманбайт, кайраты бар. Алар жаңы чечим чыгарышат, идея издешет, ишке жаңыча мамиле кылышат. Анын 99 аракети оңунан чыкпаса 100-варианттуу аракети болот. Алардын акылы өзүнө дайыма суроо коюп турат. Анын аракети көбөйгөн сайын өзүнө ишеними артат. Ошентип бир жаңы нерсе жаратат, жазат, түзөт же тургузат.

«Ачыла элек сандыкта, бычыла элек кундуз бар» - деп айтылат. Балдарды ачыла элек сандыкка салыштырса болот. Силер чыгармачыл балдарсыңарбы?- деп суроо берип көргүлө. «Ооба» деген балдарды куттуктай берсе болот. «Жок» деген балдар менен көп иш-аракет, амал издеп, иштөө керек. Ошол бойдон калгандардын (жоктун түбү жок болот, б.а. чыгармачылыгы жок болот) чыгармачыл жөндөмү өнүкпөй калат. Чыгармачыл жөндөмдү өнүктүрүүнүн ыкмалары бар. Башында тилек кылсын, максатка умтулсун, керектүү билимге, чыгармачыл көндүмгө ээ болсун, аракети көбөйгөндө турмуш өзү тилекке жетүүчү каражатты көргөзөт. “Жакшы ойду жаратуунун эң мыкты жолу − көп ой ойлоп табуу”-деген Нобель сыйлыгынын лауреаты, химик Лайнус Пуалинг. Эгерде окуучуда проблеманын бир эле чечими болсо, анын аракетинин бир эле багыты болот. Бул опурталдуу. Жашоодо бир эле жол билген баланын келечеги кантип кең болсун?

Турмушта адамга шартка жараша ийкемдүүлүк, ыкташуучулук, учурга ылайык өзгөрүү, көнүү керек. Адамдын аң-сезиминде бир эле чечим болсо, ал оюндагысын бербейт, өжөрлөнөт, айтканынан кайтпас болот, көк беттенет, башка адамдарга каршылашат. Ошентип оюнун чектелүүлүгүнүн натыйжасында эл менен мамилеси бузулат.

Биринчи ойго келген чечим көбүнчө оптималдуу болот, ошондуктан адам биринчи ойго келген чечимди тандайт. Эгерде ал оптималдуу эмес болсо, башка чечим болбочудай ойлонгон адам аракетсиз калат. Ошондуктан акыл-ой чабытына эркиндик бериш керек. Ойлонгула, демилгелүү болгула, бир эле проблеманын бир нече варианттуу альтернативасы болушу мүмкүн.

**Аалам менен гармониялуу жашоонун мааниси**

«Акылдуу адам ойлонот, акылман билет»- деп айтылат Чыгыш макалында. «Мен эч нерсени билбесимди билем» деген сөз — акылман адамдын (Сократтын) сөзү. Жүрөгү аалам менен гармониялуу адам баарын билет, баарын билген адамды акылман дешет. Акыл-эстүү адам бир нерсени божомолдойт, бирок анын акыйкат-чындыгы боюнча 100% ишеними болбойт, жүрөк аны сезет. Жүрөк поэзияда, динде борбордук орунду ээлейт. Акыл күмөндөр болушу мүмкүн, жүрөк ишенет. Акыл-эс анализдейт, салыштырат, жыйынтык чыгарат, жалпылайт. Кругозору өтө кенен, гений адамдын да акылы чектелүү. Ал баарын билбейт. Жөнөкөй жүрөктө аалам жөнүндө маалымат толук бар (камтылган). Эң терең акыл да жүрөктү түшүнө албайт. Эки адамдын жүрөктөгү сүйүүсү аркылуу адам жаралат. Жашоо процессинде акыл калыптанат, бирок масштабдуу (гениалдуу) акыл болсо да, сүйүүгө жөндөмдүү жүрөктү (б.а. жасалма эмес) жарата албайт. Жер шарындагы акылдардын баары биригип адам жарата албайт [17].

Ой — акылдын продукту. Акыл дайыма эле акыйкаттыкты, чындыкты чагылдыра албайт. Жүрөктө ой жаралбайт. Жүрөктөгү сезимди акыл коштогондо ой жаралат. Акыл өткөн мезгил, учур, келечек жөнүндө абстрактуу ойлоно алат. Жүрөк эмне болуп жатканын сезет, конкретүү учурда эмне кылыш керек экенин сезет, билет. Адам акылы жаны кыйналуу аркылуу тажрыйбага ээ болот. Жакшылык менен жамандык ар бир акылды ойлондурган, ар бир жүрөктү толкундандырган. Философтор да, диний адамдар да аны түшүнгүсү келген. Бул акылдын изденүүсү. Чыныгы сүйүү, кубаныч, мээрим акылда эмес. жүрөктө жаралат. «Акыл жүрөккө үстөмдүк кылса, кайдыгерлик жаралып, адамдан сүйүү, мээрим, санаалаштык кетип, ал муздак, мерээз болуп калат [17].

Баарынан көп жакшылыкка умтулган акыл да сезимсиз, эмоциясыз объективдүү ойлоно албайт. Адам акылсыз эмоцияга жана сезимге жетеленип башкарса, ал жүрүш-турушуна көзөмөл кыла албай калат.

Эгерде адамдын өмүрүндө эрос (эрос – байыркы еврейлердин ruah – Кудайдын рухунун кыймылдаткыч күчү деген мааниде которулат. Эрос деп жандын жашоого умтулуу функциясын аташат. Эрос бул - жашоону сүйүү, энергия, чыгармачылык) таасирдүү болсо, акылда энергия ашып-ташып галлюцинация башталат. Жыныстык зордуктоо ушундай учурда ишке ашат. Акылында энергия ашып-ташкан сезимсиз адам максатсыз, маанисиз, ашыкча активдүү болот. Мындай адамдар ойлонбостон иш кылат (анысы орунсуз иш, б.а. эч кимге пайдасы жок), сөз сүйлөйт (маанисиз бирдемени айта берет), же «акылы» бутуна тынчтык бербейт (максатсыз аракетчил болот). Мындай адам коркунучтуу.

Көпчүлүк адамдар биринчи орунга акылды коюшат. Көпчүлүктүн көз карашы акылга негизделген. Мээримсиз акыл башкы ролдо болбош керек, болсо дисгармония башталат. Наристелер да акылман сөз айтууга жөндөмдүү, анткени алар чоңдорго караганда гармониялууракак. Алар жүрөгү менен сезишет. Адам улгайган сайын рационалдуу дүйнөгө кире баштайт, рационалдуу дүйнөгө кирген адам ички дисгармонияга жол берип коюшат. Жүрөк – акыйкатты интуитивдүү сезүүчү орган. Сүйүү жүрөктө жаралат. “Жүрөккө жалаң эле сезимдин эмес, аң-сезимдин аракети таандык”- деген авторлор бар. (А.Некрасов Эгрогоры Ум, сердце, эрос. Краснодар 2002). Жүрөк дүйнөдөгү бардык акыйкатты сезет. Жүрөктүн согушу убакыттын өтүшүн өлчөп, бир эле мезгилде өтмө, түбөлүктүү нерселерди сезет. Акыл адамды жогорку зат кылса, жүрөк ыймандуулукту өзүнө камтыйт.

Акыл-эс күмөндөр болушу мүмкүн, жүрөк күмөндөр болбойт. Жүрөктөгү билимди диний адамдар ишеним деп аташат. Акыл-эс ишенген нерсеге аныктама берип, баалаган учурда идея, максат, идеал жаралат. Ишеним жүрөктө гана болот. Акыл менен жүрөктүн биргелешкен функциясы ишенимдүүлүктү жаратат. Жүрөктө кайгы, кубаныч, ырахаттануу, санаа, азап тартуу ж.б. ар кандай сезимдер жаралат. Акыл жүрөктө жаралган назик сезимдер жөнүндө ойлонот. Чыныгы генератор – жүрөк. Акыл жүрөктөгү сезимдерге жараша аракеттенет. Акыл аныктама берет. Өткөн мезгил, келечек боюнча ой жүгүртөт. Жүрөк учурдагы мезгил менен жашайт.

Жакшылык менен жамандык акылды ойлондуруучу, жүрөктү толкундандыруучу түшүнүктөр. Мээрим болгон жүрөктө жамандык ээрип кетет. Философтор менен теософтор бул түшүнүктөрдүн маңызын билгиси келишет. Чыныгы кубаныч акылда болбойт, жүрөк сүйүнөт. Сүйүнүч, сүйүү чексиз энергия жаратат. Акылдууга да, акылсызга да жүрөктөн жылуулук берилет. В.П.Вышеславцев (белгилүү философ): «Жүрөк − адамдын денесинин, рухунун, жанынын, жашоосунун борбору» - дейт.

Акылга караганда жүрөк – сырдуу, табышмактуу, түшүнүксүз, жашыруун нерсе. Адамдын чыныгы улуулугу түбөлүктүү баалуулугу жүрөктө.

Тилекке каршы көбүнчө жүрөк акыл-эстин бийлигинде калган учурда адамдын эң жакшы сапаттары ачылбай калат, жүрөк капаста калгандай, эркиндиги чектелүү болуп, адамга мээрим төгө албайт. Чыныгы эркиндикке жүрөгү, акылы жана руху гармониялуу болгон адам гана жетет [17].

«Акыл-эси жүрөккө караганда үстөмдүк кылган адам бийликке умтулат, ага жетсе деспотизмге, зордукка, зомбулукка өтөт. Анда көзөмөлгө алуучу күч керек болот. Мындай адамдардан турган коомдун келечеги тар, же жок, анткени алар өз кызыкчылыгын коргоп, башкага жамандык кылууга жөндөмдүү болушат. Акыл-эстин иерархиялуу (деңгээлине жараша тартиби) системасында жогорудагылардын кичине жаңылыштыгы элди чоң трагедияга алып келет, мындай шартта эл кырылып, цивилизациялар жок болот - деп ырастайт А.Некрасов.

Мээримсиз акыл негативдүү ойлорду ойлойт. Маанайы чөгүп турган адам спирттик ичимдик ичип, банги зат колдонуп кирет. Мээрими жок акылдуу адам толук хаоско, иретсиздикке же идеалдуу тазалыкка, иреттүүлүккө умтулат, бирок мындай иреттүүлүк, тазалык адамды бактылуу кылбайт (Муну фашисттик Германиянын үлгүсүндө көрүүгө болот).

Мээрим менен акыл айкалышканда гана (алар бири-бирин толуктап турганда) адам акылман болот. Тилекке каршы азыркы билим берүү системасы окуучуларга билим берет, акыл-эсинин өсүшүнө көңүл бөлөт, эске тутуусун машыктырат, логикалык, абстракттык, теориялык, практикалык ой жүгүртүүсүнө кам көрөт, анализ, синтез, образду ж.б. ой жүгүртүү өнүктүрүү боюнча кам көрөт, бирок акыл менен мээримди айкалаштырууга үйрөтүүгө, акыл, мээрим жана жашоо күчүнүнүн (эрос) гармониялуу болуусуна жеткиликтүү кам көрбөйт. Бул — өтө маанилүү проблема. Чыгыш окууларында колдонулуучу психотехникалар, акылмандуулукка машыктыруу ыкмалары биздин билим берүүбүздө дээрлик жок. Мектеп практикасындагы дагы бир олуттуу кемчилик: билимдүүлөрдү кубаттап, билбегендерди төмөн баалайт, атаандаштык сезимин ойготуп, окуучулар арасынада өз ара мелдеш уюштурулат. Акыл менен мээримди айкалыштыруу натыйжасы б.а. акылмандуулукка көнүктүрүү практикасы мектепке тиешеси жок сыяктуу. Бул XXI кылымдын башындагы - өтө көйгөйлүү маселе [17].

Акылмандар, даанышмандар, олуялар чыкпаган элдин келечеги кантип кең болсун?! Проблема акылды ашыкча өстүрүп койгондугубузда эмес, (акылды да өстүрүү керек) мээрим, жакшы көрүү сезими, сүйүү, эмоция ж.б. айкалыштырууга жеткиликтүү көңүл бөлүнбөгөнүндө. Мунун жетишсиздиги адамды текебердикке, агрессияга алып келет.

Мээримсиз башкарган жетекчи коркутат, үркүтөт, акылга, эркке таянат. Мээримсиз ой жүгүрткөн адамга турмуштан кубаныч, бакыт табыш кыйын. Өзү бактысыз жетекчи кантип элинин бактылуу жашоосуна камкордук көрө алмак эле? ***Акылман болууга умтулган балдарды тарбиялоо – келечектин милдети.***

Адамзаттын өнүгүү тарыхында атаандаштык адамдын чоң проблемасы болуп келген. Ал турмуштун баардык сферасына кирип кеткен, б.а. балдар бакчасынан, мектептен баштап саясий чөйрөгө чейин атаандаштык бар. Социалисттик мелдеш, класс арасында мелдеш, мектеп аралык мелдеш, предметтик турнир, олимпиада, спартакиада, викторина, эстафета, спорттук таймашуу ж.б. атаандашуунун ар кандай формаларын ойлоп тапканбыз. Атаандашуу аркылуу сезими курчуган бала классташын кантип жакшы көрө алат, ага кантип мээримдүү болот? Бул эч кимдин оюна келбеген сыяктуу. Балдарды атаандаштырбай жөндөмүн өнүктүрүүгө качан үйрөнөр экенбиз. Олимпиададан жеңүүчүлөрү жок мектепти ишинде ийгилиги жок мектеп катары түшүнөбүз. Системанын өзү кынтыктуу [17].

Мелдештен уткан бала өзүн акылдуу, эрки күчтүү, чилистен, кругозору кенен, билими терең сезет, текебер болот б.а. өзүнүн бир сапатын башка сапатына караганда жана башкаларга караганда көбүрөөк өнүктүргөн, бирок ал гармониялуу эмес. Мээримсиз акылын, эркинин күчүн өнүктүрүү коркунучтуу. Атаанчылдыкка берилген адамдардын акылмандуулугу өнүкпөй калат, анткени ал «башка эмне болсо ошо болсун, мен өзүм жеңсем, утсам болду» – деп ойлойт.

Атаандашуу проблемасын изилдеген Америкалык белгилүү философ, футуролог (лат.futurm-келечек, Жердин, адамзаттын социалдак келечегин изилдөөчү) Роберт Агер: “атаанчылыкка берилген, адам рухий жактан жеткиликтүү өнүкпөй каларын белгилейт, адамзаттын рухий жактан өнүгүүсү атаанчылыкка караганда маанилирөөк экендигин прогрессивдүү адамдар түшүнүштү. 200-300 жылдан кийин адамзат рухий жактан өнүгөт, ошондуктан (азарттуу) спорттук оюндардан (б.а. атаанчылдыктан, тамекиден, бангизаттан) баш тартат”- деп ырастайт.

Мээримсиз, сүйө билбеген аң-сезимге негативдүү ойлор келип турат. Ошентип адамга азаптын «эшиги ачылат». Мээримсиз, эмоциясыз, сезимсиз жалаң акылга таянган адам адашат. Оруста “шайтан тозокко алып баруучу жакшылыктын 70 эшигин ачат” (Дьявол открывает 70 дверей добра ведущий в ад) - деген макалы бар. Акыл мээримсиз, сезимсиз аракеттенсе «жакшылыктын» эшигине кириш керек деп ойлойт. Адамдын тарткан азабынын көпчүлүгү ушу менен байланыштуу. «Акылдан азап» тартуу (А.С.Грибоедов) ошон үчүн дайыма актуалдуу. Азап аркылуу акыл тажрыйбага ээ болот.

Эгерде ***акыл жүрөктөгү мээрим менен толукталса, б.а. жүрөгү сүйө билсе, башка чөйрөдөн келген негативдүү маалыматтар, ойлор мээримден фильтрленип (тазаланып), ээрип, акыйкаттын үрөөнү гана калат. Акылмандуулук ушинтип жаралат*** - деп ырастайт А.Некрасов.

Баланын кандай гана азаптуу жоруктары болбойт дейсиң. ***Энесинин мээрими болгон үчүн баланын жаманы жабылып, жакшысы табылып чоңоет***. Ошол эле мезгилде эне өзү бактылуу болот. Эгерде ***адам ар бир адамга карата эне мээриминдей мээримдүүлүккө жетише алса, ал акылмандуулуктун ырахатын сезмек.***

Совет доорундагы педагогикалык, психологиялык адабияттардын кемчилиги: илимпоздордун гана ырастоолору берилип, ал эми адептик билимге түздөн-түз тиешеси болсо да пайгамбарлардын, даанышмандардын, акылмандардын ойлору киргизилчү эмес, мунун натыйжасында адептик билим берүүнүн бөксө жери көп болгон. Мисалы, көпчүлүк акылман аалымдардын ырастоолоруна караганда шайтан адамдын акыл-эсинде жайгашат, ал адамга терс ой, жаман пикир салып турат (Ибрагим Малик. Параллельный мир. М. 2000). Ошондуктан Иса алейхисалам «Силердин сөзүңөр «ооба, ооба, жок, жок» менен бүтсүн, калгандарынын баары шайтандан (от лукавого) деген. Көбүрөөк угуп, байкап, сезип, туюп, сүкүт чалуу керек –деп ырастайт диний окуулар. Бул адамдын жан дүйнөсүнүн (дилинин), жүрөгүнүн өзгөчө аракети. Адам аң-сезимди терс ойдон тазалоо техникасын пайдаланбагандыктан өзү жабыр тартууда. Ал эми жүрөгү мээримсиз адам тилине эркиндик берсе (көп сүйлөсө), адамды азапка салат, адам өзү күнөөгө батат, акылы үстөмдүк кылган адам текеберленип сүйлөйт, өзүн жогору коёт, анткени акылы ой жүгүртөт, баалайт, анализдейт, өзүнүн башка менен салыштырмалуу «артыкчылыгын» табат.

Америкалык Майкл Харт аттуу окумуштуусу “Адамзаттын өнүгүү тарыхындагы эң таасирдүү 100 инсан” атуу эмгегинде дүйнөгө эң кеңири белгилүү 100 инсан жөнүндө жазат. Алардын адамгерчиликтүү сапаттарын жана адамзаттын өнүгүшүнө тийгизген таасирин изилдеп, №1 орунга Мухаммед (салляллаху алейхи ва саллям) пайгамбарды койгон. Андан кийинки орундарда И. Ньютон, Иса (алейхи салам), Будда, Конфуций, Эйнштейн, Маркс, Галилей, Ленин ж.б. ыйгарган. Адамзаттын өнүгүү тарыхында №1 болуп эсептелген инсандардын гармониялуу жашоо жөнүндөгү осуяттарын, адептик нускаларын, акылман ойлорун мектепке жолотпосок, окутуу кынтыктуу болот да.

Көпчүлүк үй-бүлөдө мээримдин жетишсиздигинен балдарын гармониялуу тарбиялаганга шарт жок. Үй-бүлөдө мээрим көрбөй чоңойгон балдар жыл сайын көбөйүүдө. Телевизор менен компьютерде зордук, агрессиялуу мазмундагы фильмдер жыл сайын көбөйүүдө. Көчөдөн ушул сыяктуу көрүнүштөрдү көрөт. Бала гармониялуу

өсүш керек экендигин өз алдынча кайдан билсин? Анчалык өнүкпөгөн акылы менен шартка ыңгайланышып чоңоёт. Амал, айла таап аракеттенет. Өзү мээрим көрбөгөн балада мээрим кайдан жаралсын? Мээримдин наркын бала кантип түшүнсүн? Өнүкпөгөн акылы менен бала ойлонуп, турмуштан өз ордун издейт, жыйынтыгында жан дүйнөсү серт, рухий дүйнөсү жарды балдар өсүп чоңоюшат.

Мээримди баалабаган, акыл-эске таянган (б. а. жүрөктүн аракети жетишсиз) ата-энелер баланы жашоосунун башында эле гармониялуу эмес жолго өздөрү салышат. Мисалы, айлыгына, статусуна ж.б. пайдасына карап жогорку окуу жайды тандоо жөнүндө «кеңеш» берет. Ал эми баланын жөндөмү, шыгы, кызыгуусу, ички абалы экинчи орунду ээлейт. Баланын өзүнө да, ата-энесине да, балага эмне керек экенин баамдап түшүнүү кыйын, анткени бала дайыма эле өз талантын ачып көрсөтө албайт. Ошентип бала 11 жыл мектепте, 5-6 жыл ЖОЖдо өтө көп энергия, каражат, убакыт коротуп окуйт. Натыйжада «билими» (диплому) болгону менен жүрөгүндө тандаган эмгекке сүйүүсү жок, адамзатка, адамга карата мээримсиз адам чыгат[22]. Кесибин сүйбөгөн адамдан кайсы чыгармачыл адис чыксын? Ишке жан-дили менен берилип, ойлонбогон адамда кайдагы (гармониялуу) өсүү болсун. Ошентип чыгармачылык жок болгондуктан бизде өнүгүү жок, тандаган кесибин сүйбөгөндүктөн иштен ырахат алуу жок, «өгүз өлбөсүн, араба сынбасын» деген аргасыз жашоо менен өмүрү өтөт же проблемалуу адам болот. Ой менен сезим бир эле нерсени эки түрдүү кабыл алат, мээ ойлонот, ошол эле нерсени жүрөгүбүз сезет.

«Буларды тарбиялаш кыйын» деп аталган (девиант) балдарыбыз кандай балдар? Өспүрүмдүн жүрөгүндө мээрим болбосо, энергиясы көп болсо, анчалык өнүкпөгөн акылы менен ойлонуп аракеттенсе, ал ата-энесин, мугалимин, кошунасын, тааныштарын азапка салат. Акылы анча өнүкпөгөн, мээримсиз, активдүү бала коркунучтуу. Өспүрүмчүлүктү кээде кыйын курак деп аташат. Билим берүү системасына баланын билими, акылы жөнүндө кам көрүп чектелбестен жүрөгүндө мээрими, сезими жөнүндө кам көрүүгө мезгил жетти. Тилекке каршы 11 класста окуган кыз бирөөдөн кат алгандыгы билинип калса, анын сезимдерин сынга алуу, чогулушка салуу ашкере көрүнүш болгон.

Жүрөгүндө мээрими менен акылдын өнүгүүсү канчалык бири-бирине байланыштуу болсо, ошончолук жакшы, катардагы жөнөкөй балдардын таланты ачылат. Тарбияланышы кыйын балдар гармониялуу боло баштайт. Белгилүү педагогдордун (К.Д.Ушинский, В.А.Сухомлинский ж.б.) ишинин ийгиликтүүлүгү ушуну менен түшүндүрүлөт. Алардын жетекчилиги астында балдар бири-бири менен жакшы мамиле түзүшүп, сабак окушкан, табиятка байкоо жүргүзүшкөн, алар жүрөк менен акылдын аракетин бирдикте табигый жол менен өнүктүргөн.

Мектепте мугалимдер, психологдор, үйдө ата-энелер, «диний» адамдар, массалык маалымат каражаты өспүрүмдөрдү гармониялуу эмес жолго салып койгондугу, өспүрүмдүн назик сезимдерине бүлүк салып, дүйнө таанууга ынтызардуулугун басынтып койгон учурлар аз эмес. Мээримсиз акыл-эси өнүккөн адам ойлонгонду билет. Акыл жогору умтулат, андай адамдын амбициясы (өзүн сүйүүчүлүк, намыскөйлүк, бой көтөрүү) жогору болот. Ал адам өлүгү аркылуу болсо да максатка умтулган монстр (түрү суук неме, ички дүйнөсү жарды адам) болуп чоңоюп калат. Натыйжада байлыкка, бийликке умтулган, башкалардын азабы аркылуу бу дүйнөдө очор-бачар болуп орун алгысы келген, рухий дүйнөсү жарды адам чыгат.

Жүрөк, акыл жана адамдын жашоого умтулуу күчүнүн (эрос) ички гармониясынын бузулушу бачабасарлыктын (гомосексуаллист), лесбияиствону (аялдардын бузулушу, кыргыз эли гармониялуу жашагандыктан мындай түшүнүк болгон эмес, бул сөздүн котормосу жок), садомазохизм (психологиялык дарт), «эркин сүйүү» (моралдык жактан бузулуу), парнография (жыңалач сүрөткө түшүү), зордуктоо ж. у. с. поталогиялардын себепкери ички гармониянын бузулушу аркылуу түшүндүрүлөт. Мындай балээлер кыргызда болгон эмес.

Мугалимдердин (тарбиячылардын) балдарга кысым көрсөтүүсү алардын жүрөгүндөгү назик сезимдерин «камап», программалык материал аркылуу балдардын аң-сезимине таасир этет. Акырындап отуруп балдар коомдогу «нормалдуу» бүтүрүүчүлөр болот, алар акыл-эстүү бирок дисгармониялуу коомду толуктайт. Дисгармонияга жол берген адамдын өмүрү кыска болот. Азыр өмүрү кыска жаштарыбыз көбөйдү.

Гармониялуу эмес адам турмуштан очор-бачар болуп орун алыш үчүн бардык каражаттарды пайдаланып (моралдык принциптерди тебелеп, тепсеп, чын-төгүндү аралаштырып сүйлөп), максатка умтулат. Кылмыш иштеринин көпчүлүгү гармониялуу эмес адамдын пас сезимдери козголгон учурда, каалоосунун таасири астында ишке ашат. Кылмышкерлерге каршы күрөшүү эффективдүү жол эмес. Адамдын ички дисгармониясын түзөтүү, кылмыштын себебин жок кылуу – эффективдүү жол [37]. Жаш балдар кээде акылман сөз айтууга жөндүү экенин эл эчак эле байкашкан. «Наристенин оозунан акыйкат сөз айтылат» (устами младенца глаголит истина) деген макал бар, анткени наристелер чоңдорго караганда гармониялуу болушат.

**Мээнин оң жана сол жарым шарынын аракети**

Мээнин жогорку бөлүгү интеллектуалдык аракет кылат, биздин мээнин оң жана сол жарым шарынын аракети жөнүндө айтканда чындыгында мээнин жогорку бөлүгү

жөнүндө сөз кылабыз. Адамдын мээсинин сол жарым шары төмөндөгү акыл аракетин (түрүн) жетектейт: математика, тилдер, логика, анализ, жазуу жана башка аналогиялуу аракеттин түрлөрү кирет.

Оң жарым шары жетектеген түрлөрү: акыл ой чабыты, түстү баамдоо, музыка, интуиция жана башка аналогиялуу аракеттер кирет. Мээнин төмөнкү бөлүгүн аңдык, инстинктивдик (табигый сезим, тубаса сезимдин түрткүсү аркылуу пайдалуу аракет этүү) же эмоцияналдык бөлүгү деп аташат. Ал күнүмдүк иш-аракеттердин түрлөрүн жетектейт, аң-сезимибиз ага кам көрбөйт. Мээнин төмөнкү бөлүгү адамдын кан басымын, денесинин температурасын, химиялык балансын (кирүү, чыгуу катышын) көзөмөлдөйт. (Тони Бьюзен. Максимально используйте своей разум. Минск. 2001).

1970-жылга чейин мээнин төмөнкү жана жогорку бөлүгү бири-биринен көз каранды болбостон аракет кылат деген пикир болгон. Индус ойчулу (йог) Свами Рама мээ аркылуу денени башкаруу боюнча изилдеген. Ушул тема боюнча Фонд Менинджерде Топикада, Канзаста (АКШ) кеңешме болгон. Свами Раманын эксперименттеринин сериясында: теринин (суукка, ысыка) туруктуулугу, жүрөктүн кагуусу, кан айлануусу, дененин температурасы ж.б. мээнин аракети аркылуу көзөмөлдөнгөндүгүн көргөзгөн. Аны атайын аспапка туташтырышкан, ал кан айлануу процессин, жүрөгүн токтотуп көргөзгөн. Ал мээнин толкундарын көзөмөлдөй алат экен, о.э. бардык органдарынын аракетин башкара алат экен. Ушул эксперименттен кийин адамдын мээсинин жогорку бөлүгү төмөнкү бөлүгүн программмалай ала тургандыгын түшүнүшкөн. Ушул эксперименттин жардамы аркылуу окумуштуулар адам ден-соолугуна, анын жөндөмүнө жана эркинин күчүнө аң-сезими таасир эте аларын түшүнүшкөн.

Ушул сыяктуу эле айрым окуучулар экзамен учурунда (толкунданып кеткенде) мурду канап кетүүсүнө, денесинин температурасынын көтөрүлүшүнө, кан басымынын көтөрүлүп же төмөндөп кетүүсүнө, кузгусу келүүсүнө, булчуңдарынын диртилдеп тырышына, териде темгил пайда болушуна программалай алышат. Бала жыргаганынан программалабайт, аргасы түгөнгөндөгү айласы ушул. Мындай шартта балага гумандуу мамиле кылуу керек.

Балдарга алардын ишинин ийгиликтүүлүгү, ийгиликсиздиги, келечегинин кең болушу же жолу болбой калышы, баланын өзүн өзү программалашынан жана башкалардын программалашынан көз каранды экенин түшүндүрүү максатка ылайык. Башкаларды программалаган да мээнин аракети болот. Мисалы: өзүнүн, башкалардын мээсинин аракетин көзөмөл кыла билген атактуу боксер Мухаммед Али жөнүндө кыскача айта кетели. Ал өзүнүн атааандашынын «келечектеги эсине» катуу соккудан баштап, накаут (эсинен танып жыгылганга) чейинки окуяларды программалап киргизе алат экен.

Шайлоо компаниясы жүрүп жатканда күчтүүлөр көпчүлүктү өзүнүн пайдасына добуш берүүгө программалашат. Көпчүлүк жетекчилер кол астындагыларды, командир жоокерди программалашат (көндүрөт).

Окумуштуулар айрым сүрөтчү жана окумуштуу инсандардын мээсинин аракетин изилдешкен. Мисалы, А. Эйнштейн өз мезгилинде улуу окумуштуу физик-математик болгон. Көпчүлүк анын мээси сан, формула, физика-математикалык мыйзамченемдүүлүктөр толгон деп ойлошот. Ал «фантазердугу» үчүн математикалык экзаменден кулап, коллежден чыгарылгандыгы жөнүндө өзү автобиографиясында жазган. Салыштырмалуулук теориясын ал столдо эмгектенип отуруп жазбаптыр. «Мен салыштырмалуулук теориясын суунун жээгинде күнгө кактанып жатып ойлоп тапкам»– деп ырастайт ал, б.а. интуитивдүү ойлом (түш) аркылуу идея ойлоп табылган. Ал эми көрүнүктүү сүрөтчүлөр Сезанндын жана Пикассонун математикалык (өзгөчө геометриялык) ой жүгүртүүсү күчтүү болгон. Алар математикалык ойломду (ченемдүүлүк, мейкиндикте элестетүү, акыл ой чабыты) сүрөт тартууда колдонгон. Ошондуктан улуу инсанды сүрөтчү же окумуштуу деп атоого болбойт. Алар эки сапатты бириктиргенин изилдөөлөр ырастайт.

**Эске тутуу**

Окуучулардын чоң проблемаларынын бири ─ эске тутуу жөндөмүнүн жетишсиздиги, унутчаактык. Материалды унутуп койгон баланы эске тутуму начар дешет, жакшылыкты унутуп койгон баланы эси жок бала дешет. Унутчаактыктын себеби эмнеде?

-кунт койбой угуу, чөйрөдөгү абал;

-жагдай унутчактыкка себеп болот;

-окуучунун өзүнүн быкы-чыкы ойлору.

Кунт коё билген адамга көпчүлүк, ызы-чуу тоскоол болбойт. Мисалы кечеде чурулдаган үн чыгып жаткан залда бири-бирин жактырган кыз-жигит, биринин шыбыраган сөзүн экинчиси уга алат, аны эсине тута алат. Жыйылган калың элдин ичинен өз баласынын үнүн эне адашпай ажыратып тааныйт. Чуру-чуунун ичинен адамга керектү маалыматты угууга көңүл бурган (оюн концентрациялаган) гана адам аны уга алат. Чарчаган же сресстен жабыр тарткан окуучу унутчаак болот.

Мугалим сабакты түшүндүрүп жатканда бала ойго батып, толук укпай калат. Мындай окуучуга стресстен чыгуу ыкмасын үйрөтүп, эске тутумун өнүктүрүш керек. Аны үчүн феноменалдуу (сейрек кездешүүчү) эске тутуу жөндөмү бар инсандар жөнүндө айтып берүү керек. Тарых андай адамдарга бай. Алар жөнүндө окуу пайдалуу, анткени феномен адамды окуу прецессинде эске тутуу техникасын окуучу өздөштүрүп кетет. Адамдын

мээсинин аракетинин мүмкүнчүлүгү, эске тутуу жөндөмүнүн өнүгүүсү, акыл аракети чексиз сыяктуу экендигин түшүнсө болот. Аларды окуу менен феномен адамдын кылган аракетин окуучу практика жүзүндө кайталаса, мээсиндеги эске тутуу жөндөмү феномалдуу деңгээлге чейин өнүгүшү мүмкүн. Мисалы, Антонио де Марко Маглисбачи азык-түлүк орош үчүн эски китептин барагын айрыш керек болгон, ал бош убагында китепти кунт коюп окуганды жакшы көрчү экен. Антонио бир автордун өтүнүчү боюнча кол жазмасын окуган, кол жазма жоголуп кеткен соң, аны башынан аягына чейин толук эстеп, бир сөзүн калтырбастан калыбына келтирүүгө авторго жардам берген.

Христиан Фридрих Хейнекен бир жашынан баштап Библиядан алынган баянды уккан, эки жашында Библиянын тарыхын айтып бере алчу, үч жашында дүйнөнүн тарыхын жана географиясын, латын жана француз тилин кошо өздөштүргөн, төрт жашында дин жана чиркөө тарыхын кошо өздөштүргөн.

Джорж Паркер Биддер математикалык эсептөө техниккасын жакшы өздөштүргөн. Ал системалуу түрдө логикасын, акыл-эс жөндөмүн өнүктүргөндүктөн, чоңойгондо парламентке депутат болуп калган. Ал эске тутумун таң калыштуу деңгээлде өнүктүргөндүктөн энциклопедиядагы материалды жатка билчү. Оппоненттеринин баарын оңтойсуз абалда калтырат деп, анын үстүнөн арызданышкан.

Эске тутумун жакшыртыш үчүн дагы кандай практикалык аракет кылса болот? Кээ бир окуучулар күндөлүк дептерине эртеси аткара турган ишти, эске салчу сөздү жазып алышат. Мисалы: редколлегиянын мүчөлөрү менен сүйлөшүп дубал газета чыгарыш керек болсо, «дубал газета» деп жазып коет, убакыт белгиленет. Айрым окуучулар аткара турган ишти алаканына символ менен белгилешет.

Окуучу сахнадан роль ойногону жатып толкунданып сөздөрүн унутуп коюшу мүмкүн. Экзамен учурда толкунданып билгени эсинен чыгып кеткен окуучу өзүнүн акыл жөндөмү жөнүндө күмөн санап баштайт. Доклад жасай турган окуучу айтайын деген оюн таппай калышы мүмкүн. Мындай балага төмөнкүдөй кеңеш бериш керек. Жүрөгү тарабын карап, «Коркпо, сен материалды билесиң» деген ойду айтуу керек. Толкунануусу токтогондо гана эсине келет. Эсине эч нерсе түшпөй койсо, башка бир нерсеге алаксый тур. Эсине түшө калган маалыматты жаза сал, ошол маалымат аркылуу ойлонуп калган бөлүгүн тап. Сөздүн башын эстей албай жатканда, (аны колуңдан келсе) юморго айландыр. Сахнадагы балага мугалим сөзүнүн башын эстетип койсо, көпчүлүк бөлүгүн бала улап кетет. Докладды кыскача резюмеге батыр, анын жардамы менен проблеманын өзөгүн табууга аракеттен.

Рационалдуу адаттар көп. Мисалы эшикти жабарда адамдын ою башка жакта болот. Электр – тогу, газ ж.б. текшерип чыгууну адатка айлант.

Маалыматты эске тутуп калыш үчүн аны башка нерсе менен ассоциацияла, ар кандай образдарды пайданып ой жүгүрт. Эске тутуу үчүн аракет жасагандар эркин ой жүгүртүүдөн, фантазиясынын эркиндигинен, акыл ой чабытынын аракетинен ырахат алышат. Оюнда эстөөгө жардамчы образдарды жаратышат, ошол образ аркылуу эстеп калышат. Оюн бир образга топтоо ой жүгүртүүнүн чектелген адаттагы калыбынан чыгарууга, ойдун эркиндигине, эске тутуп калууга көмөк болот. Краетивдүү (чыгармачыл) ой жүгүртүүгө эске тутуунун бул ыкмаларын билүү пайдалуу. Образдуу ассоциацияны жагымдуу сезим менен байланыштырууну эсиңерден чыгарбагыла. Жагымдуу сезимдер менен ойлонгон образдар эске жакшы сакталат.

Акыл ой чабыты аркылуу адам каалагандай образ түзө алат. Образды адаттагыдан башка, образдуу “комедиялуу” ж. б. ойго байланыштырса образдын динамикалуулугу адамды толкундандырса ал маалымат эсте бекем сакталып калат. Эске тутуу үчүн маалыматты көп кайталаш керек.

Айрым маалыматты эстеп калуу үчүн адамдын акыл дарамети жетпечүдөй көрүнөт. Мындай учурда маалыматты бир нече бөлүктөргө бөлүп жиберип, биринчи бөлүгүн бир нече жолу кайталаш керек, пауза жасап, 2, 3 чү бөлүгүн кайталаган дурус. 23410 телефон номерин эстеп калуу үчүн “адам (2бут) 3-табуреткада (4 бут) отуруп, тооктун бутун (1), жумуртка (0) жеди”- деген сүйлөм түзөт, ушул сүйлөм аркылуу телефондун номерин эстейт.

Адабий окууну эстеп калуу үчүн окуяны себеп жана натыйжага бөлүп жиберет, себебин эстесе, натыйжа эске түшөт. Эске тутуп калуунун дагы бир рационалдуу жолу тексти кунт коюп окуу, керектүү жерине жеткенде шашпай керектүү түшүнүктөрдү бөлүү, маанилүү жерин күндөлүккө жазып калуу. Педагогикалык, психологиялык, философиялык ж.б. китептерди окуу да пайдалуу. Өнүгүү жолундагы адамдын эске тутуму жакшы болот.

Бирөөнүн кылган жакшылыгын эстей жүргөн дурус, эси жоктук — адепсиздикке өбөлгө болот.. Жакшылыкты эске тутуп калуу үчүн чаржайыт ойлордон кутулуп, керектүү маалыматка акыл кубатын топтоо керек. Бирөөнүн кылган жамандыгын унутуп койгон дурус. Жамандыгы унутулса, таарыныч унутулат, таарыныч унутулса, адамды кыйнаган негативдүү сезимден кутулат.

**Эгрогор**

“Коллективдүү бейаң” деген терминди белгилүү швейцардык психолог жана философ К.Юнг киргизген. Ал “эгрогор” деп аталган түшүнүккө жакын. Эгрогор деп – көп адамдардын окшош (бирдей) ой формаларынан жаралган, маалымат камтыган, уюган энергияны аташат,

окшош, ниеттеш, тилектеш, идеялаш адамдардын тобунун ой энергиясынын күчтүү топтом кубаты менен астралдык дүйнөдө жаралган астралдык жашоочу – эгрогор деп аталат (А.Свияш).

Руперт Шелдрейк аны “морфогенетикалык (гр.morfo-форма, лат. genesis-ата теги) аң-сезимдик талаасы” деп атаган. Авраам Маслоу аны “биригишкен аң-сезим” деп атаган. Питер Рассел аны “глобалдуу мээ” деп атаган. Хосе Сильва аны “жогорку акыл-эстүүлүк” деп атаган. Анын ар бир адамга таасири бар.

Эгрогорду маанилүү, маңыздуу зат деп атаса болот, бирок анын жаны болбойт, ал өзүнө баш ийген (жакшы көргөн) адамдардан энергия келгендиктен болот, башкача айтканда “клиент” же кызматташ деп эсептелген адамдардан ага тынымсыз энергия келгендиктен болот. Канчалык көп адам өз ойлорун, эмоцияларын белгилүү бир түшүнүккө, идеяга арнаса ал идеянын эгрогору күчтүрөөк болот (А.Свияш).

Жогорку жана пас эгрогор болушу мүмкүн. Ар кандай диний, илимий эгрогорлор жогорку эгрогорлор болуп эсептелет. Үй-бүлөлүк, саясый, спорттук, финансылык, материалдык баалуулуктар менен байланышкан эгрогорлорду жерге жакын эгрогор деп коюшат. Андан пас эгрогор болушу мүмкүн. Андан пас эгрогор деп тамак, кийим, ичкилик, секс, бийлик ж.б. идеяларын жактаган адамдардын көбүрөөк болушун каалайт. Анткени, эгрогор алардын энергиясы менен жашайт. Эгрогорду астралдык жашоочу топ аруулар же астроидея деп да аташат.

Эгрогор жаралган соң пассивдүү жашоодо калбайт. Ал өзүн жараткан адамдарга келип, аларды баш коштурган ошол тилек, ниет идея үчүн күрөшкө чакырып, улам-улам дилине, сезимине ой салып, ошол идеянын материалдык дүйнөдө жаралуусуна түрткү болот. Ошентип адамдардын тобу менен эгрогор ортосунда үзгүлтүксүз мамиле орнойт.

Өз ара антогонисттик идеялар бар. Адамдардын тобу, өз ара келишпес душмандык ой аркылуу антогонисттик эгрогорду жаратат. Андай эгрогорлор ортосунда астралдык күрөш жүрөт. Ал күчтүн күчөшү жер бетиндеги ошол эгрогорлорду жараткан эки топ ортосунда кармашууларды пайда кылат. Ошондуктан жер бетинде партиялар, улуттар, таптар, расалар, катмарлар, уруулар, атаандаштар ортосунда күрөш, мушташ, согуш чыгып кетет.

Материалдык дүйнөдө эки карама-каршы топтун бирөөсү жеңип, экинчиси жеңилгенден кийин деле, жеңилген топтун калдыгы кайра жаралууга умтулат. Бул кубулушту жеңилгендердин эгрогору козгойт. Эгрогорлор эки түргө бөлүнүшөт. Оң ой, ак ниет, ак тилек, кең пейил ж.б. позитивдүү ойлуу адамдардын коому жараткан эгрогор пайдалуу боорукер эгрогор деп аталат [42].

Кара ой, кара ниет, пейили тар ж.б. негативдүү ойлуу адамдар жараткан эгрогор таш боор эгрогор деп аталат. Ак ойлуу, ак ниеттүү, ак тилектүү, кең пейилдүү адамдар канчалык көп болсо пайдалуу, боорукер эгрогор кубаттуу болот. Ак ой энергиясы канчалык көп кубаттуу

болсо, дүйнө жүзү ошончолук өсөт жана өнүгөт. Адам ой энергиясын өндүрүүчү “чарба” сыяктуу. Ойдун тазалыгы таза энергиянын жаралышына себепкер болот. Таза энергиялуу элдин, мамлекеттин келечеги кең болот [42].

А.Свияш “Как формировать событие своей жизни с помощью силы мысли” (СПБ – 1999) деген китебинде: “Динден баш тарткан адам өз эгрогору менен байланышы болбойт”- деп ырастайт. Анткени диний принциптерден баш тарткан адам оюн бир объектке (Кудайга) концентрациялай албайт же бир маселенин үстүндө узакка ойлоно албайт. Маселени терең ойлонбогон адам аны үстүртөдөн түшүнөт. Эгрогору менен байланышка чыга албаган адам ал маселени логикалык ойломдун негизинде (б.а. мээнин сол жарым шары менен ойлонуп) чечим чыгарат, ал чечим оптималдуу болбойт. Адамдын, адамзаттын проблемалуулугунун көпчүлүгү ушуну менен байланыштуу [22].

Кыргызда: “Бир жакадан баш, бир жеңден кол чыгарып жашаган дурус”-деп эмне үчүн айтылган? Анткени ынтымак бар элде ырыс бар болот. “Бөлүнгөндү бөрү жейт”. Бириге албаган элдин келечеги кең болбойт. Биримдик бар жерде тиричилик бар. Пири (духовный наставник) көп элдин кири көп болот. Бир элдин бир нече пири болушу ─трагедия, б.а. диний сектага, партияга, коомго бөлүнүшү ─ трагедия. Анткени антогонисттик эгрогорлор жаралат. Алар эл ичинде жаңжал, чыр-чатак чыгышына себеп болот.

**Батыш жана Чыгыш элдеринин ой жүгүртүүсүндөгү өзгөчөлүктөрдү билүүнүн адептик аң-сезимдин өсүшүндөгү мааниси**

Батыш ойчулдарынын пикирине караганда Чыгыш диний-философиялык окуулары адамдын адептик аң-сезимдүүлүгүн (интуицияны, позитивдүү ой жүгүртүүсүн) өнүктүрүү ж.у.с. маселелер боюнча кенен жана терең маалымат берет деп ырасташат. Мисалы, Р.Стоун (АКШ), Р.Цюрер (Франция), А.Свияш, С.Н.Лазарев (Россия) ж.б. Ошого байланыштуу индус философиясынын башаты болуп эсептелген “Бхагавадгите”, “Мудрость востока” (Шри Шиванда свами), “Махабарата” ж.б. китептеринен адептик, аң-сезимдүүлүктү таануу боюнча айрым маалымат алынды. Азыр Батыш элдеринин ойлому менен Чыгыш элдеринин ойломундагы айырмачылыкты, өзгөчөлүгү жөнүндө кыскача айта кетмекчибиз.

Батыш адамынын ойлому бир жашоодогу мезгилди камтыган түшүнүктөр, материалдык кызыкчылыктар менен чектелет, адеби ошол көз карашынын негизинде калыптанат. Ошондуктан Батыш элдерине Чыгыш ойлому үйрөтүлбөсө келечеги кең эмес болот [37]. Чыгыш элдеринин (кытай, индус философиясына таянгандар) ойлому бир нече жашоого, башкача айтканда бир нече инкарнация (өлгөндөн кийин кайра төрөлүү) өтүү жөнүндөгү түшүнүктөргө негизделген жана жүрүм-туруму, ой жүгүртүүсү ошого ылайык болот. Ал эми исламий билими бар адамдын ойлому ушул жашоодон акыр заманга чейинки мезгилди ичине

камтыган түшүнүктөргө негизделген. Азыркы мезгилде Батыш жана Чыгыш элдеринин ой жүгүртүүсүн, окууларын, адептик билимин өздөштүргөн, аны бириктирген адамдын келечеги кең болот. Батыш жана Чыгыш ойломун бириктирүү дегенибиз – жер жүзүндөгү адамдын кызыкчылыгын, акыреттик кызыкчылыгы менен бириктирүү, башкача айтканда тактика менен стратегияны бириктирүү, адамды ишмердүүлүк менен кошо диний ыйык, бийик сапаттарды (рухий, адептик) тарбиялоо дегендикке жатат. Эмне үчүн? Адам дайыма рухий жактан өркүндөө жолунда болбосо, жер жүзүндөгү кызыкчылыктын артынан түшүп кетет. Андай адамдын ой жүгүртүүсү чектелген болот. “Эгерде адамдын жаны, дили (чын көңүлү) менен жер жүзүндөгү кызыкчылыктын артынан түшсө, бир мезгилде дисгармония башталат. Дисгармония агрессивдүүлүккө же текеберчиликке себеп болот. Андан соң адамдын жаны бактысыздык, оору, трагедия ж.б. аркылуу күнөөдөн тазаланат”, дейт С.А.Лазарев. (Маалымат “Диогностика кармы” деген китебинен алынды).

Чыгыштын жана Батыштын диний философиялык окуулары бири-бири менен атаандашканы менен экөө тең адамдын рухий муктаждыктарын биринчи орунга коёт. Дене муктаждыгын биринчи орунга койгон коомдун адамдары психологиялык, соматикалык дартка чалдыгуу ыктымалдуулугу жогору болот. Батыштагылар өзүн табияттын кожоюну катары сезишет. “Адам – табияттын кожоюну деп жарыялап, адамзат рак шишигинин классикалык формуласын жаратышты. Бул клетка – организмдин кожоюну деген формулага аналогиялуу. Рак клеткасынын принциби ушундай. Мындай принципке адам Кудайдын логикасын жоготкондуктан келди. Адамзат Кудайдын логикасын жогото баштаганына үч кылым болду. Ошондуктан аң-сезимдүүлүктүн өнүгүшү коомдогу паталогия аркылуу ишке ашууда”- дейт С.Н.Лазарев.

“Дүнүйөлүк кызыкчылыкка караганда рухий кызыкчылыкты жогору кой” -дейт Чыгыш философиясы. Батыш ойлому материалдык кызыкчылыктар жөнүндө кам көрөт, Чыгыш ойлому рухий өнүгүү жөнүндө кам көрөт. Чыгыш окуусу ─ адамдын духунун материалдык кызыкчылыкты жеңгендигинин салтанаты. Жердеги кызыкчылыкты жогору койгон окуу ─ Батыш окуусу. Бул эки тенденцияны бириктирүү аркылуу жаңы теория жаралат. Мында илим менен дин, материализм менен идеализм, космостук жана жер жүзүндөгү ойломду бирдиктүү, башкача айтканда карама-каршы болгон тенденцияларды бириктирбесе, адамзат космостук түшүнүктөргө чыга албайт [37].

Демократия менен деспотия – келишпес нерселер. Демократия – Батыш адамдарынын ойломунун продукту, б. а. материалдык баалуулуктарды камсыз кылууга багытталган ойлом. “Демократия бара-бара хаоско, рухий деградацияга (төмөндөөгө, начарлоого), Кудайды танууга айланат. Деспотизм – Чыгыш ой жүгүртүүсүнүн продукту, ал рухий өнүгүүгө мүмкүнчүлүк берет, бирок коомдук экономикалык абалдын начарланышына алып келет. Ошондуктан жер

жүзүндөгү кызыкчылыктын артынан түшүп кетпей, рухий жактан да өнүгүү керек. Мындай өнүгүү материалдык жана рухий, ошондой эле илимий жана диний-философиялык кызыкчылыктар менен бирдиктүү философиялык концепцияга сыйдыра алганда ишке ашат[37].

Батыш философиясы адамдын жер жүзүндөгү кызыкчылыктарын абсолютташтырат. Мындай шартта адамзаттын жашап кетүүгө шансы азаят. Азыр Батыш статистикасында төрөлгөндөргө караганда өлгөндөр көп, б.а. алар азаюууда. Чыгыш философиясы рухий баалулуктарды абсолютташтырат, мындай абсолютизация да келечексиз, анткени адам материалдык баалуулуктарга да муктаж. Бул философияларга мындан ары бири-биринен бөлүнүп, өз алдынча өнүгүүгө мүмкүнчүлүк жок. Алар келечекте биригип, Батыш жана Чыгыш философиясын камтыган жаңы сапаттагы философия жаратып, балдарды жаңыча ой жүгүртүүгө үйрөтүү керек. Батыш элдеринин сол жарым шары, Чыгыш элдеринин оң жарым шары көбүрөөк өнүккөн. Батыш элдери акылды абсолютташтырышат, Чыгыш элдери рухий жактан өнүгүүгө көп көңүл бөлүшүп, өздөрү сезимтал болушат. Батыш ойчулдары экстраверттүү (сырткы дүйнөгө көңүл бурат, билими кенен), Чыгыш ойчулдары интроверттүү (ички дүйнөгө көңүл бурат, билими терең) болушат.

Чыгыш окуусу альтруизмди жогору тутат, рухий дүйнөсү бай, келечектүү коом жөнүндө кам көрүп жашайт. Адам келечекти абсолютташтырганда же рухий баалуулукту абсолютташтырганда материалдык жактан өнүгүү токтойт же басаңдайт. Рухий адам интуицияны өнүктүрүүгө багыт алат. Маданияттуу материалист фактыга, тажрыйбага, далилдүү нерсеге, б. а. логиканы өнүктүрүүгө багыт алат жана өткөн окуяны анализдейт, адамзат басып өткөн тарыхый тажрыйбага кайрылып ойлонот. Рухий баалуулуктарды абсолютташтырган адам догматизмге, деспотизмге келет. Батыш окуусу индивидуализмди жогору тутат. Индивидуализм бар жерде эгоизм болот. Эгоизм (Лат. ego – мен, өзүмчүлдүк) – адамдын жеке мотивинин негизинде, айлана-чөйрөгө мамиле кылуунун ченемине айланган турмуш багытынын, иш-аракеттин принциби. Эгоизм алгачкы жамаат бузулуу убагында жеке менчиктин чыгышы менен катар пайда болгон. Өз кызыкчылыгынын, пайдасынын артынан түшүп, айла-амал кылган адам ─ өзүмчүл. Өзүмчүлдүн рухий дүйнөсү тар, дүйнө таануу мүмкүнчүлүгү, ою чектелүү болот. Ошентип рухий адамдардын мээсинин оң жарым шары, материалист адамдардын сол жагы өнүгөт.

Индус, кытай философиясы: “каалооңдон баш тарт, анткени бул дүйнө – иллюзия”,- дейт. Кыргыздар: “бул дүйнө – жалган дүйнө”,-дешет. Кыялдануудан, каалоодон, напсинин эңсөөсүнөн баш тарт, анткени булар дилди карайтат (напсиң ─ички душманың) дейт исламий окуу. “Адамдын башкы душманы – анын каалоосу (кытай окуусу), напсиси таңуулаган ой (исламий окуу)”- деп ырасташат Чыгыш окуулары. Эмне үчүн ой? Адамды адам кылган ой, аң-сезим, акыл эмеспи? Анткени, адам напсиге эркиндик берсе, напсинин кулу болуп, каалаганын

ишке ашырууга аракеттенип калат,  каалаган ою ишке ашкан соң, адам андан ары ойлонуп аракет кылбай калат. Демек, ал регресс жолуна түшөт.

Индус философиясында: “өткөн ─ материалдуу, келечек ─ рухий, учур ─ рухий-материалдуу”-делет. “Рухий өнүгүү жолунда болбогон адамдын келечеги жок. Сүйүүнү рух жаратат, рух материя жаратат. Материя (адамдын денеси) руху, жаны биригип Кудайды сүйүүгө кайтат”- деп ырасташат.

Эми адам бир тараптуу (мээсинин оң же сол жарым шарынын) өнүгүүсүнүн коркунучтуулугу жөнүндө айта кетели. Эгерде адам рухий баалуулуктар менен кызыгып жашаса, ал сыртынан назик болот. “Назиктердин бешенесине кайгы, оройлордун бешенесине кубаныч берилет” – деген С.Есенин. Адам сыртынан назик, бирок ичинде кайгыга батат, мунун арты опурталдуу. Ал эми акылды (логиканы) өнүктүрүүнү гана максат кылып жашагандар текеберчиликке, чектелген ой жүгүртүүгө келет. Булардын да келечеги кең эмес.

Адамдын жогорку илимий, рухий баалуулуктарга умтулганы, жөндөмүн интеллектин, акылын өстүрөт. Ал дүйнөнү башкарууга умтулат (Батыш дүйнөнү башкарууга умтулууда), бул – коркунучтуу, анткени агрессиясы жогорулап, жүрөгүнөн мээримди, сүйүүнү сүрүп чыгарат. Мамлекеттик кызматчылардын кылмыш ишине кирип кетиши, “диний” адамдардын көзү ачыктык кылышы, сыйкырчы (кара дуба окушу) болушу алардын жүрөгүндө мээримди, сүйүүнү (агрессия) сүрүп чыгарылышынан жаралат.

Батыш искусствосу (кино, театр ж.б.) конкуренциянын (пайда үчүн, рынок, сырьё үчүн өз ара күрөш) принциптерине негизделгендиктен агрессивдүүлүк деңгээли жогору. Өспүрүмдөрдүн адептик аң-сезиминин калыптанышына алардын терс таасири тийүүдө. Этика курулай ураан болбостон, дүйнөнүн мыйзамдарынын терең таанып, түшүнгөндүктүн натыйжасынан келип чыгыш керек, адамдын рухий дүйнөсүндөгү, жашоосундагы гигиенасын камсыз кылыш керек.

Тилекке каршы, бизде карама-каршы түшүнүктөр: идеализм менен материализмди, дин менен илимди, логика менен интуицияны, рухий бийиктик менен практицизмди (эпчилдикти, бышыктыкты, тыкандыкты), дүйнөнү сүйүү менен күнүмдүк эмоцияларыбызды бириктиргенди, сыйыштырганды мектеп турмушу үйрөйтпөйт.

Ар бир элдин рухий баалуулуктарын өнүктүрүү,  бардык тарбиялык процесстерди гумандаштыруу (адамгерчиликтештирүү) – алардын урпактарынын жашап кетүүсү жөнүндөгү маселе. Балдардан тез арада (окууда) ийгиликтерди жаратуусун талап кылуу – гумандуулукка жатпайт, б. а. баланын жөндөмүн баарынан жогору коюуга жатат. Азыркы мезгилде дүйнөдөгү көптөгөн Батыш өлкөлөрдүн өкмөттөрү коомдун жашап кетүүсүн камсыз кылуучу мыйзамдарды бекемдебесе, келечек жөнүндө ойлонбосо, коомду гумандаштырбаса,

акылмандуулукка жетишпесе, этикасыз элдин жашап кетүүсү мүмкүн эместигин түшүнүп калышты.

Кыздардын мээсинин оң жарым шары, эркек балдардын сол жарым шары дурус өнүккөн. Ошондуктан балдар тартиптүүрөк, кыздар сезимтал болушат. Армия идеалдуу тартипке жетишкени кокус эмес, анткени балдар логикалуу аракет кылышат, кыздар сезимтал келишет. Кыздардан эркектердей тартиптүүлүктү талап кылган мугалим гумандуу эмес, табийгаттан берилген сезимталдуулуктан алар кантип кутулат? Мындай талап кыздардын ден- соолугуна зыян.

Кыргызстан Чыгышта жайгашкан, бул кокусунан эмес, бирок өнүгүүнүн Батыш моделин тандады. Эл ой жүгүртүүнүн туура же туура эмес багытын тандаса, багытына жараша, ийгилиги же проблемасы болот. Азыр Батыштын статистикасында төрөлгөндөргө караганда өлгөндөр көп. Кыргыздар (эмиграциядан) азайып бара жаткан элдердин катарына кириши мүмкүн. Материалдык жактан өнүгүү маанилүүбү же эл катары сакталып калуу кетүү маанилүүбү? Бизге ойлонуу керек.

“Эгерде философ дүйнөнү таанууну ойду түшүнүүдөн баштаса, андан философия илиминин кандидаты, доктору, окумуштуу чыгат, бирок андан чыныгы философ чыкпайт”- дейт С.Н.Лазарев. (Батыш ойломунун натыйжасы ушундай). Чыныгы философ ойчул, акылман болуш керек. “Акылмандар окумуштуу эмес, окумуштуулар – акылдуу эмес”- деген Лао Цзы. Акылмандар Чыгыштан чыгышкан. Ошондуктан Чыгыш элдери (балага) Кудайды, адамзатты, дүйнөнү сүйүүгө, сезүүгө, ойлонууга үйрөтүшкөн, анткени акылмандар өздөрү Кудайды, дүйнөнү, адамзатты сүйүшкөн.

**Пайдаланылган адабияттар**

1.А.Гусейнов. Золотое правило нравственности. М. Молодая гвардия.1988.

2.М.Д.Смородинская.Путишествие на кораблях мысли. М. 1972.

3.М.Шагинян. Новый мир. М.1972.

4.А.Алиев. Восприятие научно-познавателной литературы учащимся юношеством села. М. 2000.

5.С.А.Кучинский. Человек моральный. М. 1987.

6.Лора Дей. Самоучитель по развитию интуиции. М. 2000.

7.Педагогическая энциклопедия. М. 1966.

8.Д.И.Фельдштейн. Педагогические основы формирования нравственной сферы подростков. М. Знание №3. 1978.

9.А.Г.Королев. Воспитание ума, воли и чувств у детей. Минск. 1974.

10.Вопросы психологии нравственного развития. под. ред. В.Н.Колбановского, В.А.Крутецкого. М.1962.

11.В.А.Крутецкий. Характетистика некоторых моральных понятий у старших школьников. 1962.

12.В.И.Селиванов. Воспитание воли школьников. М.1979.

13.Дж.Леонард, Ф.Лаут. Ребифинг. М. изд. ВИНИТИА. 2001.

14.Дж.Кехо. Подсознание может все. Живите с умом. Минск.2004.

15.И.Ф.Харламов. Нравстенное воспитание школьников. М. Просвещение. 1983.

16.В.С.Кукушин. Общие основы педагогики. Ростов-на-Дону. 2002.

17.А.Некрасов. Эгрогоры. Ум, сердце, эрос. Краснодар.2002.

18.А.Алимбеков. Кыргыз элинин билим берүү салттары. Бишкек. 2002.

19.А.Свияш. Уроки судьбы в вопросах и ответах. М. изд. Разумный мир.2003.

20.Идейно-нравственное воспитание. сост. О.А.Минич, О.А.Хаткова. 2004.

21.Е.Серпуховская. Азбука неопознонного. М.2003.

22.Тони Бьюзен. Максимально используйте свой разум. Минск. 2001.

23.Ф.Н.Гонобилин. Психология. М. Просвещение. 1973.

24.Идеологические и психологические аспекты массового сознания. редколлегия: В.С.Агеев, Я.М.Бергер, В.Н.Литовская. М.АН СССР. 1989

25.О.Т.Торсунов. Законы счастливой жизни. М.2003.

26.Бекембай Апыш. Тарбия назарияты. Ош. 1966.

27.В.Поссин. Как развить супер память. М. 2004.

28.Б.А.Вульфсон. Стратегия оброзавания на западе на пороге XXI века М. 2001.

29.А.Свияш. Позитивная психология для повседневной жизни. М.2004.

30.Р.Стоун. Небесная 911. Как обращаться за помощью к правому полушарию мозга. София. 2000.

31.Кыргыз Совет энциклопедиясы.

32.О.И.Рут. Основы методики нравственных убеждений у учащихся общеобразовательных школ. Красноярск. 1952.

33.Р.Л.Старжевский. О связи морального понятия и поведения подростков ─ ученые записки Краснодарского института. 1956.

34.И.М.Краснобоев. Формирование нравстенных убеждений у старшеклассников. М.1960.

35.В.А.Сухомлинский. Духовный мир школьника. М.1961.

36.В.С.Кукушин. Теория и методика воспитательной работы. Ростов-на-Дону. 2002.

37.С.Н.Лазарев. Диагностика кармы. М.2000.

38.И.Ю.Борисов. А.Л.Родзиковский. Зарубежные исследование молодежных субкультур. М. 1989.

39.А.Свияш. Как формировать события своей жизни с помощью мысли. М.2003.

40.Н.И.Дереклеева. Классные часы по теме: «Нравственность». М. 2006.

41.Базарбай Темиш уулу. Адам, пенде, периште. Ош.

43.А.Вознесенская. Зависть ─ это болезнь /Псифактор 2003 (01.15.)

44.С.Бобров. Философия. М. 2000.

45.Ф.Я.Розинер. Сиздин балдарыңыз, сиз жана музыка. М., 1973.

46.Ибрахим Малик. Параллельный мир. Казань, 2004.